www.bizdin.kg

Жаңы Ала-Тоо

2013, 9 (52)

АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ
кыргыз жана орус тилдеринде

Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ

РЕДАКЦИЯЛЫК ЖАМААТ:

Айдарбек САРМАНБЕТОВ – башкы редактордун орун басары
Алым ТОКТОМУШЕВ – редактор
Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА – корректор
Рахим ТӨЛӨБЕКОВ – дизайнер
Гүлзат НИЯЗАЛИЕВА – оператор-дизайнер

РЕДАКЦИЯНЫН ДАРЕГИ:

720031, Бишкек шаары, М. Горький көч. – 1, тел: 53-08-84.

e-mail: Jany.alatoo@gmail.com

Күбөлүк: № 1510

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж. б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар. Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!

БАРДЫК ПОЧТА ТҮЙҮНДӨРҮНДӨ «ЖАҢЫ АЛА-ТОО» ЖУРНАЛЫНА 2014-ЖЫЛДЫН I ЖАРЫМ ЖЫЛДЫГЫ ҮЧҮН ЖАЗЫЛУУ ЖҮРҮП ЖАТАТ.

Жазылуу индекси – 77324

3 айга – 240 сом
6 айга – 480 сом (редакциялык баа)

«Жаңы Ала-Тоо» журналын биринчи санынан баштап окуйм деген окурмандар аларды редакциядан алышса болот.

Терүүгө 15.09.2012-ж. берилди. Басууга 07.10.2013-ж. кол коюлду. Форматы 70x100$^{1}/_{16}$.
Көлөмү 14 б. т. Заказ № 1097. Нускасы 2000.

www.bizdin.kg

Бул санда

Чыңгыз АЙТМАТОВ
Деңиз бойлой жорткон
Ала дөбөт 3

Айжаркын ЭРГЕШОВА
Ырлар 76

Турусбек МАДЫЛБАЙ
Кичинекей Бердинин
азаптары 82

Акназар СУЛАЙМАНКУЛОВ
Ырлар 92

Калысбек ЖУМАКАНОВ
Ырлар 96

Элмира АЖЫКАНОВА
Кары аял менен жаш аял 102

Касиет БЕКНАЗАРОВА
Токон калчылдак 108

А.С.ПУШКИН
Капитан кызы 112

Себахаттин БАЛЖЫ,
Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ
Чыңгыз Айтматов жана
түрк дүйнөсү 141

Герман ГЕССЕ
Жапониялык жаш
калемдешке 155

Азамат КАСЫБЕКОВ
Пришелец 160

Манас түрк –
«Кыргыз Ибрахим..... 168

Айткул МАХАЕВА
Казакстандык кыргыздар 177

Качкынбай ОСМОНАЛИЕВ
Акмагы ким?.. 184

Эсен КЫЛЫЧ уулу,
Октябрь КАПАЛБАЕВ,
Төлөбек АБДЫРАХМАНОВ
Кыргыз тарыхы:
VII–VIII кылым 193

Асан ЖАКШЫЛЫКОВ
«Жаш Лерма» жалыны.....200

Бозум АЛЫШБАЕВ
Табышмактар.....214

Аттила тууралуу аңыз 217

Адабият жаңылыктары 222

Мукабанын биринчи бетинде –
Кыргыз Эл баатыры, Кыргыз Эл жазуучу Чыңгыз АЙТМАТОВ

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек ш., М. Горький к. – 1. Телефону: 53-08-89; Факс: 53-08-91.

www.bizdin.kg

Кыргыз классикасынан

Чыңгыз
АЙТМАТОВ

ДЕҢИЗ БОЙЛОЙ ЖОРТКОН АЛА ДӨБӨТ

(Повесть)

Владимир САНГИГЕ

Шыбаттуу ным каалгып, ызгаар суук кычырата тиштеген көр түбүндөй караңгы түндө Охот деңизинин узак жээгин бойлото эки табыяттын эзелтен басылбай келаткан өчөгүштүү кармашы жүрүп жатты. Жер деңиздин жүрүшүн тороп көшөрөт, деңиз болбой жерди омуроолоп сүрдүгөт.

Деңиз күркүрөп келип, аска ташка соктугат да, алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган таштай бекем кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт.

Бул айыгыш күн күндүз болуп туулуп, түн түнкүсү болуп жаралган дүйнөнүн башталышы жок башынан келаткан кармаш. Бу кармаш түбү жок мезгилдин ичинде жер жер бойдон, суу суу бойдон боло бергичекти күнү-түнү боло берчү басылгыс кармаш.

Күндүзү күн, түнү түн түбү тешик дүйнөнүн түбүнө чейин жүрө берер кармаш…

Ошентип дагы бир түн уюп турду. Деңизге чыгар алдындагы түн. Бу түнү бала уктай албады. Өмүрүндө алгач ирет уктабады, өмүрүндө алгач ирет баладан уйку качты. Эртеэек күн чыгып күндүз болуп, эртеэек деңизге бой урар учурду эңседи. Нерпа талпакта жатып, ал тыякта деңиз улам соккон сайын жер калч этип, булуңда жалдуу толкундар күркүрөп-шаркырап жатканын сезип-туюп жатты. Түнкү кармашка кулак түргөн бала ушинетип уйку көрбөдү…

www.bizdin.kg

Илгерки бир замандарда мунун баары башкача болгон имиш. Ошондо Лувр өрдөк болбосо азыркыдай жер менен суу алпурушпай дүйнө башкача жаралып калмагы бу кезде эч кимдин капарына кирип чыкпайт. Андай болгондо кара жер менен суу минтип өчөгүшпөй калмак окшойт. Ошол башталыштын башында, туулуштун астында табият деген дайынсыз нерсе жаралып, анын ичиндеги жер түгүл көзгө сүртөр чаң-тозону болбоптур. Төрт тарабы толкуган жалаң суу жаралыптыр алгач. Айлампа терең иримден өзүнөн өзү оргуштап кайнап чыгып, толкугандан толкуп, толкунун толкун кубалап, аягы жок, башы жок, чети менен чеги жок дүйнөгө жайылып кете бериптир.

Ошондо азыр бүгүн да үстүбүздөн каркылдап учуп калчу кадимки өрдөктүн умай энеси Лувр өрдөк тукум тубар маалы кыстап, уя салар алакандай кургак жер издеп, дүйнөнүн үстүндө жападан жалгыз учуп калган экен. Дүйнөнүн өйүзү жок аркы чеги, бүйүзү жок бул жээгинен уя салар бир тал чөп таппай айласы кетет. Толгоосу күчөп, байкуш Лувр каркылдап учуп жүрөт, тукум улантар жумурткасын деңиздин түбү жок туңгуюк айлампасына түшүрүп жиберемби деп жан далбастайт. Кайда учуп барбасын, чар тарабы толкуган чексиз суу, кыйыры жок, жээги жок Улуу Суу. Бу жарык дүйнөдө такат алып, уя салар алакандай кургак табылбасына көзү жетип, күдөрү үзүлүп, Лувр өрдөктүн заманасы куурулат.

Айласы түгөнгөн Лувр акырында сууга конуп, саңоор жүнүнөн үзүп, толкун үстүнө уя салган экен. Анан ошол калкыган уядан жер пайда боло баштайт. Аз-аздап жер чоңоё берет, жер бетине аз-аздап ар түркүн жан-жаныбар макулук жарала берет. Бардык макулуктан адам баласы артыкча чыгыптыр, кар бетинде чаңги тээп, суу бетинде кайык айдап, өнөрү өсүптүр, аң уулап, балык кармап, ошону менен күн көрүп, укум-тукумун уланта бериптир.

Жалаң суудан турган дүйнөнүн көкүрөгүнө кургак жер түйүлүп, ал чоңоё берген сайын кыйын кезең заман болорун анда Лувр өрдөк кайдан билиптир. Ошентип жер жаралгандан бери деңиздин тынчы кетти. Ошондон бери деңиз жер менен алпурушуп, жер деңиз менен алпурушуп келет. Эки ортодо адамга кыйын болду. Адам жерге боор басып калганын билген деңиз аны көрөйүн деген көзү жок...

Таң атар маал таяп келди. Дагы бир түн карып, дагы бир күн жаралып келатты. Шоолаланган ала күүгүмдө таноосунан буу бурулдаган бугунун шалпык эрдине окшоп, көбүк бүркүп күрпүлдөгөн жээк көрүнө баштады. Деңиздин энтиккен деми сезилди. Деңиз менен жер тийишкен узак жээк туташ оргуштап кайнап, жер менен деңиз тийишкен узак жээк үстүндө муздаган буу туман болуп уюп, туман асты күркүрөп-шаркырап жатты.

www.bizdin.kg

Деңиз көшөргөнүн койбой, толкун артынан толкун кубалап, тоңголок кумдуу жээкти жаба берет, кара күрөң былжыр таштарга шабыраган көбүк жабышат. Күчү тайып, алсырай түшкөндө толкундар деңиз түбүнөн жулуп чыккан суу чөптөрдүн каңырсык жытын, быжырап өчүп кумга сиңип жаткан көбүгүн таштап, кайра артына жылбыша тартылат. Кээде толкундар муз сыныктарын жээкке көмөлөтө түртүп чыгарат. Океандын жазгы жүрүшү менен сүрүлүп келген муздар болуу керек, толкундардан ажырап жээкте калганда алар өжөр деңиздин каткан үзүктөрү сыяктанып ар-ар жерде жатып калат. Бирок кийинки келген толкундар аларды кайра өзүнүн буркан-шаркан түшкөн дүйнөсүнө сүдүрөтө кууп жөнөйт.

Түн тарап, таң агарды. Жарык шоола жайылып, теребел айкындала берди. Жер сүрөтү таанылып, деңиздин кыяпаты ачылды.

Түнкү шамалдан тынчы кеткен толкундар буурул жаалданып дале болсо жээкке жулкунганы менен көз учундагы деңиз ирими жоош тартып, эриген коргошундай сур жылтылдап, жылбырскаланып уюп баратты.

Булуттар деңиз бетинен тарап, жээкти кыркалаган дөбөлөрдү карай сүрүлдү.

Ушул тушта Ала-Дөбөт булуңунун колтугунда деңизди омуроолой жиреп кирип турган аска бар. Алыстан караган көзгө чын эле деңиз жакалай жорткон ала дөбөткө окшоп кетет. Боорунда иттин кеч түшкөн даакысындай ала-чокул өскөн бадалы бар, жайкы чилдеге чейин кетпей жатчу мөңгүсү шалпаң кулак өңдөнүп төбөсүнөн бир жаагы ылдый саландап турат. Тескейиндеги жука чабында агарган кар да көпкө эрибей жатат. Ошондон улам аталып калган Ала-Дөбөт аскасы деңизден болсун, токойдон болсун алдагайдан көрүнөт.

Күн эки бакан бою көтөрүлгөндө ушул Ала-Дөбөт булуңунан нивхи кайыгы (өздөрү каяк дешет) деңизге чыкты. Кайыкта үч эркек аңчы, бир бала баратат. Алибеттүү, жашыраак эки мергенчи төрт калактап суу шилеп кайык айдоодо. Баарынан улуусу – жүзүн, айрыкча тамагын кат-кат бырыш баскан, кокосу уркуюп, тарашадай каткан арык, кара сур абышка жыгач канжасын сөөлөт күтө буркуратып, кайыктын соорусунда эки калакчыга багыт көрсөтүп отурат. Картаң талдын кабыгындай туурук колдору шадылуу, муундары буржуюп, манжалары опсуз тарбаят. Сакал-чачы буурул, куудай ак десе да болор. Кара сур бетинен асыресе куудай каштары көзгө урунат. Абышка канталаган кызыл жээк көздөрүн адатынча жүлжүйтүп, суу айдыңын тиктеп барат. Күн нуру чагылышкан деңиз бетин өмүр бою тиктеп келгенге көзү карыккан неме азыр бет алды багытын көрбөй эле кайык башкарып бараткансыйт. Туйлап жиберүүгө ичи бышып, бирок чоң кишилерден тарткынчыктап, улам аларды кылыя карап

www.bizdin.kg

коюп, айрыкча тиги түнөргөн чалдын ачуусунан коркуп, он бир-он эки жаштардагы кара көз бала чулдуктун балапанындай болуп кайыктын тумшугунда конуп отурат.

Баланын өпкөсү көөп алган. Ал ансайын таноолору дердеңдеп, бетиндеги ууру сепкилдери таруудай жайнап чыга келет. Мунусу – апасын тартканы, ал да аябай кубанганда бетине ушинтип жашыруун сепкилдери чыга калат.

Баланын кубанар жөнү бар эле. Бу жолку ууга чыгыш да аны аңчылыкка оозандырышка болгон атайы тушоо кести сапар. Ошол үчүн Кириск чулдуктун балапанынан бетер эки жагын элеңдей карап, көргөнүнө көзү тойбой кызыгы артып, чыдамы чыйпылыктап келатат. Ал өмүрүндө алгач жолу нагыз мергенчилер менен чоң деңизге чыгышы, ата кайыгына алгач түшүп, чыныгы ууга жөнөшү. Ордунан тура калып калакчыларды шаштыргысы келет, же болбосо калакты өзү ала коюп, бар күчүн салып суу шилеп, аң уулоочу аралдарга тезирээк жетип, чыныгы мергенчиликти салгысы келет. Бирок бул балалыгын чоңдор күлкүгө алышы мүмкүн. Аны ойлоп, Кириск ич толкунун билдирбеске тырышып келатат. Ага болбой кара тору өңү албырып, ич толкуну билинип калып жатты. Баарынан да көзү жайнайт, тула боюн кубаныч менен мактаныч бийлеп алганын жашыра албаган баланын бакыт чалкыган нурдуу тунук көздөрү жалтылдайт. Алдыда чоң деңиз, алдыда чоң уу жатканына кантип толкундабасын!

Орган чал баланын көңүл күйүн билип отурат. Жүлжүйгөн көздөрү деңиз жолунун багытын дааналап баратканына кошо ордунда ойдолоктогон баланын өрөпкүүсүн да байкоодо. Аны көрүп: «Алда кайран балалык!» – деп көздөрү күлүңдөйт, бирок ууртуна кирген жылмаюусун басып, шимирилген жаактарын ого бетер шимирилте, кемшийген эрдиндеги чала күйгөн канжасын үстөкө-бостоk сорот. Баланын кылыгына ичи жылып, жылмайганын билдирүү болбойт. Анткени бала бүгүн алар менен ойноп бараткан жери жок. Ушуну менен бала деңиз мергенчисинин өмүр жолун баштамак. Деңизде башталган өмүр акыры бир күнү деңизде бүтмөк. Деңиз аңчысынын тагдыры ушундай. Деңиз аңчылыгынан оор, андан кыйын, коркунучтуу кесип жок бу дүйнөдө. Ошондуктан бала күнүнөн машыкканы абзел. «Акыл – теңирден, өнөр жашыңан» – деп мурункулар бекер айтпаган. «Жаман мерген – ашка жүк, башка жүк». Ана, ошол үчүн эл камын жечү эр болгуң келсе өнөр сырына жаш күнүңөн машык. Мына, Кирискенин да кезеги келди, көзү каныксын, колу үйрөнсүн, деңизге кынык алсын.

Бул максатты баары биле турган. Ала-Дөбөттүн боорун жай кылган Айым-Балыкты атпай журту бүт биле турган. Бүгүнкү деңиз

www.bizdin.kg

жортуулу болочок аңчы Кирискеге арналганына карысы да, жашы да – баары кабардар. Эзелтен келе жаткан эреже бар: эркек болуп туулдуңбу, бала чагыңан деңизге боор бас, деңизди урматтай бил, деңиз сага үйүр алсын, бооруна тартсын. Ана ошол үчүн бир уруу журттун аксакалы Орган карыя баш болуп, сыналган эки мергенчи – бири баланын атасы Эмрайин, экинчиси Мылгун акеси коштоп кичүүлөр алдындагы улуулардын парзын аткарыш үчүн, бу жолу Кирискенин алдындагы парзды аткарыш үчүн чоң деңизге сапар тартып чыгышкан учуру. Кириск болсо ушу бүгүнтөн баштап, жашы жетип күнү бүткөнгө чейин, өмүр бою жолу болгон-болбогон күндөрдө да деңиз менен тагдырлаш болмокчу.

Мейли, Кириск али оозунан эне сүтү кете элек, балтыр эти ката элек, балапан жүнү бата элек бала дейли. Бирок ким билет, бу баратканэр-азамат мергендер эртең карылыгы жетип, балдардын колун караган чал болуп, тизеси ээгине жетип эшик алдында отуруп калганда дал ушул Кириск багар, бүтүндөй уруунун ишеничи-таянычы болгон аңчы болуп чыгар. Анысы жөн, ошондой болмогу ырас, атадан балага, укумдан-тукумга ооп келаткан салт ошол. Тиричилик ошонусу менен тиричилик.

Бирок бу жагдайды жарыя айткан эч ким жок. Ар кимдин ичинде жаткан купуя сыр ошол, айтылса да сейрек айтылат. Ошол үчүн Ала-Дөбөттүн жакасын жайлаган Айым-Балыктын журту Кирискенин алгач деңизге сапар тартып баратканын анча таназар албагандай болду. Тескерисинче, агайын-туугандары баланын чоңдорду ээрчип ууга чыкканын байкамаксанга алды, бул окуяга көп деле маани бербегендей көрүндү.

Узатып чыккан жалгыз апасы болду. Ал дагы деңиз сапары тууралуу лам деп ооз ачкан жок, булуңга жетпей коштошту. Атайылап үн катып, уулуна: «Бара гой, токойго бара гой!» – деди, деңиз жакты карабай, тоо боорундагы токойду карап туруп айтты. «Байка, отунуң кургак болсун, өзүң адашып кетпе!» Ал анткени Кинр деген жин-перилердей Кирискенин изин адаштырып, баласын ар кандай азыткы-жиндерден коргогону эле. Баланын атасы, өзүнүн эрин да оозго албады. Кулагы сак, куу жиндер тиги Эмрайин бу баланын атасы эместей, Кириск болсо өз атасын ээрчибей, чоочун кишилер менен бараткандай туюнсун деп, сыр бербеди. Эмрайин менен Кириск ата-бала экенин кинрлер туюп калбасын деген амалы эле мунусу. Ата-бала аңга бир чыкканын кинр жиндер жек көрөт. Туюп калышса, ата менен баланын бирин мерт кылып, бирин эрк менен күчтөн ажыратат, эми кайра деңизге же токойго бет албаска касам ичкидей көңүлүн калтырат. Адам баласына кесепет көздөгөн арам ойлуу, суук көздүү кинр жиндер ошентип адамдын караанын издеп, изин кууп жүргөнү жүргөн.

www.bizdin.kg

Кириск өзү кинрлерден корккон түрү жок, эсейип калбадыбы. Эне байкуш коркот, балам деп коркот. Сен али кичинекейсиң дейт. Сени алдап, арбап, мерт кылып коюш оңой дейт. Анысы да туура! Жин-перилердин балага кылбаган балаасы барбы: тумоо жаябы, оору жугузабы, аңчы чыкпай кем болсун деп мунжу кылып салабыай! Мунжу-кемдин кереги кимге! Ошондуктан жаш бала эресеге жеткенче жин-периден сак-сактап турганы оң. А балакатка жетип, өз башына өзү ээ азамат болуп чыкканда жин-шайтаның коркунуч эмес. Эр кишиден алар өздөрү сестенет.

Эне менен бала ушундайча коштошту. Корккон кообун да, жалыныч тилегин да, үмүтүн да ичине катып, үн-сөзсүз бир азга турду да, бурулуп кете берди эне. Атаны оозго албады, деңизге бир кылчайып карабады. Ата менен бала каякка жөнөп бараткандарын эне билбеген шекилдүү кетти. А чынында кече күнү эле ата-балага үч күндүк жол азык камдап берген өзү. Азыр баласын ойлоп корккон эне эчтеме билбеген калыпта. Бала дегенде чымын жаны чыркыраган эне жин-перилерге сыр билдирбей тек ичтен тынып кете берди.

Булуңга жетпей эне кетти, уулу болсо жин-перилерди адаштырган болуп бадал аралай ийри-буйру чуркап, узап кеткен чоңдордун артынан жөнөдү. Апасы ошентип айткан, буйтап бас деген, апасынын айтканын эки кылгысы келбеди бала.

Чоңдорго бат эле жете барды. Каруу-жарак, азык-түлүк артынган немелер шашпай баратышкан. Эң алдыда Орган карыя, анын артынан кыжырлуу, эңгезердей кара сакал Эмрайин, үчүнчү болуп майпаң аяк, чулу дене, быжыгыр Мылгун баратат. Үчөөнүн тең кийгени ийленген тери менен булгаарыдан тигилген, көп кийилип оңгон, суу өтпөс жылуу кийим. Аларга караганда Кирискенин кийгени асем. Апасы бар өнөрүн салып, уулунун деңиз кийимин көптөн бери камдап жүргөн. Үстүндөгү кийими да, бутундагы торбаса өтүгү да кыюу кармалып, кооз. Деңизге чыкканда мынчалык кооздуктун кереги эмне. Бирок эне деген эне да!

– Ой, сенсиңби? Биз сени апасын айланчыктап калып калды го дедик эле, – деп таң калымыш болду Мылгун тамашалап. – Апасы жетелеп кайра алып кеттиби десек...

Кириск жаңы эле жанашкан. Ызасына муунуп кете жаздады:

– Кантип үйгө? Өлсөм да кайтпайм! Мени эмне... – деди туталанып.

– Кантет, тамашаны билбейсиңби, – деп Мылгун кайра жайкады. – Сен мунуңду кой. Деңизде бири-бирибиз менен сүйлөшпөсөк, ким менен сүйлөшөбүз. Ме, андан көрө ала жүр, – деп винчестер мылтыгын берди. Бул ыкласка бала ыраазы болуп, жагжаңдай басты.

Эми жүктөрүн жүктөп, сүзүп жөнөө калды.

www.bizdin.kg

Алар деңизге ушундайча чыгышты. Агерим жолу болуп, уудан олжолуу кайтышса, андагыны көрүп ал, башкача болот. Анда ак-жолтой аңчы баланын жолуна той түшүп, маараке уюшулат. Бала мергендин урматына майрам болот, түптүз тереңинде. Туулуп-өсүп, алдуу-күчтүү, эр жүрөк мергенчилердин энчисине көбөйүп жаткан балыгы менен аңы бай деңиздин жоомарттыгына арналып ыр ырдалат, бий бийленет. Жер бетине тукум таратып кеткен Умай эне Айым-Балыктын урматына ыр ырдалат. Ошондо журт акылманы бакшы-шаман ортого чыгып, четин сабо сабалаган добулбастын күрсө-тарс дабышына кошулуп, жаңы мерген, жаш мерген Кирискенин жайы тууралуу Жер менен, Суу менен баян ырын баштайт. Ооба, аңчы бала тууралуу бакшы Жер-Сууга тайынып, Жер менен Суудан балага ар дайым ырайымдуу болушун суранат, баладан улуу мерген чыккан экен, Жерде да, Сууда да дамамат жолу болгой экен, олжологон аңын кары менен жашка тең бөлүшкөн адилет аңчы болгой эле деп тиленет. Акылга дыйкан бакшы анан дагы Кириск көп балалуу болсо экен, балдары өлбөй-житпей улуу баян Айым-Балыктын тукумуна тукум кошуп, өркөнүн өстүрсө экен деп тиленет.

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Сенин ысык курсагында биз жаралып,
Сенин ысык курсагыңан биз тарадык.
Сенин ысык курсагың жан бейиши,
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Нерпа тумшук ак мамагын сагындык биз,
Ак мамагың сүтүнө тайындык биз.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык.
Издеп сени эр барат, бир күн жетер,
Жээктеги тукумуң көбөйсүн – деп,
Курсагыңа уругун сээп өтөр...
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Мерген тоскон майрамда ырлуу-бийлүү шаң ичинде ушундай ыр ырдалат. Ошол майрамда Кирискеге арналып дагы бир ырым жасалмак. Кызуу бийлеп жүргөн бакшы Кирискенин аңчылык тагдырын асмандагы жылдыздардын бирине тапшырат. Ар бир мергендин сактаган тумар жылдызы болот. Кирискенин тагдыры кайсы жылдызга аманат тапшырылганын башка жан билбеш керек. Аны бакшы менен асмандагы жылдыз гана билет. Башка жан баласы билбейт. Асманда эмне көп, жылдыз көп эмеспи...

Андай майрамда журттун баарынан катуу кубанган, баарынан көп бийлеп, көп ырдаган арийне апасы менен карындашы болор. Эмра-

www.bizdin.kg

йин болсо ошол майрамда Кирискенин атасы экени жамы журтка жарыя айтылат. Арийне Эмрайин да кубанычы койнуна, сыймыгы ичине батпай калат эмеспи. Азырынча атасы делинбейт. Деңиз бетинде ата да жок, бала да жок, баары тең, баары улууга баш иет. Көсөм карыя эмне десе, ошо болот. Атасы баланын ишине кийлигишпейт. Баласы атасына арызданмай жок. Салт ушундай.

Ошол тойдо дагы катуу кубанаар бир кыз бар, ал – Музлук. Кириске бала күнүндө Музлук менен көп ойночу эле. Эми анда-санда гана ойношчу болду. Мындан ары оюн такыр тыйылар: мергенге оюн кайда.

* * *

Толкундарды жирей тилип, кайык элпек баратты. Ала-Дөбөт булуңу алдагачан артта калды, Узун тумшукту кайып өтүштү. Деңиз айдыңында алиги булуңдагыдай толкун жок экен. Көлбүп коюп жатыптыр чалкар деңиз. Мындайда кайыктын жүрүшү жеңил.

Байтеректен туюк чабылган кайык уюган деңиз бетинде сүмбөдөй сүзүп баратты. Каршы келген толкунга да, капталдан келген толкунга да чайпалбай орнотуу, бурган жакка жеңил, баш билги.

Өчүп калган канжасын соруп коюп, Орган карыя кайыктын белдүү жүрүшүнө шүйшүнүп, муздак сууга белчесинен бата жирей сүзүп бараткан кайык эмес, өзү сыяктанып, ошого ыракаттанып отуру. Кулакчында кыйчылдаган калактары бир калыпта шилтенип, айдың деңиз бетинде өзү сүзүп бараткандай; бет келген толкундарды кайыктын төшү эмес, өз төшү менен жара тилип, толкунга кошо саал чайпалып, өзү сүзүп бараткандай сезимде. Кайык менен сиңишип бир болуп кеткендей бул сезимден улам оюна сызылып ар кандай ойлор келе берди. Өзү чаап, өзү сомдогон бу кайыгына ыраазы. Байтеректи айыл эли жабылып кулатышты. Антпесе бирөө эмес, төрт-беш азаматтын күчү жетпегидей. Калганын Орган өзү бүтүрдү. Үч жай бою кургатты, өз колу менен жонду. Кайыгы өмүрлүк болоруна ошондо эле көзү жетти. Аны көрүп, өмүр-жашын чамалап, ушул кайык акыркысы болобу деген ойго кайра кейиди. Дагы жашай түшсө эмине. Уудан калбай деңиз кезип дагы нечен чыкса, каруусунан күч, көзүнөн нур кете электе дагы эки-үч кайык чаап кетсе кана!..

Ошону ойлоп отуруп, кыялында кайык менен сырдашты: «Сен жарайсың, сага ишенем, бир боорум, – деп баратты кайыгына. – Деңиз тилин билесиң, толкун мүнөзүн билесиң, кудурет-күчүң ушунда. Мен чапкан кайыктардын ичинен мыктысы сенсиң. Узун-туурач келишкен, канча нерпа жүктөсөң да көтөрүп кете аласың. Баарынан да акжолтойсуң кайыгым. Ошол үчүн кымбатсың мага. Көп олжону

www.bizdin.kg

үйгө жүктөп кайра кайтканда кырыңа чейин сууга матырылып, кээде толкун кыр аша жаба берип, кайкалап сүзүп келатканыңа куштарбыз биз. Ошондо эл жээкке жапырыла жүгүрүп, сени каршы алат, боорум кайык!

Мен өлсөм сен кал, олжосу көп алыскы жайларга сүз. Мен өлсөм, тепсе темир үзөр жаш мергендерди ээ кылып, деңиз кезип сүзө бер. Мен өлгөндө, тирүүмдө гана кандай кызмат кылсаң, жаштарга да ошондой кызмат кылгын, бир боорум. Анан дагы айтарым, боорум, тиги тумшугуңда ойдолоктоп отурган баланын эр жетишин күт. Суу болбой катуу жер болсо өзү чуркап, ууга өзү эле барып келчүдөй болуп чыдамы кетип отурганын көрдүңбү? Мына ушу бала чоңоюп, сага минип, алыс-жакын деңиз чалар кезди күт, кайыгым. Бүгүн бала биз менен алгач аңга чыкты. Ошонусу жөн. Машыга берсин. Биз өтөрбүз бу жалгандан, эртеңдин ээси ушулар. Эмрайин атасын тартса жакшы адам болор. Куру-көңдөй болбос. Азыркы бир катардын ичинде мыкты мерген Эмрайин. Москоол, өзү иш билги. Кезинде мен ушундай болчумун. Толуп турган чагым. Кыз-келиндер айланчыктап жаныман чыкчу эмес эле. Мен болсом, өмүр ошо калыбында тура берет деп жүрүпмүн. Баары күнүмдүк экенин кечигип, кийин билет турбайсыңбы. Жаш чагында антип ким ойлосун. Мобу Эмрайин менен Мылгун экөө деле азыр аны ойлогон жери жок. Мейли. Ойлоор кези алдыда. Экөөнүн тең калак шилеши мыкты. Мылгун да Эмрайинге шай келет. Эгиз кара күчү бар, экөө тең ишенимдүү жигиттер. Кайыктын калкып ойноп сүзүп баратканын карабайсыңбы. Бирок бул бир караганда. Кургак жерде эки буттун күчүнө сыйынасың, деңизде эки колдун күчүнө сыйынасың. Али жол узак, шилей берүү, шилей берүү. Бүгүн Үч-Эмчектин үчүнчүсүнө жетип таянганча сүзөбүз. Каш карайганда жетсек болгону. Эртең керели-кечке кайра сүзмөй. Таң аткандан кеч киргичекти калак шилемей. Мен да карап отурбай, кезектеше улам бирин эс алдырып турармын. Бирок мүлдө деңизди сапырып чыгуу оңой бекен. Иши кылып олжолуу кайтсак болгону, той кылабыз.

Туюп баратасыңбы, түшүнүп баратасыңбы, бир боор кайыгым? Сен бизди Үч-Эмчекке жеткиресиң. Аңдын берекеси ошерде. Ошерге баратабыз. Үч-Эмчектин боорунда нерпалардын жатагы бар. Жакында тууту башталат, ошого нерпалар азыр отор-отор болуп топтолуп жаткан кези.

Айтканымды тыңдап, туюп баратасыңбы, кайыгым? Сен туюнасың дечи. Сен али деңиз бетин көрө элегиңде, байтеректин курсагында жатканыңда эле сүйлөшө баштабадым беле. Мен сени байтеректин курсагынан сууруп алдым, мына эми экөөбүз деңиз жалдап барабыз.

Эмесе, мен бу дүйнөдөн өткөндө сен унутпай жүргүн. Деңизге чыккан күндөрүңдө мени эстей жүр...»

www.bizdin.kg

Жээкте калган баш белги Ала-Дөбөт чокусун көздөн учурбай кайыкты ачык деңизге түз багыттап бара жатып, Орган карыя ушундай ойго кетти. Ошо жээктеги ала чокунун ажайып сыры бар. Аны деңизге чыккандардын баары айтат. Күн ачыкта деңизчилер улам жакадан узаган сайын ала чоку барааныпып, асман чапчый берет. Жолоочудан калгысы келбей ээрчип алган Ала дөбөт өңдөнүп көрүнөт. Кайсы туштан караба Ала-Дөбөт көрүнүп турат. Көпкө ошентип көрүнүп турат да, анан бир маалда суу бетинде сай бар сымал, жолоочулар сайга түшүп кеткен сымал Ала дөбөт көздөн кайым болот. Анда мергенчилер айтат: Ала дөбөт үйгө кайтты, жер алыс калды дешет...

Ана ошондо Ала-Дөбөт кай тушта калганын, жел кай тараптан жүрүп турганын, күн ала чокунун кайсы тушунда турганын, кайсы маал экенин, каалгыган булуттардын чамасын байкап кал, эске тутуп кал. Аралга жетер-жеткенче Ала-Дөбөт калган тарапты унутпа. Деңиз чалкарында адашып кетпейин десең ошент.

Кайыкчылар күнчүлүк жолу бар аралдарга бет алып барат. Чексиз суунун бетинен кылтыйып чыгып турган үч эмчектей үч аска бар, эли-журту жок үч арал. Үч-Эмчек деп ошону айтат. Чоң, Орто, Кичи аралдар. Деңиз ошо аралдар менен бүтөт да, андан ары дайыны жок, чеги жок Улуу Мухит-Океан ааламы башталат, Дүнүйө жаралгандан бери, Лувр өрдөк жумуртка салар карайткы, алакандай кургак жер издеп таба албай айласы кеткен күндөн бери жайкалып, өзүнөн өзү туулуп, өзүнөн өзү толуп жаткан Мухит дүйнөсү ошол. Деңиз менен Мухиттин чеги болгон алиги аралдарды жаз маалында нерпалар жатак кылат. Бу мергенчилер ошону көздөп, ошону багыт алып баратканы...

Бала айран-таң. Деңиз ал ойлогондон такыр башкача болуп чыкты. Ала-Дөбөттүн борчук таштуу боорунда ойноп жүрүп көз салганда да, же булуңда кайык айдап сүзгөндө да деңиз мындай деп элестете алган эмес. Кайык булуңдан чыгып, ачыкка бет алганда бала деңиздин эмне экенин сезгендей болду. Асман менен туташып, көз да, санаа да жеткисиз, кыйырсыз ааламды каптап, бүт ааламдын уюткусу болуп жаткан суунун баары деңиз экенин аңдаганда баланын эси чыга жаздады.

Бала эсин жыя элек. Ушундай болобу деп кайдан ойлоптур. Айлана тек жалаң суу, коргошундай оор көлкүгөн, сымаптай төгүлгөн, түнөргөн сүрдүү жалаң суу, толкуну жондонуп заматта туулуп, заматта жапырылып кайра өлгөн айлана тек жалаң суу. Тереңи түпсүз караңгы, тегерегиң кыйырсыз, төбөдө көз жетип, кол жетпеген, үзүк-үзүк булуттар бар көк асман, айланаң тек жалаң суу. Башка көз токтотор нокот жок. Кыш да жок, жай да жок, тоо да жок, сай да жок.

www.bizdin.kg

Дүйнөнүн бу четинен тиги четин бүт каптап жаткан суу.

Толкундарды улам сүзө тилип, кайык калыбында баратат. Алды-да аң уулоо маалын ашыга күткөн баланын да ажары ачык, көңүлү жаркын. Бирок жанагыдай апкаарыбай калды, эс-дартынын баары ууга жетер чакта болуп, суу менен суу үстүндөгү көрүнүштөр кезге илинсе да, көңүлүнө жукпай, көнгөн майрам шаңындай жаркылдап өтүп жатты. Болбосо бала күн нурунун суу бетинде түркүн түстө чагылышып ойногонун, күн тийген капталы көк-жашылданып жылтылдап, арт жагы тунук көк тартып тунжурап, тескей капталы түнөрүп сүрү сестентерин көрүп жүрөгү башкача какмак. Капилеттен кайыкка туш келген бир кызык балыктарды көрүп кубанмак. Бир маалда бүкүр балыктардын калың тобу кайыкка каршы келип, бытырай качкандын ордуна баёо немелер кайра тобу менен жандай сүзүп, суудан секирип чыгып, абага көз ирмемге илине калып, кайра сууга чалкасынан түшүп жатышкандарына каткыра күлмөк.

Мунун баарын көрүп баратты, бирок көңүлү анчалык бурулбады. Эси-дарты аңдуу аралдарга эртерээк жетүүдө. Эртерээк ууга кирүү.

Анткен менен аздан соң баланын көңүлү өзүнөн өзү бузулду, сыртынан билинбесе да ичтен сызды. Жерден улам узаган сайын, айрыкча түнөрө дүңкүйгөн суу жонунун далдасында Ала-Дөбөт көрүнбөй калгандан тартып тилсиз түнөргөн суунун суук коркунучу акырындап дене-боюн ээлей берди. Бу бейтааныш, тилсиз улуу дүйнөнүн алдында ал кыпындан кичинекей экенин, эч аргасыз көз каранды экенин сезип калтаарыды.

Бала мурда мындай коопту сезген эмес эле. Бейкапар боорунда ойноп, кээде чокусуна чыгып алып, алдында көлбүп жаткан коркунучсуз деңизге суктана карап турчу Ала-Дөбөтү мынчалык жанына жакын, ынак экенин билген эмес. Өз ордунда Ала-Дөбөт канчалык алп да, боорукер да экенин, бузулбас, козголбос экенин Кириск эми түшүндү.

Жер менен деңиздин айырмасын бала эми билди. Жерде жүрүп жердин баркын ойлобойсуң, билбейсиң. Мына эми деңизде баратып эмнени ойлобо, баары бир көкөйүндө деңиз турат. Бу жаңылык баланы чочулатты. Деңиз өзүнө дене-боюңду, бүт оюңду багынтып алганында кандайдыр бир түпөйүл сыр, өкүмчүл сыр жаткансыды...

Чоңдорду карасаң, бейкапар, токтоо. Эмрайин менен Мылгун баштагысындай эле бирдей кыймылдап, бир адамдай бир калыпта калак шилеп келатышат. Төрт калак бир маалда суу шилеп, кайык калыбынча жыбылжып барат. Бирок ошо жыбылжытышка эки кишинин канча күчү керек. Калакчылар балага далысын салып отурганы менен жондору дүгдүйө күржүңдөп келатканын көрүп отурат бала. Эки калакчы анда-санда гана үн катышпаса, унчугушпайт.

www.bizdin.kg

Атасы гана кээде кылчая калып, «Кандайсың?» дегендей мурут астынан жылмайып коёт.

Ошентип сүзө беришти. Чоңдор сабырлуу, токтоо. Орган карыя болсо деги эле кабагым-кашым дээр эмес, канжасын дембе-дем соруп коюп, кайыктын багытын башкарып келет. Ар ким өз ою менен алек. Ырас, бир-эки жолу Кириск да же Мылгундун, же атасынын жанына отура калып, калак шилеп жардамдашты. Калакчылар бир калагын берип коёт. Үйрөнсүн дешкени го. Кириск эки колдоп бир калакты тырыша шилегени менен кайык оор, калак чоң болуп, көпкө чыдабады. Бирок эч ким аны күнөөлөбөдү, эсиркебеди, унчугушпай өз аракетинде болушту.

Ала-Дөбөттүн карааны өчкөндө гана баары тең кобурашып калышты.

– Ала-Дөбөт үйгө кайтты! – деди атасы.

– Кайткан экен, – деди Мылгун.

– Ошенттиби? Кайткан экен го, – деди Орган карыя кылчайып. – Андай болсо жолубуз болор. – Анан баланы тамашалады. – Эй, Кириск, балким, чакырсаң жетип келер дейм?

Баары күлүп калды. Кириск да күлдү. Анан ойлоно калып, олуттуу сүйлөдү:

– Андай болсо кайра кайталык, Ала-Дөбөт тосуп чыгар.

– Мунун тез кайткычылын! – деп күлмүңдөдү Орган. – Андан көрө бери менин жаныма кел, бекер отурбайлы. Деңизди карай берип көзүң деле талыган чыгар. Бу жарыктыкты карап түгөтө албайсың.

Кириск ордунан туруп кайыктын сорусуна жөнөдү. Кайыктын түбүндө бугу терисине оролгон эки винчестер, гарпун, чоң ороо аркан, ичер суу куюлган кол бочке, күлазык салынган капчык, дагыдагы бирдемелер жаткан. Кириск кайык боорлоп, ошолордон аттап өтүп баратып, атасынын терлүү моюнунан чыккан ачуу тер менен тамекинин жытын сезди. Атасы деңизге кеткен кездерде апасы эски тонун алып, бетине басып жыттап отурар эле. Ошондо тондон дал азыркыдай жыт буркурап турар эле.

Жанынан өтүп баратканда атасы баласына ээк кагып, ыйыгы менен боорго акырын түртүп калды. Эки колу калактардан бош эмес. Бирок Кириск атасынын олдоксон эркелеткенине эреркей койгон жок. Элжиреп кеткичилин! Деңизде ата-бала жок. Баары тең. Деңизде улуу гана бар, көсөм гана бар. Андан ыктыярсыз былк этүүгө эч кимдин акысы жок.

– Кел, жайгашып отур, – Орган орун көрсөтүп, шадылуу, туурук колун баланын ийинине акырын койду. – Кичине калтаарып калгансыңбы дейм, ыя? Чыкканда бекем эле көрүнгөндөй болдуң эле, бара-бара...

www.bizdin.kg

Орган чал баарын байкап отурган экен, – деп Кириск уяла түштү. Бирок бой бербеди:

– Жок, аткычх[1], эч корккон жокмун! Эмнеден коркмок элем?

– Деңизге биринчи жолу чыксаң... дейм да.

– Биринчи жолу болсо эмне экен, – деп Кириск моюн бербеди. – Мен эчтекеден коркпоймун.

– Аның дурус. Мен илгери алгач деңизге чыкканымда, чынымды айтайын, аябай коркком. Карасам, жээк көрүнбөйт, Ала-Дөбөт алдагачан үйүнө кетип калыптыр. Тегерегим жалаң толкун. Үйгө кетким келди. Же тиги Эмрайин менен Мылгундан деле сурачы, булар коркту бекен, жок бекен?

Тигил экөө «ырас, ырас» дегендей баштарын ийкеп, калактарын жүткүнө шилеп, ырсая күлүмсүрөштү.

– Мен корккон жокмун! – деп Кириск да көшөрдү.

– Анда азамат экенсиң! – деп карыя анын көңүлүн жоошутту. – Эмесе муну айтчы, Ала-Дөбөт кай жагыбызда калды?

Күтүлбөгөн суроого Кириск ойлоно калды да, колун сунду:

– Мобу жакта!

– Туурабы? Негедир колуң калтырайт да?

Бала колунун калтырагын басууга тырышып, жанагысынан саал оңго тарта көрсөттү:

– Мобу жакта!

– Эми таптың! – деп колдоду Орган. – Айталык, кайыктын тумшугу быякка бурулса, анда Ала-Дөбөт кай тарапта калат?

– Быякта!

– А эгер шамал бизди быякка бурсачы?

– Анда тыякта калат!

– А эгер солго карай сүзсөк?

– Анда быякта болот!

– Дурус, дурус. Аңланада кез токтотор белги жок, бүт эле суу. Ала-Дөбөттүн тарабын сен кантип таап аласың? Ушуну айтчы? – деп Орган кары такый берди.

– Менин дагы бөлөк көзүм бар,– деди Кириск.

– Кайсы көзүңү айтасың?

– Билбейм, ичимде болсо керек. Көрбөй туруп эле көрө берет.

– Ичиңдеби? – Баары күлүп калды.

– Мунусу туура,– деди Орган.– Ошондой көз болот. Бирок ал көз ичте эмес, башта болот.

– Менин көзүм ичимде,– деп болбоду Кириск.

Бирок андай көз башта болорун ичинен билип турду өзү.

---

* *Аткычх* – (нивхиче) чоң ата.

www.bizdin.kg

Аздан соң карыя Кирискени дагы сынакка алды. Бала төгөрөктүн төрт тарабын тааный ала турганына көзү жеткен соң:

– Жарайсың, ичиңдеги көзүң жаман эмес экен,– деп кобурады.

Бул мактоого көңүлү көтөрүлүп калган Кириск эми өзүнө өзү сурак коюп, жооп таап, жатыга баштады. Деңиз жак көлкүп жаткан азыркы учурда туш-тарапты баамдоо анча кыйын эмес эле. Жанга жолдош, касиети чоң Ала-Дөбөт эске келген сайын чакыргандай ички көзгө көрүнүп, дайым бала издеген туштан табылат. Дүңкүйгөн сырттан даңгыт, боорундагы даакы өңдөнгөн бужугур токою менен, «кулагындагы», «чабындагы» ак темгил кары менен, көкүрөк астындагы аскасына шарпылдап тынымсыз урунуп турчу толкундары менен баары-баары көз алдыга тартылат. Ала-Дөбөттү элестеткен бала анын айлана-тегерегиндеги дөбөлөрүн кошо эстеди. Анан эриксизден үйүн эстеди. Нивхилердин конушу? Деңиз кылаасындагы желе дөбөлөрдүн ортосунда, токойдун этегинде, суу жээгинде. Жыгач үйлөр, сарайлар, иттер, тооктор, балык илип кургатар илинүү шыргыйлар, созолонгон түтүн, айыл элинин кулакка көнүмүш үндөрү, анан өзгөчө апасы менен карындашы Псулк – ушулардын баарын, атүгүл азыр эмне кылып жатышкандарын бала көз алдына даана келтирди. Апасы арийне, Кирискени, эрин, бу бараткан аңчылардын баарын ойлоп, убайым тартып отургандыр. Ырас, апасы азыр дал ушуну ойлоп отурат. Ойлоорун ойлоп алып, кайра ойлорун жин-перилер туюп калбаса экен деп коркуп отурат го байкуш. Кирискени дагы ким ойлойт, болсо-болбосо Музлук ойлойт. Псулк менен ойномуш болуп Музлук бул убакка чейин үйгө нечен келип кеткендир. Деңизге кеткен Кирискени кокустан эстеген таризде Музлук сурап калса, апасынан жеме укту бекен? «Эмне деп кайгырып атасың сен, кыз? Кириск отун алганы токойго кеткенин билбей калдыңбы?» – деп жекирип койгондур. Кыз ошондо түшүнүп, уялганынан унчуга албай отуруп калгандыр. Ушуну ойлоп, Кириск Музлукту аяп кетти. Музлук ойлосо экен, эстесе экен, аны эч ким жемелебесе экен, – деп каалады Кириск.

Кайык болсо мурункусундай эле толкундарга төшүн матыра жара тилип, бир калыпта сүзүп баратты. Айлана жалт-жулт жыбырлаган толкун, акжалданган чоң деңиз. Нивхилер түш оой, болбосо кечке жуук Үч-Эмчек аралдардын эң беркиси Кичи-Эмчекке жетип, сааты чыкса аң уулоону ошерден баштап калуу максатта. Каш карайгыча Орто-Эмчекке жетип жыгылып, ошерге түнөп калмакчы. Кайык коёр тынч коңулу, башбаанек кылар үңкүрлөрү бар. Эртеси таң эрте кайрадан деңизге чыкмай. Эгер бүгүн кечке жолдору болуп калса, эртең эртелеп кайра жол тартмай. Эмнеси болсо да эртең күн эки терек бою көтөрүлгөнчө, чоң шашкеден калбай кайтыш керек. Деңизден канчалык эртерээк чыгып кетсең ошончолук жакшы.

www.bizdin.kg

Мунун баарын Орган карыя күн мурунтан ойлоп койгон. Жардамчылары тиги Эмрайин менен Мылгун да Үч-Эмчекке алгач бараткан жери жок, иштин жайын жакшы билишет. Күн ырайы бузулбай турса, жатагынан аң учураса болду, калганын эмне кылышты ар кимиси билет.

Орган карыя деңизге муктаждыктын айынан чыгып аткан жери жок. Ырыскы-насиби деңизден экени чын, бирок абышканы андан башка дагы бир нерсе деңизге дайым тартып турат. Чалкыган деңиз кеңдиги абышканын ичте катылган сырларын оюна келтирет. Сыр каткан ойлору көп эле. Деңизде ой-санаага жолтоо жок. Кургакта күнүмдүк тиричилик менен жүрүп сааты чыкпаган ойлор деңиз бетинде өзүнөн өзү оргуштап, кайнап чыгат. Айдың деңизде гана Орган өзүн Деңиз менен Теңирдин туушканындай сезет.

Кыйырсыз кудурет менен бетме-бет отурганда калтылдак кайык үстүндөгү адам дараметсиз бир бечара экенин Орган жакшы билет. Бирок адамдын ою бар да, ал ошонусу менен улуу, ою менен Деңиз-Теңир ортосундагы эки танапка жетип турат, табигаттын түбөлүктүү кыйырына ою менен жетип, ою менен ааламдын тереңине да, бийигине да тутамдаш. Ошол себептүү адам руху деңиздей терең, көк теңирдей түпсүз, анткени анын акыл-оюна чек жок. Бир адам өлсө кийинки адам андан илгерирээк ой жүгүртөт. Андан кийинкиси дагы илгерирээк, ошентип түбөлүккө кете бермек... Ушул кыйын акыйкат гана абышканын сыздаган жанын жай алдырат.

Өмүр жалган, өлүм ак. Өмүрүнүн чеги жакын калганын да билет карыя. Бирок сактап каткан бир сыры – Улуу баян Айым-Балык кирген түштөрү дайым боло берерин, өзү өлгөндөн кийин да ал түштөрү жашай берерин Орган жакшы билет. Түшүң мурас калбайт, бирок такыр жок болуп да кетпеши керек. Жоголбойт. Анткени Айым-Балык түбөлүктүү, демек, ал кирген түштөр да түбөлүктүү.

Деңизде жүргөн чактарында ушул ойлор көп келет. Андай учурларда жолдоштору менен сүйлөшпөй көпкө тунжурап оюна кирип кетет. Деңизди телмире тиктеп, бирөө менен сүйлөшүп жаткандай өз алдынча күбүрөйт, Айым-Балык кирген түштөрүн кайсы бир олуя-машаяктан суранат. Бирок адам а дүйнө кеткенде түшү кошо кетмек беле, ошо жакта деле баягы түшү кайталанып түбөлүккө кире бермек беле? Айласын таппай башы катат, жаны менен кошо түшү да кетерине өзүн ишендиргиси келет.

...Түш демекчи. Илгери бир заманда Ала-Дөбөттүн этегинде үч бир тууган жашаптыр. Улуусу кууганын куткарбаган жел таман экен. Ал бугу – адамдын кызын алат да, үйүр-үйүр бугулардын ээси болуп, тундрага көчүп кетет, ошоякка орноп калат. Кичүүсү из куугуч изевилчи, көзгө атар мерген болот. Ал да токой элинен бир

www.bizdin.kg

кызды алып, мергенчилигин кесип кылып, тайга токойду жайлап кетет. Ортончусу аксак туулуптур. Эрте туруп, кеч жатса да багы ачылбайт, кубалап бугуга жетпейт, токой аралап аң уулай албайт. Ал тегеректен эч ким кызын бербейт. Ага-иниси таштап кетет. Ал шордуу ошентип деңиздин жээгин жай кылып кала берет. Балык кармап жансактайт. Балыктан ким жарысын...

Бир күнү аксак шордуу кайырмак салып, кайыгында отурган. Аңгыча кайырмагы колунан жулкулдап калат. Чоң балык түшкөн экен деп, кубанып кетет. Акырындап кайырмагын тартып, түшкөн немени жакындата берет.

Караса, бир укмуш! Балык кейпиндеги жылаңач аял. Жаргак куйругун сууга чапкылап, качууга жулкунат. Сулуулугун айтпа: күмүштөнө жылтылдаган тумсак эти айлуу түндө мөлтүр суунун түбүнөн көрүнгөн акак таштай көңүл толкутат, ак эмчеги балкылдап, нерпа тумшук үрпүлөрү карарат, тунук жашыл көздөрү каухардай жаркылдайт. Байкуш аксак Айым-Балыкты суудан сууруп алып, колтугуна кысат. Ошентсе, Айым-Балык аны аймалай кучактайт. Экөө кайык түбүнө жыгылат. Капилет келген бактысына аксактын башы тегеренет. Кайык түбүндө экөө эмне болушканын өзү билбейт. Кайыгы асманга жете серпилип жатканын бир билет. Деңиз асманга жете чайпалып, асман деңизге түшө астын-үстүн болуп жатканын бир билет. Анан катуу бороон басылгандай тынчый түшүшөт. Ошондо Айым-Балык суурулуп чыгып, сууга булт кирип кетет. Аксак эр тура калып, артынан умтулат, кайрыл деп кыйкырат, чакырат, жалбарат, бирок Айым-Балык деңиз түбүнө дайынсыз кетет.

Үч бир туугандын ортончу аксагынын башынан ушундай окуя өтөт. Ага-иниси таштап кеткен, деңиздин ээн жээгинде каңгырап жалгыз калган аксактын башынан ушундай окуя өтөт. Деңизге чүмүп кеткен Айым-Балыктан кайра кабар болбойт. Аксак байкуш сагынып, көңүлүн кир, көкүрөгүн зил басат. Ошо күндөн кийин күндүр-түндүр деңиз кылаалап, көзүнөн жаш мончоктоп, үндөгөнү-чакырганы, сагынганы-күткөнү Айым-Балык болот. Жадегенде алыстан бир көрүнүп койсо деп үмүт этет.

Деңиз киргенде кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Деңиз тартылганда кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Айлуу түндө кылаалап ырдайт!

Бул деңиз – менин сагынчым,
Бул деңиз – менин кез жашым,
Бул жер – менин зар башым!

www.bizdin.kg

Ай караңгы түндөрдө кылаалап ырдайт:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?..

Деңиз киргенде кылаалап ырдайт, деңиз тартылганда кылаалап ырдайт. «Баяным» деп улук көрөт, «Айымым» деп ынак көрөт.

Ал ортодо кыш өтөт, кыш артынан жаз өтөт. Жайдын бир күнү аксак балыкчы тизеден толкун кечип, ачык деңиз бетин карап, ажап болуп Айым-Балыгым көрүнүп калбас бекен деп, үн салып чакырып коюп аксаңдап келе жатса, тайыз жээктен баланын ыйлаган үнүн угат. Ырас, наристе бала ичегиси үзүлө тынбай ыйлап жатат. Аксак балыкчы алиги ый угулган жакка жүгүрө жетип, көргөн көзүнө ишенбейт: тайыз жээкте жылаңач бала отурат, толкун улам жаба берип, кайра тартат, ал ансайын бала: «Менин атам ким? Менин атам кайда?» – деп бакырат. Аксак балыкчы ого бетер айран калып, айласын таппайт. Бала аны көрө коюп: «Менин атам сенсиң! Багып ал, мен сенин уулуң болом!» – дейт.

Мына кызык тамаша! Балыкчы уулун алып, үйүнө көтөрүп кетет.

Бала тез эр жетип, деңиз чала баштайт. Жоо жүрөк, чымыр, акжолтой аңчы болуп чыгат: тор салса, балыкка толуп чыгат, жаа тартса деңиз жаныбарларын тандап терет. Даңкы таш жарып, тоо ашып, токой аралап кетет. Токой эли шүйшүнүп кызын берет. Бала-чакалуу болуп, Айым-Балыктын урук-тукуму ошондон тарап, көбөйгөн экен.

Ошондон улам мааракe-тойлордо алиги ыр ырдалып калган:

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Сенин ысык курсагыңда биз жаралып,
Сенин ысык курсагыңан биз тарадык.
Сенин ысык курсагың жан бейиши,
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Нерпа тумшук ак мамагын сагындык биз,
Ак мамагың сүтүнө тайындык биз.
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Издеп сени эр барат, бир күн жетер,
Жээктеги тукумуң көбөйсүн – деп,
Курсагына уругун сээп өтөр...
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?..

Бул түш мухиттин туңгуюк түбүнөн түрүлүп келип, бир маалга жака-жээкти күүгүмдөнгөн сыйкырлуу кучагына басып калчу деңиз киргининдей байкоостон каптап келет.

Ушу түштү көргөн сайын Орган ажайып айран-таң калып, өңү менен түшүнүн ортосунда эсеңгиреп жатып калат. Айым-Балык

www.bizdin.kg

менен өңүндө чын көрүшүп калгыдай болсо жан баласына оозунан чыгарбас эле го, Орган түшүндө Айым-Балык менен жолугушканын өңүндөгү окуядан бетер чын көрүп, эч кимге айтпай келет.

Ырас, жыргалы менен кайгысы аралаш, жандүйнөсүн чыдагыс кыйнооого салып, кайталанып кире берген жан жолдош түш болду Органга. Маңызы байыгыс, мааниси түгөнгүс бул түштүн укмуш касиетине Орган көргөн сайын айран азыр. Дайынсыз аян, чечилгис табышмактыгы адамды түбөлүк кыйнап келаткан түш менен чындыктын ортосундагы илешпеген кубулма байланышын чечмелеп ойлоно берип, сырдын сырын табуу менен жан алакетке түшө берип, Органдын жаны кейийт да, айласы түгөнүп турганына карабай түшүнүн кайра келишин эңсейт, улуу баяны Айым-Балык менен дагы бир жолугушууну каалайт.

Ал экөө деңизден жолугушчу. Айымдын келишин күтүп, Орган деңиз кылаалап чыгат. Суу чайган кумдуу жээкте басса изи калбайт, бирок өчкөн күндүн күңүрт шооласында кара-кубаң көлөкөлөр көпкө сакталып турат. Ал көлөкөлөр көөдөнүнө сагыныч толуп, сагынычтан жаны сыздаган адам кара кардын үстүнөн басып өткөн изи сымал караңдап калат. Махабат муңуна, үмүт менен эңсөө муңуна өзөгү өрттөнүп Орган жээкте басат, а деңиз болсо кайдыгер, муздак жатат. Ошол жалгыздык баскан ээн дүйнөдө же үлп эткен жел, же зың эткен үн, же тырс эткен дабыш чыкпайт. Жалгыз Орган деңиздин түнөргөн төрүнөн көзүн албай аруу баяны Айым-Балыгын күтө берет, күтө берет.

Жээктеп басса жолун коштогон буурул жал толкундар шуулдап бутка илешет, бирок доошу угулбайт, далбасалап асмандан чаараалакей кулаган лапылдак кардай чардактар өйдө-ылдый чуулдап учат, бирок үндөрү угулбайт, кулагы бүтүп, үнү жок, дили калып, тили жок ың-жың дүйнөдө Орган Айымын канчалык эңсеп күткөн сайын ошончолук заманасы куурулат, заманасы куурулган сайын сагынычы күчөп, ушунун баары түш экенин билип турса да, түшүндөгү жалгыздык баскан кусалык өңүндө ого бетер кууратарын билип турса да, өңүндө болобу, түшүндө болобу, аны бир көрбөй жаны тынбасын туюп турса да – ушунун баарына карабай жүрөгү сыздап, кайрадан кайра жолуккусу келе берчү. Ошондо, айласы куруп бүткөндө айкырык салып чакырчу. Бирок басып жүргөн дүйнөсүндөгү үн-доош угулбаган сыңары өз үнүн өзү укчу эмес. Деңиз болсо тунжурап үн катпай, толкуп кыймыл жаратпай, мелтиреп жата берет. Тек өзүнүн гана аласалып түйшөлгөнү, жай тынымы кыстыгып үзүл-кесил дем ала баштайт, жүрөгүнүн түрсүл какканы ойготот, ошого кайра кыжыры келет. Андай учурда жанын жай алдырар жай таппай, өзүнүн өзөгүнөн өзү суурулуп чыгып кетер

www.bizdin.kg

жол таппай, чөгүп бараткан адам агып бараткан чырпыкка асылган сымал, кайрадан Айым-Балыгын чакырып, кайрадан Айым-Балыгын эңсеп, эси-дарты жалаң Баянда калчу.

Акыры түңүлүп жан кыйылар маал келгенде Айым-Балык түнөрүңкү – түссүз суудан суурулуп сүзүп чыга келет да, Органды тике сагына тиктеп, буурул толкун арасында аруу келбети бирде күмүш, бирде күүгүм жаркылдап, аптыга сүзөт, ашыга сүзөт, сүйүнө сүзөт. Мына ошондо баятан берки дүлөйлүк жарылып, күркүрөгөн толкун доошу, шуулдаган шамал табышы, чуулдаган чардак үндөрү дүйнө койнун толтуруп угулат. Ошондо баладай бакырып, баатырдай айкырып, Орган каршы чуркайт, терең деңиз шыйрагына келбей малтап, түптүз деңиз тизесине жетпей жиреп, андан түпсүз болгон жерде муздак сууну чатырата тилген кит болуп, ашыгына астыга сүзөт.

Айым-Балык болсо көк деңиздин бетинде буурул толкун жондонтуп, тегерене сүзүп, күтүп турат. Кээде аба чапчып секирип, көз ирмемге жумуру денеси абада диртилдеп илинип туруп калат. Ошондо карасаң, деңизге кокус түшүп кеткен кадимки эле келин сыяктанып, эркектердин көз жоосун алган кымча бел, кең сору келин сыяктанып көрүнөт.

Анда Орган сүзүп жете келет да, экөө тең жарыша сүзүп, чалкып жаткан океанга бет алышат.

Экөө жанаша сүзүп, катуулаган сайын капталдары тийишип, денеден денеге учкун өтөт. Зарыгып күтүп, жалгыздыктын азабын тарткандагы Органдын көксөгөнү эле ушул.

Мына эми экөө бирге. Ойго келбес күч менен түнкү океандын күңүрт жылтылдаган алыстагы төрүнө экөө зымырап сүзүп барат. Буурул жал толкундарды көзөй сүзүп, туңгуюк түпкүрдөн тийген булаңгыр шоолага бооролорун жаркылдатып, экөө көзгө араң илешкен көк-жээктин чегине барат. Өркөчтөнгөн толкундардын биресе кырына кайкып чыга түшүп, биресе шукшурулуп сайына түшүп, бирде өөдө, бирде ылдый, бирде жонго, бирде сайга селкинчек тепкендей ойкуп-кайкып, учуунун толкунуна экөө тең алеп-желеп өрөпкүп барат. Экөөнөн калышпай толкундан толкунга секирип, күңүрт күзгү бетинде бирде сүйрөлүп, бирде жылтырак сырты тамга болуп, экөөн коштоп ай барат. Жандай чапкан ай гана, жарыша сүзгөн экөө – Айым-Балык менен ал. Бул кыйырсыз мейкинде чардап бараткан алар гана – экөө менен ай, үчөө менен океан. Көксөгөн бакыт жыргалы, эңсеген эркиндик жыргалы, эки жүрөктүн эзилишип кошулган салтанаты ушул эле...

Экөө талыбай, тынбай сүзүп баратты. Экөөнүн эртерээк жетсек деген, ашыгып сүзгөн максаты – белгилүү жай бар. Ал жай экөөнө гана буюрган. Экөө ал жайга жетмек да, дене-бой эрип кошулуп,

www.bizdin.kg

бир көз ирмем ичинде өмүрдүн башталышы менен аягын кошкон жыргалдын ширини менен ачуусун татышмак. Экөөнө күч кошуп, ашыктырып бараткан максат ошол...

Ошол эңсеген жайга тез жетүүгө экөө суу бетин тилип, куштай учуп баратты.

Канчалык тездеп сүзгөн сайын ошончолук Органдын делебеси дүүлүгүп, жан жыргалын албууттана каалап сүзөт. Кызыл балык ургун чаччу жерине дал ушинтип ашыгып жетет да, жеткен жерин-де ургун чачып болгон соң өлүп кетет. Орган махабат жолуна өлүп кетишке кайыл болуп сүзүп баратты. Сыйкырдуу Айым-Балык ал ансайын кызыктырып, океандын тереңине азгырып, толкундарды жаркылдай жарып өтүп, чачыраган маржан көбүктөн ай нуруна күн желеси тартылып, Айым-Балык ал ансайын суктандырып кулпуруп, ойкуштаган кылыктуу денеси ал ансайын ээликтирип, зыпылдап сүзүп барат. Суу жукпай жонунан шыпырыла агып калып жаткан суу перинин сулуулугу ал ансайын Органдын башын айлантып, эсинен тандырып барат.

Экөө сүйлөшпөдү, тек бурулдаган суу чачырандысы арасынан биринин дидарын бири көрө түшкүсү келгендей биринен бири көз албай тагдыр белгилеген жайга арылдай сүзүп, такат албай сызып баратты...

Бирок экөө ал жайга эч качан жетчү эмес, күткөн маал эч качан келчү эмес...

Органдын бул ажайып түшү көбүнесе чорт үзүлүп, дайынсыз бүтүп, түтүндөй тарап жоголчу. Ошондо эсеңгиреп жатып калат. Чыны менен капаланып көпкө жүрөгү сыздап калат. Алдагандай бир келген жыргалга канбай, кумары таркабай, сезими коңултактайт. Кээде көп убакыт өтсө да, ал түшүн ийне-жибине чейин териштире эске түшүрүп, бул эмненин жышааны, эмне деген аяны деп, көпкө ойлонот, түшүндө көргөнү түш эмей эле өңдөн чыныраак сыяктанат. Демейки түшүң эсиңе келсе келер, келбесе жок, эстен чыгып кала берет эмеспи. Түшүң түлкүнүн богу, эмнелер кире бербейт дегендей ага башын катпайт. Айым-Балык болсо турмуштагы чындыктан бе-тер жатса-турса көз алдынан кетпейт, ойлосо оюнан чыкпайт. Ошол үчүн Айым-Балыкка жолукканын жана андан капилет ажыраганын кадимки окуядай көрүп, абышка катуу жапа чегет.

Түшү ушундайча бүткөн абышканын жандүйнөсү ар качан азап тартат, табышмактын жандырмагын таба албай заманасы куурулат.

Кээ бир көргөн түшүндө ал экөө эңсеген жайга жакын эле жетип калгандай болот, атүгүл кайсы бир жээк мунарыктап көрүнө баш-тайт. Махабат жээги ошол. Экөө жуурулушуп биригип, эзилишип кошулсак деп албуут сезим канат болуп, күч болуп, алдас уруп

www.bizdin.kg

ашыгып келаткан жээк ошол. Мына ал жээкке жетип калышты. Бирок дал ушунда түпсүз ирим тайыздап, кумга буттары батат, суу тизеге жетпей, сүзө албай калышат. Орган алактап артына кылчаят. Айым-Балык тайыз сууда сүзө албай алдас уруп артта калган. Муздак терге чыйрыгып, Орган артка жүткүнөт. Бирок буттары баш ийбей жансыз, шилтенбей оор тартат, сормо саздай ылайлуу сууну малтап Айымына жеткиче түгөнгүс көп мезгил өткөндөй кыйналат. Алдастап жаткан Айым-Балык аркан бою алдында турса да, ага жетип кол сунарга аз эле калса да, энтигип суу жутуп, кара терге чөмүлүп деми кыстыгып, суу түбүндөгү балырга буттары илешип, такыр жете албайт. Анысы аз келгенсип тайыз сууга сүзө албай чабалактап жаткан суу Айым-Балыгынын жандалбасын көрүп жаны кейийт. Акыры өлдүм-талдым дегенде Айымга жетип, аны көтөрүп алып бооруна бекем кысып, алдан тайып, башы айлангандан теңселе басып жээкке бет алат. Бирок Айым-Балыгынын жүрөгү жарылып кетчүдөй, качып баратып колго түшкөн жаралуу куштай жанталаша сокконун туят. Ошондо, сүйгөн перисин бооруна бекем кысып баратканына кубанганданбы, наристе баланы алып бараткандай эт-жүрөгү элжиреп, Айымын аяп кетет да, каңырыгы түтөп, көзүнө жаш айланат. Жашыганына Айым-Балыгынан ого бетер уялып, ыйлап жиберчүдөй араң карманат. Кадам сайын боорундагы Айымын ойлоп, боору сыздап аны аяп, жерде баспай абада калкып бараткандай каалгып басат. Айым-Балык болсо көз жашын көлдөтүп, кайрадан деңизге алпарып, эркин дүйнөмө коё бер деп жалынат. Айым-Балык аны деңизден тышкары жерде сүйө алчудай эмес, суудан чыкты – болду, деми кысылып, өлүп барат. Көз жашы мончоктоп Айым-Балык унчуга албай жалбара тиктегени жүрөгүн көзөп өтөбү, Орган чыдай албайт. Кайра артыңа шарт бурулуп, тайыз жээкти жирей кечип, улам тереңдеп барып, анан абайлап кучагын жазып, Айым-Балыкты акырын бошотуп жиберет.

Айым-Балык деңизге сүзүп кетет, Орган болсо нес болуп жалгыз калат. Айымдын артынан телмире тиктеп калган Орган ыйлап жатып ойгонот...

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?
Бул деңиз – менин сагынчым,
Бул деңиз – менин көз жашым,
Бул жер – менин зар башым,
Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Колдо турган бактысын өз ыктыяры менен качыргандан бетер, Айым-Балык менен чынында эле жолугушкандан бетер Орган эстеген

www.bizdin.kg

сайын капа болот. Адамдын үмүт-тилеги жадегенде түшүндө кабыл болсо болбойбу? Кабыл кылыш кимдин колунда? Мунун баарын аян берип жаткан күч ким, же эмне, бул аяндын мааниси кандай, бу не деген табышмак, эминенин жышааны? Ушуларды ойлоп, ою онго, санаасы санга бөлүнгөн Орган айласы түгөнгөндө колун шилтеп, баарын унуткусу келет, Айым-Балыкты ойлоодон качат.

Бирок болчубу, деңизге аң уулап чыкканда кайрадан кантип Айым-Балыгы эсине түшкөнүн, бүт оюн ээлеп алганын өзү да байкабай калат. Сыйкырдуу түшүн кайра баштан көз алдынан өткөрүп, жыргалына кадыресе кубанып, азабына кадыресе кайгырып, анан кайра акыл токтотуп: эмне эле муну ойлоно берчү болдум, жок Айым-Балыкты ойлоп, санаа тартуу кары кишинин жумушубу? – дейт ичинен. Өзүн өзү жемелейт. Бирок кайра: ушинтип алдан тайып, көздүн курчу, беттин нуру кеткен чагында алигидей көңүл жубатар алаксуусу болбосо, ашка жүк, башка жүк болуп чыдап отура алмак эмесмин го дейт. Даңкы таш жарып алчыланып тургандагы касиеттеринин баары салаадан чууруган суудай агып түгөнүп барат, эми төрүнөн көрү жуук калды, бирок көкүрөк кургуруң дале моюн бербейт, жигит кезиндеги ээликтирген кыял-сезимдери кадимкисиндей, көңүлү картая элек. Ошол үчүн алигидей ойлор толгонуп, алигидей түштөр кирип жүрбөйбү. Адам ушул өңдүү ою менен түшүндө гана ажалсыз, эркин өмүр сүрө алат тура. Адам санаасы менен асманга чыгып, деңиздин тереңине чумкуй алат. Актык деми токтогончо ой ойлоп, кыял канатында учкандыгы менен адам бийик, адам улуу. Бирок ажал аны назарына да албайт экен го, адам бу жалганды жактырып жашаганы, бу жалганда адам ою менен кандай бийикке көтөрүлгөнү, кандай түштөрдү көргөнү, кандай адам болгону, акылы канчалык терең болгону – ажал үчүн мунун баары бир тыйынга арзыбаган нерсе экен го. Эмне үчүн ушундайча? Дүйнө эмне үчүн ушундайча жаралган? Мейли Айым-Балык түш болсун, бирок ошо түш боюнча болсо да тиги дүйнөдө аны менен түбөлүк кала берсе болбойбу...

Орган карыя Айым-Балыкка кандай ишенсе анын оюн деңиз кулак салып угарына ошончолук ишенчү. Деңиз бетинде ал эркин дем алып, ою да чек койбостон эрк берчү. Деңизге ал сырын айтып, арманын баян этчү. Ой туңгуюгунда отуруп, кээде ал: «Айым-Балык экөөбүз ушу ченден сүзүп өткөндөй болдук беле?» – деп деңизден сурачу.

Ошондо Орган канжасына тамекиден кайра тыгып, түтүндөн кере-кере сорот. «Ушу ачуу болсо да жанды жай таптырган уу чөп каерде өсөр болду экен?.. Көпөстөр Манжурияда өсөт дешет. Ошояктан ошолор апкелип атышпайбы. Манжурия дегениң жердин түбү болсо керек го, биздин элден ошоякка бардым деген бирөөнү көрө

www.bizdin.kg

элекмин... Тамеки аерде токойдогу чөптөй эле жайнап өссө керек... Кызыгың кургур, бу дүйнөдө не деген кызыктар жок дейсиң...»

Күн түш ооп калды. Ушул ортодо күн алда нече ирет кайдан-жайдан келе калган булутка кирип чыкты. Алыскы көк жээктен чыга келген булуттар ошоякта алай-дүлөй ырай бардыгын кабарлагансыйт. Күн булутка кирип кеткенде деңиз бети күңүрт тартып, өңү өчүп, айлана-тегерек сестенте калат. Күн кайра кылайып чыга келгенде жаздын көркү ачылып, деңиз бетине нур чачырап, миң-сан жылт-жулту көз уялтат, көңүл көтөрөт.

Кириск деңизге үйүр алып калгандай болсо да, кичине эриккендей болсо да, анын чалкыган чексиздигине дале таңыркап келет. Эртеден бери тынбай сүзүп келатышат, дале учу-кыйыры көрүнбөйт. Жер бетинде жүргөндө ал талаанын кеңдигине мынчалык таң калбас эле.

Чоңдор болсо эчтемени элес алгыдай эмес. Аларга баары көнүмүш. Эмрайин менен Мылгун баштагысындай эле бир калыпта калак шилеп, суу бетин эптүү чарпып сүзүп келатышат. Ал экөө чарчай турган эмес, Орган жардамдашайын дегенде да болбой коюшту. Кайра кайтканда жүк оор болор, ошондо болбосо азыр кереги жок дешти. А көрө кайыкты башкара бериңиз дешти. Кокосу уркуйган, узун моюн Орган карыя жем аңдыган суу бүркүттөй куржуюп кайыктын сорусунда отуруп келет. Көбүнесе тунжурап, өз ою менен алек.

Кайык болсо баягысындай эле толкундарды сүзө тилип, жеңил баратат. Толкундар да көлбүгөн калыбынан жазбай бир калыпта. Айдарым жел суу бетин жалмалап, басаң.

Ошентип сүзүп баратышты...

– Аткычх! Аткычх! Тигине арал! Кичи-Эмчек! – деп Кириск Органды жеңден тарткылап, кубанганынан кыйкырып жиберди.

– Кана арал? – деп Орган ишене албай колун серепчиледи.

Калакчылар да таңыркап, бала көрсөткөн тарапка кылчайышты.

– Кайдан болсун, – деп кобурады абышка, анткени бала арал көрүнөр жактан таптакыр башка тарапты көрсөтүп жаткан.

Бала калп айткан эмес. Алыскы көз учунда суудан чыккан аскадай болуп, бир ордунан козголбогон кара-кочкул карайткы көрүнөт. Орган көпкө тиктеди.

– Жок, ал арал эмес, – деди акырында көзү жеткендей. – Кичи-Эмчекке биз ушу багытыбыз менен күн батышты карай дагы далай сүзөбүз. Бу караан башка жактан чыкты. Мунуң арал эмес. Назили арал эмес.

– Бу ченде мындай арал жок болчу, биз эч качан көрө албадык эле го, – деди Мылгун. – Кичи-Эмчек сол жактан көрүнөт. Мунуңу билбейм эмне экенин.

www.bizdin.kg

– Туман болуп жүрбөсүн, же булуттур? – деди Эмрайин. – Же чоң толкунбу, анда эмнеге кыймылдабайт?

– Кеп ошондо болуп жатпайбы. Туманбы, булутпу, ким билет. Алыстан билинбейт. Бирок арал эмеси ырас,– деди Орган ойлуу, – эгер бу туман болсо, анда түрү жаман, иш чатак.

– Кудай сактасын, шамал өзгөрбөсө болгону, – деди Эмрайин калагын күч сала шилеп. – Бир ордунан козголбой туру. Аякта биздин ишибиз жок, турса тура берсин.

Элден мурун оолугуп көргөнү дайынсыз бирдеме болуп чыкканына алгач өкүнө түшкөн Кириск аны кайра унутуп калды.

Мергенчилер жаңылбаптыр. Кичи-Эмчек аралы көп узабай сол тараптан суудан суурулуп көрүнө келди. Аны жазбай таанышты. Ал өзү чынында эмчекке окшоп суудан чуштуюп чыгып турган аска таштуу арал экен.

Аралды көрүп, аңчылар жандана түштү. Айрыкча Кириск өрөпкүдү, демек, деңиз чексиз эмес, ортосунда карайткы кургак бар экен да. Эртеден бери сүзүп келаткандагы кызыктын эң кызыгы эми башталды.

– Мына эмесе, – деп Орган баланын башындагы каптаманы уйпалап койду. – Ала-Дөбөт айылда калса да бизди аралга жеткизип койду. Бизди ээрчип чуркаса сууга чөгүп кетмек да.

– Ананчы, – деп кубаттап койду Кириск чалдын тамашасын билип.

– Ала-Дөбөттүн айылды кайтарып калганы жакшы эмеспи. Биз болсок аны эстен чыгарбай, жолубуздан адашпай аң уулоочу жерибизге жетебиз. Кандай дейсиң, Ала-Дөбөт бизге эми керекпи, же кереги жокпу?

– Эми кереги жок, – деди Кириск ишенимдүү. – Эми каякка сүзөрүбүздү көрүп баратпайбызбы.

– Ойлонуп айтсаң кантет, чырагым! – деп жемелеп койду Орган. – Чапчаңдык кылып койдуң бейм, ойлончу.

Алыс деңиздеги аралдын жанында Ала-Дөбөттүн кереги бар-жогун бала аңдай албады.

– Буерде Ала-Дөбөттүн кереги эмне?

– Кереги эмне дейсиңби? Үйгө кантип кайтасың? Кайра кайтканда кайсы тарапка сүзүп жөнөйсүң? Кана, ойлончу? Таптыңбы? Жакшылап карап, аралга биз кай тушунан сүзүп баратканыбызды билип ал. Ала-Дөбөттү аралдын кайсы тушу карап турганын эсиңе бекем тут. Кайра кайтканда кайсы багытка жүрөрдү ошондо так билесиң.

Кириск унчукпай макул болгону менен ичинен ыза болуп калды да, намысын алдыргысы келбегендей туталана сурады:

– Караңгы түн болсочу? Деңизде түнгө калсак, эчтеме көрүнбөсөчү? Анда кантип? Ала-Дөбөт кай тарапта экенин анда кантип табабыз? Ыя?

www.bizdin.kg

– Эмне бар экен, анын да айласы табылат,– деп жооп кайтарды Орган жайма-жай.– Ал үчүн асманда жылдыз бар. Жылдыз жолдон адаштырбайт, ар дайым багытыңды даана көрсөтүп турат. Кайсы жылдыз каерде экенин гана өзүң жакшы билгениң эп. Лувр өрдөгүнүн топ жылдызын билесиңби?

– Билсем керек, – деп тайсалдап, Кириск атасын карады.

Эмрайин уулунун кысталышта калганын билди.

– Анча-мынча билет, мен бир жолу көрсөткөм. Бирок ал аздык кылат. Үйрөнүп алганың жөн...

Ушинетип, аралга жакындай беришти. Аралдагы корум таштар, аска-куймалары даана көрүнгөндө аңчылар нерпанын жатагын өңүп, аралды айлана сүзүштү. Аң жатагын биринчи көргүсү келип, Кириск тимирейе тиктеп баратты. Эгер көрүп калсаң чуу салба деп эскертип коюшкан. Нерпалар суудан чыгып, күнгө жылынууга так эле жээктеги таштардын арасында жатат деген Орган. Оболу жаткан жерин көрүш керек, анан айланып жээкке чыгып, үркүтпөй өңүп жетиш керек деген. Бирок Кириск эчтеме көрө албады. Жээк бүтүндөй эле үймөлөктөшкөн Жар таштар, тирүү жан жоктой ээн. Аралды курчаган деңизден сүрүлүп келип жаткан толкундар буурул жалданып, аша төгүлүп кетчүдөн бетер аска-таштарды омуроолойт. Жок, Кириск эч балакет көрө албады. Чоң барскан менен бирөө талкалай чаап кеткенсиген жалаң арсак кара таштар.

Бирок Мылгун биринчи көрдү. Анын көргөнүн Кириск да көрүп алууга ойдологончо кайык жашыруун буйткага сүзүп кирип кетти.

Кириск кызыкканын көрө албай өкүттө калганын Орган карыя сезе койду.

– Көрдүңбү? – деди ал.

Бала калп айта албады.

– Көрө албадым,– деп мойнуна алды.

– Кайра кайрылгылачы,– деди Орган.– Таш арасынан ажырата тааныганды үйрөн. Аны билбей мергенчи боло албайсың.

Бир нерпа көрүп калып белги берсе жатактагы бардыгы сууга кире качмак. Ошондой опурталдуу болсо да, калакчылар карыянын сөзүн эки кыла албады. Кудай жалгап нерпалар байкабады. Алар суунун мизиндеги кырданган таштардын далдаасында, жарака таштардын арасында жаткан.

– Тетиги сынган азуудай учтуу ташты көрдүңбү, быягында кызыл боор таш жатат. Артында тоңголок дөбөчө, ошолордун ортосун кара,– деп көрсөттү Мылгун.

Кириск издеп карап тирмийип жатты. Ал ортодо калактарын калпып, Эмрайин менен Мылгун кайыкты бир ордунда кармап турушту. Суу жаныбарларынын жондорун Кириск ошондо көрдү.

www.bizdin.kg

Куйруктуу жумуру денелери күржүйөт. Чаарала бозомук жондору жылтылдап, кыймылсыз жатат. Көнбөгөн көзгө алыстан алар таштан айрыгыс эле.

Мына ушундан баштап баланы азоо сезим бийледи. Мына деңиздин чыныгы кайберендери. Мына эми чыныгы мергенчилик башталат.

Аздан соң алар кайыкты буйтка жээкке токтотуп, өздөрү жээкке түшүп жатканда да толкундап, эрдиги көкүрөгүн жарып баратты. Эрдик сезим бийлегени – ал азыр өзүн күчтүү, олуттуу сезгени эле. Толкундаганы – ошол учурда чоң мергенчилердин чапчаң, эптүү кыймылдап, кайыкты жээкке кынтыксыз апкелип тирегенин, Эмрайин менен Орган карыя сууну калпый калактап, толкунда туйлаган азоо кайыкты былк дедирбей бир ордунда кармап турганын, Мылгун мышыкча секирип жээктеги шагылга түшкөнүн, анан ал кайыктан ыргытылган арканды ийиндей кармап, кайыкты шагылга сүрдүктүрө сүйрөп салганын, атасы Эмрайин эки винчестерди алып, жээкке секирип түшкөнүн көргөнү болду. Алардын артынан Органдын жардамы менен бала да түштү. Бирок өксүй секирип алып, бир буту сууга малынды. Ага атасы кейиген болду, бирок баланын көңүлү ага бүркөлбөдү.

Толкун жулуп кетпесин деп, кайыкта жалгыз Орган калды. Үчөө болсо нерпалардын жатагына жөнөштү. Жээк менен эңкейе басып, өңүттөн өңүткө жүгүрүп жетип баратышты. Кириск чоңдордон калбады. Жүрөгү көкүрөгүн жарып чыкчудай түрсүлдөп, толкундаткан корстон сезимге кээде башы айланып кетет.

Алда чиркин, минтип Кириск чоң мергенчилер менен тең катар деңиз аңына өңүп баратканын Айым-Балыктын эли көрсө кана! Апасы көрсө кана, уулум келечекте чоң мергенчи болуп, элин багат экен деп сыймыктанып карап турбайт беле! Өзү менен бирге ойноп жүргөн Музлук кыз көрсө кана! Мындан ары экөө ойнобой калды го. Анткени мындан ары Кирискенин аты бала эмес, мергенчи Кириск. Ала-Дөбөттүн боорунан бери ушунчалык суу кечип келип, эми күркүрөгөн толкуну жээгин соккулаган аралда, жапан аска, жапан таштарды аралап, нерпанын жатагын өңүп баратканын ал кыз көрсө кана! Эки винчестерди эки чоң мергенчи алып баратканы эчтеке эмес, маалы келгенде аттырам деген атасы.

Ошентип алар өңүп барышты да, жатакка жакындаганда сойлоп жөнөштү. Кириск да сойлоду. Музга кошо тоңгон миздүү шагылдын үстү менен сойлош оңтойсуз оор эле, бирок антпесе болбойт, Кириск түшүндү. Кара терге түшүп, дем кыстыгып энтигип, улам бир кара ташка жашынып, кайра кылтыя карап баратышты. Бута атым жерге жеткенде былк этпей жатып калышты.

www.bizdin.kg

Ушул учур Кирискенин эсинен өмүрү чыкпас болуп калды. Тамылжыткан жаз күнү, төрт тарабын кыйырсыз деңиз курчаган аска-таштуу суук арал, белгисиз бир албуут күч быркырата ыргытып, үйүп салган куйкул боор кара жар таштар, муз тиштеген жылаңач өлүү жерде боортоктоп жатканы, жанында атасы менен Мылгун акеси мылтыктарын октоп жатканы, тиги алдыда дал эле деңиздин мизиндеги жылгачада, толкундар менен шамалга тозгон арсак-терсек аска-таштардын арасында күнгө бооролорун кактап, дүйнөкапар магдырап нерпалардын тобу жатканы – ушул көргөндөрүнүн баары баланын көңүлүнө терең батып калды. Жатактуу аралдын, жылтжулт көлбүгөн деңиздин – баарынын үстүндө мунарлуу асман төнүп турду. Бул асман мылтыктын качан атыларын күтүп, дем катып калгандай сезилди Кирискеге.

«Тийгизсем экен» – деп тиледи Кириск винчестердин кундагын ыйыгына ыңтайлап жатып. Атасы ага мылтыгын берген.

Көптөн эңсеген кези келип, бала өзүн даңкы таш жарган баатыр мерген сезип, көңүлү ташып турган көз ирмемде тиги бооролорун жылымы аз күнгө кактап, сыгылышып жаткан эби-сыны жок семиз нерпалардын диртилдеген жон-сооруларын, бурталары буржуйган боор-чабын карап, ушу жаныбарлар эч балээден кабарсыз тирүү жаткандарын кылт ойлоп, бу байкуштар азыр коргонор-сактанары жок, бечара экенине таң калды. Бирок мунусу бир кылт эткен ой эле. Ал өзү аңчы экенин, эл-журту андан олжо күтүп калганын, нерпанын эти менен майысыз көргөн күн куурал экенин эсине салып, азыр озунуп атып, көзгө түшөйүн деген ой да жарк этти көңүлүндө. Чымырканып, тиштенип, даңкайып жаткан темгилдүү кочкор нерпанын атасы үйрөткөндөй колтук тушу деп канатынын үстүн мээледи. Нерпа бир балээ сезгендей сестене калды. Ал көргөн деле жок, жадагалса жыт алмак эмес, шамал деңизден бери согуп турган.

Алдыда бирдеме жакшылап мээлегенине жолтоо болгонунан улам Кириск жаткан жеринен абайлап дагы жылды. Мына ошондо чыканак астынан муштумдай бир таш ылдый кулап кетти. Шыбырт алган кочкор нерпа – лахтак каңк этип үрүп алды эле үйүр-тобу дүрбүп үркүп, каңкылдашкан бойдон жапырт сууга бой урушту. Алардын алдын торой атылган мылтык үнү тарс этти. Четте бараткан чоң нерпа сулап калды. Бул аткан Мылгун болчу. Кириск алактай түштү.

– Аткын! – деди Эмрайин.

Ыйыгын кундак катуу тээп, Кирискенин кулагы тунуп калды. Ал эчтеме эмес эле, жаза атып алганына уялып, кулак учтарына чейин ысып, чымырап чыкты. Ага карабай атасы патрон сунуп жатты.

– Окто, бол, ат! Тезирээк!

www.bizdin.kg

Жээкте жайынча жүргөн күндөрүндө мылтык атканды үйрөнүп, көнүп калган иши азыр болбой жатты. Винчестердин затвору баш ийбейт. Ал ортодо Мылгун тизелей калып, сууга кирип бараткан нерпаларды кубалай дагы эки жолу атты. Бир нерпага ок тийип, жараланган неме дал суунун боюнда жандалбастап калды. Аңчылар тура жүгүрдү. Үйүр-топ ал арада деңизге кирип, көрүнбөй кеткен. Жаралуу нерпа куйругу менен шагылдуу жээкте чапкылап, сууга жете албай жаналакетте жатат. Аңчылар мына жете бергенде нерпа эптеп сууга кирди да, толкун арасына кызыл көбүктүү из калтырып, калакка окшош канаттуу колу менен далбасалап суу эшип, мөлтүр иңирт тереңге кирип кете берди. Корккончунан чанагынан чыккан көздөрү, желкесинен куйругунун учуна чейин созулган жонундагы күлгүн көгүлтүр жол сызыгы айкын көрүнүп барды. Эми атып кажети жок эле, ошол үчүн Мылгун мылтыгын жер карата кармады.

– Жөн кой, баары бир чөгүп кетет,– деди Эмрайин.

Кириск болсо өзүнө өзү ыраазы болбой, берекеси кетип, апкаарып турган. Анын үмүтү чоң эле. Мына сага кыйын мерген!

– Капа болбо, сенин олжоң али алдыда, – деди Мылгун атылган нерпаны союп жатып. – Азыр Орто-Эмчекке барабыз, аердин аңы мындан арбын.

– Шашып калбадымбы деген болду эле Кириск, атасы сөзүн бөлдү:

– Актанба. Мылтык кармагандан эле элдин баары аңчы боло калган эмес. Атканды билесиң, аман болсоң аң сенден качып кутулбайт.

Кириск унчукпады, ичинен чоңдор аны көп жемеге албаганына ыраазы болуп турду. Эми бекем бүтүмгө келди: мындан кийин ашыкпайын, алактабайын, башка нерсени ойлоп алаксыбайын, атам үйрөткөндөй тыноо менен көзүм кароолго тогошкондо ок чыгарайын.

Атылган нерпа кадыресе чоң экен, эттүү-майлуу денесинен али жылуу тарай элек. Мылгун нерпанын ичин жарып, канагаттана алаканын укалады: «Буюрса, казысы төрт эли экен!» – деди. Жаңкы капалыгын унутуп салып, Кириск жардамдашып жатты. Кайыкты жакыныраак жерге айдап келиш үчүн Эмрайин ал ортодо Органга кетти. Көп өтпөй кайра келди да, алданеге абыгер чеккендей сүйлөдү:

– Убакыт аз, ылдамдагыла! – Асманды карап, өзүнчө кобурады. – Күндүн ырайы жаман...

Мылгун нерпанын боору менен жүрөгүн калтырып, ичеги-кардын оодарып салды да, этин мергенчилер эки шыргыйга салып көтөрүп, кайыкка алпарышты. Эки винчестерди көтөрүп, артынан Кириск барды.

Жээкте кайыктын жанында Орган күтүп турган, кубанып калды.

www.bizdin.kg

– О, Курнг!* О, кудай! Сага ыраазыбыз! Жолубуз болду, баштылышы жаман эмес! – деди бычагын кынынан сууруп жатып. Аткан нерпанын боорун жеш мергенчинин расми. Орган жүйүр отура калып боорду тилке-тилке кести. Беркилер да жанаша отуруп, ар ким өз шыбагасына чымчым туз сээп сугуна баштады. Килтилдеген жумшак, жылуу боор даамдуу эле, мергенчилер таңдайларын такылдата тамшана сугунуп жатышты. Майлуу шireси тилди үйрүп, боор оозго тийди-тийбеди өзү эрип жаткандай. Нагыз эр кишиче аңда жүрүп, чийки боор жеш Кирискенин көздөгөн максаты эле, ага жетти.

– Сугун, чоңураак сугун! – деп жатты Орган. – Түн суук болот, үшүйсүң. Боор жеген адам үшүбөйт. Муну жеген адамга оору-сыркоо жолобойт.

Ырасы укмуш болду. Тоё жеп алган соң суусата баштады. Бирок суу кайыктагы кол бочкеде.

– Этти азыр мүчөлөбөй эле коёлу, – деди Эмрайин беркилер жеп бүткөндө. Ал дагы эле асманды алактай карап отурду.

– Кийин деле, – деди Орган. – Орто-Эмчекке барганда түнөк алып, чай кайнаталы. Ага чейин чыдай туралы. Кана эмесе, этти жүктөйлү.

Сүзүп кетер алдында мергенчилер бул аралдын Эгесине курмандык шыбагасын таштап кетүүнү да унутпады. Нерпанын жүрөгүн майдалап туурап, кийинки келгенде да ушундай олжо бер дешип, аралга чачып салышты. Ошону менен деңизге дагы чыгышты.

Кичи-Эмчек улам алыстап артта калып баратты. Айланада тунжураган муздак суунун ортосунда жетимсиреген жалгыз аралга жаның ачыгандай. Бечара айласы түгөнүп сууга чөгүп бараткандай. Эмки бараткан багыт Орто-Эмчек, күн болсо эңкейиштеп калды. Жарыкта жетер жерге жетип алышка калакчылар катуулап суу шиледи. Орто-Эмчекке эрте жетип, кайыкты ык жерге коюп, өздөрү түнөк таап алгыдай болуш керек. Кичи-Эмчек аздан соң чөгүп кеткендей көрүнбөй калды, Ортончу болсо али көрүнбөйт. Кайрадан баягыдай болуп айлана-тегерек бүтүндөй мелтиреген деңиз менен курчалды да калды. Бирок байкасаң суу баягыдай эмес, түнөрүңкү. Толкундары ык тартып, катая түшүптүр. Желдин багыты өзгөрсө да, суу серпини мурунку күүсүнөн токтоно албай жандуу чыбыр. Кайыктын төшүнө тийиши да мурдагыдан катуураак, серпиши күчтүүрөөк. Бирок аңчылардын көңүлүн теке-тукаланткан азыр ал эмес, асман. Бир шумдук болчудай түрү башкача. Жылдын бул мезгилинде боло койбос бейтааныш, сурданган ырай. Кайдан пайда болгону белгисиз абаны ак буурул мунар учкун каптап, кайда бир калың токой өрттөнүп жаткандай, анын ыштуу түтүнүн жел менен айдап апкелип

---

* *Курнг* – Кудай деген мааниде.

www.bizdin.kg

жаткандай киргил мунарык күндүн көзүн каптап алды. Асманды жаап, өз бетинче жел менен кетип жаткандай көрүнгөнү менен мергенчилердин жүздөрү түнөрдү.

– Бу кайдагы балээ? – деп Орган эки жагын элеңдей каранат.

Эми алар калак шилеген сайын Орто-Эмчек азыр көрүнүп калар деген үмүт менен боз чалган деңиз үстүн телмире тиктеп сүзүп келатышты. Үч аралдын ичинен Ортончусу жанга жайлуу эле.

Ал ортодо асман ачылып, деңиздин кыйырынан күндүн көзү көрүндү. Ошол чек Деңиз эмес, ааламдын кыйыры сыяктанып, күн айласыз алыста балбылдап турду. Азыр көз уялтпай күндү тик караса болгудай. Ошол кызыл-көк мунарык жээкте күн балбылдап кызарып, аз-аздап булаңгыр кызгылт тартып, батып баратты. Асман ачыла бергенге дүйнөнүн коюну кайрадан жарык болуп, мемиреген тынчтык орноду.

Ошонун өзү деңиздеги төрт адамдын жүрөктөрүн мыкчый баштаган түпөйүлдүктү алып таштагандай болду. Аралдагы түнөк жайдын жагымын ойлошуп, адамдардын көңүлү ачылды.

– Эми кичине чыдасаң алдыдан Орто-Эмчек да чыга келер, – деп Орган жанында отурган Кирискенин көңүлүн жубатып, далысын таптады.

Бала бая эле суусаган, бирок баласыңбы деген тура – атасынын айтканына так туруп, суу сууроого батынбай отурган. Атасы жолго чыгарда уулуна деңизде адам сууга заруурат болот, бирок үйдөгүчүлөп каалаган убакта эле иче бериш болбойт деп айткан. Үч аралдын үчөөндө тең бир кашык тузсуз суу жок. Кайыкка болсо ченелүү гана жүк батат. Ошондуктан эл ичкенде гана ичүү керек деген.

Күн жылт этип көрүнгөндө Орган карыянын көңүлү ачылганын байкаган бала:

– Аткычх! Суусадым аябай! – деди ал тартынбай күлө сүйлөп, атасын да жалтактап карап алды.

– Ии, ошондой де? – бырс күлдү Орган. – Жанагыдай боордон кийин жөнү бар. Болуптур, болуптур! Баарыбыз эле суусадык го дейм, ыя?

Эмрайин менен Мылгундар да баш ийкешти. Суусаган жалгыз өзү эместигине Кириск кубанып калды.

– Андай болсо суу ичип алалы да, анан чылым чегели! – Муну айтып Орган кайык башкарчу калагын бекитти да, кол бочкени алып, калай чайкаган мис ожоого суу шорголото баштады. Бул суу Ала-Дөбөттүн деңизден наркы боорундагы булактан алган муздак, мөлтүр суу эле. Жайкысын жата калып ичсең тамшанткан даамын айтсаң саландаган миң түркүн чөптөр чапкылап сиңген жытын айтпа!

www.bizdin.kg

Ожоону Кириск тосуп турду. Ожоо толуп, эртерээк ичкенче шашып турду. Ожоо ортологон кезде Орган бочкенин тыгынын тыгып койду.

– Ал, иче кой! – деди Кирискеге. – Анан башкаларга ичир. Абайла, төгүп алба.

Кириск оболу аптыга жутту да, анан сызылта ичип жатып суудан көпкөн жыгачтын жытын сезди.

– Кандыңбы? – деди Орган.

– Ийи.

– Канган жокмун деп турбайбы көзүң. Дагы бир жутум берейин. Боор деген күчтүү тамак, жер үстүндө болсок го бир челек суу ичсең да аябас элем, – деди Орган ожоонун түбүнө суу сызылта куюп.

Кириск чындап канды, чоңдор мындай учурда: жаным-ай, жаным кирип калбадыбы, деп айтышчу сөздүн адилдигине көзү жеткендей болду.

Андан кийин калакчыларга аз бөксө ожоодон суу берилди. Аларга Кириск сунуп отурду. Өзү канып алган соң атасы менен Мылгун да канганча ичип алышына тарлык кылган жок. Ал экөөнүн ар бирине эмне үчүн аз бөксөдөн суу берип жатканын Орган түшүндүрдү:

– Сен али кичинесиң, а буларды көрдүңбү кандай алп жигиттер! Иштери да оор. Калак шилегендин суусаганы бир башкача болот.

Эки калакчы ожоону бир тартып эле жутуп коюшту. Дагы куюп берүүгө туура келди. Анткен менен Орган аксакал экөөнө кичине кейип койду:

– Ай, балдарым, абайлагыла. Дайра суунун боюнда отурган жериңер жок.

Тигил экөө болсо, каныбыз катып баратса кантели дегендей мылжыйып тим болушту.

Өз шыбагасын ичип болгон соң Орган өзү да мыйыгынан жылмайып, башын чайкады:

– Азыр дайранын бою болбоспу. Чийки боордун күчүн ай, жарыктык...

Анан канжасына тамеки тыгып тамызып, жаны жыргай кере-кере соруп алды. Бул жыргалы акыркы көргөн жыргалы экени азыр капарына кирбеди...

Каптап келаткан балээни алгач Кириск байкады.

Азыр эле жандары тынчып, суусундары канып, дүйнөкапар ырахатка малынышпады беле.

Адегенде эле жолдору болуп, биринчи нерпаны атып алышты. Эми аздан соң, аралга жетип, түнөк алып тыныгып, таң ата дагы ууга чыгышмак. Андан жол болсо көп кармалбай үйгө жөнөмөй. Ушинетип ойлогон ой ордунан чыгып келаткан.

www.bizdin.kg

Кайык кадимкисинче бет келген толкунду челе сүзүп, жара тилип барат. Орган карыя кайыкты башкарып, канжасын соруп коюп, өзүнүн Айым-Балыгын ойлоп отургандай. Эмрайин менен Мылгун адатынча калак шилеп, чарчап-чаалыгуу сезилбейт, кыймылдары элпек, кооз жеңил. Кириск аларды суктана карап отурат. Ал балалык сезимталдык менен бу чоң кишилердин ар кимисин өзүнчө сынай карап, ой-санаасы ошолордо. Бала ушул экөөнө сыймыктанат, жакшы көрөт, ээн деңиз бетинде өзү ушу экөө менен бир экенине ичинен корстон.

Бу кишилер азыр өзү көрүп отургандан башкача болушун, же бир кезде башка болгонун Кириск элестетип көз алдына келтире албайт. Орган карыя туулгандан бери эле ушу азыркысындай кокосу куркуюп, узун моюн, салаңдаган туурук колдору даректын тамырындай арбайган, баарын түшүнүп, баарыда билип турган көздөрү дамаамат ушинтип шоролонуп келгендей көрөт. Башкача да болмок беле? Ушундай эл кадырлаган аксакалы жок да турмуш болгон бекен?

Апасы айткан Кирискеге: «Сен атаңы тарткансың, чоңойгондо айныбай Эмрайиндин өзү болосуң» деген. Көзүң да атаңкын тартып, эмендин жаңгагындай коңур, эки кашка тишиң да эрдини түртүп, куду атаңкындай, чоңойгондо сакалың да атаңкындай кайраттуу, капкара болот деген. Эл бекеринен карасакал Эмрайин дебейт. Кириск мындан да кичирээк кезинде дырдай жылаңачтанып алып булак сууга кирип жүргөн чактарда апасы сиңдисин жакын чакырып алып, бөйрөккө түртүп, жаңсай берер эле: карасаң, карасаң, атасынын эле өзү. Анан экөө шыбырашып алып, бирдемеге кыткылыктай күлүшөт. Анда апасы айтат: «Кириск алган аялы өкүттө калбас, ыраазы болор» – дейт. Анда Кириск өзүнчө таң: «Кызык, эмнеге ыраазы болмок? Мен атамы тартсам эле аялым мага ыраазы боло береби?» – деп ойлонуп калар эле.

Мына ошол карасакал атасы алдында калак шилеп отурат. Сакалы кара, тиши аппак. Москоолунан келген, эки ийнине эки бала конгондой, өз күчүнө ишенген, бирок оор-басырыктуу адам атасы. Кириск атасынын катуу сүйлөгөнүн, же башкалардай болуп үстүнө үйрүлүп турганын көргөн эмес. Атасынын көзү чын эле эмендин жаңгагындай коңур түс, коймолжун таза.

Атасынын артында кош калакты шилеп, Мылгун отурат. Ал атасынан эки жаш кичүү. Кичүү болгон үчүн ээгинде калың сакалы жок, морждун муруттарындай сербейген тикенек кылдары бар. Мылгун өзү да моржго окшоп кетет. Киши менен сүйлөшкөндү жакшы көрөт, талашканга келгенде жак дегенин бербеген көк неме. Бирөөгө намысын алдырганча өлгөндү артык көрөт. Бир жолу келгин көпөс менен жакалаша кеткени Кирискенин эсинде. Ошол үчүн бүтүндөй

www.bizdin.kg

айыл эли көпөстүн алдына түшүп, кечирим сураган. Мылгун ошондо да болбойт, турпаты дүмүрдөй мыжыгыр неме эч кимге бой бербей, акыйкаттын эмне экенин мен ага көрсөтөм деп, көпөскө жулунат. Анда мас эле. Деги өзү ичкилик жаатына жакын. Эл ичинде Эмрайин атасы да жүргөн, башкалар менен биригип, Мылгунду байлап таштамак болушту, бирок бу камандан күчтүү неме бой бербей койгон. Мылгун ушундай киши. Кирискеге Мылгун – аке. Эмрайин экөө ынак, ууга дайым бир чыгат, бири-бирине караан, жөлөк-таяныч. Мылгундун уулу али кичинекей, жаңыдан там-туң басып жүрөт. Андан улуу эки кызы бар. Карындаштарына Кириск камкорчу, калканыч, чекеге черттирбейт. Апасы да эки кызын жакшы көрөт, алар Псулк менен ойноп дайым эле Кирискенин үйүндө, апасы үйрүлүп түшүп турат.

Бирок кыздардын сулуусу Музлук. Ырас, чоңойгондо аны башка жакка күйөөгө берет имиш, ошонусу кыйын. Эгер Кириск өзү алып, эч кимге бербей койсо эмне...

Жээкте жүргөндө Кириск мындай нерселерди сейрек ойлочу эле, эми айылдан алыс жүргөндө демейки жөнөкөй нерселер башта белгисиз мааниге ээ болуп, жүрөгүн сыздатты.

Негедир Кириск Ала-Дөбөттүн аркы бетинде, токой четинде, дайранын жээгинде калган айылына кайткысы келип кетти, Айым-Балыктын тукуму жайлаган эзелки конушун, нивхи элин катуу сагынганын сезип, жаны ачыды. Апасын сагынганына жүрөгү сыздады. Бирок алар азыр алыста калды, жээкти бойлоп тынбай жорткон Ала-Дөбөт да алыс калды. Кириск эриксизден артына кылчайып, жан жагын карай берип, күтпөгөн шумдукту көрдү.

Асман-жердин ортосун чылк каптап, айры тилдүү ажыдаардан бетер сүрдүү сур туман басып келатыптыр. Түнөргөн суунун үстүндө уюлгуп, улам жеткенин жеткендей жутуп көрсөтпөй, каратып туруп эле каптап келатат. Кадимден калган тирүү желмогуздай, буларды кайык-пайыгы менен тирүүлөй жутчудай, бүт дүйнөнү жалмап салчудай болуп араанын ачып келатат. Кириск баягыда арал деп алыстан бир чоң караан көрбөдү беле, бул туман дал ошол тараптан келатат. Анда Кириск деңиз бетине кыймылсыз орноп калган кара-бозомук караан көргөн. Азыр болсо ал караан улам көөп, чоңоюп, көз көрүнөө деңизди жалмап, айдаган шамалдын ыгы менен токтоосуз келатат.

– Карагылачы! Карагылачы! – деп Кириск коркконунан кыйкырып жиберди.

Баары алаңдай түштү. Бир саамга калаксыз калган кайык чыбыр толкун үстүндө калтылдап кетти. Ошол ошо болду, калың туман астынан атырылып чыккан алп толкундардын күркүрөгөн доошу жетти. Кыр артынан болуп кулак тундура күркүрөө менен өмгөктөп,

www.bizdin.kg

өзүнөн өзү жаралып, кайра өзүнө өзү урунуп талкаланып, кайра күчөп жаралып, тоодой толкун жапырып кирип келди.

– Бур кайыкты! – деп жаны кашая кыйкырды Орган. – Тумшугун тос!

Калакчылар кайыкты толкунга түздөп бургуча жетип келген албуут, тилсиз жоо Органдын кайыгын аз жерден аласалдырып кетпеди. Бир толкун өтө берди, артынан деңиз кайнап жатып калды. Ал аңгыча болбоду, туман кирип келди. Каптаган туман нымдуу, муздак илеби менен жетип келгенде бул өзү жамандыгына салтанат курган, кайра тартпас, аябас, өзүнчө эле ичтен оргуп кайнаган, тили жок, бирок жандуу түнт күч экени билинди.

– Желдин багытын эстеп калгыла! Желдин багытын! – деп кыйкырган Органдын үнү угулду да, жылчыгы жок туңгуюк каран түн басып калды. Чексиз караңгылыктын түбүнө ныгырып, туман көчкүдөй бүктөп басты. Көз ирмем ортосунда аңчылар бу дүйнөдөн а дүйнөгө секирип түшкөндөй болду. Кулак тунду, көз жабылды. Асман да, деңиз да, атүгүл кайык да жоголду. Аңчылар жадегенде биринин өңүн бири көрө албады. Деңиз боркулдап кайнап, тыным бүттү, алпурушуу башталды. Толкундар кайыкты чабындыдан бетер бирде өөдө ыргытат, бирде ылдый кулатат, бирде серпип таштаса, бирде түбү жок кургуйга түртүп жибергендей болот. Чачырап жаба чапкан суудан кийимдери шөмтүрөп оор тартты. Баарынан жаман төрт тарап билинбей калганы болду, чылк каптаган караңгы туман ичинде адамдар эмне кыларын, тегерегинде эмне болуп жатканын аңдай албай айла куруду. Эптеп кайыкты толкунга коңтортуп албай түз кармап, бет келди далбас уруштан башка арга калбады. Белгилүү бир тарапка багыт алып сүзүү деген жок. Буркан-шаркан түшкөн толкундар кайыкты кайда алпаратканы да белгисиз, бу шумдук канча созулары да белгисиз болду да калды.

Аңчылар бороон-чапкынга учурап, таптакыр апат болуп кеткендерин Кириск далай укkан. Андайда жээкте калган катын-балдар үмүт үзбөй Ала-Дөбөттүн бооруна көп күн, көп түн бою улуу от жагып, ажап болор бекен деп күтө беришчү. Ошондойду көргөн кездерде да Кириск ачык деңиз бетинде өлүү мынчалык коркунучтуу болорун элестете албаган. Асыресе жөө тумандан адам апатка учурайт деп үч уктаса түшүнө кирбеген. Туман деген адатта кыштын күнү келе турган күнүмдүк мейман да. Туман түшүп, дүнүйө аппак сүт дарыясына чөмүлүп, жер бетиндеги заттын баары булаңгыр арасынан күүгүмдөп көрүнүп, көңүлдү белгисиз түпөйүл үрөй ээлеп, жомоктун ажайып окуяларын күттүрчү туман момингип арга түгөтөр жоо болорун ойлобогон. Азыр болсо бууракандаган деңиз бетинде биресе жазылып, биресе жыйрылып, жалдуу ажыдаардай соруп баратат...

www.bizdin.kg

Отурган ордун тырмышып мыкчыган Кириск эми калтырак басып, Органдын аяк астына бүжүрөдү.

– Мени бек карма! Бекем карма! – деп Орган кулагына кыйкырды. Башка бирдеме айтууга, же жардам берүүгө абышканын чамасы жок. Баланы бул абалдан эч ким куткара алмак эмес. Жинденген табигат алдында баары тең эле. Кириск бакырып ыйласа да Эмрайин атасы ордунан туруп келе алмак эмес, анткени мобул түйүлүп келип согулуп, чарт жарылып жаткан толкундардын азоо жалында калак шилеп, кайыкты эптеп коңторбой кармап турган Мылгун экөө гана.

Толкундар болсо кайыкты делдектетип кер караңгы тумандын туңгуюгуна алып кете берди, кете берди. Кайыкты баш оогон жакка жибербес үчүн Орган башкарган калагы менен жакшылап эле алпурушуп көрдү, бирок буркан-шаркан толкун бастабай кайра күчөй берди.

Болсо тун ортосу деле болуп калды окшойт. Туман ичинде кайсы маал экенин билип болбойт. Түн киргени алар тек көзгө сайса көрүнгүс караңгылыктын калыңдай бергенинен улам баамдаган. Ушул көр караңгыда алаамат күч менен тырбалаңдап алышып, жеңери жок, жеңилери даана, үмүтсүз күрөш жүрүп жатканына көп болду. Ошентсе да, үмүтсүз шайтан деп, үмүттүн куйругуна жармашып, бул алаамат кандай капилет башталса, ошондой бүтүп калгысы бардыр деп, туман суюлса андан аркы айланы өздөрү эптеп табарын ойлоп, нивхилер жанталашууда, нивхилер аргасыз, дармансыз күрөшүүдө.

Бир ирет алиги өчүп бараткан үмүт жылт эткендей болду. Алаамат толкун бастагандай, кайыктын тынымсыз чайпалышы да аздагандай, жаба чачыраган толкундар токтогондой болду. Тыгызданып басып турган капкараңгы түн гана суюлбады. Мына, ошондо биринчи болуп Орган карыя үн катты:

– Бу сүйлөгөн мен! Кириск менин жанымда! Уктуңарбы?

– Уктук. Биз ордубуздабыз! – деп кырылдады Эмрайин.

– Шамалдын багытын эстеп калдыңарбы? – деп кыйкырды Орган.

– Анын кажаты канчалык? – деп Мылгун кыжырлана кыйкырды.

Карыя унчукпай калды. Чынында да эми шамалдын багытынын кажаты жок эле. Баятан бери аларды каякка алпарып салды, азыр каерде жүрүшөт, белги болор аралдары алыспы-жакынбы, белгисиз. А балким, ушинтип отуруп аларды дайынсыз бир алыска алпарып таштаар, кайрылып алар Эмчектерин таба албас. Каран түн желкесинен баскан, кайыктын тынбай калтаңдаганы башын ооруткан кайран Орган катуу ойго кетип, үнү өчтү. Эгер кудайдын колдогону эле болсо, анда аларды толкун аралдардын биринин аска ташына чаап талкалабай ачык деңизге алыс алып кеткени болор. Бирок деңиз бетинен арал көрө албай, асмандан жылдыз көрө албай багыт бел-

www.bizdin.kg

гилеп кутулуу да жок. Ошол үчүн Органдын айласы түгөнүп, айтар сөзү оозунан түшүп отурду. Антсе да аздан соң кыйкыра үн салды:

– Алиги шамал Тланги-ла болчу!

Эч ким жооп кайтарбады. Калакчылардын сүйлөөгө чолосу жок эле. Орган кайра тим болду. Аяк астында бүрүшкөн Кирискенин бүткөн боюн калтырак баскан. Ошондо Орган кайтадан кыйкырды:

– Силер чыдап кармангыла. Биз Кириск экөөбүз суу сузуп төгөлү!

Эңкейип Кирискени кайсалап тапты да, баланын аман-соо экенине көзү жеткен соң:

– Кириск, сен коркпо, – деди балага. – Кел, кайыкка толгон сууну сузуп төгөлү. Болбосо жаман болот. Ожообуз бирөө эле, мына таптым, сен бу чөмүчтү ал, а да болсо огожо... Кармадыңбы? Чөмүчтү ал дейм...

– Алдым, аткычх. Качан бүтөт бу... Коркуп атам, чоң ата!

– Мен да коркуп атам, – деди Орган аксакал. – Бирок биз эркекпиз да, эркекке коркунуч буюрган.

– Чөгүп кетпейбизби, аткычх?

– Чөкпөйбүз. Чөксөк – бешенеге жазылганы ошол. Кана, бир колуң менен мени бекем кармап ал да, бош колуң менен суу сузуп төгө бер.

Орган учурунда эстегени жакшы болуптур. Деңиз кичине бастай түшкөнүнөн пайдаланып кайык түбүнө чогулган сууну сузуп жиберишти. Сыйпалап суу сузуп жатып, Орган кайык түбүндө жаткан кол бочкени Кирискеге карматты.

– Кириск, – деди Орган баланы колдон алып, – мына ичер суубуз бар кол бочкебиз. Кармадыңбы? Эсиңде болсун, кыямат болуп кетсе да муну колуңан чыгарба. Кучактап кармап ал. Ичер суубуз жок калганча өлгөнүбүз жакшы. Түшүндүңбү? Эч кимден жардам күтпө... Уктуңбу?

Карыянын муну айтканы жакшы болуптур, учурунда эскертип койгону жакшы болуптур, көп өтпөй пайдасы тийди.

Кичине бастай түшкөн толкун кайра күчөп келди, караңгы түн, кара туманда калган адамдардын алсыз, аргасыздыгына өчөшкөндөй жиндеп келди, азганакей бастай түшкөнүнө адамдардын алданып, көңүлдөнө түшкөнүн табалагандай албууттанып келди. Көрүнбөй келип, туш келди соккулаган толкундарга Органдын кайыгы чамындыдан беш бетер чар көпөлөк айланды. Толкун серпини капталбоорун качырата ургулап, аша чаап ичине куюлуп жатты. Кайык кырына чейин сууга батып, чөкмөй болду. Орган эмгектеп жүрүп, ожоо менен жанталаша суу сузуп төксө да болбой кайра толо берди. Ошондо калакчылар жан кашая ачуу кыйкырды:

– Ыргыт баарын! Чөктү-үк! Ыргыт!

www.bizdin.kg

Кириск чыңырып ыйлап жиберди, бирок аны укkан жан болбоду, эч кимде аны караар арга жок эле. Бала кол бочкени бооруна баса кучактап, кайыктын коңулуна бүктөлө жатты. Ыйлагандан тула бою солуктап, муштумдай болуп жыйрылып жатты. Кандай балээ болсо да кол бочкеден ажырабаш керектиги эсинде. Чөгүп баратышканын билип жатты, билсе да Органдын айтканын кылып, эси-дарты кол бочкени сактоо болду.

Сууга кап ортосунан аша аптыгып батып бараткан кайыкты эмне болсо да сактап калуу керек эле. Калак шилеп Мылгун калды, кайык оодарылып кетпестин аракетинде ал жанталашып жатты. Орган менен Эмрайин экөө кайыктагы бар болгон дүнүйөнүн баарын сыртка ыргыта баштады. Башка арга калбаган. Деңизге эки бирдей винчестер мылтык, ором-ором аркандар, гарпун, дагы башка буюм-кечелер, атүгүл Орган чалдын тунуке чайнеги да кетти деңизге. Баарынан кыйыны нерпанын эти болду. Суу чайып чылпылдаган оор тулку ордунан жылар эмес. Аны кайыктын түбүнөн оонатып алып, кайыктын кырынан алыс оодарып жибериш керек эле. Тобокел кылып бел байлап алыстан суу кечип келгендеги олжону эми таштабаска чара жок. Күшүлдөп-бышылдап оозго келген балит сөздөн аянбай сөгүнүп, экөө өлдүм-талдым дегенде тайдай нерпанын этин кайыктын кырына чыгарып, андан ары оодарып жибериштн. Ушул буркан-шаркандан кайнап жаткан деңиз бетинде, толкундар арасында да нерпадан кутулган кайык жеңилдей түшкөнү сезилди, кайкаң этип калкып чыга түштү. Анык ажалдан куткарып калган айла да ушул болду белем...

Башкалардан мурун Орган ойгонду. Теребелин чылк каптап турган дайынсыз боз ээндикти элеңдей карап, оболу өзү каерде экенин, тегерегиндеги көз тешип төрүн көргүс, кыймылсыз дүйнө кайсы дүйнө экенин аңдай албай эсеңгиреп бир аз отурду.

Бу дүйнө чалкар океандын учу-кыйырын доошсуз, кыймылсыз жана козголбос болуп басып турган Улуу туман болучу. Улуу туман улуу сүкүттө орноп жаткан кези эле...

Аз-аздап айланага көзү үйрөнгөндө Орган обол мурун кайыктын сүлдөрүн, анын ичинде жаткан адамдардын булаңгыр караандарын көрдү. Калактарынын жанына Эмрайин менен Мылгун сулаптыр. Түндөгү алпурушкан кармашуудан тырп этер алы калбаган бул экөө майданда окко учкан жоокерлердей отурган-отурган жерлеринде кулаптыр, тек сызылып чыккан үзүк-үзүк тыным алганына карап тирүү экенин билесиң. Абышканын аяк астында кол бочкени кучактаган калыбында бүк түшүп Кириск жатат. Уктап жатса да үшүгөнүнөн калч-калч этет. Органдын боору ооруду, бирок жардам берер арга таппады.

www.bizdin.kg

Түнкү шумдуктан эсеңгиреген абышка куудай башы салбырап, кайыктын соорусунда мүргүп отурду. Тула бою зыркырап сыздап ооруйт. Шадылуу узун колдору жансыз салаңдайт. Узак өмүрүндө не бир кыйын кезеңди башынан кечирсе да, мындай шумдуктуу тозокту көргөн эмес. Азыр болсо өздөрү кайда экенин, кургак жерден алыстабы, жакынбы, деңиздеби, же түнкү шамал аларды ачык океанга айдап чыгып салдыбы – эч бирине акылы жетпей отурат. Азыр күндүн кайсы маалы экени да белгисиз. Жылчыксыз басып, кыймылсыз дымып алган бу туман ичинде күн менен түндүн ажырымы билинбейт. Адатта түндө башталган деңиз шамалы таңга маал басылчу эле, андай болсо азыр күндүзү болуш керек. Балким, түш ооп калган чыгар.

Кудай бир жалгап тирүү калгандарына кубанса да, не деген менен Органдын шылкыйып ойго батар жөнү бар эле. Колдо бардын баарынан айрылышты, келгин соодагерлерден жалынып жатып жүздөгөн кундузга айырбаштап алган винчестер мылтыктарына чейин кетти деңиз түбүнө! Эми эки жуп калак менен кол бочкедеги бөксөргөн суу калды. Алдыда кандай тагдыр күтүп турганы белгисиз.

Ырас, тиги калакчылар ойгонушуп, эсин жыйган соң ийри отуруп, түз кеңешер. Бирок ошондо деле кайсы багытка сүзүүнү ким айта алат? Бул бир. Экинчиден, түн кирип, туман тараса, асмандагы жылдыздар менен багытты баамдап алууга болор. Бирок дагы канча убакыт сүзөрдү ким билет? Жол алыспы, жакынбы, аны ким билет? Ал-кубат, чыдам жетер бекен, жетпесе кантишет, аны ким билет?

Баарынан да бу туманды айтсаңчы, не деген тажаал туман? Деңиздин бетин чылк каптап, былк этпестен басты да койду. Түбөлүк катып калгандай. Чын эле бардык жер ушундайбы, бүт дүйнөнү көр туман биротоло басып алганбы?..

Чылым тарткысы келди, суу ичкиси келди. Бирок чылымды ойлоп куру бекер кыжаалат болуунун кажаты жок эле, анткени каткан тамекисинин баары былжырап суу болгон. Канжасы кайда калганы да белгисиз. Сууну кантет? Тамакты кантет? Орган муну ойлоодон коркту. Азырынча чыдай турар, азырынча муну ойлоп жан кейитүү болбос...

Деңиз бети тынч. Кайык бир ордунда болор-болбос чайпалат. Аны айдаган толкун жок, бир жакка сүзө турган ою да жок. Сууга ташталган калактар да кыймылсыз калкып жатышат. Эмрайин менен Мылгун байкуштар калактарды кайыктын кырына чыгарып коюуга да дарман келбей тырп сулаган экен.

Леп эткен жел жок, өлүк туман ичинде өлүк тынчтык орноп калган. Деңиз жатат тунжурап, туман тура тунжурап, ашыкканда эмине... ашыгар жак белгисиз...

www.bizdin.kg

Муңая башы салбырап, абышка кайра уйкуга кетти. Бир маалда аны Кириск ойготту.

– Аткычх! Аткычх! – деп жулккулап жатты бала. – Суу ичкибиз келип атат.

Орган селт чочуп ойгонуп, маңдайындагы үч тууганы аксакал деп андан акыл күтүп жалдырап отурушканын көрдү. Суу бөлүштүрүүнүн азабы эми мойнуна түшкөнүн Орган түшүндү...

Туман баягысындай эле чылк каптап, кыймылсыз, Деңиз баягысындай эле тунжурап тынч жатат.

Күндүн калган мезгилин алар дайынсыз, шашпай сүзүп жүрүп отурушту. Бараткан максаты белгисиз, багыты белгисиз.

Кайыктагылар эсин жыйып, жагдайын түшүнгөн соң бир орунда жалдырап тура бериш да болбоду.

Ошентип сүзө беришти. Каякка сүзүп баратышканын билбейт, балким, жерге жакындап баратышкандыр, же кайра жерден алыстап кетип баратышкандыр.

Канткен менен баш ооган жакка кете бериштин өзүндө аракеттин үмүтү бар эле.

Туман суюлар, ошондо бир айла табылар деген үмүт жетеледи.

Туман суюлгудай болсо, жадегенде түнкүсүн жылдыздарды көрүшөр, ошондо жол көрсөтөр жылдызды карманарбыз деген үмүт жетеледи.

А балким, кайсы бир аралга барып такалар. Андай болсо кийинкиси оңой эмеспи.

Ошентип алар азырынча туман сүңгүп, дайынсыз сүзүп баратты.

Ошондой абал болсо да Орган карыя кайык ичинде тартипти бекемдеди. Аяк астында чылпылдаган саркынды сууну кайык түбүнөн сузуп салышты. Бала үшүбөсүн, тезирээк кургансын деп Кирискени бооруна кыса жанына отургузду. Ичер суудан баарына тең бөлүп берди. Түндөгү алааматтан кийин алдан тайгандар кана жутуп алсын деп, бу жолу баарына аз бөксө ожоо суу берди. Анан катуу эскертип койду: мындан ары Орган өзү туура тапкан учурда гана, Орган өзү канчадан куйса ошончо гана суу ичишерин айтты. Ошентип маселенин башын ачып, кол бочкени чайкап койду. Суу жартылай эле калган экен.

Өчөйүн деген үмүткө кээде капилет кубаныч жарк этет. Азыр да ошондой болду: кол бочкени алып суу куйганы жатканда анын далдасында, кайыктын куйрук астындагы коңулунда нерпа терисинен тигилген дорбо көрүндү. Ичинде туздалган балык бар экен. Күлазык салынган капчыктары түндө башка буюм-кечелер менен кошо сууга ыргытылбады беле, Мылгундун катыны дайындап берген бу дорбо

www.bizdin.kg

болсо Кириск кол бочкени жанталаша бооруна басып жатканда астында кошо калган белем. Дорбодогу туздуу балык деңиздин туздуу суусуна ого бетер чыланып, оозго алгыс болуп калыптыр. Ошентсе да тамак эмеспи. Эгер ичер суу менен болсо бу балык да тамак болчудай.

Бирок суусатарынан коркуп азыр балыкка эч ким жутунган жок.

Туман качан тарайт деп, баарынан күткөнү ошол...

Кыймылсыз-үнсүз туман ичинде калактардын ашташы гана муңдуу чыйкылдайт. Мобу улуу жымжырт ичинде бу чыйкылдак адашкан адамдын жардам сурап: – Кайдамын, кайдамын? Кантип табам, кантип табам жолумду? – деп жалына онтогонундай угулат.

Туман качан тарайт деп, баарынын зарылганы ошол...

Бирок туман тарабады, тараар түрү жок. Уюп жатат. Жерди да, Деңизди да, Асманды да – бүткүл жарык ааламды өзгөчө бир бөтөн ааламдан келген деми нымдуу, коюну суук беймаалим бир желмогуз оп тартып алгандай...

Тумандын суз коюнуна кайрадан капкараңгы түн кирди. Башта эле эчтеме көрүнбөгөн теребел эми таптакыр түнөрүп алды. Жылдыз түгүл асмандан дайын жок.

Эптеп жылып жүрүш үчүн дайынсыз бир жакка сүзө бериштин эми кажаты жок эле.

Жалгыз үмүт, жалгыз тилек асманда, жылдызда калган. Зарыга күткөндөрү ошол. Кирпик какпай күтүштү. Жанды кашайтып, айланы түгөткөн мобу туманды айдап кетер болсочу деп, шамалдын илебин элейе күтүштү. Асман бетин ачсаң боло деп Теңирге жалынышты, деңиздин коңулунда жаткан шамал ээси ойгонсо боло деп, ал саксагай, жалдуу айбанга жалынышты.

Биринен ажап болбоду. Алардын какшаган зарын эч ким укпады, туман тарабады.

Жылдыздын көрүнөрүн Кириск да зарыга күттү. Демейде асманга илип койгон оюнчуктардай жылтылдаган жылдыздар азыр ага баарынан кымбат, баарынан керек эле. Кечээ кечтен бери башынан кечиргени баланын үрөйүн алып койду. Баланын көңүлү калып, булганып, үмүтү кыйрап, биротоло сынып калышы азыр оңой эле. Тиги чоң кишилердин ушунча кыяматка чыдап, такыр айла-амал түгөнгөн чакта да акыл-эстен адашпай бир-бирине эш болушканы гана балага кубат кошуп, тажаалдын бу жолку тозогунан да эптеп кутуларбыз деген үмүт шооласын сактап турду. Асмандан жылдыз көрүнсө эле азаптан арылабыз деген ишеним баланын көкүрөгүнө жылуу уялап алды.

Ошол саат эртерээк келсе боло, эртерээк жерге кайтып, Ала-Дөбөтүнө жетсе экен, кана эми, эртерээк болбойбу ошол саат, курсагы ачып кетпедиби, каны катып баратпайбы, дагы канча чыдайт, улам

www.bizdin.kg

чыдаган сайын ого бетер курсагы ачып жатпайбы, ого бетер каны катып баратпайбы, баланын үйүнө эртерээк жеткиси келип атпайбы, апасын сагынбадыбы, туугандарын, айылын, там-таштын үстүнөн көккө чубалган түтүндү эртерээк көрсөм деп көксөп баратпайбы, баягы мөлтүр булак, баягы оонап ойночу көк майсам кайда деп сыздап баратпайбы...

Адашкандар түнү бою күдөр үзбөй күтүштү, бирок эч өзгөрүү болбоду: туман баягысындай эле бир ордунда ныгырылып, асман ачылбады, жылдыздар жыбырап жайнап чыкпады, деңиз түнөргөн көр караңгынын астында көрүнбөй көлбүп жата берди.

Туман туткунундагылар түнү бою каны катып суусап чыгышты. Нымдуу туман титиретти-калтыратты, бирок канча үшүсө ошончолук суусай беришти. Чаңкаган жалгыз мен го деп Кириск ойлосо, башкалар андан бетер тилдери ооздоруна батпай азап чекти. Бирок баарынан да бала катуу кыйналды. Баарынан бөтөнчө суусаганына ого бетер кыйналды.

Бир оокумда Кириск чыдай албай кичине суу сурады эле Орган чал бербеди.

– Жок, – деди ал катаал айтып, – азыр болбойт. Чыда!

Жанараак кечкурун Эмрайин, Мылгун, Кириск болуп, үчөө ачкалыкка чыдай албай алиги туздуу балыктан кичине жеп алышты эле, эми ошого оозу кургап, ичи от менен жалын болуп баратканын Орган чал билсе кана. Балыктан кийин кичине суу ичишкен, бирок аз өтпөй мурдагыдан бешбетер суусап чыгышты. Анда Орган чал балыкка караган эмес, суу да ичпей койгон, бир ууртам сууну өзүнөн аяп койгон.

Органдан башкалары ошол күнү эрте менен, кечинде болуп, эки ирет суу ичишти. Кечкисин ожоонун түбүнөн эле куюп ичишкен. Кол бочкедеги суу болсо азайгандан азайып барат.

– Суу, суу, суу – деп, жүрөгү да суу деп кагып, каныңкургап калганда тумандын түрлөрүн күткөнүң жүз эсе азапка айланат экен.

Түнү бою ушул азап болду тарткандары... Түнү бою оңбогон туман муздап, коюлуп жата берди. Деңиз да түнү бою былк этпестен уюп жата берди.

Эртеси эртеменен дале баягы, туман коюну гана саал буурул-боз тартып, айлана кененирээк көрүнүп калыптыр. Эми кайыктагылар бири-биринин өң-түспөлүн айра таанып алышты. Кайыктын тегерегиндеги деңиз бети да сымаптай оор көлбүп, көгүш-сур тартып өлүмсүк көрүнөт. Минтип туруп калган өлүү сууну Кириск башына жүн чыкканы көргөн эмес.

Үлп эткен жел жок, кулак-мурун кескендей ың-жыңсыз дүйнө.

www.bizdin.kg

Ошол күнү Кириск чоң кишилердин өңү-түсү аябай өзгөрүп кеткенин көрүп, таң калды. Жаактары шылынып, сакал-муруттары өсүп, көздөрү чүңүрөйүп, тегерегин көгүш желе каптап, үчөөнүн тең кебетеси айыкпас ооруга чалдыккандай. Эң күчтүү, анча-мынчага бой бергис деген атасы баштагысынан башкача. Сербейип сакалы гана калыптыр. Тиштегилей берген эрини кеберсип, канталап каракөк тарткан. Кириск уулун да жаны ачып тиктейт, бирок айтпайт. Үчөөнүн ичинен Орган карыя алдан катуу тайган экен. Сакал-чачы мурдагысынан бетер куудай агарып, кокосу коркойгон моюну ого бетер узарып, көздөрүнөн аккан шоросу көбөйүп, бүкчүйүп калыптыр. Көз карашы гана танбаптыр. Акылман аксакал экенин айырмалап көз карашында дале баягысындай кеменгерлик, катаалдык бар, өзүнө гана тиешелүү дөөлөтү калыптыр сакталып.

Бу келген күн да ууртамдап суу бөлүшүү азабынан башталды. Орган өзү бөлүштүрүп куюп жатты. Кол бочкени колтугуна кысып, ожоого сызылта суу чорголотсо колдору калтырайт. Биринчи болуп Кирискеге сунду. Суу келгиче Кириск араң чыдап отурду. Ожоонун кырына тиштери шакылдап тийип, кылт-кылт суу жуткан чакта гана тамагы жибиди, ичиндеги от бир азга өчкөндөй болуп, аптыкканынан башы айланып кетти. Бирок ожоону абышкага кайтарып бергенчекти ичиндеги оттуу желмогуз кайтадан ызырынып ойгонгонсуп, мурункудан бетер ысып-күйүп чыкты. Баладан кийин Мылгун ичти. Анан Эмрайин. Алардын ичип жатканын көрүп эсиң чыгат. Ожоону жутуна алып, алкына ууртап алган соң кайта кайтарганда суунун аздыгына абышка күнөкөр сыяктанып, Органдын көзүнө тике карабай кайтарышат. Өз кезеги келгенде Орган карыя өзүнө куйбады, унчукпастан тыгынды тыгып койду. Кириск көргөн көзүнө ишене албады. Бочке колунда болсо Кириск өзүнө ожоо толтура куюп алып, суусуну канганча, жыгылганча шимире бермек, шимире бермек. Андан кийин эмне болсо ошо болсун. Бир жолу канса болот эле. Орган карыя болсо өз шыбагасынан баш тартты. Каткансып отурса да бир тамчы суудан баш тартты.

– Бул эмне кылганың, аткычх? Ич шыбагаңды! – деп Эмрайин чыдай албай кыр-кыр этти. – Кече да ичкен жоксуң. Өлсөк бир өлөлү да!

– Мен чыдаймын, – деди Орган кебелбей.

– Жок, мунуң жарабайт! – деп Эмрайин кыжырлана корс айтты. – Андай болсо мен да ичпейм!

– Иче турган деле эчтемеси калбаптыр. Эмнесин талашабыз! – Орган күлүмсүрөмүш болду да, кандай эсиңер жок немесиңер дегенсип башын чайкады, анан бочкени кайра ачып, кичине суу куюп, Кирискеге сунду:

– Мен үчүн Кириск ичип койсун.

www.bizdin.kg

Бала апкаарып калды, башкаларда үн жок. Орган ожоону суна кармап турат.

– Ал, Кириск, иче кой, эчтемени ойлобо.

Кириск унчукпады.

– Ич, – деди Мылгун.

– Ич, – деди Эмрайин.

– Ич, – деди Орган карыя.

Кириск тайсалдап турду. Суусап өлүп бара жаткан бала ожоону ала коюп, көмкөрө жутуп салайын дейт, бирок даабайт.

– Мен ушул өмүрүмдө сууну канча көп ичтим, аны сен билбейсиң. Сен дагы узак өмүр сүрүшүң керек, ошол үчүн... – деп карыя сөзүн аяктабай койду. – Түшүндүңбү, Кириск? Иче кой, сенин ичкениң керек, ичишиң керек, менден кам санаба. Ал!

Бала суудан жута берип, дагы ошол саамда тамагы жибип, ичиндеги алоо басылгандай болду да, саалдан соң мурдагысынан бетер кайра суусап чыкты. Бу жолу ал суунун сасый баштаган даамын сезди. Бирок ал кеп эмес эле. Кандай болсо да иши кылып иче турган суу болсо болду эле. Анткени суу улам азайып, түгөнүп барат...

– Кана, эми эмне кылабыз? – деди Орган ал ортодо берки чоңдорго кайрылып. – Сүзөбүзбү?

Бир топко тунжурап отурушту. Ар кимиси айлана-тегерегин караанат. Кайыктын тегерегинен аркан бою жерден нары туюк, дүйнөнүн эч жылчыгы көрүнбөйт.

– Сүзгөндө кайда барабыз? – деп Эмрайин оор күрсүндү.

– Кайда барабыз дегениң эмне? – деп Мылгун капыстан тарс жарылып кеткендей болду. – Сүзө беребиз, жалдырап тынч отуруп өлгөнчө сүзүп жүрүп өлгөнүбүз жакшы!

– Сүзгөндө эмне, сүзбөгөндө эмне? – деп Эмрайин жекирген болду. – Бу туманда дайынсыз сүзө бергенден не кажат.

– Туманыңды урганым жок! – деп Мылгун ого бетер опурулду. – Туманыңды урайын сенин! Билдиңби? Сүзөбүз, болбосо азыр бу каргыш тийген кайыгыңды коңторуп салам, ошондо баарыбыз тең балыктарга бирдей жем болобуз! Түшүндүңбү, Эмрайин чоң сакал, сүзө беребиз дейм! Түшүндүңбү?..

Кирискенин үрөйү учту. Мылгун акесинин бу кылыгына бала уялды. Мылгундуку осол эле, канткен менен Эмрайинден кичүү эмеспи. Демек, Мылгундун куну качып, акылдан адаша баштаганыбы? Же бул отурган төрт нивхи сыртынан гана киши санында көрүнгөнү менен алдагачан ал сапаттан ажырап калышканбы? Шылкыйышып баарынын үнү өчтү. Энтиге дем алып, Мылгун да унчуга албады. Эмрайиндин башы саландады. Орган чал болсо ич дүйнөсү билинбей мобу тумандан бетер мисирейип, алдагайда теше тиктеди да катты.

www.bizdin.kg

– Сабыр кыл, Мылгун, – деди акырында Эмрайин. – Мен анчейин эле айта салбадымбы. Албетте, бир жерде тура бергенден көрө сүзүп жүргөн ийги. Сенин айтканың жөн. Кана, кеттик.

Кайык жылжый берди. Калак менен кайыктын ашташы кайрадан адатынча кыйчылдап, калактар улам кайып суу шилеп, шиленген суунун орду жыбыраган үнсүз-шыбышсыз толкундарга кайра толуп жатты. Бирок кайык жылбай эле бир ордунда калкып тургансыйт. Канчалык жылып баратканы менен тегерегин чылк чүмкөгөн туман ичинде аралык сезилбейт, бир ордунда эле тегеренип тургансыйт. Ушундан уламбы, Мылгун кайрадан кыжырлана сүйлөндү:

– Сенин туманыңды урганым жок, уктуңбу, батек сакал Эмрайин! Тезирээк кыймылда, тезирээк сүзөлү. Кыймылда дейм, уктаба, эй батек сакал! Туманыңды урайын сенин!

Ошентип алып, өжөрлөнө калак шилеп баратты.

– Бол, жакшылап шиле! Тарт калакты! – деп зөөкүрлөнө берди.

Эмрайин анын жинин кайната бербейин деп унчукпады, бирок кыжыры келип, күчөй калак шиледи.

Кайык уламдан-улам катуулай сүздү. Туманды как жарып, жулкуна эргип коюп, белгисиз жакка, белгисиз максат менен баратты.

Тумандын чексиз кыйырынан суурулуп чыгып кеткиче шашкандай, кууп өткүчө шашкандай Мылгун менен Эмрайин эрегишип, албууттана калак шилешти.

Калактардын алакандарын эрчиген тамчыларды кайпып ыргытып суз жалтылдап, эки жактан суу шуулдап шыбыш чыгарып, эрегиштен ыкчына ыйынган эки калакчынын кара тер аккан беттери бирде эңкейип, бирде чалкалап, калактарын көтөрө бирде кайык түбүнө жүгүнүп, бирде суу шилеп чымыркана асман карап чалкалап, экөө өлөр-тирилерине карабай баратты.

Өпкө кага дем чыгарып, шуулдата аба жутат, өпкө кага дем чыгарып, шуулдата аба жутат эки адам...

Алдың – туман, артың – туман, тегерегиң бүт туман...

– Кана! Дагы! – деп Мылгун тамагын кырынып какырынгандан бетер кыркырай добуш салат.

Адегенде Кириск бу шуулдаган ылдамдыкка алданып кубанып, үмүттөнүп калды эле, бара түшүп мунун баары арам тер, куру аракет экенине көзү жетип, корко баштады. Бу кутурган жарышты токтотор деп Органга жалдырай караса, абышка ой-санаасында такыр башка жакта жүргөндөй. Мисирейген өңүнөн эчтеме билинбейт. Абышка ыйлап отурабы, же адатынча көзүнөн аккан шоросубу, бетин суу чайган. Кайыктын сорусунда катып калгандай тегерегинде эмне болуп жатканы менен таптакыр иши жок.

Кайык болсо калың туманды сүңгүп, максаты дайынсыз, багыты дайынсыз башы ооган жакка кетип баратты...

www.bizdin.kg

– Кана, дагы! – деген кырылдак доош ным туман арасында жаңырбай өчөт. – Кана, дагы!

Ушинтип опосуз жүрүш көпкө созулду. Анан бара калакчылар чаалыкты, сүзүш жайлады, анан калактар сууга бош сүйрөлүп, демдери кыстыга эки калакчы шалдайып отуруп калышты. Мылгун шылкыйган башын көтөрбөйт.

Ушинтип айла түгөндү. Туманды кууп өтө алышпады, кыйырын бузуп чыгып кете алышпады, баары баштагысындай кала берди: көлбүгөн көгүш-сур деңиз бети, болжоосуз, дайынсыз жагдай, жылчыгы жок боз мунарык. Кайык гана бир азга күүсү менен тегерене сүзүп жүрдү...

Бул жинденештен эмне майнап чыкты? Эчтеме! Бир орунда тим тура бергенде эмне майнап чыкмак эле? Анда да эчтеме.

Ар кимиси ушуну ойлоп отурушту окшойт. Ошондо Орган сүйлөдү:

– Мага кулак салгыла, – деди ал сөзүн салмактап, шашпай (эки күндөн бери наар сызып, тамчы суу ичпеген карыя күчүн үнөмдөгөндүр).– Бу туман көп күн туруп калышы да ыктымал. Ушундай жылдар болот. Ушундай окуя боло келген кээде. Өзүңөр билесиңер. Бу калың туман да сааты чыкмайынча кетпей басып жатып алчу улуу тумоо сыяктуу, деңиз бетин кучактап жети, сегиз, болбосо он күндөп деле жата берет. Сааты качан чыгарын ким билет. Эгер бу туман да ошондойдон болсо биздин ахыбалыбыз кыйын болгону. Балыгыбыз да аз калды, ичер суубуз жок болгон соң туздуу балык тамак болмокпу. Суубуз болсо, болгону мына! – Орган кол бочкени чайкады. Түбүндө төрт-беш эли калган суу шылп-шылп этти.

Эч ким үндөбөдү. Абышка да унчукпай калды. Анын эмне айтарын баары билип турду: сууну күнүнө бир ирет гана, бир кашыктан гана ичүү керек. Ныгырылып баскан туман тараганча чыдап, сууну үнөмдөбөй болбойт. Деңиз бети ачылып, жылдыз, же күндүн көзү көрүнсө бир акыл табылар, а балким, жеткенге жараар.

Жагдайдын аныгы ушул эле. Башка айла-амал жок. Бирок чыдоо керек деп айтуу оңой, адамдын акыл-ою жеткен нерсеге жан чыдамы жете бергидей эмес. Бу айласы куруп отурган немелер бир кашык суу эмес, агын дайра болсо да оп тартып соолто соруп жибергиси келип отуру.

Арга калбай замана куурулганын айкын билип отурганына баарынан да Орган катуу кыйналды. Чатырыштап бырыш баскан кара-көк бети ичеги-кардын оюп жеп келаткан оорудан улам ого бетер түнөрүп барат. Ушунчалык азапка чыдап отуруш оңойго турбаганы чымыркана алактай караган көздөрүнөн билинет. Өзөгү өрттөнүп калса да тамырына эптеп кармалап турган карт даректай болуп, Орган карыя

www.bizdin.kg

дале болсо акыл-эсин жоготпой карманып отурат. Кашындагылардын тирүү каларына шыбаа болор деп ал оюндагысынын баарын айтып калгысы келди.

– Асмандан кулак үзбөй, абаны тыңшап отуруу керек, мен ушуну ойлодум, – деди карыя. – Агүкүк* учуп өтүп калгысы бардыр. Ушу мезгилде деңиздин үстүнөн агүкүк деген куш гана учат. Эгер биз кайсы бир арал менен жердин ортосунда болсок, агүкүктүн учуп өткөн багыты бизге жол көрсөтөр эле. Ачык деңиз үстүндө кандай куш болбосун жээкти карай түз учат. Эч жакка кайрылбай жээкке түз учат. Агүкүк да ошентип учат.

– Биз арал менен жердин ортосунда эмес, башка жакта жүрсөкчү? – деп Мылгун башын көтөрбөстөн кежирлене сүйлөдү.

– Анда агүкүктү көрбөй калганыбыз ошол, – деди Орган да салмак менен.

Эмне үчүн ак үкү деңиздин үстү менен учушу керек, кандай зарылдыгы бар анын деп Кириск сурагыча Мылгун дагы кыйкымчылдыгын кылды.

– Ак үкүң биздин үстүбүздөн учуп өтөрүн унутуп койсочу? – деди ал ызырынган мыскыл менен. – Тыяктан учуп өтсөчү, анда канттик, аткычх?

– Анда Агүкүктү көрбөй калганыбыз ошол, – деди Орган жанагысындай эле салмак менен.

– Демек, көрбөй калганыбыз ошол дечи? – деп ого бетер ызырына берди Мылгун. – Демек, антсек да, минтсек да ак үкүнү көрө албайт экенбиз да? Андай болгон соң биз кайсы жыргалыбызга буерде отурабыз? Ыя? – деп ызырынып, тиштенип сүйлөндү да, анан каткыра күлүп жиберип, тынч басылды.

Беркилердин аза бою дүркүрөдү. Айла таппай, үн ката албай отуруп калышты.

Ал ортодо Мылгунга бир ой келгендей болду. Калактын сабын астынан кагып жиберди эле ашташы ажырап кетти. Мылгун кайыктын тумшугуна барып, калакты туура кармап теңселип турду. Ага унчуккан эч ким болбоду. Мылгун да эч кимге көңүл бурбады.

– Э-эй, канчык! – деп ал жаалдана айкырды. – Эй, шамалдын бакшысы! – Мылгун калакты туңгуюк туманга кезей шилтеп кыйкырды. – Сен иттин тарпы эмес, жамалдын ээси экениң чын болсо, кана шамалың? Же сен ийиниңде жатып арам өлгөнсүңбү, канчык? Же бүт дүйнөнүн дөбөттөрү сага үйүгүп, кимисине көчүгүңдү тосоруңду билбей жүрөсүңбү? Же дөбөттөрдүн улам бири менен чагышып, сен канчык, шамалыңды айдоого чамаң келбей жүрөсүңбү? Же быякта

---

* *Агүкүк* – түндүк уюл үкүсү, ак үкү.

www.bizdin.kg

караңгы көрдөй сасык тумандын ичинде биз адашып жүргөнүбүздү туйбадыңбы? Арабызда жаш бала бар экенин билбейсиңби? Арабызда бала бар деп жатам сага, өмүрүндө биринчи деңизге чыккан бала! Бул – иттигиң эмине? Ушунуң адилеттикпи? Түлөндүн сасык богу эмес, шамалдын ээси экениң чын болсо жооп бер, канчык! Шамалыңды айдат! Уктуңбу, канчык? Туманыңды көчүгүңө тыгып ал! Уктуңбу? Шамалыңдын эң каардуусу Тлангила бооронуңду соктур, бизди деңизге коңторуп салсын, толкундары жутса мейли, уктуңбу канчык? Уктуңбу дейм? Түкүрдүм мен түктүү тумшугуңа, сийдим сенин тумшугуңа! Шамалдын ээси экениң чын болсо бороонуңду соктур, бизди деңизге чөктүр, жок, антиш колуңан келбесе, анда сен канчыктын канчыгысың, мен сага дөбөтмүн, сага үйүгүшкөн дөбөттөрдүн биримин, бирок сени карап койбоймун! Андан көрө ме сага! Ме-ме! Жепсиң, канчык, ме, жептирсиң!

Мына ушинтип Мылгун шамал ээсин оозуна келген сөздөр менен сөгүп-сөгүп алды. Шамал ээси бар бекен, бар болсо шамалды кай жерде бекитип жатты экен, Мылгундун сөккөнүн уктубу-жокпу, ким билсин. Мылгун ага болбой алдан тайып, үнү бүткөнчө кыйкырып сөгүп да, суранып да турду.

Анан колундагы калакты деңизге ыргытып ийди да, ордуна отуруп, бетин баса өңгүрөп-өксөп ыйлады. Беркилер аргасыз жалдырап карап отурду. Мылгун болсо жээкте калган жаш балдарын бирден атап, аптыга ыйлай берди. Чоң кишинин ыйлаганын көрбөгөн Кириск корккончунан калтырап кетти, Органга жабышып ыйламсырады.

– Аткычх! Аткычх! Бул эмнеси, эмне ыйлап жатат?

– Коркпо, балам, – деп Орган баланын колун кысты. – Азыр басылат. Аны ойлобо. Сага тиешеси жок. Азыр басылат.

Айткандай эле Мылгун акырындап басыла берди, бирок бетинен колун албады, улутунуп эки далысы солуктап жатты. Эмрайин сууда калкып калган калакка кайыкты акырын айдап келди. Калакты бери шилеп, суудан алды да, ашташкан ордуна орнотту.

– Сабыр кыл, Мылгун, – деп Эмрайин жубаткан болду. – Сеники жөн, туманда тумчугуп зарыкканча бороонго кабылганыбыз жакшы эле. Дагы күтөлү, деңиз ачылып кеткиси бардыр. Башка аргабыз кайсы...

Мылгун унчуккан жок. Акылдан адашып, бет алдына тик кароодон корккон немече ал үңкүйгөн калыбында башы жерге кире берди.

Туман болсо баягы калыбынан жазбай океанды бүт камтып, өлүү мунарык чеңгелине дүйнөнү кармап турат. Үлп эткен жел жок, өзгөрүү жок. Мылгун канча сөгүп жер-жеберине жетсе да шамалдын

www.bizdin.kg

бакшысы былк этпей койду. Намысы жок немеби, каарданып бороон соктурбады, боюна теңебеди...

Бир орунда тура бербеске Эмрайин кайыкты каалгыта айдап баратты. Орган оюна чөмүлүп, үн-сөзсүз. Кыязы, ал өмүрүнүн акырында дагы бир жолу Айым-Балыгын ойлоп отурду окшойт.

Карыяны кайгылуу ой-санаасынан ойготкон Кириск болду.

– Аткычх, чоң ата, агүкүк эмнеге аралдарды карай учат? – деди акырын.

– Э, айтам деп унутуп калган турбайымбы. Мындай чоң туманда деңиз үстүнөн ак үкү гана учуп жүрө алат. Ал аралдардан аң уулайт, кээде нерпанын кичинекей күчүктөрүн илип кетет. Агүкүктүн көзү курч болот, туманда да, түнкүсүн да күндүзгүдөй көрө берет. Ошонусу үчүн үкү да. Үкүлөрдүн эң чоңу, эң күчтүүсү ошол.

– Менин көзүм агүкүктүн көзүндөй болсочу, – деп шыбырады Кирискенин кеберсиген эриндери.– Азыр каякка сүзөрүбүздү көрсөтүп берет элем. Анан биз жээкке тез сүзүп жетип, иче берет элек. Көпкө ичет элек... Агүкүктүн көзү менде болсочу...

– Э-э, – деп күрсүндү Орган. – Ар кимдин өзүнө буюрган көзү бар.

Унчукпай калышты. Бир топтон соң алиги сөзгө кайра кайрылгансып, Орган баланын жүзүнө тигиле карап айтты:

– Катуу кыйналдыңбы, ыя? Чыда, балам. Дагы чыдасаң, улуу мерген болосуң. Чыда, сууну ойлобо, башка бирдемелерди ойло. Сууну ойлобо.

Кириск чоң атанын айтканына көнүп, сууну ойлобоско тырышты. Бирок ойлобоюн десе деле болбойт. Канчалык тырышып ойлобоюн десе, ошончолук суусап барат. Анан дагы курсагы ачканы ошончолук, жүрөгү айланып, башы тегеренет. Чыдай албай Мылгун акесинче бүт дүйнөнү жаңырта кыйкыргысы келет.

Бу күн ушинтип өтүп жатты. Ажап болуп алыстан толкун күр-шар этип калгысы бардыр, салкын шамалдын эпкини келип, бу дүйнөнүн бир бурчуна кубалап кеткиси бардыр, ошентип ажалдын чырмаган торунан булар кутулуп кеткиси бардыр деп күтө беришти, үмүттөнө беришти. Бирок деңиз бети тунжурап, кулак-мурун кескендей тынчтык башка тээп, ың-жың зыңылдак өздөрүнөн чыгып жаткансыды. Анан калса ачкалык менен суусагандык өзөктү өрттөп, көз ирмемге тыным бербеди. Баарынан да ушу уч-кыйырсыз океандын үстүндө суусагандан өлүп бараткандары жанга батты.

Кечке жуук Мылгун мүргүй баштады. Сөздөн калды, көздөрүнүн оту өчтү. Тамагын нымдап алганга Орган кичине суу куюп берди. Ожоодон көзү өтүп бараткан Кирискени карап, Орган чыдай албады, ага да бир ууртам куйду, анан Эмрайинге да куюп берди. Өзү мисирейип тамчы суу ууртабады. Анан кол бочкени коңулга тыгып

www.bizdin.kg

коюп, жүзү бөтөнчө жаркып, өзүнчө бийик ойлордун канатында калкып, суусабагандай, суу азабын тартпагандай, боюн түзөгөн жандай маңдайы ачылып көпкө отурду. Аскага конгон бүркүт кебетеленип, кайыктын сорусунда сөөлөттүү отурду. Тагдыры чечилип калганын билгенденби, боюн түзөп, өмүрүнүн акыркы мүнөтүндөгү ишке белсене күчүн топтоп отурду. Бир кем дүйнө – канжасы жоктугу болду. Акыры бир жолу чылым тартып, түтүндү буркурата Айым-Балыгын ойлоп отургусу келди.

Кайда сүзүп жүрөсүң, Айым-Балык?

Акыреттин тамандырыгын аттаар алдында ал-кубаты менен адамдык касиети эми канчага чыдаарын Орган өзү билип отурат. Алданеге белди бекем буугандай. Ага тобокел дейин десе Кирискени кыйбайт. Кийинки азаптуу күндөрдө бала байкуш жалгыз аны пааналап, жылуу нык издеп жалгыз ага бүрүшө корголоп, абдан боор басып алды эле. Баланы кыя албайт. Бирок ушу бала деп, алигидей тобокелге бел байлап отурат.

Орган аксакалдын аз кубаныч, көп азаптуу өмүрүнүн акыркы күнү ушундайча жарк эткен бир жарыгы жок, караңгы кыйноодо аз-аздап түгөнүп баратты.

Каш карайып, дагы бир түн түштү.

Бул түнү да аба ырайы өзгөрүүсүз мурдагысындай кала берди. Деңиздеги туман ошол карышкан калыбынан жазган жок. Көр караңгы түн тегеректеп камалап, кыйноосу бүтпөгөн узун түн орноп алды. Атаганат, ушу түн ичинде капилет жел туруп, капилет добул согуп, аалам астын-үстүн түшсө, асман ачылып, жылдыз көрүнсө ээ! Бирок бул түн да пейилин жумшартпады, желдин эпкини сезилбеди, толкундун шапатасы урбады, дүйнө тылсым тынчтыкка басылып, тырп этпей жатты. Чаңкагандан, ачкадан арып-ачып арбак болгон адамдар түшкөн жалгыз кайык тумандуу түн ичинде, барар жагы, кылар аргасы жок илбий калкып жүрдү.

Кириск качан уктап кеткени эсинде жок. Жан чыдабай суусаганына алсырап, көпкө кыйналып жатып уктады. Тирүүлөй кыйнаган бул азаптын түгөнөр чеги жоктой сезилет. Тек суу гана болсо! Суудан башканын эч кереги жок. Ачкалыктын азабы бойго сиңген үйрөнчүк оорудай сыздатып барып, акырында билинбей кетет экен. Суусаганың уламдан-улам алоолоп күчөп, бүткөн бойду өрт алгандай каптап келе берет. Аны басар айла-амал жок.

Мындан жашыраак кезинде Кириск бир жолу катуу тумоолоп, эти от менен жалын болуп, төшөктө ачуу терге чөмүлүп жатып аябай суусаганы эсинде. Апасы үстүнө үйрүлүп, баланын ысык чекесине суу чүпүрөк басып, өз алдынча бирдемелерди күбүрөп, көзүнүн жашын көрсөтпөй катып, кошо кыйналган. Атасы анда да деңизде эле.

www.bizdin.kg

Май чырактын өлүмсүк жарыгында үстүнөн апасынын жаны ачыган жүзү көрүнүп, айланып-кагылган үнү угулуп, өзү алсырап суусап жатканы эсинде. Ошондо да Кирискенин бир тилеги суу болгон: тезирээк суу беришсе, анан атасы эртерээк келип калса деп тилеген. Атасы алыста, апасы болсо суу берген эмес. Суу ичкениң болбойт деген апасы. Чүпүрөк суулап, кеберсиген ысык эриндерине баскан, бирок анысы аз гана жан тынчытып, кайрадан күчөп суусата берген.

Суу иче көрбө, каралдым, чыдагын, чыдасаң тез сакаясың деп жалынып, апасы жанынан карыш жылган эмес анда.

– Чыдачы, жарыгым! – деген апасы. – Эрте менен эле ойноп кетесиң. «Чычкан акем, суу бер» – деп ичиңен айта бер. Ошентсең суусабай каласың. Чычкан акеңен суу сура, балам, чычкан жүгүрүп суу апкелип берсин... Жакшылап сурагын...

Ошол түнү күйүп-жанып жатып, чычкан чындап суу апкелип берерине ишенип, апасы айткандай: «Чычкан аке, суу берчи! Чычкан аке, суу берчи!» – деп жалына берген. Чычкан көпкө келбей зарыктырган, ага болбой Кириск сыздап ыйлап көздөн жашын чууртуп, жалдырай берген: «Чычкан аке, суу берчи!..» Акыры чычкан да келди. Чаңкай түштөгү токойдун кайнар булагынан жорткон желдей салкын экен чычкан. Кыймылы көзгө илешпей, көгүш түс, көк көпөлөктөй учуп жүргөн үлпүлдөк экен. Ошол чычкан учуп жүрүп, үлпүлдөк жүнү менен баланын бети-башын, моюн-көкүрөгүн сылап өтүп, шамал жүргөндөй сергиткен, кеселдин касиретин жеңилдеткен. Ошондо чычкан Кирискеге суу бергендей болгон, бала суусуну канбай иче берген, иче берген, суу түгөнбөй ого бетер ташкындап, башынан өөдө каптап кеткен...

Эртеси Кириск жаны жаркып, көңүлү сергек ойгонгон, алсырап калганы болбосо куландан таза, кулундан ойноок тура келген. Ошондон кийин көпкө алиги суу ташыган чычкан акеси баланын эсинен кетпей койду.

Азыр мына адашкан кайыкта суусагандан жаны күйүп, денеси өрттөнүп жатты, бала ошону эстеди, Чычкан акеси азыр келер болсочу! Анан апасын ойлоп, чычкан акеңен суу сура деп үйрөткөнүн ойлоп, эт-жүрөгү сыздап кетти. Чычкан аркылуу өмүрдөн күдөр үзбөөнү үйрөткөн апасы эмес беле. Оозуна тили батпай кургап жаны кыйналып төшөктө жатканда апасы үстүнө үйрүлүп түшүп турган өңүн элестетти. Апасы анда чымын жаны чыркырап, баласына келген кеселди өзүнө тилеп, жаны кейип, көзү жашылданып тиктеп турбады беле. Азыр апасы кандай алда болду экен, кантип жатты экен? Көз жашы көл болуп, деңиз жакалап жол карап, боздоп жүргөндүр... Тунжураган деңиз ага жооп бербей мелтиреп жаткандыр. Мындай шумдукта анын кайгысына эч ким арачы түшө албас. Тек

www.bizdin.kg

катын-балдар Ала-Дөбөттүн бооруна улуу от жагып, ошону менен апасынын үмүтүн колдоп турушкандыр. Кудай жалгап, баштарына бак конуп, деңизде жоголгондор отту көрүп, туман ичинен жээкке сүзүп чыга келер деген үмүттүн отун өчүрбөй турушкандыр.

Алар аякта антишсе булар быякта көмүрдөй капкара, бирок колго илешпеген караңгы, өлүк түндө кутуларга деген акыркы үмүттөн ажырап, дайынсыз калкып жүрүштү. Эки күч бирин бири аңдышкандай. Бирок эки күчтүн аргасы теңдешсиз эки башка эле. Күн менен Аалам жарала электен мурдагы түпсүз караңгылык, бүгүн анын туткунунда калган чалдыбары жок кайыктагы төрт адам. Кыйырсыз океан бетинде бу төртөөнүн ичер суусу, кубаттанар азыгы, жол көрсөтөр жылдызы жок.

Кириск мурда түн ушунчалык капкараңгы болорун көргөн эмес, эс тарткандан берки аз өмүрүнүн ичинде суусагандын азабы ушунчалык кыйын болорун билген эмес. Өзүн өзү алаксытуу үчүн ал бир кезде тумоодон айыктырган суу ташыгыч чычканды ойлоого тырышты.

«Чычкан акем, суу берчи!» – деп ал апасы үйрөткөн ушул эки ооз укмуш сөздү үстү-үстүнө кайталай баштады. «Чычкан акем, суу берчи! Чычкан акем, суу берчи!» Айтканындай укмуш боло калбаса да укмуш сөздү айта берди, айта берди. Суусунун басар айласы, суу сураган тилеги эми ушул эки ооз сөз болуп калды...

Чычкан акем, суу берчи!

Ушинтип өзүн өзү алдап күбүрөп жатып, бала кээде үргүлөп кетет, кээде уйку-соонун ортосунда Орган менен Эмрайиндин кобурашкан сөздөрүн кулагы чалат. Тигил экөө алда неме тууралуу күбүрөшүп көп сүйлөштү. Сүйлөшкөндөрү түшүнүксүз, тири укмуш маек болду. Кээде унчугушпай тымпыйып калышат, кээде туюк сүйлөшүп, туюк бүтүрүшөт. Кириск бүрүшүп Органдын колтугунда жаткан, ошондуктан абышканын кышылдай дем алып, тамагы кыркыраса да өжөрлөнө күч менен айткан сөздөрүн даанараак угуп жатты. Окчунураак калагынын жанында отурган атасынын сөзүн анча даана уга албай калып жатты.

– Сага акыл айтчу мен эмес, бирок дагы ойлон, аткычх, – деп бирөө угуп койчудан бетер акырын шыбырады Эмрайин. – Өзүң акылдуу жансың.

– Ойлондум, көп ойлондум. Ушунум жөндүү болор, – дейт Орган бүтүм кылган оюнан кайтпагандай.

Экөө бир азга унчугушпай калды да, анан Эмрайин айтты:

– Баарыбыз бир кайыктабыз, башка келгенди чогуу көрөбүз, тагдырыбыз бир.

www.bizdin.kg

– Тагдыр, тагдыр, – деп карыя күңгүрөндү. – Бешенеге жазылган тагдырдан качып кутулбайсың дечи, – деди деми кыстыга тамагы кышылдап.– Кааласаң моюн сун, каалабасаң каршы тур, тагдыр ошонусу менен тагдыр. Акыры ичер суу, көрөр күн түгөнөрү чын болсо, башкалардын ичер суусу түгөнбөй тура турсун үчүн өз тагдырыңды камчыланганың дурус болор. Өзүң ойлочу, жол ачылып калгыдай болсо, калган күчүңдү үрөп калак шилесең, жээк көрүнүп жакындаса, ошондо жаныңды аман алып жеткирер эки тамчы суу жетпей калса, ошол акылдуулукка жатабы? Бу дүйнөдөн адам ыза болгон бойдон кетпейби.

Эмрайин бирдеме күбүрөдү, анан дагы унчугушпай калышты.

Кириск уктоонун аракетин кылып, чычканын чакырып жатты. Уктап кетсе эле чычкан жетип келчүдөй сезилет ага... Бирок уйку келбейт.

Чычкан акем, суу берчи!

– Мылгун кандай? – деди Орган.

– Мурдагысындай эле. Жатат, – деди Эмрайин.

– Жатат дечи. – Саал отура туруп, абышка өтүнүч айткандай унчукту. – Эсине келгенде айтып кой.

– Жарайт, аткычх. – Муну айтып жатып Эмрайиндин үнү каргылдана түштү, тамагын кырына жөтөлүп алды. – Айтканыңын баарын айтам.

Мен аны сыйлайм деди де. Чоң мергенчи, жаман киши эмес. Мен дайыма сыйлап келгем.

Экөө кайра унчугушпай калды.

Чычкан акем, суу берчи!

Эмрайин анан дагы бирдеме деди, Кириск уга албады. Органдын жообу бу болду:

– Жок, күтө албайм. Өзүң көрүп турбайсыңбы, ал калбады. Жакшы ит өлүгүн көрсөтпөйт деген. Өзүм аттанам. Бу дүйнөдө улуу адам элем. Аны өзүм билем. Түшүмө дайыма Айым-Балык кирчү. Аны сен түшүнө албайсың... Мен ошого жол тарттым...

Ал экөө дагы бирдемелерди сүйлөп жатышты. Кириск жат болгон сөзүн айтып көзү илинип баратты.

Чычкан аке, суу берчи!

Эки чоң кишинин сүйлөшкөндөрүнүн Кириск укkан акыркысы Эмрайин абышкага жакындай берип айтканы болду:

– Эсиңдеби, аткычх, баягы бир жылы бугу минген көпөстөр келип, балта берип, ардемеге алмашып кетишпеди беле. Ошолордун ичиндеги Чоң сарысы айткан, кайсы бир өлкөдө деңизди суудай кечип өткөн улуу киши болгон экен. Ошондой да адамдар болот экен да...

www.bizdin.kg

– Демек, ал улуулардын улуусу, – деди Орган. – Биздин кудурети күчтүү улугубуз Айым-Балык.

Кириск уктап жатса да кээ бир сөздөр алыстан үзүл-кесил угулат:

– Коё турчу. Дагы ойлончу…

– Болду. Жашаарымды жашадым… Кармаба… Дагы чыдаар дарман жок…

– Ушундай караңгыда…

– Баары бир эмеспи…

– Мен сага айтар сөзүмдү да айтып бүтпөдүм…

– Сөз бүтпөйт. Бизден кийин да бүтпөйт…

– Ушундай караңгыда…

– Кармаба. Чыдай албайм, күчтөн тайып баратам. Өзүм түшкөндөй болоюн…

– Ушундай караңгыда…

– Силер дагы чыдагыла. Али бир жутум суу бар…

Бирөөнүн каткалаң туурук чоң алаканы акырын келип баланын башын сылады. Органдын колу экенин Кириск уйку-соонун ортосунда жатып билди. Салмактуу, жылуу кол баланын башын коргоп, эстеп калгысы келгендей бир азга сылап турду…

Түшүндө Кириск деңизде жөө баратыптыр. Жерди багыт алып, суу ичип келүүгө баратыптыр. Чөкпөй, тыгылбай басат. Айланасы укмуш көрүнүш. Көз жеткен жердин баарында жаркыган таза деңиз. Деңизден башка, деңиз суусунан башка бу дүйнөдө эчтеме жоктой. Деңиз гана, суу гана. Ошо суунун үстү менен кургак жерде баскандай баратат Кириск. Күн нуру астында боору жылтылдаган толкундар чар тараптан түрүлүп келип да, кетип да жатат. Алар кайдан пайда болуп, кайда кетип жатканы белгисиз.

Деңиз бетинде ал жалгыз баратыптыр. Обол мурун ал Орган, Эмрайин, Мылгундардан озо чуркап кеткендей болгон, эртерээк суу таап, тигилерди чакырмакчы болгон. Анан караса, өзү эле жалгыз калыптыр. Кыйкырып атты, чакырып атты, биринен жооп укпады. Жан да жок, үн да жок, көлөкө да жок… Беркилер кайда жоголуп кеткенин билбей бала маң. Анан корко баштады. Кыйкырып кыйырга үнү жетпеди. Жер да каякта, кай тарапта экени билинбейт. Алдан тайып деңиз бетинде энтиге жүгүрүп баратты, бирок эч жакка жакындабады. Бир ордунда эле тургансыйт, ал ансайын чыдай албай суусап барат. Мына ошондо үстүнөн учуп бараткан Лувр өрдөктү көрдү. Уя салар кургак жер таппай өрдөк каркылдап үн салып бараткан экен. Бирок алакандай жер таппайт. Тегеректин баары түгөнгүс толкундар. Лувр өрдөк алдас уруп, онтолойт.

www.bizdin.kg

– Лувр өрдөк! – деп кыйкырды Кириск, – Жер кайда, кайсы тарапта, мен суусадым!

– Азыр али бу дүйнөдө жер жок, эч каякта жок! – дейт Лувр өрдөк. – Төгөрөктүн төрт бурчунун баары толкуган суу.

– Беркилер кайда? – деп сурады Кириск жоголуп кеткен кишилерди айтып.

– Алар жок, издебей эле кой, алар эч убакта жок, – деди Лувр.

Жалгыздык менен кусалыктын айтып бере алгыс коркунучу бүткөн боюн дүркүрөтүп, жүрөгүн мыкчып алды Кирискенин. Көзү көргөн жакка чуркагысы келди, бирок тегеректе жалаң толкун, жалаң суу, башка эчтеме көзгө илинбейт. Лувр өрдөк болсо нокот болуп жоголуп кетип барат.

– Лувр өрдөк, мени ала кет, таштаба! Суусадым! – деп жалынып ийди Кириск.

Бирок өрдөк укпады, укса да кайрылбады, жок жерди издеп көздөн кайым болду. Көз уялтып ачуу тийген күн гана калды асманда.

Коркунуч менен кусалыктан ичи эңшерилип, Кириск солуктап ыйлап ойгонду. Жаш жууган көзүн ачса, түшү экен. Кайык жай чайпалып коюп, баягысындай эле калкып турат. Бозомук тарта баштаган кара туман баягысындай эле чүмкөп турат. Демек, түн өтүп, таң атып келатканы тура. Бала кыбырады.

– Аткычх, суу берчи. Мен түш көрдүм, – деп кобурап бала Орган тарапка колун сыйпалап сунду. Колу эчтемеге урунбады. Кайыктын сорусундагы Органдын орду бош калыптыр.

– Аткычх! – деп чакырды Кириск. Эч ким жооп кайтарбады. Бала башын көтөрүп, селт чочуп кетти.

– Аткычх, аткычх, кайдасың?

– Кыйкырба, – деп Эмрайин кашына жетип келди. Уулун кыса кучактап, бооруна кысты. – Кыйкырба, чоң атаң жок! Чакырба аны! Ал Айым-Балыкка кетти.

Бирок Кириск көнбөдү.

– Аткычхым кана? Кана? Чоң атам кайда?

– Уксаң боло! Ыйлаба! Сабыр кылчы, Кириск, аткычх эми жок, – деп атасы жоошута албай жатты. – Сен ыйлабачы. Ал сага суу бер деп кетти. Дагы кичине суубуз бар. Сен ыйлабай коё тургун, мен азыр суу берем. Жакында туман тарайт, ошондо көрөсүң го...

Кириск бейжай салып, атасынын колунан жулкунду. Кайык катуу чайпалды. Эмрайиндин шаштысы кетти.

– Мына азыр сүзүп жөнөйбүз! Карагын, биз азыр сүзүп жөнөйбүз. Эй, Мылгун, тур, тур дейм! Сүзөлү!

Мылгун калак шиледи. Кайык суу бетинде жыбылжып жөнөдү. Алар дагы багыты белгисиз, максаты белгисиз тарапка дүйнөнү чылк чүмкөп турган буурул туман ичинде сүзүп баратты.

www.bizdin.kg

Жаңы күндү алар ушинтип тосту. Эми кайыкта үчөө гана калган.

Чычкан аке, суу берчи!

Кириск кичине басылганда Эмрайин өз ордуна барып отурду да, Мылгун экөөлөп калак шилешти. Кайык ылдамдап сүзүп, кайда бараткаңы, эмнеге бараткаңы белгисиз дагы жөнөдү. Органдын дайынсыз жок болуп кеткенине өксүгөн Кириск дале толук бастай албай, кайыктын куйругунда жетимсиреп жалгыз отурат. Эмрайин менен Мылгун да же өздөрүн жооткотор, же баланы сооротор айла таппай чөгүп отурат. Бар тапканы калак шилөө болду. Эптеп кыймылдоонун айласынан калак шилтешет. Боз тумандын ичинде беттери карайып көрүнөт. Ачкалык менен суусагандык айыкпас ырайымсыз оорудан бетер желкеден басат.

Бири-бирине тил катпай, жаактары карышкан. Бир топтон кийин калакты бош тартып, Мылгун үн катты:

– Суудан бөлчү! – деди Эмрайинге түнөрүп.

Эмрайин кол бочкеден ожоонун түбүнө бир ууртамдан суу куйду. Коңурсук жыт, жагымсыз даам кирип, суу болбой калыптыр. Бирок ошонусу да аз. Ушинтип дагы эки-үч жолу бөлгөнгө араң жетер. Эч кимисинин суусуну да канбады, каниет да бербеди.

Аба ырайы өзгөрөр бекен, жок бекен деген суроо кайрадан кулак чуулдатып, башты зыңылдатып, төбөдөн басты. Эми үмүттөнтөр сөздү айтуудан да тартынып калышты. Алдан тайып арбак болгон немелер тирүүлүккө кайдыгер карап, өлүү туман ичинде жазмыштын жазасын күтүп, дайынсыз каңгып жүрө беришти. Бу тагдырга моюн сунбаска арга калбады. Туман ансайын аларды ныгыра басып, ал-кубатын жогото берди. Бир маалда Мылгун үнү дирилдеп, жаны ачый сүйлөдү:

– Ушу туман жоголуп, анан өлсөм арман жок эле. Кайыктан өзүм секирип өлөт элем. Дүйнөнүн жээгин гана бир көрсөм мейли эле.

Эмрайин унчукпады, бурулуп да койбоду. Эмне демек? Кайыктагылардын аксакалы эми ошол. Бирок айтар акыл таппады. Сүзөр багыт көрсөтө албады.

Убакыт өтө берди. Кээде өзү жылжып, кээде калкылдап токтоп, кайык эми өз башына өзү ээ.

Кан какшып суусаган денени эми ачкалык ааладай таарып, ажалдын деми жакындады. Тешиктен чууруган суудай калган күч соолуп баратты.

Кирпиги араң кыбырап, көзү чала жумулуу Кириск кайыктын куйрук коңулунда жатат. Башы айланат коргошундай оор тартып, бош калган ашказаны жыйрылып келип, бүткөн боюн бүрүштүрө

www.bizdin.kg

мыкчылат. Суу ичкиси келет, суу ичкиси келет. Жан чыдабай суу ичкиси келет.

Чычкан аке, суу берчи!

Суу ташыгыч чычканга жалынып-жалбарып жатып, бала бул азабын унутууга далбас кылат, Ала-Дөбөттүн боорунда калган эми кол жеткис жомок болгон мурдагы күндөрүн эстейт.

«Чычкан аке, суу берчи!» – деп кеберсиген эриндери араңжан кыбырайт да, башы айланат. Башы айланса Ала-Дөбөттүн тулаңдуу боорунан көп балдар болуп устунча томолонуп ылдый кулаган оюндарын эстейт. Анда да баш айланчу, бирок анда ойноп айланчу да. О, ал кандай сонун, кызык оюн эле! Балдардын ичинен эпчили да, чыдамдуусу да Кириск эле. Тик боорго жүгүрүп чыгып, төмөн карай устунча томолонуп түшөр эле. Бир-эки оонап алган соң өзүңү өзүң токтото албай томолонуп кете бересиң, жыргалына кыткылыктап күлө бересиң. Асман-жер оодарылып-төңкөрүлүп, булуттар тыткан жүндөй чаң-тополоң аралашып-чубалжып, карагай токой жапырт жыгылып, баштары менен жер сайып калгансыйт, күн болсо кызарганча боору эзиле күлүп, улам бир жагыңан эңкейе калып карай берет. Тегерегиңдин баары балдардын ызы-чуусу. Томолоно бересиң, томолоно бересиң, күүлөнгөн сайын чимириктей чимирилип кетесиң, ошондо артынан кошо чуркап келаткан балдардын жүздөрү жалпак чоюлуп, буттары дөңгөлөк болуп ийилип, бир кызык көрүнөт. Акыры этекке барып жатып каласың. Башың айланып, кулагың ызы-чууга толуп чыгат. Мына, кыйын болсоң ошол учурда бир, эки, үч деп санаганча так тура калып, башың айланганда жыгылбаш керек. Көбүнесе балдар бир деген жерде эле кулап түшөт. Ошондо күлкүнү көрүп ал. Тегерегиңдеги балдардын баары күлүп турса, өзүң да күлөсүң. Таканчыктап эле турайын дейсиң, жер болбой бут астыңан жылбышып жылып кетет. Ошондойдо Кириск жыгылчу эмес. Такандап туруп калчу. Чымыркана карманып турчу. Анткени ар дайым Музлук маңдайында карап турчу да. Анын көзүнчө начар балача сулап калыш жарайбы!

Анан дагы кызыгы, Музлук экөөнүн жарыша томолонгону болор эле. Кыздар да томолоно билишчү. Бирок көбүнесе алар коркок келет, анан дагы беш көкүл чачтары бирдемеге көп илешет. Бирок оюн да. Ошондой кызык оюнда бир жериң көгөрбөй да калмак беле.

Музлук экөө бир томолонгон кезде Кириск андан озуп кетпеш үчүн атайын эки чыканагын бооруна кыспай, уркуйта чыгарып, боюн токтото жай томолонот. Балдардын чуусу коштоп, экөө сайдын таманына бир түшөт, «үч» дегенче экөө тең тик тура калып, эч кимге байкатпай Кириск кызды жыгылтпай сүйөп турат. Мына ошол жыргал эле. Экөө бирин бири колдойбуз деп, эриксизден кучакташып калышат.

www.bizdin.kg

Музлук гүлбүрчөктөй эриндерин тамылжытып кыткылыктап күлө берсе татына кыз ого бетер татына болуп, Кириск кармай калсын, кучактай калсын дегенсип, кара күчкө теңселет. Ошол мүнөттөрдө экөө түшүнүксүз бактыга батып, сүйүүнүн апкаарыткан жыргалын сезип жатышканын башка балдар туйбайт. Экөөнүн денелери тийише калса кыздын жука көйнөгүнүн астынан кичинекей жүрөгү түрсүлдөп, Кирискенин колуна жаңы байлап келаткан мамактары урунат, ансайын кыз денеси диртилдеп балага ыктап, башы айлангандан жашылданган көздөрү учкун атып жылтылдайт. Ошондо асман жердин ортосундагы бүт дүйнө кошо каалгып, күлкү менен бактынын канатына кетет. Бу кандай жан эргиткен бакты экенин чуулдаган балдар туйбайт.

Тек бир жолу башка уруудан келип ойногон бала, Кирискеден чоңураак, жексур шок бала эле, ошол туюп калыптыр, башы айланып бир ордунда тура албай калгансып, Музлукка атайы жыгыла берди. Музлук боюн ала качып четке чыга берсе деле болбой жыгылып бараткансып, артынан жетип, баса жыгылат. Кириск аны менен мушташа кетти. Тиги чоң неме Кирискени эки-үч жолу жыга койду. Ошондо да Кириск намысын алдырбай тең чыкты, Музлукту болуштурбай өзү тең тайлашты. Бирок бул окуя бир гана жолу болгон...

Аябай ойноп, ысып-күйүп тердеп чыкканда суу ичүүгө булакка чуркаган сонун кездер канча болбоду.

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсең боло!

Булак жакын эле жерден акчу. Токойдон агып чыгып, балдар ойногон көк майсаңдын жанынан өтчү. Токойдун кара сур түсүн, салкын шапатасын сактап, таштан-ташка эркелей агат. Эки жээгинде өскөн калың чөп бөтөн көздөн жашыргансып эки жактан ийилип түшүп турат. Чукул мизинде өскөндөрү агымга сунала боюн таштап, суудан чыкпай чайына берет. Булак болсо бирде калың каштын астындагы көздөй болуп калың чөпкө жашынып, бирде ачыкка чыгып, күнгө жылтылдап, бирде кемерге кирип ойт берип, деңизди көздөй ага берет, ага берет.

Балдар жапырт чуркап барып, жапырт жата калып, чөптөрдү ачып жиберип, моюн суна жапырт ичишет. Кол жууп, же суу сузуп отурмай кайда, мурундарын кытыгылатып, беттерин чайытып, суугa баштарын салып жиберип, бугуча ичишчү. Аны бугу ичиш деп коюшар эле. Ой, андагы жыргалдуу күндөр ай!

Чычкан акем, суу берчи!
Чычкан акем, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсең боло!..

www.bizdin.kg

Баштарын сууга салып, жээкте жатышат. Ийиндери тийишип, тунук агымга салган колдору бир көрүнүп, экөөнүн бир бүткөн эки гана колу бар сыяктанып турат. Анда да жөн ичпей суу ууртап чачып, улам эс алып, кайра ичишип, эриккенде салкын толкундарды эриндери менен тосуп ичишер эле. Тургусу келбей жата беришчү, баштарын көтөрбөй жата беришчү, көлөкө-жарык көлбүгөн агымда жүздөрү миң кубулуп көрүнгөнүн карашып, бири-бирине каткыра күлүшүп, жата беришчү.

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берсең боло!..

Анда Музлук жүзүн суудан айрыбай Кирискени кылыя карап, кыйгач көздөрү күлмүңдөп турат. Кириск да ошентет, экөөнүн кирпиктериндеги мөлтүр тамчылар жылтылдайт. Нараак болчу дегендей кыз баланы ийинге итерет, ага бала болбойт. Антсе кыз оозун толтура суу ууртап алып, баланын бетине бүркөт. Бала да ошентет, кыздан көбүрөөк ууртап, катуураак бүркөт. Анан жулмалашмай, кубалашмай башталат. Сууну кече чуркашып бири-бирине чачышат, өөдө чуркап, ылдый чуркап кыткылыктай күлүшүп, мөлтүр чачырандылар төбөдөн өөдө маржаңдап ойноп беришет, ойноп беришет...

Чычкан аке, суу берчи!

Ушунун баары эми кайта келбейт деген ой Кирискенин жанына батты. Уламдан-улам ашказаны чеңгелдешип жыйрылып, деми кыстыга берди. Ичтен буулугуп ыйлап, түпкүчтөй түйүлүп, баягы эле чычканына жалына берди:

Чычкан аке, суу берчи!

Кыялы менен алаксыйын деп бала жата берди. Тегеректе эч өзгөрүш жок. Боз буурул туман баягысындай эле үстүдөн чүмкөп басып турат. Кайыктагылар ар кимиси ар жерде алсырап сулап жатышат. Эмне болору, кандай болору белгисиз, мурдагыдай эле дайынсыздык. Кокусунан кайык катуу чайпалып кетти. Чоочуган атасынын үнү чыкты:

– Мылгун! Мылгун! Кантесиң! Койсоңчу!

Кириск башын көтөрүп, көргөн көзүнө таң калды. Мылгун кайыктын кырынан арта салынып, деңиздин суусунан сузуп ичип жатыптыр.

– Койсоңчу! – деп Эмрайин жетип барып, колунан ожоону тартып алмакчы болду эле. Мылгун жаалы чыга үрпөйдү:

– Жолобо, батек сакал! Өлтүрөм!

www.bizdin.kg

Бу ачуу туздуу деңиз суусу оозго алгыс эле. Мылгун болсо көкүрөгүнө, жеңине жаба төгүлтүп, өзүн өзү зордоп, калтыраган колундагы ожоону коңторо ичип жатты. Ошондогу кебетеси жарадар жырткычтан бетер болуп турду.

Анан ожоону кайыктын түбүнө ыргытты да, кышылдап деми кысылып чалкасынан сулады. Ошентип жата берди, ага жардам берер арга эч кимде жок эле. Кириск коркконунан ого бетер бүрүшүп, ого бетер ичи ооруп, ого бетер суусады. Шылкыя түшкөн Эмрайин кайрадан калак алды да, кайыкты туман сүңгүтө жылжытып жөнөдү. Башка аргасы жок эле анын.

Мылгун бирде тынчып калып, бирде дирт-дирт калчылдайт. Кыркыроо кирип, суусагандан жаны чыгып бараткансыды. Анткени менен аздан соң башын көтөрдү.

– Ичим өрттөнүп барат! – деп көкүрөк тыткылап, кийимин айрый баштады.

– Айтчы, эмне кылайын? Канткенде жардам бере алам? Тигинде дагы кичине суу бар, – деп Эмрайин кол бочкени жаңсады: – Бир аз куюп берейинби?

– Жок, – деп болбоду Мылгун. – Эми кереги жок. Түнгө жетип, анан аткычхтай болоюн десем, жете алар эмесмин. Мейли. Болбосо бир шойкон кылгыдаймын. Сууну бүт ичип алгыдаймын. Эми мен бүттүм... Мен өзүм, күчүм жетет...

Ээн деңиз үстүндө, учу-кыйыры жок, өзү келген өлүмү жок калың туман ичинде акырындап жантаслим кылууга кайыл болгон адамдын айткан сөздөрү тула бойду дүркүрөттү. Эмрайин биресе досу, биресе тууганы болгон Мылгунду жоошутууга аракет кылды, бирок Мылгун угар эмес, мыжыгып эзген азабынан бир кутулмай болду.

– Мага эчтеке айтпай эле кой, Эмрайин, эми кеч болуп калды! – деп колдурап жатты чалагайым болуп калган Мылгун. – Мен өзүм. Мен өзүм кетем. Сен уулуң экөөң өзүңөр билгиле. Ушинткенибиз туура. Меникин айып көрбөгүлө. Экөөң бириң ата, бириң бала, силер калгыла, дагы кичине суу бар... Мен азыр жөнөдүм. – Ушуну айтып Мылгун кайыктын кырын таяна өөдө турду да, калган кайратын жыйнап теңселе туруп, Эмрайинди сүзө карап айтты:

– Мага жолто болбогун чоң сакал! Ушинткеним туура. Сен жолуму бөгөбө. Кош болгула. Балким, кутулуп чыгарсыңар. Мен азыр... Сен эчтеме күтпөй алыс айдап кет... Токтоосуз айдап кет... Жакындачу болсоң коңторуп салам. Кана, калагыңды шиле. Эй, чоң сакал, катуурааак шиле! Уктуңбу, коңторуп салам...

Мылгундун буйругу менен суроосуна баш ийбеске Эмрайинде чара жок эле. Үн-дабышсыз суу менен туманды сүңгүй тилип, кайык түз кетти. Кириск муңкана ыйлап жиберди:

www.bizdin.kg

– Мылгун аке! Аки-Мылгун! Антпе!

Дал ошол учурда Мылгун кайыктын кырынан оонай кулап түштү. Кайык кыйшайып барып оңолду.

– Жогол! Жоголгула алис! – деп муздак сууда далбасалап жатып кыйкырды Мылгун.

Туман аны бат эле жаап калды. Кайрадан теребел жымжырт болду да, анан чөгүп баратып сууга какаган адамдын тумчуккан акыркы кыйкырыгы угулду. Ошондо Эмрайин чыдай албады:

– Мылгун! Мылгун! – деп бакырып-бакырып алды да, өңгүрөп ыйлап, кайыкты кайра кайрыды.

Тез эле кайрып келишти, бирок Мылгунду табышпады. Эчтеме болбогондой суунун бети тыптынч. Каерге чөккөнүн билиш кыйын.

Экөө кечке чейин алыс кете алышпай ушу тегеректе жүрүштү. Кайгыдан мүргүгөн немелер бирин бири тыйбай ыйлады. Атасынын ыйлаганын Кириск өмүрүндө биринчи көрүшү.

– Мына эми экөөбүз гана калдык, – деп Эмрайин сакалын жууган жашын ааарчып, анда да токтоно албайт. – Мылгунум, кайран досум Мылгунум! – деп солуктайт.

Күн кечтеп баратты. Ошондой сезилет. Эгер бир жерде күн бар болсо ал деңиздердин, тумандардын үстүндө каалгып жылып жүрсө, анда ошо күн акырындап уясына кирип баратты. Бу калың туман астында болсо күүгүм улам коюулап каш карайып, кара күүгүмдө тумандуу деңиз бетинде адашкан бир кайык, ал кайыктагы ата-бала эки адам адашып, айлана-тегеренип сүзүп жүрдү.

Кеч кирип келаткан экен го деп өзүнө өзү айтуудан мурун Эмрайин суу ичер маал болгонун ырастады. Кириск кантип чыдабай чыдап, ушу маалды күтүп отурганын, кың этип үн чыгарбай ачкалык менен суусаганын басып отурушка баланын канча аракети кеткенин билди. Мылгундун өлүмү суусаган арааңды бир далайга тумчуктуруп салгандай болду эле. Эми акырындап кайрадан араан ачылып, саал тынчтык бергенин эселегендей кыйноосу ого бетер күчөп келди.

Бир тамчысын талаага кетирбеске аябай сактык менен сасыган суудан оболу Кирискеге куюп берди. Бала ожоону кош колдоп жулуп алды да, аптыга жутуп жиберди. Анан Эмрайин өзүнө куйду. Арткынын байкаса бочкенин түбүндө араң чулкулдайт. Кол бечкени коңторо куюп жатканын карап отуруп, аны Кириск да билди. Ушундай болорун мурдатан билип отурса да Эмрайин эсеңгиреп селейе катып калды. Эми ал өз шыбагасын ичүүдөн тартынып отурду. Башына капилет ой келди да, байкаса, ал ойду ойлогон соң суусун кандыруунун кажети деле жок сыяктанып калды. Ошого таңыркаган Эмрайин ожоону кармаган бойдон мелтиреп ойго чөмүлдү.

www.bizdin.kg

– Ме, кармай турчу, – деп ожоону уулуна берди. Ошенткени балага эки эсе азап болду: суу куюлган идиш колунда туруп, канча каны катса да бир ууртай албаганына кыйналды. Колу бошогон Эмрайин бочкенин тыгынын бекем тыгып, ордуна койду.

– Ич, – деди ал уулуна.

– Сенчи? – деп таң калды Кириск.

– Мен анан. Эчтеке ойлобой иче кой, – деди атасы сабыр күтүп.

Кириск бу жолу да сасык сууну кулк этире бир ууртап жутуп койду. Каалаганындай суусуну канган жок, ошентсе да кичине жеңилдене түшкөнсүдү.

– Кандай? – деди атасы.

– Кичине жакшы болуп калдым, – деп шыбырады атасына ыраазы боло.

– Сен коркпогун. Анан дагы эсиңде болсун. Адам оозуна тамчы суу албай да эки-үч күн жашай алат. Эмне болуп кетсе да сен коркпогун…

– Сен ошон үчүн ичкен жоксуңбу? – деп Кириск сөзүн бөлдү.

Эмрайин капилет сурооого шашып калды. Ойлоно калып:

– Ооба, – деп койду.

– Тамак жебей канчага жашайт адам? Биз тамак жебегенибизге көп болду го.

– Суу болсо болду. Бирок сен аны ойлобо. Кел андан көрө кичине сүзөлү. Сага айтар сөзүм бар.

Эмрайин кычырата калак шиледи. Алиги жерде чечилип сүйлөшө алгыдай эмес. Экөө деңиз бетинде тентип жөнөдү. Атасы оюн жыйнап алгысы келди, болбосо баштай алар эмес, себеби ойлогон оюн кайта ойлосо бүткөн бою муздап кетип жатты. Жалгыз өзү калак шилей бербей уулун да жумушка салды. Антүүнүн кереги деле жок болучу, анткени кайыкты дайынсыз айдай берүүнүн да кереги жок. Деңиздин суусун шилеген чоң калактар балага опсуз эле, араң шилеген болот. Бирөө эле болсо эки колдоп шилегенине оңой болор эле, эки калакка азыр жаштык кылат экен. Анын үстүнө кийинки азаптуу күндөрү бала эттен түшүп, алсырап калган. Эмрайин өзү да ошондой. Бирок дал ушул ахыбал аны шаштырат. Убакыт өтүп жатат, өткөн сайын ал-кубат кетип жатат.

Калактарды өйдө-ылдый эпсиз шилтеп, Кириск артына карабады, унчукпады, Эмрайинди кыйнаган да ал эмес. Уулунун замби талдай ийилген алсыз, боконо сөөгү ката элек илмийген далысын карап отуруп, Эмрайиндин жүрөгү канады, солуктай соккон куу жүрөк кан үрөбөй эле деми кысылып онтоп жаткансыды, жаны кейиген ата эрдин кесе тиштеди. Айтар сөзүн айтпаска болбойт, бирок айтууга даабай отурат…

www.bizdin.kg

Акырындап караңгы күүгүм калың тумчуп келе берди, Эмрайин оор ойго тумчугуп сүзүп баратат, улам узартып ойлогон сайын убактысы өтүп жатканын сезип, кейип баратат. Табияттан алибеттүү жаралган Эмрайин канча кайраттанса да болбой ачкалык менен суусагандык ал-кубатын курутуп баратты. Азырынча карманар кудурети бар кезинде, такыр алсырап ойлогонун ишке ашыра албай калган алга жете электе ойлогон оюн ортого салып, уулун даярдап коюу керек эле.

Уулунун жанын сактап калайын десе, сактап кала албаса да тиги кол бочкенин түбүндөгү суу түгөнгөнчө созуп калайын десе Эмрайин да алиги Орган менен Мылгундун жолун жолдоп кайыкты таштап кетиши керек. Башка арга калган жок. Туман бүгүн түнү тарайбы, же эртең күндүз тарайбы, аны Эмрайин билбейт, төтөн эртеби-кечпи күн ачылгандай болсо ээн деңиз бетинде жалгыз уулу кандай абалда калат, чымын жаны эптеп аман калабы-жокпу, аны да билбейт. Бул суроосуна жооп жок эле. Жалгыз үмүтү, өчөр чырактай араңжан үмүтү, а балким, таптакыр ишке ашпас үмүтү калды: деңиз бети ачылгандай болсо, ак кишилердин чоң кемеси жолугуп калары ажап эмес, ушул өлүмсүк үмүткө өзүн ишендиргиси келди. Нивхилердин жээгинен алыскы ушул океан менен өздөрүнүн кайсы бир максатын көздөп, кыяктагы бир өлкөлөрүнөн каяктагы бир өлкөлөргө чоң кеме минген ак кишилер сүзүп өтөт деген аңызды көп уккан Эмрайин. Өзү аларга эч качан жолуккан эмес, көптү билген көпөстөрдөн уккан. Көпөстөрдүн билбегени жок, атүгүл кээ бирлери ак кишилердин алиги тоодой чоң кемелерине түшүп сүзгөмүн деп айтышкан. Күн ачылып кеткидей болсо, уулунун таалайы болуп, чоң кемеге жолу туш келсе, ошондо чоң кемедеги ак кишилер кең океан бетиндеги нивхи каяк-кайыкты байкашса, мына ошондо гана уулу аман калгысы бардыр. Бар болгону ушул үмүт, ойго келгис түгүл, түшкө киргис араңжан үмүт, деле боло койгус үмүт, антсе да тирүү жанга куру үмүт эмеспи.

Ажырашаар алдында Эмрайин уулуна ушуларды айтайын деген. Анан дагы Кирискеге деми токтогуча, акыл-эси өчкөнчө кайыктан кетпейсиң деп катуу айтып, аманат сөз калтырмакчы. Ичер суусу түгөнүп, арга жок өлөр болсо, кайыкта өлгөнү артык, Орган менен Мылгун башка арга жоктон кайыктан секирип өлүштү, азыр атасы да айласыздан ошентет, бирок баланы антпегин деп катуу тапшырып, муну да аманат айтып кетмекчи. Тагдырдын катаалдыгына моюн сунуп, баш ийбеске чара жок... Бирок он бирдеги жалгыз уулу учу-кыйырсыз ээн дүйнөдө жалгыз кайык минип, жалгыз калабы бу жылчыгы жок туманда, чет-жакасы жок деңизде ачкалык менен суусундун азабына жаны кыйналып, мандайында караан болор жакыны жок жалгыз жатып өлөбү деген ой Эмрайинди муздак терге салып

www.bizdin.kg

калчылдатып, шаштысын кетирди. Ошондо уулун жалгыз таштап кете албасын билди, өлсө бирге өлгөн артык деген ойго такалды…

Түн биротоло карайды. Кайрадан деңиз бетинде тумандуу түндүн капкара караңгысы орноду. Күндүзү көзү жок туман ичинде бир жакка багыт алып сүзүү кажетсиз болгон соң, түнкүсүн төтөн маанисиз эле. Кайык бир ордунда калкып турду. Күн ырайы өзгөрөттөн бир белги жок. Деңиз дем албай өлүү жатты.

Ата-бала кайыктын түбүнө бооролошо кучакташып жатты. Атада да уйку жок, балада да уйку жок. Эртең эмне болот, эртеңке чейин эмне болотту ойлоп, ачкалык менен суунун азабын тартып жатты…

Боорундагы Кириск атасынын кийинки күндөрү канчалык арыктаганын, денеси кичирейип, дем алса көкүрөк сөөгү оркоюп турганын байкады. Баштагы кайратынан жазбаган сакалы гана калыптыр. Атасынын бооруна бекем жабышып, ачуу жашын ичине соруп улутунуп жатып, бала ошол түнү башта сезбеген баланын атага байланган жан биримдигин билди. Башта ал атасына окшош экенине сыймыктанып, атасынын жүргөн-турганын туурачу, атасындай болгусу келчү, эми болсо ата деген эмне экенин түшүнүп жатты, атасы – ал өзү экенин, өзү – атасынын уландысы экенин түшүнүп жатты. Ошондон улам атасын өзүндөй аяды, өзүнөн бетер аяды. Эми Кириск чычканга чындап жалынды, атасы экөөнө тең суу апкелип беришин суранды:

Чычкан аке, суу берчи!
Чычкан аке, суу берчи!

Улам күчөп жанын кыйнап, иче-карды жыйрылып мыкчылып, суусаганы жалын болуп өрттөп баратканы менен Эмрайин азыр өзүнө суу тилеп ой ойлонбоду. Ичи күйүп-бышып баратты, жалын аймалаган мештин ичинен бетер кургап, ысып баратты. Башы гүүлдөп, мээси кургап, чаң-тозоң болуп учуп кеткендей. Мылгундун өлөр алдындагы далбас урган кыйноосун ал эми түшүндү. Сууну ойлоп, кана жутсам деп эңсөөнүн ага азыр эч кандай мааниси жок эле. Эгер уулу болбосо, ушул акыркы түндө бүрүшүп бооруна коргололоп жаткан уулу болбосо Эмрайин жан чыдагыс кыйноосун бая эле токтотмок. Уулу деп, аман калыш үмүттүн баары үзүлсө да, ошого карабай акыркынын акыркы аргасы менен коргоп калгысы келген уулу деп, аз болсо да анын жашоосун улантып калыштын амалы менен караан болуп жаткан уулу үчүн деп, атанын үмүтсүз далбасы эми ушу болду. Ушул уулу деп ал азыр кайыктан секирип кетмей болуп жатты. Бирок ушул уулу деп секирүүгө, уулун тагдырдын ырайымсыз чеңгелине жалгыз таштап кетүүгө даабай жатты. Бирок кечиктире бериш, созо бериш да жаман эле – чымырканып акыркы кайратын жыйнаар чамасы азайып баратты…

www.bizdin.kg

– Атанын ичер суусу түгөнүп баратты…

Ушунун баарын уулуна кандай сөз менен кантип түшүндүрө алмак? Уулум – деп уулун таштап кетерин уулуна кантип айта алмак?

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты…

– Ата! – деп шыбырады Кириск анын оюн туюп жаткансып, анан дагы бекемирээк атанын бооруна жабышып, чычкандан суу сурады:

Чычкан аке, суу берчи!..
Чычкан аке, суу берчи!

Эмрайин жаны кейигенине чыдабай тиштенип, онтоп жиберди, уулуна эчтеке айта албады. Оюнда ал уулу менен коштошуп, коштошуусу улам созулган сайын сууга боюн таштоо кыйын боло берди. Өткөн өмүрүнүн баары ушу бүгүнкү түндүн башталышы гана болгонун Эмрайин ушул түнү түшүндү. Анын туулганы да, азыр өлүп баратканы да мынабу уулуңда калыш үчүн, уулуңда уланыш үчүн тура. Уулу менен унчукпай коштошуп жатып, ата ушуну ойлоду. Өзүн өлүмгө берер алдында Эмрайин керемет жаңылык ачты: жан берип, көз жумганга чейин уулунда уланыш үчүн ал өмүр бою ушул Эмрайин болуп жашап келген тура. Бул улуу чындыкты буга чейин ойлобогон болсо, а дагы күндөлүк тиричиликтин алаксытканы.

Ырас, мындай ой мурда деле кээ кезде чагылгандай жарк этип өчкөн учурлар болгон. Маркум Мылгун жана да башка туугандары болуп, бир жолу токойдон карагай кескени көз алдына келди. Төбөсү көк тиреген кучак жеткис байкарагай түбүнөн кесилип, кулай баштаган эле. Ошол маалда Эмрайин негедир карагай кулай турган тушка туруп калыптыр. Зор карагай асманды как жарып, жолундагынын баарын кыйратып кулап келе жатканда наркы тургандар жабыла кыйкырып калышты.

– Кач!

Эмрайин нес боло түштү. Качууга да кеч болуп калган эле. Төбөсү менен асманды аласалдырып, токой чамгарагында ээлеп турган ордун аңырайта ачып, токой ичин жаңырта качырап, зор карагай кайра тургус болуп, дал үстүнө кулап келатты. Ошол көз ирмемде Эмрайиндин оюна жалгыз Кириск келиптир. Анда уулу кичинекей, кызы Псулк туула элек. Ошол көз ирмемде, өлүмдүн босогосунда туруп уулун гана ойлоптур, башка эчтеме эсине келбей, өлсөм уулум кантет деп ойлоптур. Карагай күркүрөп келип жанына кулады, чаң аралаш абанын эпкини бетке тепти. Эмрайин тирүү калганына тыякта тургандар жеңилдене дем алды.

Ошол окуяны эстеп, Эмрайин бүт өмүрүнүн мааниси ушу Кирискеге байланыштуу экенин, өмүрүндө аталык сезимден артык, андан күчтүү сезим жоктугун азыр түшүндү. Азыр Кирискеге ушуну

www.bizdin.kg

айткысы келди да, кайра баланын мазасын албайын деп тим болду. Баланын алы ансыз да кыйын эле…

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты…

Чычкан акем, суу берчи!
Чычкан акем, суу берчи!

Атанын ичер суусу түгөнүп баратты…

Унутууга кыйбаган, эстен чыккыс дагы эки-үч эскирмеси бар эле. Убакыт кысып келсе да аларын эстеп албай кете бергиси келбеди. Кайыктан кетерин бекем түйүп, эми ал эсте жүргөн эртегилери менен коштошуп жатты.

Аялын ал алгачкы күндөн эле сүйүп, ушу күнгө чейин жакшы көрүп келди. Ар качан ал деңизге чыкканда эмнени ойлосо аялы да үйдө отуруп ошону ойлойт экен. Кошулган күндөн тартып ошондой болду. Эри деңизде жүрүп эмне ойлонорун үйдө аялы билчү, ошондой эле аялынын үйдөгү ойлорун алыстагы эри биле турган… Алыстан бири-биринин оюн туйгандары экөөнүн ортосундагы эч ким билбес сыр болгон.

Аялынын боюна Кириск жаңы бүтүп, али уул экени, же кыз экени белгисиз кезде эле уудан кайткан Эмрайин озуна сүйүнчүлөдү:

– Экөөбүз уулдуу болобузбу дейм?

– Акырын, жин-пери угуп койбосун! – деп аялы коркуп да кетти, көздөрү жалжылдап сүйүнүп да турду. – Аны кайдан билесиң?

– Өзүң ойлободуңбу бүгүн. Уулдуу болсом деп ойлободуңбу.

– А сенчи?

– Сенин ойлоруңду мен сезеримди билесиң да. Сен эмне ойлосоң мен да ошону ойлодум.

– Сен уулдуу болсом деп ойлоп, каалап жүргөнүңөн мен да ошону ойлогом…

Акыры айткандары келди. Сезим алдабады. Аялы ай-күнүнө жетип, көз жарар маал чукул калган. Курсагын чедирейтип, ошондо аялы эринин тери шымын кийип жүрдү. Мунуң эмне дегенде, сен алыста жүргөндө эркектин деми денемде жүрсүн дедим, антпесе бала чабал болуп калат деп түшүндүрдү. Ошол кезде аялы кырк курак кийим кийсе да андан сулуу, андан сүйкүмдүү аялзаты жок эле Эмрайинге.

Ким туулар экен, кимдин ата-энеси болор экенбиз деп кубанып да, апкаарып да жүргөн бир сонун күндөр эле ал кез…

Ошо бала ушу Кириск экен…

Эми ушу бала менен, ушу балага байланыштуу бардык кымбатынан түбөлүк ажырай турган чак келип турат.

www.bizdin.kg

Анан дагы бир жолу, Кириск анда эсебиңкиреп калган, апасы бирдемеден улам ачууланып, сен жокто жаным тынч эле деп калды.

Балага бул сөз катуу тийиптир.

– Мен жокто мен кайда элем? – деп жаңы келген атасына жабышып алса болобу.

Ана күлкү десең... Аялы экөө үн чыгарбай көздөрү менен жымыңдашты. Эмрайин уулуна ал жокто кайда болгонун айтып бере албаганына аялынын боору катып, жыргап жатты.

Азыр болсо атасы айтып берер эле: сен туула электе менин канымда, менин белимде болчусуң. Менин белимен апаңын беденине түшүп, мени кайталап жаралдың. Эми мен өтсөм сенде калам, сенин балдарыңда, балдарыңын балдарында уланам деп түшүндүрүп берер эле...

Азыр ушинтип айтар эле, өлөр алдында ушинтип айтып кетсе арманы болбос эле, бирок эми айтууга чоло калбады. Анын тукуму үзүлө турган болду. Эң эле ашып кетсе Кириск дагы эки же үч күн жашаар, андан аша албайт, шордуу ата ушуну жакшы билип отурат. Уулум деп өзү өлүп баратканына кыйналбады, акылына сыйбай азабы өзөгүн өрттөп, жанын кыйнап жатканы – баласы да өлүп, ошону менен тукум курут болгону кыйнап жатты...

Баласына дагы бир айтайын деген керээзи, калган өмүрүндө көзү өткөн Орган менен Мылгунду ыраазылык менен эскере жүр демекчи. Алар эми жок, бирөө эскереби-жокпу, аларга баары бир, бирок өлгөндөрдү эскерүү тирүүлөрдүн өздөрүнө керек. Көзүң жумулуп баратканда да мурда өтүп кеткендерди кошо ойлоо керек. Өлөр алдында да жакшы адамдарды ыраазылык менен эскерүү сооп болот демекчи.

Кайра ойлонуп айтпады, уулунун өз акылы жетер деп жөн койду...

* * *

Кириск ойгонуп алып, мурдагы түндөргө караганда жылуу уктаганына таң калды. Көрсө, үстүнө атасы тонун жаап коюптур. Бала көзүн ачып, башын көтөрдү – караса, кайыкта атасы жок. Бала ордунан учуп туруп, кайыктын ичин тинтип сыйпалап чыкты да, тумандуу караңгы түн басып турган деңиздин бетин жаңырта бакырып ыйлап жиберди. Баланын зар какшаган үнү көпкө басылбай турду. Жан доошу чыга ыйлаган бала акыры алсырап барып кулады да, башын кайыктын бооруна ургулап, үнү кышылдап жатып калды. Бул ый атаны жоктогон кайгысы эле, ата-бабасын жоктогон арманы эле, атасына багыштаган өмүр акысы эле...

Башын көтөрө албай, көзүн ача албай бала кайыктын түбүндө жатты. Өзүн коёр орду жок калды, көз токтотор карааны жок калды. Те-

www.bizdin.kg

ребел баягысындай эле боз күүгүм туман астында тунжурайт, деңиз гана кайыкты бир ордунда тегерете чайпап, уйкусурап түйшөлгөн зор жаныбардын жонундай эрине кыймылдап жатат.

Кириск өзүн өзү күнөөлөп, түндө тырп этпей уктап калганына өкүнүп, өксөп-өксөп ыйлады. Эгер уйку душман болбогондо атасын өлсө жибермек беле? Аны кайыктан секиртпей этегине эрмешип, жакасына жармашпайт беле. Минтип жападан жалгыз шорлоп калганча атасы экөө мобу кайыктын ичинде ачкалык менен суусуздан бирге өлбөйт беле. Түндө уктап жатып кайыктын катуу солк эткенин сезгендей болду эле, ошондо ордунан ыргып туруп, кыйкырбайт беле. Аттиң-ай, кайран ата! Ошенткенде атасын аман сактап калбайт беле. Болбосо атасынын артынан мобу деңиздин түпсүз туңгуюгуна кошо кетпейт беле!

Бала тула бою калчылдап жатып, үнү чыкпай солуктап ыйлап жатып, эстен тана уктап кетти. Бир топтон соң алиги кайгыга турушпак бере албай качып жоголгон суусаганы эсесин алгандай кайрадан күчөп келди. Бала уйкуда жатып ичин өрт алып баратканын сезип жатты. Өрт алоосу ичин жалап, демин бүтөп, тумчуктуруп баратканда бала эптеп сойлоп кол бочкеге жетти. Атасы байкуш атайылап бочкенин тыгынын бошотуп, ожоону жайына коюп кетиптир. Кириск кичине суу куюп ичип, кургап калган тамагын жибитти, жабышып калган эриндери ачылып, карышкан жаагы бошогондой болду. Дагы куюп ичкиси келип, бирок карманды. Эми кеп болсо эки жутум суу калган...

Анан шылкыйып отуруп, эмне үчүн атасы эчтеме айтпай кеткенин ойлонду. Атасы менен бирге чөгүп өлүштөн коркпойт эле го. Эми коркунуч менен жалгыздык колу-бутун тушап салгансып, кайыктын кырын ашканга даабай отурат. Бирок баары бир күчүн жыйып алып, ал да ошентмек болду...

Түш болду окшойт, же түш ооп деле калгандыр. Тумандын коюну суюлуңку тартканынан улам Кирискеге ошондой сезилет. Демек, күн төбөдө. Бирок Улуу тумандын деңизге чөккөн улуу магдыроосун күндүн нуру тешип өтө албай жатат окшойт. Анткен менен туман улам суюлуңкурап, жыгач отундун түтүнү мисал көгүш тартып барат. Ошондо деле аркан боюнан наркы жер көрүнбөйт, туман менен суу биригип түнөрөт.

Сүзөр жагы жок, бар болгон күндө да калак шилээр алы жок. Кайыктын кырында суналып ээсиз жаткан атасы менен Мылгун акесинин калактарын карап отуруп, баланын зээни кейиди. Кайык эми өз бетинче жылжып, туман ичинде дайынсыз багытка кетип баратты. Ээн теребел жалгыздыгын айгинелеп, аза бойду дүркүрөтөт, түпөйүл коркунуч желкеден басат.

www.bizdin.kg

Кечке жуук бала суу ичпей чыдай албады. Ачкалыктан алы кетип, башы айланды. Кыймылдагысы да келбейт, тыяк-быягын карагысы да келбейт. Бочкеге жетиши да кыйын болуп калды. Тизелеп жылып баратып, чарчагандан эки-үч токтоп эс алды. Жакында таптакыр кыбырай албай каларын билди Кириск. Колун бетине тийгизип көрүп, жүрөгү шуу этти: былтыр өлгөн тыйын чычкандын куурап калган куйругунан бетер колу чийдей ничкерип, катып калыптыр.

Бу жолу бала сууну адаттагысынан көбүрөөк ичти. Бочкенин түбүндө калган суу эми бир жутумга жетсе арак жетер. Анан түгөнөт. Бир тамчы калбайт. Бирок балага эми баары бир. Эмне болсо да иче бергиси келди, кангыча ичкиси келди. Ачкалыгы да анча сезилбей тек ичин мыкчыган оору тынбай сыздап жатат.

Бала алданечен эстен танып кетип, кайра эсине арак келип турду. Кайык болсо өз бетинче каңгып, жан кирген толкундардын жетегинде туман аралап барат.

Бир учурда бала чындап кайыктан секирмей болду. Бирок алы келбеди. Тизелеп арак туруп, кайыктын кырына арак артылды. Эки колу сыртта салаңдап, денесин ашырып сала албай көпкө жатты. Бара-бара таптакыр алсырап, калган сууну ичүү да оюна келбей калды.

Кайыктын түбүндө жатып, сыздап ыйлайт, суу ташыгыч чычканын чакырат:

Чычкан акем, суу берчи!

Бирок чычкан кургур келбейт, бала ансайын күчөп суусайт. Жылаңачтанып алып булактын суусуна кирингen жай эсине келет. Анда жетиге жаңы толгон кези болуш керек. Ошол жылы жай ысык болгон. Токойдун четинде күн кайнайт. Ошерден мөмө теришчү. Анан киринишчү. Апасы менен таэжеси да кирингen. Ал экөө Кириskеден уялып деле койчу эмес. Экөө тең чечинип салып, сорулары күлтүндөп, эки колдоп эмчектерин баскан бойдон сууга ичиркене киришет. Ошондо да чыңырып, суу чачкылап жатып киришет. Кириск суу бойлой жүгүрүп келип, кемерден иримге секирсе тиги экөө чалкалай каткырат. Айрыкча апасы: «Карасаң, куду эле атасы!» – деп сиңдисине көрсөтө каткыра күлөт. Анан экөө ойноктоп бирдеме шыбырашып алып, ойсоктой дагы каткырышат... Суу болсо арыгында тынбай агып жатат, каалашыңча ич, каалашыңча кирине бер...

Чычкан акем, суу берчи!

Азыр да ошо суу боюнда жүргөндөй болду Кириск. Азыр да ысык жайдын күнү болуп, ал дырдай жылаңач киринип жүрөт. Мына ал суу бойлой жүгүрүп, кемер жээктеп иримге секирди, бирок негедир суу салкынын сезбеди. Бу жолку суу кандайдыр колго жукпаган

www.bizdin.kg

туман өңдүү суу экен. Ал туманга киринип жаткан тура. Бирок чыйрыктырып, үшүтүп барат. Апасы болсо күлбөй эле, ыйлап турат. «Карасаң, карасаң, куду эле атасынын өзү!» – деп бирөөгө көрсөтүп жатат, өксүп-өксүп ыйлайт... Көздөн аккан шор жашы бетин жууйт...

Түн бир оокумда Кириск кайыкты катуу чайкаган толкундун шуусунан ойгонду. Төбөсүнөн жылдыздарды көрө коюп, бала өңгөчүн үзө алсыз үн чыгарды. Көптө күткөн жылдыздар мына! Кара кочкул асман бетинде, тытылып өтүп жаткан булуттардын арасынан жылдыздар жымың-жымың этишет. Атүгүл ай да көрүндү, улам бир булутка кирип кетип, кайра чыгат ай!

Бала аң-таң: жылдыздар жымыңдайт, ай жүрөт ойноп, шамал согуп турат арылдап, деңизге жан кириптир, толкундар түрмөктөлүп айдалат – тирүүчүлүктүн жаны ушул эмеспи! Куугунтук жеген туман дале калыптыр ар-ар жерде уурданып, кайык аларга кире бергенде кайра баягы өлүү жагдай, бирок анысы эми көпкө созулбайт. Улуу туман чөккөн жеринен турган экен, шамалдын эпкинине ордунан козголгон экен, эми тытылып өзү каңгый баштаган экен.

Жылдыздарды карай берип, бала көзүнө жаш алды. Калак шилээр алы жок, жылдыз болжоп багыт белгилегенди билбейт – бала баягысындай эле алсыз, жалгыз, кароосуз. Бирок толкундун шуулдашына, шамалдын жүрүшүнө, кайыктын толкун минип кайкып баратканына бала кубанды.

Ал кубаныч менен кайгысына ыйлады, дүйнө дааналанып, деңизге жан киргенине ыйлады, эгер ичер суум болсо, наар алар тамагым болсо бу турмушту дагы эле жакшы көрөт элем деп ыйлады. Бирок ордунан тура албасын, ичер суусу түгөнүп, күнү бүтүп баратканын, аздан соң суусап жатып өлөрүн билип жатты...

Кайык болсо толкундан толкунга артыла кайкып, сергек сүзүп баратты. Толкундун агымын ээрчип, калагы жок, башкаруусу жок баратты. Эми тумандын адашкан түйдөктөрү да сейрек кездешип, түнкү деңиз майданы кеңейгенден кеңейип, түн караңгылыгы да мурдагы ың-жыңсыз өлүү караңгылык эмес, өң-түсү бар, жылдызы бар тирүү караңгылык болуп калды. Эми адашкан туман түйдөктөрү качып бараткан жомок желмогуздарындай шамалдын айдоосунда улам бир укмуш элес берип баратат. Ал элестер пайда боло калат да, кайра бирин бири түрткүлөшүп, аралашып, суюлуп жок болуп кетет.

Булуттардын арасынан ай көрүнгөндөн баштап деңиз бети бирде жалтылдап, кайра өчүп, кайра жалтылдап, кайра өчүп, жыбырап жан кирди. Үн салбай жымыңдаган жылдыздарды карап отуруп, Кирискенин ою он, санаасы сан: «Кайсы бириң мени сактаган жылдыз болдуң экен? Кайсының Орган аткычхтын, кайсының Мылгун акемин, кайсының менин атам Эмрайиндин жылдызысыңар? Бу

www.bizdin.kg

күндөрү силер көрүнбөй зар кылдыңар. Силер да туман арасынан бизди көрө албадыңар. Эми мына мен жалгыз калдым, кайда сүзөрүмдү билбей отурам. Бирок эми коркпоймун, анткени силерди көрүп отурам. Болгону гана кайсыңар кимдин жылдызы болду экенсиңер, ошону билбейм. Биздин башыбызга түшкөн мүшкүлгө силер айыптуу эмессиңер. Деңиз бетинен бизди көрө албадыңар да. Мына эми мен жалгыз. Ал үчөө сүзүп кетишти. Жылдыздар, ал үчөө силерди абдан жакшы көрүшчү. Силерди болжоп жол тапсак деп алар абдан күтүштү. Жылдыздар алдабайт деп айткан Орган аткычх. Ал мага үйрөтөм деди эле... Бирок мындай болгонуна силерде күнөө жок. Менин өлөрүмө да аз калды. Ичер суум жок, кыбыроого алым жок, анан калса кайда сүзөрдү билбейм... Азганакей суу калган, бир ууртам гана суу калган, азыр аны ичейин, чыдабай өлүп баратам. Бүгүн туздуу балык салынган дорбонун бир бурчун чайнадым эле, ал нерпанын терисинен тигилген эмеспи. Эми чыдагыдай эмесмин, ошо дорбонуку го, жүрөгүм айланып, ичим аңтарылып келатат... Калган сууму ичейин. Эгер кайра көрүшпөсөк, жылдыздар, силерге айтар сөзүм бар: Орган аткычх, Мылгун акем жана атам Эмрайин силерди абдан жакшы көрүшчү... Эгер түндөн аман чыксам, силер менен таң эртең коштошом...»

Кайык кайрадан калың туманга кирди. Көзгө көрүнгөндүн баары кайрадан жоголду. Бирок шамал айдап, толкун жетелеген кайык жанагысындай сүзүп баратты. Балага эми баары бир болуп калды. Биротоло сасып калган суунун саркындысын жутуп алды да, бала бош бочкенин жанына, кайыктын сорусундагы Орган чоң атасынын ордуна жатып калды. Ал өлүүгө камынды, ошол үчүн туман коркута албады. Жылдыздар көрүнбөй калды, коштошо албай кетет экем го деп, бала ошого кейиди... Ал уламдан-улам начарлай берди...

Уйку-соонун ортосунда чала жөөлүп бала жатты. Канча убакыт өткөнү билинбеди. Түн жарымы оодубу, же таң атары жакын калдыбы – белгисиз. Шамал айдаган түтүндөй тыбыт туман деңиз бетинде чубалат.

Тагдырдын да тагдыры бар. Бала угат беле, же укпай калат беле, бирок укту. Күүгүм мунарыкты күчтүү канаты абаны шуулдата жарып, кайык үстүнөн куш учуп өткөндөй болду. Бала ошол шоокумду укту. Силкинип ойгоно калып, көз ирмемдин ичинде бала үстүнөн учуп өткөн чын эле куш экенин, кош канатын кең каккан, күчтүү, чоң куш экенин көрүп калды.

– Агүкүк! – деп бакырып ийди бала. – Ак үкү! – Ошентти да, түндүк уюл үкүсүнүн кеткен багытын, шамалдын багытын болжолдоп калды. Шамал сол тараптан согуп, желкесинин сол ныптасына, сол кулагынын түбүнө тийип жатканын белгиледи.

www.bizdin.kg

– Ак үкү! – деп дагы кыйкырды да, денеси чыйралып, Орган чоң атанын кайык башкарчу калагын кармады, ак үкү учуп кеткен багытка кайыкты салды.

Кириск баш калакты бек кармап чымырканды, боюнда калган саркынды күчүн бүт жыйнап ойготуп, башка эчтемени ойлобой, шамалдын огу менен ак үкүнүн учуп кеткен багытын гана ойлоп жүрүп отурду.

Уюл үкүсүнүн каяктан каякка учуп бараткаңы белгисиз эле. Жерден кайсы бир аралгабы, же аралдан жерге кеттиби? Бул куш деңиз бетинде кургакты көздөй түз учат деген Органдын сөзү баланын эсинде. Туман, түнгө карабай уча берген эң күчтүү куш ушул. Эми Кириск ошону ээрчип баратты.

Кайык толкундан толкунга артылат. Шамал бир калыпта согуп турат. Күүгүм мунарык аз-аздап суюлуп, асмандын этек жактары жээктене баштаган. Бет алдыда, дал эле баланын маңдай тушунда кара-көк асман бетинде жалгыз бир жылдыз жаркырап бөлүнөт. Ошол жылдыз дал жаңкы Кириск кайыктын тумшугун түздөгөн багытта экенин белгилеп койду. Ак үкү ошол тарапка учуп кеткен, демек, ушу жылдызды ээрчип, ушу жылдызды карманып, ушу жылдызды көздөй сүзө бериш керек деди Кириск. Бу кайсы жылдыз экенин билбейт, бирок андан эми көз айрыбады. Желкеден соккон шамалдын багытын, күчүн баамдап отурду.

«Күчүңөн жазба, шамал, кетпегин. Сени эмне деп аташарын билбейм. Орган чоң атам болсо айтып бермек. Сен мага тууган бол. Кетпегин, шамал, бурулбагын башка тарапка. Кааласаң каалаганыңдай сого бересиң да. Мага жардамдаш, шамал, кетпегин. Мен да сенин атыңды билип алармын, анан дайыма атыңан чакырып жүрөрмүн. Жактырсаң Орган шамал дейин сени? Чоң атам Органдын атын коёюн. Орган шамал деп дайыма айтып жүргөнүмө жакшы. Сен да мени билип каласың...»

Ушинтип жолулаш шамалды үгүттөп, ага эрки менен жанын тапшырып, жалынып баратты бала. Көзү жол көрсөткөн жылдыздан айрылбайт. «Сени жакшы көрөм, жылдызым, – дейт бала. – Сен алдымда эң бийикте, эң алыста турасың. Жылдыздардын эң чоңу, эң сулуусу сенсиң. Суранам, кетпесең, өчпөсөң, ордуңда турсаң. Мен сага сүзүп баратам. Сени көздөп кетти ак үкү. Сен тарапта же арал, же жер бар. Арал болсо да мейли, аралга жетип өлөйүн. Кетпесең, өчпөсөң, жылдызым. Атыңы билбейт экем, ал үчүн мага ачууланба. Сенин атыңы сурай албай калыпмын. Атам Эмрайин болгондо айтып бермек. Жактырсаң атамын аты менен атайын, сени дайым Эмрайин жылдызы деп жүрөйүн. Макулбу? Асмандан жаркырап көрүнгөнүңдө сени менен учурашып, атыңды шыбырап айтып турайын.

www.bizdin.kg

Сен азыр мага жардам бер, Эмрайин жылдызы, эртелеп кетпегин, эртелеп өчпөгүн, окус булутка жашына калбагын...»

Ушинтип жол көрсөткөн жылдызга жалынып баратты бала. Анан агы толкундарга жалынды: «Толкундар, силер азыр кайыгымды айдап келатасыңар, мунуңар жакшы. Мен силерди Мылгун акенин толкундары деп жүрөйүн. Ак үкү кеткен тарапка түрүлүп силер баратасыңар. Каалаган жагыңарга каалаганча узак убакыт кете берсеңер болот да? Жолдон бурулуп кетпегиле, Мылгун акенин толкундары. Калак шилеп ылдамдасам болор эле, алым жок. Карагылачы, силердин жетегиңерде баратам. Аман калсам дайым эсимде болсун; силер Орган чоң атанын шамалынын огу менен, Эмрайиндин жылдызын көздөй толкуйсуңар. Мылгун акенин толкундары жанга жолдош толкундар деп элге жаям! Жардам бергиле мага, Мылгун акенин толкундары. Мени таштап кетпегиле...»

Жылдыздардын арасынан Эмрайин жылдызы узак турду жаркырап. Таң атканда ээн асманда жалгыз ошол жылдыз калды. Таңга маал өзгөчө нурланып жаркырады да, анан агарып келаткан таңдын абасында назик ак чекит болуп көпкө көрүнүп турду.

Ушинтип таң да атты. Анан деңиз үстүнөн балбылдап күн чыкты. Кириск кубанып да, коркуп да кетти. Күндү көрүп кубанды, деңиздин дале учу-кыйыры көрүнбөгөн кеңдигинен коркту. Күн нуруна көгүш тартып, муздак жылтылдап, деңиз тик астыңы карасаң баягысындай эле кара түнөрүк, айланаңды карасаң баягысындай эле ээн. Бала шамалдын огуңан тайгылбай эсте калган багытынан адашпай сүзө беришке баш калакты калчылдай уштап келет. Бирок антип көпкө чыдаар ал жок эле...

Көзү караңгылап деңиз коңторулуп, башы айланып кеткенин бир билет бала...

Кайык болсо өз бетинче кете берди...

Бала эсин жыйган кезде күн бешим ооп калган экен. Калтыраган колдору менен бир таянып, бир тартынып отуруп, эптеп тырмышып кайыктын сорусуна чыгып отурду да, башы айланганы басылганча көзүн ачпады. Анан эки жагын каранды. Кайык толкундун жетегинде бараткан экен. Деңиз бети көз жеткен тегеректин баарында күн нуруна жыбырап, миң кубулуп ойноп, кулпуруп жаткан экен.

Кириск бет алдын карап алып, көзүн укалап кайра карады да, нес боло түштү. Түз маңдайынан деңиздин кара-көк жонун ашып, баланы көздөй Ала дөбөт жортуп чыгып келатыптыр. Ала дөбөт тосуп чыгып келатыптыр! Кайран гана Ала дөбөт!

Деңиздин кыйырынан чыбырлуу бозомук жээк да көрүндү. Бирок ак кулак, ала боор Ала-Дөбөт чыбыр арасынан барааңданып бөлүнүп, этегиндеги буурул толкун тынбай урунган аскалуу жээк да тааныла

www.bizdin.kg

баштады. Жээк кайып учкан ак чардактардын үндөрү төбөсүнөн угулду. Баланы алгач ак чардактар көрдү. Ала-Дөбөттүн чокусунан белги кылып жаккан улуу оттун быкшыган түтүнү көккө буралат...

Деңиз бойлой жорткон Ала дөбөтүм,
Кыйын жолдон жалгыз кайттым мен өзүм,
Жанымда жок Орган кары чоң атам,
Жанымда жок Эмрайин өз атам,
Жанымда жок Мылгун аке, карасаң,
Ал үчөөнүн айтам жайын сурасаң.
Обол суу бер, чаңкап өлүп келатам...

Өмүр бою ырдап жүрүп өтө турган өзүнүн төл ырынын башы ушул болорун Кириск өзү да түшүндү...

Деңиз күркүрөп келип, аска ташка соктугат да, алсырап кайра тартат. Ага чыдап араң турган кара жер өпкө кагып онтоп алат, бирок солк этип козголбойт.

Бул айыгыш күн күндүз болуп туулуп, түн түнкүсү болуп жаралган дүйнөнүн башталышы жок башынан бери келаткан кармаш. Бул кармаш түбү жок мезгилдин ичинде жер-жер бойдон, суу-суу бойдон боло бергичекти күнү-түнү басылгыс кармаш.

Күндүзү күн, түнү түн түбү тешик дүйнөнүн түбүнө чейин жүрө берер кармаш...

...Ошентип дагы бир түн уюп турду...

Деңиз бетинде Орган шамал арылдап, Мылгун аке толкундар түрүлүп, агарып таң атып келаткан асман шаңында балбылдаган Эмрайин жылдызы жаркырайт.

...Дагы бир таң атып келатты...

Байтик айылы. Декабрь, 1976–январь, 1977.

www.bizdin.kg



Айжаркын ЭРГЕШОВА

1973-жылы Ноокат районунун Кичи-Алай айылында туулган. ОшМУнун кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. Ош шаарында мугалим, КР ЖКда кызматкер, ММКларда журналист болуп иштеген.

«Сиз», «Жүрөктөгү арал» ж.б. китептеринин автору.

Поэзия

Туулган күн

Туулдум... бирок билбейм эмне келдим,
Жарыкка чындыгынан жалганы көп,
Сүйүүдөн жек көрүү арбын, алдоо арбын,
Дил жарган кубануудан арманы көп...

Жарыкка неге келдим деген суроо,
Ушу азыр көңүлүмдү турат тилип.
Апамдын оорун колдон ала албадым,
Түйшүктөн кыйналганын билип туруп....

Элите көөдөн жарган сыйтык болуп,
Жашоого сүрткөн жоктун жаркын жарык...
Сага АТА санаа болдум узун түндө,
Бактымдын терезеси сынып калып...

Уулума жакшы эне боло албадым,
Биздин үй бир ыптасы турат кетип.
Ыр гана жөлөк, мага бир дем,
Азыр да жалгыз жанга ырым шерик...

* * *

Кымбатым... Кымбаттыгың эми сездим,
Жанымды жалгыздык, муң тычкыганда.
Жүрөгүм ээн, бопбош, дүлөй, тыптынч,
Айланды дүйнөм элсиз туздак жайга.

www.bizdin.kg

Карегим карыктырып алыстасың,
Сезбейсиң тумчукканым кусалыктан,
Тез атчу таңдар азыр атпай калды,
Эрмегим SMSтер аалам баткан...

✲ ✲ ✲

Түн бир оокум куштар уктайт, гүл уктайт,
Сен да жаным уктап жаткан чыгаарсың.
Кирпик калем, жашым сыя, дил барак,
Ыр-сап сурайт тынчын алып Кудайдын.

✲ ✲ ✲

Кабарындай бороондун...
Келди SMS...
Мен селт эттим... сен да эки бөлүндүң.
А дилиңде турдук экен кимибиз,
Жүрөгүт ай, дал-далынан сөгүлдүң...

Кучагыңда мен...
Телефондо SMS...
Кимдигибиз билбей үнсүз буулуктук...
Бейтааныш кыз.., сен да мендей жансыңбы?
Бар деп билген сүйүү деген улуктук...

Кучагыңда мен...
Телефондо SMS...

✲ ✲ ✲

Келдим жалгыз... билбейм келер-келбесиң
Ээн, муздак Сүйүү аттуу зор бекет.
Жолукканча көңүл үчүн же аяп,
Сүйүп туруп... муңга бөлөп таштап кет...

✲ ✲ ✲

Эч бир жанга кылбасак да жамандык,
Биз тууралуу билип-билбей айтышты.
Ууланды эх, ушактарга сезимдер.
Адам уулу ушунчалык байкушпу...

www.bizdin.kg

Коргой албай жалган сөздөн ышкымды,
Алсыз экем.., сынып турдут кайрылып.
Жүрөгүмдү кемирет оо-у бир ыза,
Көкүрөгүп тиреп турат кайгы, бук.

Кечир сезим, кечир бизди пендени,
Сөздөн кылыч, уу көтөрүп жүгүргөн.
Досум менен сыр бөлүшүп кечээ эле,
Ошол сырдан күйүп турам бүгүн мен.

Коштошуу ыры

Ар бир күндүн батаары бар кымбатым,
Кош бол эми, артта калды ак таңдар.
Ыйлабаймын, санаа тартпа чөгөт – деп.
Бул жашоодо мындан да оор жагдай бар.

Тээ түпкүрдө жүрөр даамы эрдиңдин
Жазда, күздө жүрөгүмдү сыздатып.
Бар болгону сөз тийгизбе сезимге
Балапандай ал шордууда не жазык.

Кечир мени, актабадым күтүүңдү
Сен сатаган селки боло албадым.
Айланбадым жомогуңа айтылчу,
Карегиңде сүрөт сымал калбадым...

Бирок билем, бир керемет талаада,
Жазда жаштай ысык жамгыр жаарын...
Шамал жоктоор качанкы бир жакшы ырды,
Булут болор тымызын бир жабыгуум...

Кеттим сенден, балким, менден сен кеттиң.
Азыр баары жуксуз, изсиз, таанисиз.
Жаз өмүрү кыска болду кантели,
Байырлады бир талааны муздак күз.

www.bizdin.kg

* * *

Мен да сүйдүм, сен да сүйдүң от болуп,
Сүйбөй туруп байкуш гана жолуктак.
Сезимдерди атып чыккан октолуп,
Бийиктигиң турчу сенин толуктап.

Бийик бойдон калдың менде, от бойдон.
Өзөгүмдү өтөрүң чын күйкалап.
Караңгыга көнөм, көктүк жайым бар,
Жарык болуп турса экен сен тарап.

Бийигиңден түшө көрбө чолпонум
Жаркырай бер таңдын ачып бактысын.
Бүгүн эмес, кечээ эмес сен мага
Тээ секелек бала кезден жакчусуң.

Жарык жангын, күңүрттөнө көрбө ээ,
Сенин барың асманыма көрк болоор.
Ар бир кечте батыш тарап негедир,
Жалын болуп ичтен тынып өрттөнөөр.

... бийигиңден түшө көрбө чолпонум.

* * *

Жакшы ыр жазсам менден турун сүйүнүп,
Жаманына ичи оорунуп толгонгон.
Саптан изден өз кайгысын, сезимин,
Жылынышкан мен жылынган ойлордон.

Менин ырым далай жолу кат кылып,
Жөнөттүңөр көңүл сүйгөн адамга.
Ошол ырлар болду, балким, себепкер
Бакытка, же өкүндүргөн кадамга.

Ыйлап турса жашын төгүп ырларым
Жанын таштап эң биринчи аарчыган.
Окурманым актадымбы үмүтүң..?
Ушул ойдон тынчый албай жанчылам.

www.bizdin.kg

Бар тилегим бар болгула баарыңар
Кубаныч-кайгың бөлүшкөнгө даярмын.
Эгер силер болбосоңор жашоомдо
Мааниси жок менин жогул же барым.

✻ ✻ ✻

Этне мынча сыздайсын о-уу жандүйнөм,
Чечимиме башың ийбей онтойсуң.
Кирпигимде жаш жок, күлөм сыр бербей,
Көз жаш агат өрттөп жүрөк толтосун.

Башың көтөр сезимдерим басынба.
Татыбадык... балким, татый албады.
Бир улуулук көз алдымда сынды да,
Тилектерим караңгылык жалмады.

Төрөлбөдү бир тентек уул, балким – кыз,
Теңир андай зор бакытты сунбаптыр.
Төлгө салбайм эми качан келет – деп.
Сенден калды бүтпөс жараат... анан ыр.

facebook

Экөөбүз эки жерде, бир чекиттен,
Жапжашыл үпүт сымал жанып турган.
Билебиз барлыгыбыз, а бирок унчукпайбыз
Тереңдейт жүрөгүмдө жараат улам.

Жашылын жанып турат дилди өрттөп,
А бирок жазбайм эми мурдагыдай.
Унчукпай атандыгын тилейм... анан
Кусадан ыйлап алам жанга угузбай.

Эстейм бала кездин жомогундай,
Экөөбүз талаа кезген кымбат кезди.
Сыздаймын, «кантип адам сүйлөй алат,
Дарманы жетпей турган улуу сөздү».

www.bizdin.kg

Кыялдар колуң менен куруп берген,
Урады... бошшукту азыр шамал үйлөйт.
Үтүтүп бозорду, эх жаш баладай,
Билгендер табалашып кермек сүйлөйт...

Кантсе да кетүү зарыл убагында,
Канчалык жан өгөөлөп оор болсун.
Мен кеттим ордум калбай калган кезде,
А бирок ак сүйүүдөн кеткен жокмун...

www.bizdin.kg



Проза

Турусбек МАДЫЛБАЙ

КИЧИНЕКЕЙ БЕРДИНИН АЗАПТАРЫ

(Башы өткөн санда)

«Мынчалык шаштырып мине кылат? – деп сыныптык саатын өткөртпөй койгонуна ичинен нааразы болду Расим. – Бир саат күтсө болбойт беле?»

Бир жыл мурун жашсың деп ага коомдук иш тапшырышкан: ал бейбаш-тентек балдар менен иш алып барып, милийсанын өспүрүмдөр менен иш алып баруучу бөлүмүнө жардам катары мектеп окуучуларынан кошуун түзүп берүүсү керек болчу. Бардык майда-барат иштегидей эле, бул иштин дагы оң-тескейи көп. Тынымсыз милийса менен байланышып, өспүрүмдөрдүн арасында тарбиялык иш алып барып туруу зарыл. Анткени менен демейде улуу агайларын тоготпогон балдар да анын тилин алып турчу. Көзү жок жерде аны алар «Мент агай» дечү.

«Бир аз күтүп койсо болбойт беле? – деп күйпөлөктөдү Расим жолдо баратып. – Анчалык шаша тургандай деле эмес экен го?»

Себебинин баарын ал милийса бөлүмүнө барганда укту.

– Жакшы болбодубу! – деп сүйүнүштү тигилер. – Антпесе бу балакайыңар качканы турат. Өлтүрүп койсоңор да үйүмө барбайм дейт. Мине дегенин билесиңби? Андан көрө мени камап койгула, мен баары бир үйдөн качып кетем дейт...

Берди милийсанын бөлмөсүндө бурчта отуруптур. Бүткөн бою бүрүшүп алган, көз жашы кирпигинин учунда. Агайын көргөндө тим эле тууганын көргөндөй секирип турду.

– Бу биерге мине болуп келип калды? – деп сурады Расим. – Дагы мине кылмыш кылып ийди?

www.bizdin.kg

– Иштин жайы мындай, – тескөөчү желкесин кашынып калды. – Биз биерде бир наша сатканды кармадык. Анан анын соодагерлеринин бири болуп… ушу бала чыкты…

– Алманов наша саткандардын арасындабы? – Расим аң-таң болду.

– Жок, эми андай эмес дечи, – тескөөчү оңтойсуздана түштү. – Андай эмес… Ал жөн эле арасына кошулуп калыптыр. Бу карт бөрүлөр ушундай балдардан топтойт да… Чалдар деле анчалык аша чапкан соодагер эмес, болгону пенсиясынан тышкары биртике акча таап алайын деп, ушундай шумдук ишке барышат. Алар балдарды алдап иштетет. Өздөрүн согуш каармаңы катары көргөзүп, орден-медалдарды тагынып алат, анан балдар аларга ишенет да. Ошентип алар согуш ардагерлерине жардам берген болот…

– Түшүнүктүү, – Расим жылмайып алды. – Көрсө, булар биздин аша чапкан тарбиябыздан ушу ишке барган турбайбы.

– Дал ошондой да, – тескөөчү аны коштой кетти. – Аша чапкан тарбиянын курмандыгы болуп жүрүшөт да. Биз тиги чалдарды кармадык, ошондуктан эми балдарды апкете берсеңер болот. Бирок… мунуңар кетпейм деп ызы-чуу салып атпайбы.

Расим Бердини жалт коюп карады. Тиги мурдун чүйрүйтө күңк этти:

– Мен баары бир үйгө барбайм. Мен качып кетем…

Эми Расим желкесин кашынып алды, бирок бир аздан кийин бир айласын тапкандай болду.

– Меникине барасыңбы? – деди ал, Бердини тигиле карап. – Менин үйүмө барасыңбы?

– Сиздикинеби? – Берди алагды боло түштү.

– Ооба, миникине. Менин үйүмө барасыңбы? Байкап көрөсүң, жагып калса жашап каласың…

Берди көпкө ойлонуп отурду да, анан акыры макул болду.

– Жүр анда, – Расим ордунан турду. – Карап көр, анан өзүң чечесиң…

Ошону менен агайы окуучусу экөө бөлмөдөн чыгып кетти.

* * *

Берди Расим менен жашап калды. Ал өз үйүнө дегеле барбайм деди. Өгөй атасы бир нече жолу келди, урушуп-кыйкырды, коркутуп да көрдү, бирок Берди аны тоготкон да жок.

Расим кийлигишкен да жок, Бердиге кал деп да, кет деп да айткан жок. Берди мектепте жакшы окуп калды, жүрүш-турушу да өзгөрө баштады. Жада калса, анын өз курагынан улуу көрүнгөн өңү дагы өзгөрүлө түштү, андан коркунуч кетти.

Бир күнү Бердинин апасы дагы келди. Ал дагы жалдырады, ыйлактап-балбалактады, бирок уулу аны кенеген да жок. Анын

www.bizdin.kg

жүрөгүнө өтө катуу тийип коюшса керек. Апасы ошол маалда дагы эле ичип жүргөн экен.

Асырап багып алуу бөлүмү Бердинин апасын энелик укугунан ажыратып, өгөй атасын ичкиликтен дарылоого зордоп жөнөттү. Бердини балдар үйүнө жөнөтүү коркунучу туулду. Дал ошондо Расим өз аракетин баштады: ал баланы багып алуу жөнүндө арыз тапшырды. Достору менен кызматташтары ага эскертишти, кой, бул өтө оор иш, баланы багуу өтө татаал нерсе дешти.

Расимдин корккону эле – аны жашсың деп коюшабы дейт. Анан дагы аялың жок дешет. Ошондон коркуп ал Майрамга элдешкени барды. Тигил дегеле болбой койду. Анда Расим андан эң кур дегенде асырап багып алуу бөлүмүнүн жыйынына келип, экөө эрди-катын экенин тастыктап коюусун суранды. Кудай жалгап, Майрам буга макул болду.

Анан акыры ошентип Бердини багып алуу уруксаты алынды.

* * *

Бир нече айдан кийин Майрамдын эмнеге элдешүүгө болбой, бирок эрди-катын экенин тастыктоого макул болгонунун себеби билинди. Көрсө, ал ушул жакшылыгым үчүн мага дагы жакшылык кыл дегени тура. Майрам башкага турмушка чыгып жатыптыр, ошондуктан ага Расимдин ажырашууга макулдугу керек экен.

Ошондон бери мугалимканада ар кандай ушак-айың кеп көбөйүп, күбүр-шыбыр Расим кирип келгенде гана тыйылып жатты. Ириде Расим эч нерсе менен иши жок эле жүрдү, бирок акырында ушакчылар ага ачык-айкын билгизе баштады. Ошентип Расим өзү жөнүндө далай кызыкты укту: Майрам башкага турмушка чыга турганын, өзүнүн жөн эле ата болууга эмес, дегеле үйлөнүүгө жарабай турган эркектик жөндөмсүздүгүн, дагы көптөгөн өзү күтпөгөн балекеттин баарын билди.

Чакан шаарда ушак куйруктуу жылдыздай ылдам учат, ошондуктан бир апта бою элдин баары Расим менен Майрам жөнүндө гана кеп кылып калды. Бир кезде Расим кыздарын карабай койду эле, эми ошол энелер ага сынтагып, кандай жакшы жигит болчу, эми карасаң деп жатты. Анча-мынча билими тайкылар болсо аны сөөмөйү менен көрсөтүп, акылдуусунганын кара деп кыткылыктады. Учурунда Расимден бетине таамай сөз укканбар: «Мына, ушундай болмок!» – деп, биротоло оңуп калды. Эми гана кичине өңүнө кирип, турмушу бир кыйла оңоло түшкөн Бердиге дагы айың кептин учу келип тийди. Ушундай да бала болобу, – деди эл, – өз энесин чанып, өгөй болсо да атасын танып, акыры аны дарылаганга деген шылтоо

www.bizdin.kg

менен жоготуп тынды. Ошентип Расим менен Берди заматта элдин куугунтугунда калды.

Күндөрдүн биринде Расим иштен кеч кайтып калып, бир үйдө той өтүп жатканын көрөт. Айрым коноктору мас болуп, көчөгө дагы чыгып алыптыр. Дал ошолор Расимди курчаган бойдон эч коё бербейт, эки жаштын бактысы үчүн серп этип кой дейт. Айла жок алып койду. Ошентип тигилер жарым саат дегенде гана аны үйүнө коё берди. Бир маалда Расим Майрам дагы ушул күндөрү турмушка чыгам дегенин эстей коюп, жигит менен кыздын аттарын сурады.

– Баяман, – дешти коноктор. – Баяман менен Майрам.

– Мине? – Расим ошол замат соолуга калгансыды. – Кыздын аты ким дединер?

– Майрам, – дешти тигилер бир үндөн.

Ошондо Расим кайрадан мас болду. Анын буттары чалынып, кечээ эле жаагаң жамгырдан калган көлчүктөргө улам кирип кетет. Ал бир мамыдан экинчисине жөлөнө калып, бир көлчүктөн өтүп, экинчисин кечип, кыңылдап ырдап келе берди:

Мас болдум,
Эсим оодум,
Шарапка эмес,
Кайгыга тойдум.
Арак ичтиң деп айтышат досторум,
Арак эмес, сенсиз калып мас болдум,
Жоксуң, жаным, жоксуң, кайда жоголдуң?
Сен жок, мен жалгыздыкка мас болдум...

Бир жерден ал сууга жыгылып, көпкө жатты. Бир маалда эсине келгенде, чыйрыгып калыптыр. Чар тарабы караңгы, алды көлчүк. Ал болсо балтырына чейин суу кечип турат, өзүнүн кайсы жерде экенин деле билбейт. Эң жаманы – эми ал кайда бараарын да билбей турду.

✣ ✣ ✣

Арактын жыты Бердинин мурдуна катуу тийди, бул жытты ал мурунтан эле атасы менен апасынын ичкенинен, кийинчерээк өзү дагы бир жолу ичип көрүп билип калган. Уйку сурап отуруп, ал муну, мүмкүн, дарыланып кайтып келген өгөй атасынын жытыбы деди, бирок кыңшылап ыйлаганынан улам, анын Расим агай экенин баамдады.

Эси ооп ал төшөгүнө отурду. Расим агай керебеттин түбүнө эле жерге отуруп алыптыр. Бүткөн бою ылай, кебетеси келишкен, буттары суу, алардан калган изи килемди бүт булгаптыр. Расим агай боздоп ыйлап отурат.

www.bizdin.kg

– Мен аны абдан сүйчү эмес белем... иттей сүйчүмүн. Ал болсо... Ал болсо мени чанып, башкага тийип кетипир...

Расим шишиген көздөрүн Бердиге тигеди, демек, ага кайрылып сүйлөп жатат. Бир маалда Расим агай өңгүрөп боздоп жиберди:

– Менин эч кимге керегим жок экен да! Мени эч ким жактырбайт... сүйбөйт дагы. Жоголгула! – бардыгыңан түңүлдүм дегенсип, ал колун жаңсады.

Берди унчукпастан Расим агайды чочуркап тиктеп турду. Ушундай күчтүү, билимдүү чоң кишини ушундай абалга жеткирген бир жаман нерсе болгонун түшүнсө да, ал эмне болуп жатканын толугу менен аңдай албай жатты.

– Мен жалгызмын... Мен бу дүйнөдө эң жалгыз кишимин, – деп балбалактады Расим агай. – Жада калса, аялым... ал да мени түшүнгөн жок. Түшүнгүсү да келген жок. Ушуну бүт кылган менин досум, анын агасы... Нияз! Дал ошо күнөөлүү. Ал мага досмун дейт, бирок мени күйөө баласы катары көргүсү да жок. Түкүрдүм андай доско! Дос эмей эле ал акмак!..

Берди түшүнө албай калды. Кантип Расим агай өзүнүн мыкты досун сөгүп атат? Элдин баары, мектептегилер дагы аларды кан дос дечи ле го! Анан кантип кечеги досу бүгүн акмак болуп калат? Аруу, наристе бала чоң кишилердин таң калычтуу, түшүнүксүз алакасын акылына эч сыя албай жатты. Эмнеге адамдар бири-бири менен бет маңдай келгенде бирди сүйлөп, анан бир аз нары басканда эле башканы айтып кирет? Жакшы адамдар чынчыл, боорукер болбойбу, ошондо жаман адамдар өздөрү эле бөлүнүп калмак. Мисалы, анын өгөй атасы го аны кандай гана жашырбагын, ал баары бир аракеч. Бирок Расим агайдын ичкени эң кызык, муну мурун ал билбептир. Бердинин итиркейи келип кетти, анын ансыз деле азган жаны ого бетер жийиркене түштү. Ага элдин баары, чоң кишилер бүт аракеч жана калпычы көрүндү, алар дайыма бири-биринен өздөрүнүн чыныгы пейилин жашырып жүрөт.

Берди бир маалда ордунан секирип турду, кийине койду да, көчөнү карай умтулду. Ал өзү кайсыл жакка бараарын деле билбейт, бирок бул үйгө эч качан кайтпайм деген ишеними күч. Ал өз үйүнө да барбайт, анткени ал жерде дагы бир жактан аракка тоюп келип жаткан апасы бар. Ал ээн көчөнү аралап келе жатты, кайсыл жерге барып баш калкалаарын деле билбейт. Өгөй атасы менен апасы мас болуп, бири-бирин жетелеп келе жатканын көргөндө, ал дайыма досторуна: «Каерге барып баш баксам?» – деп калчу эле.

Уйкусу аябай келди, бирок ага «баш бага» турган жай керек эле. Бир маалда ал коңшу тамдын чатырын эстей койду да, барбайм дегени менен өз үйү тарапка басты. Өгөй атасы дарылоодон кайтып

www.bizdin.kg

келген имиш, Бердинин сазайын берем деген имиш. Анан дагы ал Расим агайды өлтүрөм деп жүргөн имиш, болгону гана милийсадан эмгиче коркот экен, ал эми тигилер ага: «Эгер балага эми тийишсең, анда сени биротоло камап жоготобуз», – дептир.

Берди акырындан короого ашып түштү, шаты менен секин тамдын чатырына чыкты. Төрт айдан бери келбегенге, анын ордун желе басып кетиптир. Анысы аз келгенсип жата турган жайга ар нерсени таштап коюшуптур. Берди ордун тазаламакчы болду эле, айланасы качыр-кучур боло түштү. Жок, болбойт экен – деп Берди жерге түштү да, бир аз сарай жакка көз чаптырып алып, анан кайрадан көчөнү бойлоп жөнөдү.

Бактын четинен өтүп бара жатканда беш-алты баланы көрүп калды. Тигилер чөптүн арасына бир нерсени бекитип жатыптыр, баамдашында ал «бир нерсеси» тирүү жандай көрүнөт, себеби ал жулкунуп, тигилердин колдоруна илинбей жатты. Балдар кыжырланып, сөгүнүп, тигини эч тынчыта албай койду. Берди ал жакты бир аз карап турду да, анан өз жолуна түштү. Ошол маалда анын кулагы онтогон бирөөнүн үнүн чалып калды. Байкашынча, кыздын үнүнө окшойт. Берди тык токтоду.

– Жөнө, балакай, тезирээк кетип кал! – деп кыйкырды балдардын бирөө, бирок анын артынан эле жулкунуп бошогон кыздын үнү жете келди:

– Жардамга!

Эми Берди эч күмөн санаган жок: тигил кыздын үнү экен. Берди чөп-чаар, бадалдын арасын карай умтулду. Балдар беш-алтоо экенин көргөн, алар андан чоңураак экенин да көргөн, бирок баары бир токтогон жок. Экөө аны торой чуркады, киргилденген үнү менен аны сөгүп киришти.

– Жогол, жетим! Жогол деп атам сага! Ал сени чакырган жок…

Балдардын бирөө аны далыга чапкылады, ошол эле маалда дагы бирөөсүнүн муштуму Бердини көмөлөтө койду. Кулап бара жатып ал жанагы далыга чапкылаган бала безилдеп жибергенин укту:

– Урбай ле койбойсуңбу… Ал өзү деле кетет эле го…

Урган бала четке кача берди. Жаагы ооруп калган Берди ордунан туруп келди. Муштуму оор экен, акмактын!

– Болдубу эми? – болушкан бала анын чаңын күүп кирди. – Айттым го, болушпай ле гой… Бир жалап үчүн урушуп мине кыласың? Ал өзү бизге шыйпаңдап жүргөн да, болбосо түнкүсүн келет беле?..

Ошондо Бердинин ызасы кайнап чыкты: ал секирип барып урган балага жабышты, далысынан кармап, өзүн карай буруп алды да, анан келиштирип чапты эле, тигил жерге чалкасынан түштү. Андан кийин чөптүн арасында кыздын кийимин тытмалап жаткан экөөнө

www.bizdin.kg

жетип барды. Кыз дагы катуу каршылык көргөзүп жаткан экен, тигилердин колдоруна эч илинбей койду. Берди биринчи эле колуна тийген баланы жулкулдатып, аны артка карай ыргытты. Экинчисин урганда, тигил дел болуп эси ооп, көпкө алапайын таппай турду.

Берки кыз көйнөгүнүн этегин түшүргөн бойдон чөптүн арасынан чуркап чыкты. Ал чыңырган бойдон бактын оозун карай жүгүрдү. Болушкан бала анын артынан чуркамак болуп, бирок шериктеринин оор абалда экенин көргөндөн кийин аларга жардамга жөнөдү. Ошол маалда Берди балдардын бирөөнү жыгып алып, башка-көзгө алы жетишинче чапкылап жаткан. Өтө кызып кетсе керек, ал жанагы болушкан бала артынан келип, килейген келтек менен аны башка чапканын байкабай калды. Ошол замат Бердинин колдору бошой түштү да, ысык бир суюктук көздөрүнө карай чууруп агып келди. Анан Берди эч нерсени көрбөй калды, көздөрү караңгылап, алдындагы шүмшүктү да көрө албай ал узак жана катуу уйкуга батып кеткенсиди. Денеси бүт балкып, кандайдыр бир жылуулук аны каптады. Ал жылуулук ириде анын денесин басты, анан жанын бүт аралады, акырында барып мээге тепти. Берди эсин жоготуп, ушуга чейин канбаган уйкусун кандыргансып, бейпил менен жайбаракатка батты...

❊ ❊ ❊

Ал эми ошол эле маалда тээ алыскы бир үйдө ошондой эле терең уйкуга батып дагы бир байкуш киши жатты. Ал кечээ эле аялынан биротоло айрылып, ошондуктан өзүн эң бечара адам сезип турду. Ал чыйрыккanынан улам бүжүрөйүп, таңкы шүүдүрүмдүн суугунан бүрүшүп, баягы ак көңүл, боорукер адамдарга мүнөздүү арыз-муңун кандайча чыгараарын билбей, түшүндө улам найүмүт кобурай берди:

– Мен жалгызмын... Мен эч кимге жакпайм...

Бир кезде Расим түшүнөн чочуп кетти. Ал ордунан селт эте караңгыны сыйпалай баштады. Аны бирөө чакырып жаткансыды. Же түшүндө беле? Кечээги ичкенинен кийин башы зыңкылдап ооруйт. Көкүрөгүндөгү кусасынанбы, ар кандай жаман ойлор анын тынчын алып туруп алды. Ал азыр кайсыл жерде? Эмне болуп жатат? Ким чакырды?

Бирөө эшикти катуу такылдатты, ошондо гана Расим өзүнүн үйүндө экенин эстеди. Ал Бердинин төшөгүн карады, эч ким жок экенин көрүп, айласын таппай отуруп калды. Каалганын такылдаганы басылбай койду, Расим барып эшикти ачты. Бир жигит туруптур.

– Расим Бакиров сиз болосузбу? – деп сурады ал.

– Ооба, – Расим таңкы коногуна таңыркап тигилди.

www.bizdin.kg

– Мен ооруканадан келдим, – деди бейтааныш. – Сиздин уулуңуз бар экен го?..

– Ооба, анан мине болду? – Расимдин деми кыстыга кетти, ал бир аз чакап барып, киргилденген үнүн чыгарды.

– Уулуңуз биздин ооруканада жатат...

Расимдин көз алдына ар нерсе тартыла баштады. Ал эч нерсени укпай, ою аны ар жакка айдады. Расим дароо каалганын туткасына жабышты. Тигил жигит аны колдон алганда гана Расим эсине келди да, бир маалда кыйкырып жиберди:

– Кеттик! Бол, тезирээк кеттик!

Ошону менен ал эси оогондо чочуп кеткен жигитти колунан тарткан бойдон күрмөчөн эле эшикти карай жулкунду.

– Мине болуптур? – тили булдуруктап ал жолдон сурап келе жатты.

– Мен айткан жокмунбу, аны бир балдар токмоктоп кетиптир...

– Балдарбы? Токтоктоптурбу? – Расим дагы эле эсине толук келе албай, бирде шашып басып, бирде кайра токтой калып жатты.

Тигил жигит ага жете албай чуркап жүрүп отурду. Эмеле алсырап бүрүшүп жаткан Расим эми канаты өсүп чыккансып учуп жөнөдү.

Ооруканын оозунда кароолчу туруптур, бирок Расим эч нерсе менен иши жок каалганы тартып, короонун ичине кирип барды.

– Биякка... Ушуякка өтүңүз, – жигит алдыга өтө калып, ага эшикти ачып берди. Шашып келе жаткан мээрман кыз жол бошото качты.

– Сиз Бакировсузбу? – деп бүжүңдөдү ал. – Биякка, уулуңуз биякта...

Берди нөөмөттөгү дарыгердин бөлмөсүндө жалгыз сөрүдө жатыптыр. Дарыгер Расимди утурлай ордунан тура калды.

– Жакшы болбодубу! – ал анын колун кыса кармап, орундукка отургузду.

Расим дарыгерди дароо тааныды, ал анын сыныпташы Тургунбаев.

– Мине болду? – катуу чуркап демигип калган Расим зорго үн катты.

– Башына катуу бирдеме менен урган, – деди Тургунбаев өңү-башы сумсайып, абалдын оор экенин билгизип. – Каны көп кеткен. Биз барганда эси ооп жатыптыр.

– Каякта болуп отурат?

– Бакта. Бизге бу кыз чалды, – Тургунбаев бөлмөнүн бурчунда отурган кызды көргөздү.

Расим жалт коюп, кызды дароо тааныды: бул Марья Сергеевнанын кызы экен.

– Саламатсызбы! – тигил акырын үн чыгарып учурашты да, башын ийкеп койду.

www.bizdin.kg

– Валя… Валечка, бу кандайча болуп кетти? – Расим анын жанына отура калды.

Кыз эч нерсе дебестен буркурап ыйлап жиберди.

– Ыйлаба, Валя… Андан көрө айтчы, – Расим аны чачынан сылады. – Айтчы мага, мине болду?

Валентина көз жашын ааарчып алып, диркиреген үнү менен бүт бардыгын айтып берди. Кээде гана ал аңгемесин токтотуп, өңгүрөп ыйлап калат. Укканы Расимдин чачын тик кылды, ал улам тура калып башын мыкчыйт да, анан өзүнчө кобуранып калат:

– Акмакмын! Мен акмакмын ушунун баарын кылган!

Андан кийин Расим Валентинаны колтуктаган бойдон тез жардам машинесине чейин узатып барды да, кызды үйүнө жеткирип коюусун суранды. Айдоочу дарыгерди тиктеп алды.

– Жеткирип кел, – деп башын ийкеди дарыгер.

– Эми мине кылыш керек? – машине короодон чыгып кеткенден кийин Расим сыныпташынан сурады.

– Бардыгы жакшы ле болот го дейм, – деп сооротту аны Тургунбаев.

Алар кайрадан бөлмөгө кирди.

– Мен анын жанына отурсам болобу? – ушул окуядагы өз күнөөсүн сезип турган Расим бир аз оңтойсуздана түштү.

– Отура бер, – деди Тургунбаев. – Азыр аны ичкери киргизебиз, ошондо сен анын жанында жатсаң да боло берет.

Расим сыныпташына ыраазы боло түштү, тигил аны отурууга чакырды. Ал өзү дагы Расимге жакын отурду.

– Коркпой ле гой, баары жайында болот, – Расимдин катуу кабатырланганын көрүп, Тургунбаев аны улам соорото баштады. – Коркпо, андан көрө мага муну айтчы… Өзүң жөнүндө айтып берчи. Ал-акыбалың кандай?

– Өзүң көрүп турбайсыңбы, – Расим төшөктө жаткан Бердини көрсөтүп күлүмсүрөдү. – Эптеп жашап атабыз… Иштеп атам, күрөшүп атам…

– Күрөшкөндөн жадай лексиңби? Мине менен күрөшүп атасың? – Тургунбаев жылмайды. – Мына, мисалы, биз адамдардын жаны үчүн күрөшөбүз, сенчи?

– Мен деле… Мен алардын дили үчүн күрөшөм.

– Сен мине, молдо болуп калгансыңбы?

– Жок, биз молдолор айткан дили мес, адам баласын ойлонткон, сүйдүргөн-күйдүргөн, керек болсо, аны жашоого умтулдурган дили үчүн күрөшөбүз. Кереги мине азыр бу болбогон талаштын? Андан көрө айтчы, сен сыныпташтардан кимди жолуктуруп жүрөсүң?

www.bizdin.kg

– Бардыгы менен эле жолугуп жүрөм, – деди Тургунбаев. – Биз бири-бирибизге конокко да барып жүрөбүз, сен эле жоксуң... Балдар бүт сага таарынычта. Алар сен жөнүндө көп кеп кылат.

– Ушактайт дечи... Мине дешет?

– Бирөөнүн баласын багып алыптыр дейт. Аялы менен бала күтө албаса го мейли дейт, бирок... Кыздарыбыздын бирлери сени бала кылууга жарабайт деп да жиберди. Негизинен, балдар сенин үйлөнбөй жүргөнүңө, ушундай аялыңы алдырып жибергениңе нааразы. Намысы жок дешет.

– Үйлөнбөгөнүм го мейли дечи, бирок намыс тууралуу мен муну айтаар элем... Алар анча-мынча бутуна туруп алса ле кыйынбыз дейби? Анча-мынча кызматка илинсе ле, аларга кишилер кошомат кылып турса ле, алар өздөрүн мыктыбыз деп атса керек. Ал эми биз ошолордун балдарынын дили үчүн күрөшүп атпайбызбы. Угушумда, биздин кыздардын көбү эрлери менен ажырашып кетиптир го... Өтө намыскөйлүгү үчүнбү, йа? Күйөөлөрү ичип келип, алар тытышып, ошондойбу? Мага ошондой дешкен. Анда минеге аларга тийдиңер дегим келет? Кимге тийип атканын билбей коюптурбу, йа? Билип эле тийген, бирок анда ошол күйөөлөрү эр көрүнгөн, эркек көрүнгөн да. Арак ичсе, тамеки тартса, мушташса ле ошолор кыйын болчу да. Анан тийип алгандан кийин алардын эрдиги жалаң катындарын токмоктогонго, катындарынын намысын тепсеп-тебелегенге жарай тургандыгын көрүп, бүгүн кайра ыйлактап коюшат. Ошонун бүт арты мине болду? Балдары атасыз чоңоюп жүрөт, өгөй аталарынан муш жеп жүрөт. Жакшы адам болуп калса го мейли, бирок көпчүлүк учурда андай болбойт экен да, – Расим Берди тарапты көрсөттү. – Мына, бу бала дал ошондой аталардын колунан чыккан... Мунун азаптарын билсеңер, кандай кыйналганын билсеңер, намыс жөнүндө көп сүйлөбөйт болчуңар...

– Билем,билем, – Тургунбаев бала тарапты бир тиктеп алды.

– Каяктан билесиңер?

– Мен бу бала сеники экенин кантип билди дейсиң? – деп сууроосуна суроо менен жооп берди Тургунбаев. – Мунун паспорту жок да... Бирок жөөлүгөндө бу жалаң гана сенин атыңы айтып атты. Ошондо мен бу сенин багып алган балаң экенин түшүндүм.

– Анан бу мени чакырдыбы? – Расим башын бекем мыкчыды да, боздоп ыйлап жиберди. – Наалаты! Мага наалаты! Ушунун баарын мен кылдым, мен акмакмын!.. Экинчи колума ичимдик кармасам, мага шал тийсин! Экинчи ичсем, адам болбой калайын!..

Ошентип Расим көпкө боздоп, өзүн каргап отурду. Каргайт да, кайра экинчи ичимдикти оозума албайм деп карганат. Ал эми сынып-ташы унчукпайт. Ал бир гана нерсени билет: эгер Расим айтса, ал айтканынан эч кайтпайт.

www.bizdin.kg



Акназар СУЛАЙМАНКУЛОВ

1984-жылы 7-январда Жалал-Абад областынын Аксы районуна караштуу Кош-Дөбө айылында төрөлгөн.

Учурда Ош МУнун филология жана журналистика факультетинин 5-курсунун студенти. Эмгек жолун Аксы районундагы Кош-Дөбө айыл өкмөтүндө иштөө менен баштаган. Учурда Жалал-Абад областтык телерадио компаниясынын оператору болуп эмгектенип келет. Ырларына өзү обон жазат. Алар республикалык телерадиодон берилип турат.

Калемсынак

Тагдыр

Байчечектин гүлүн терип алгамын,
Бактыт издеп айылыңа баргамын.
Бал тил менен тосуп чыкты алдыман,
Бапыраңдап чыт курсактуу балдарың.

Ысык чайың, наның койдуң, каймагың,
Ызы-чуулап ойноп жатты балдарың.
Көздөрүңө карап турсам уурдана,
Көөдөнүңдө арман жатты байкадым.

Тагдыр кошпой бизди бөлдү айла жок,
Таарынгандан, ыйлагандан пайда жок.
Татаал турмуш жолу менен арбашып,
Талпына бер жаштык жериң калган жок.

Ишеничтүү сен ишенген «жолборсуң»,
Ичип кетти ала качкан жолдошуң.
Ире-шире түндө келип ар күнү,
Билип жүрдүм уруп сени кордошун.

Жашоо ушу жаңылбай да, кайгырбай,
Жан кыйналып кусаланбай сагынбай.
Жалгыз жашап сабыр кылып келебиз,
Жүк көтөргөн кербенчинин нарындай.

Өмүр ошол кеттениңдин сабындай,
Өйдө-төмөн көтөрүлмөй, чабылбай.
Өмүр өтөт, улам жылып жыл өтөт,
Өйдөдөгү күндүн ачуу табындай.

www.bizdin.kg

Кыргыздар

Катарларын бузбай турат жылдыздар,
Кызыл, сары түркүн түстүү жылдыз бар.
Кылым бою жашап келген дүйнөдө,
Кызыл жүздүү ак калпакчан кыргыздар.

Жер талашып нечен болду кыргындар,
Жексен болуп жок болушту кыйындар.
Желек, тууну бийик кармап түшүрбөй,
Жашап келди ала-тоолук кыргыздар.

Андан бери далай өттү кылымдар,
Аттиң канча дүйнө салды кыйындар.
Эркиндикти эңсеп дайым келишкен,
Эми минтип эгемендүү кыргыз бар.

Адал эмгек абийир, ыйман таптырат

Аздым дебе азган оңот, көбөйөт,
Азгырылба, жаман ишке эл көрөт.
Андан көрө бата алып иш башта,
Адам деген бата менен көгөрөт.

Адал эмгек абийир, ыйман таптырат,
Үй-бүлөңдү эмгек менен жакшы бак.
Кош айдагын, үрөн сээп жазында,
Үшкүрүнбөй аракет кыл жакшылап.

Суранбагын терезе-эшик каккылап,
Суусап турсаң сабыр кылгын жакшыраак,
Сумсайыңкы башыңды ийип кайгырба,
Сенден да бар алсыз адам, жардыраак.

www.bizdin.kg

Жай кечи

Жетелешип бассак айыл аралап,
Жекшенкулдун ити үрөт авалап.
Же ай-буйга көнбөй койду катыгун,
Жеп ийчүдөй ити тынча кабанаак.

Жай күнүндө көк шиберде талаалап,
Жайбаракат бассак кана ырахат.
Жаталыңа суктанамын тигилип,
Жааса дагы жатгыр тынбай сабаалап.

Айылдыктын

Айылдыктын ала-тоолук мен деген,
Арча, кайың, улуу тоолор дем берген.
Абийир, ыйман адамдыкты туу туткан,
Айылдыктын сыйтыктанам ал менен.

Күлүк чаап алпурушкан жел менен,
Күтүш камчы салам кайра дембе-дем.
Күзбү, кышпы тоо боорунда куш салып,
Күн көрөмүн айылдагы эл менен.

Айылдыктын жарма, кымыз, эт жеген,
Аскалардан ышкын терип бет келген.
Үн созомун туурап тоонун уларын,
Аска ичин жаңыртамын ыр менен.

Жаштык

Мен да кээде түрдүү жолдо баскамын,
Мушташкамын, таяк жегем, ургамын.
Муштум менен маселени чечем – деп,
Мурун керип, көкүрөктү каккамын.

www.bizdin.kg

Билек түрүп өзүмдү өзүм таптадым,
Бир күн дагы машыгуудан качпадым.
Билим эмес билек күчкө ишенген,
Күндөр болду, оо, ал кезде жаш чагым.

Ал убакта жыйырманын кырында,
Айгай салган алдуу-күчтүү чагымда.
Күч сынашып достор менен тоорушкат,
Алоолонгон каны суюк маалымда.

Пикир айтчы

Баалап көргүн ырларымды сындагын.
Баштан аяк окуп чыгып бүт баарын.
Боёп-сындап айткын анан сыныңды,
Боёк сыры кургай элек ырларым.

Тизмектедим ырларымдын саптарын,
Тирүү туруп анан кантип жазбайын.
Түтөн-түйшүк ойду айткым келчү эле,
Куу турмуштун жетишпеген жактарын.

Калем картап далай ырлар жазгамын,
Кандай ыр деп окуп көрдүт жазганым.
Караңгы түн, түн бир оокум болсо да,
Түн күзөтүп ырлар жаздым, талбадым.

www.bizdin.kg



Калысбек ЖУМАКАНОВ

1960-жылы Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Тогуз-Булак айылында туулган. Кыргыз айыл чарба институтунун ветеринария факультетин бүтүргөн.

Учурда Кыргыз Республикасынын айыл чарба министрлигинин алдындагы Айыл чарба долбоорлорун ишке ашыруу бөлүмүндө эксперт.

Ветеринария илиминин кандидаты.

«Жылуу жамгыр» ыр жыйнагынын автору.

Калем-сынак

Жылуу жамгыр

Себелеп жылуу жамгыр тынбай жаады,
Сезимге аруулукту тартуулады.
Саамайың салааланып, тоюн ылдый
Шорголоп жамгыр суусу тамчылады.

Көздөрүң төлтүр кара жоодураган,
Көөдөндө жүрөгүңдү жылуулаган.
Ак жаанга аралашкан аруу сезим,
Көзүмө көздөрүңдөн учуп жааган.

Жабышып суу көйнөгүң денең менен,
Жарашып турпатыңа калды белем.
Чачырайт нур жүзүңдөн сулуулугуң,
Табигат жамгыр менен сага берген.

Ансайын сулуулугуң барат артып,
Айлана коштогонсуйт ажарланып.
Жыланач балтырыңа чачыраган,
Көлчүктө суу да жатты адалданып.

Анда биз жаандан качып жашынбадык,
Жамгырды төлгө тутуп шашылбадык.
Асмандан жааган ар бир тамчы менен,
Алгансып зор бакытты бара жаттык.

Жылуу жамгыр жааган сайын азыр да,
Төлгө тутуп сыйынамын асманга.
Кара көзүң аяр тиктеп тургансыйт,
Тамчылатып жашын кошуп ак жаанга.

16.02.2011

www.bizdin.kg

Койчу жана кокту

Тоо арасы, чоң коктунун ооз жагы,
Жалгыз кыштоо, башка журт жок бир дагы.
Мал кыштатып өз турмушун өткөрүп,
Түтүн булайт жаңы үйлөнгөн бир малчы.

Өз тирлиги өтсө болду көөнү ток,
Тышкы дүйнө өрттөнсө да иши жок.
Малчы коруйт малын жана аялын,
Бой турпаты эч жеринде кеттик жок.

Кышкы суукка тотуктуруп нур жүзүн,
Кыйгач карап назик сүзүп кирпигин.
Сулуу келин кут чачкансыйт кыштоого,
Жаралгандай койчу жана кокту үчүн.

Сен барыңдан кокту ичи болот шат,
Койлор жапырт колдогондой таарашат.
Эшек дагы сууну арткан белине,
Сени менен көңүлдөнүп бел ашат.

Күүгүм кирип, кыштоо ичи караңгы,
Күңгүрөнүп сүрдүү тартат ыраңы.
Жалпак талда уурдана караймын,
Сени жана сен жандырган чыракты.

Коштошуп кетип жатып ойго батам,
Койчу менен коктуга санаа тартам.
Шаар көрүп кетпесе экен чунак келин,
Кошулуп күйөөсүнө коруп барам.

Артты карайт кырды ашканча кылчактап,
Жалпак талдын терезеси нур чачат.
Түнкү шаардай бул коктуга көрк берген,
Сенсиң жана сен жандырган шам чырак.

www.bizdin.kg

Соңунда:
Коюң менен кой болуп кетсем мейли,
Койчуң болуп жаныңда жүргүм келди.
Коруп алып өзүңдү сырт дүйнөдөн,
Кокту ичинде тынч өмүр сүргүм келди.

Кыш чилдеде

«Тону жокко салам айт,
өтүгү жокко өзүм барам».

Кыш чилдеси, айлана бүт тунарык,
Тыштыт тиктейт терезеден муңайып.
Ичиркенип үйдөн чыкпай олтурам,
Өзүм менен ойлорум да капалып.

Күн нурлары өтүп-өтпөй булуттан,
Алсыз гана жарык берип тургансыйт.
Убакыт да ичиркенип үшүктөн,
Көңүлү жок араң эле жылгансыйт.

Суук ызгаары каарып жандуу, жансызды,
Тону жокко салам айтам: «Барсызбы?»
Өзү барса өтүгү жок кантти экен,
Кыш чилдеси аябайт го алсызды.

Жазда тиккен кайыңдарым, гүлдөрүм,
Күткөн өңдүү жаздын жылуу күндөрүн.
Өлбөгөнгө жаз келээрин сездирип,
Түр бергенсийт, үзбөй жашоо күдөрүн.

Бак-даректан туюм алып орундуу,
Дароо кийдим өтүгүмдү, тонумду...
Озунгансып салам айттым ызгаарга,
Куткаргансып капоодогу оюмду.

www.bizdin.kg

Үмүт

Жашоо – бул эмне дейсиң?
– Өтүрүңдү өткөрүү,
Күдөр үзбөй күндөрдөн, күтүү менен бүткөрүү.
Күтүү – бул эмне дейсиң?
– Үмүтүң жетелеген,
Бүгүн деген, бүгүн бүтсө, мына эми эртең деген.
Үмүт өзү эмне дейсиң?
– Өзүң менен бир жаралган,
жашоонун өзүн курган,
жылдызың күйүп турган,
бирде өчүп, бирде жанган.

Жалгыздык

Жаш кезимде сен жөнүндө ойлонуп,
Сенин барың көп этибар албаптын.
Себеп болуп сезимдерим жетелеп,
Сени менен кездешүүгө барбаптын.

Кийинчерээк үйүр болуп жаныма,
Кирди-чыкты жолдош болуп жүрөсүң,
Улам чубап ичимдеги сырымды,
Ыктай калып кулагыңды түрөсүң.

Акмалайсың, алды-артыман карайсың,
Абалымды астыртадан баалайсың.
Акырындан айдап келип алыстан,
Аң-сезимим туңгуюкка камайсың.

Сен келгенде сезимдерим чулгалайм,
Толкунуңа жыштыгымды тууралайм.
Тоо аралап калкып кеткен булутка,
Ойлорумду чогултууга булгалайм.

Туңгуюктан жол издешип чыгууга
Ойлорум да бир катарга тизилет.

www.bizdin.kg

Түрткүлөшүп түпкүрүнөн сезимдин,
Түгөйлөшүп бүткөн ойду билдирет.

Ар адамдын жалгыздыгы өзүнчө,
Өз алдынча жашайт тура өзүндө.
Сени турун жерип келсем чочулап,
Эми минтип жакын болдуң өзүмө.

Бул дүйнөдө баары жалган болсо да,
Жалгыздыктын бар экени көрүнө.
Баарын таштап кетсең дагы кош айтып,
Өзүң менен кошо барат көрүңө.

Сени туюп, сени менен басамын,
Сезимдеги сырларымды ачамын.
Сени менен ойлорумду ирээттеп,
Сырларымды ырга айлантып жазамын.

Молтур тамчы

Жаздын жылуу күндөрүнүн биринде,
Жалпы эл түшкөн маршрутка ичинде.
Жашыл көйнөк жарашыктуу кийинип,
Жакын турдуң, дем чыгарып ийниме.

Жайып койгон тулаң чачың күлпүнүп,
Жалооруган кара көзүң туптунук.
Жаталыңа ого бетер көрк берет,
Жылмайганың уурдуңдан чубуруп.

Жаандан кийин молтур тамчы илинген,
Жалбырактай жашыл көйнөк сен кийген.
Жан сергиткен аруулукту тартуулап,
Жаратылыш келбетиңе киргизген.

Тамчы суудай жаркырайсың мөлтүлдөп,
Таамп кетчүдөй таңдайыма көлкүлдөп.

www.bizdin.kg

Тамтык койбой бүт жериңди аңтарып,
Талбай келем көзүм менен өпкүлөп.

Сугун артып мага окшогон немелер,
Суктанышып карагандыр эчендер.
Сулуулардын тагдыры суз болбосун,
Сулуулукту баалайлычы жигиттер.

Кечир мени, карап койсом жаш сулуу,
Кимде болбойт сулуулукка умтулуу.
Бир жигиттин чоң бактысын ачаарсың,
Мага болбос сага карай кол сунуу.

Адам дилин тазалаган аруулук,
Аалам сырын ачып берген улуулук.
Суктангыла! Таңшангыла! Тамчыга,
Бул дүйнөнү сактап турсун сулуулук!

www.bizdin.kg



Проза

Элмира АЖЫКАНОВА

КАРЫ АЯЛ МЕНЕН ЖАШ АЯЛ

(Аңгеме)

Алар маңдай-тескей чай ичип олтурушту.

Ооба, бири улгайган, экинчиси жаш. Булардын курагы да, тагдыр жолдору да, турмуштан алган энчилери да бири-бирине окшобойт. Бир дасторкондо олтургандары менен ой-санаалары эки башка.

Жаш аял эртерээк ичип бүтүп, дасторконду жыйнаштыра коюп, караңгы кирип кете электе үйгө жетсем болот эле деп ичинде тынчы кетип олтурду. Күйөөсү да жумушунан келип калгандыр. Балдары мектептен эмгиче келишти. Кичүүсү ыйлап калбады бекен? Күйөөсү аны көтөрүп алып сыртта жол карап жүрөт го...

А тиги улгайган аял эч кайда шашпайт. Өз үйү. Үй кызматчысы Наркүл менен шашпай чай ичип, алаксып убакытты өткөргүсү келет. Ага убакытты өткөрүү кыйын да. Айрыкча кечиндеги саат үстүндөн басып тургансып жылбайт. Азыр Наркүл кетип калса эле тунжураган үйдө жалгыз калат. Аялдын аты – Рабия. Жашы алтымыштан эбак өткөн. Чачы куудай ак, толугунан келген, үнү жоон, мүнөзү эркек сыяктанган бул аялга убагында Рабия Нуртаевна дешип жапырт кошомат кылып турушчу. Анда совет доору күчүндө. Ал ошол учурда Республикалык керек-жарак союзунун председатели болуп көп жылдар иштеген эле. Жаш эле, анда ичкерээк да, сулуураак да болчу. Потребсоюздун ак волгасында чалкалап, ийилип салам айткандардын кээсин укса, кээ бирлерин карабай деле койчу. Ал учурда андан өткөн кадырлуу адам бар беле? Анын алдына ким гана иши түшүп келбеген? Ал көбүнчө өзүнө пайдасы тие тур-

www.bizdin.kg

ган керектүү адамдар менен мамиле түзчү. Ошого жараша мамилелердин кайтарымы болуп турчу. Мына бул хан сарайдай заңгыраган эки кабат үй ошол жылдарда салынган. Ал убакта мындай үйлөр бирин-экин гана чоңдордо болбосо, кайдан? Үй эмеректеринин баары чет элдики болор эле. Жалгыз башына мынча чоң үйдү эмне кылат дешип элдин көбү сөз кылышкан.

Рабия Нуртаевна кызматтан, сый-урматтан, материалдык байлыктан эч бир өксү болгон жок. Бирок жеке турмушундагы чоң кенемтеси – үй-бүлө күтпөдү. Балалуу болбоду. Ооба, ал жаш күнүнөн эле активист эле. Институтту бүткөндөн кийин комсомолдук иштерде жүрүп, анан партиянын катарына өтүп, жаш коммунист катары кызматтын тепкичтеринде көтөрүлдү. Акыры кызмат орундар ага кумар болуп калды.

Учурунда ага сөз салган жигиттер деле болгон. Кийинчерээк отуздан өткөн чагында деле колун сурагандар болду. Бирок өзү ынаган эмес. Күйөөгө чыкса, бала төрөсө кызматы эмне болот? Ал иштей турган орунду башкалар ээлеп кетпейби?!

Ошентип жүрүп жылдар бат эле өттү. Кыркка келди. Анан элүүдөн да өттү. Аңгыча советтик доор кулады. Башаламан турмуш келди. Кимди ким көрдү болду. Кызматың да, келечек ойлоруң да жаңы турмуштун агымына жутулуп кетти. Керек-жарак союзу эми эч кимге керек болбой калды. Ошол жылдар Рабия Нуртаевна үчүн абдан оор учур болду. Үйгө олтуруп калды. Анысы аз келгенсип тепкичтен буту тайып жыгылып, жамбашын сындырып алды. Жарым жылча төшөктө жатты. Кийин да жөнүгө албай, акыры таяк менен басып калды.

Ойлоп көрсө кесиптештерге, курбу-курдаштарга, ал тургай бир туугандарына да ынак боло албаптыр. Баарына эле кызматкер катары ат үстүнөн мамиле жасаса керек. Ушундайда ал-жайын сурар жакын адамдары деле жок экен көрсө. Баягы кошоматчылары дайын-оту жок кетишти. Көрсө, кээ бир адамдар кызматы менен гана учурунда барктуу сымал көрүнөт тура.

Рабия Нуртаевна ошондо гана өзүнүн жеке турмушу жөнүндө ойлоно баштады. Эми ушинтип кызматтын урматын көргөн күндөр бүтүп, чогултткан дүнүйө-мүлкүн тиктеп ээн үйдө олтуруп калабы? Кантип эле? Жок, ал өзүн колго алып, сырттагы жаңы турмушту байкаштырып, чогултткан акчасын тобокел деп бизнеске салды. Бизнес дегендей жанын үрөп деле чуркап иштебейт. Болгону шаардын чок ортосундагы үч-төрт имаратты менчикке чыгартып алды да, ичи-тышын кынтыксыз ремонт жасатып туруп, ишкерлерге кайра ижарага берди. Ошол жылдардан ушул күнгө чейин ижара акы менен ханга салам бербей жашап келатпайбы. Бирок акчасы курусун.

www.bizdin.kg

Жалгыздыгы жанын жеп, түркүн ой-санаалар биротоло карытып бүтө турган болду. Башы салмактанып, бели ооруганынан өгүнү доктур чакыртса, кан басымын ченеп дары берди да, «эркек менен жашабагандыкы, төрөбөгөндүкү» деп кетип калды. Эми кайдагы эркек? Күйөөгө чыкпаганы менен эркектерди деле байкап көрбөдү беле учурунда. Чындап сүйүшпөгөндөн кийин калп мамилелер көпкө барбайт экен. Анын үстүнө Рабия Нуртаевнада чыныгы аялдарда болчу эркекке жагарлык ийкемдүүлүк, наздуулук деген жок. Өзүнүн табияты ушулбу же баягы кызматынан улам ушундай болуп калганбы. Ким билет? Бирок адам кургурдун жаратылышы кыйын да. Жан-турпаттын эңсөөсү деген балакетти акылга салып гана башкарбаса адамдын өзүнө баш бербей турган бир жапайы сезим экен да. Аны өмүр бою билип келатпайбы. Ушул күндөрдү алиги келип жүргөн массажчы жигит болбосо кантер эле?!

* * *

Күн ара үй кызматына келген Наркүл өз ишин так билет. Өз үйүн кандай таза, тыкан күтсө эжекесинин үйү да так ошондой. Ар бир буюм өз ордунда. Шейшептерден тартып, майлыктарга чейин кардай таптаза. Анткени Наркүл ар бир ишти чын көңүлүнөн майын чыгара жасайт. Адамдарга мамилеси да ошондой чын дилден. Ошон үчүн эжекеси ага ишенет. Болбосо илгери көңүлүнө толбогон кыз-келиндердин далайын айдап жиберчү.

Наркүл автобустан түшүп, дүкөнгө кирди да, керектүү кант-чайын алып үйүнө шашып жөнөдү. Бүгүн да кеч болуп кетти. Анын үч баласы бар. Күйөөсү курулушта жалданып иштейт. Өзү тигинтип бир жылдан бери Рабия Нуртаевнанын үй кызматын кылат. Күн ара барып кир-когун жууп, үйлөрүн жыйнап-тернеп, тамагын жасап берет. Алган акысына жарып деле кетпейт. Күнүмдүк тириликке эптештирип жашашат. Анын үстүнө бир бөлмө батирде турушат. Андан кенени кымбат. Айтор, алар үч баласы менен шаардын четинде батирден батирге көчүп-конуп жашап келишет. Үч балаңар бар экен деп кожоюндар оңой менен кабыл ала коюшпайт. Ошон үчүн алар кайда болсо да кысылып жашашат. Балдарын короого чыгарбай, эркин ойнотпой тыйып турушат. Бирөөнүн үйү деген ошо да. Үйдүн жайын ойлогондо күйөөсү түн уйкусунан безет. Канткенде үйлүү болушат? Же бактырып койгон малы же бизнеси жок, же жардам берер бакубат бир туугандары жок. Келинчеги экөөнүн тапкандары күнүмдүккө гана өп-чап жетет. Минтип жашай беришсе өмүр бою үйү жок өтүшөбү? Эртең эле балдары чоңоёт да. Анда кантишет.

www.bizdin.kg

Айтор, азырынча ишене турган эч ким, эч нерсе жок. Убакыт болсо өтүп жатат. Экөөнүн тең жашы отузга жакындап калды.

Наркүл өзү жамап-жаскап жоктон барды жасаган эпчил келин. Көп балалуу үйдө чоңойгон да. Өзгөчө тамак-ашка чебер, баарын өз колу менен жасайт, сарамжал. Ошон үчүн ал Рабия Нуртаевнага жагып, кызматын кылып жүрбөйбү.

Чынын айтканда, Рабия Нуртаевна өмүрүндө камыр жууруп, кесме кескен аял эмес. Өмүрүндө таттуу токоч же боорсок бышырып көргөн эмес. Кызматта жүргөн жылдарында жалаң сый дасторкондордун үстүндө болду. Өзүнө керек болгондо кол алдындагы кошоматчы кыз-келиндери жасап келип беришчү. Үйүндөгү жыйылган жуурканнтөшөктөрүнүн баарын ошолор өздөрү эле жасап тартуу кылышкан. Рабия Нуртаевнанын аял деген эле аты болбосо эркектен айырмасы болбоду. Болбосо жалгыз башынын тирилигин ойноп эле жасабайбы.

* * *

Наркүл үй иштерин бүтүрүп кечки тамакты даярдап коюп, эми үйүнө кете бергиси келип турду эле.

– Коё тур, чогуу олтуруп ичели, – деди эжекеси. Наркүл арыдан бери үстөлдүн үстүн даярдай койду. Рабия эжекеси оор салмагын таягына салып, шашпай келип олтурду.

– Баса, тиги шкафтын үстүн аччы, арак бар эле...

Бир аз бөксөргөн бөтөлкөнү таап чыкты Наркүл.

– Тамактын алдында кээде дарылыкка кичинеден ичип койгон жакшы, канды суюлтат, – деди да эки стаканга куйдурду.

– Ичип жүр анда-санда, мунун зыяны жок, – деп эжекеси өкүм сүйлөдү. Наркүл жок дей албай стакандын жарымын алды. Мурда ичип көнбөгөнгө ичи өрттөнүп эле кетти.

– Жамандан жарым кашык артат кылбай ал баарын, – дагы буйра сүйлөдү. Ал дайыма ушинтип өктөм сүйлөйт. Бул анын жетекчи кезинен калыптанган мүнөзү. Буйрук берип жүрүп көнүп калган.

Өзү стаканды толук тартып жиберип, артынан тамак иче баштады. Тамакты да эркектерче чоң-чоң ичет. Аны менен тең тайлаша ичпесе Наркүлдү жемелеп жиберет. Кыскасы, анын айтканына Наркүл каршы чыга албайт.

Бир убакта стаканын жылдырып:

– Куй, – деди эжекеси. Наркүл кайрадан чөйчөктү толтурду. Тиги колуна алды да унчукпастан тартып ийди. Бир аз үн катпай олтурган соң:

– Үстүңөрдө үйүңөр жок болгон соң эмне үчүн үч баланы катар төрөдүң? – деди эжекеси. – Же дагы төрөйсүңбү?

– Жо-ок, эжеке. Ушуларды эле эптеп чоңойтуп алсак...

www.bizdin.kg

– Карачы өңүңдү бопбоз болуп.Тыртайып арыксың. Күйөөң деле жыргатпайт окшойт сени, – деп Наркүлдү боор ооруган түр менен карады да, негедир каткырып күлүп койду. Наркүл унчуккан жок. Кызып калды окшойт деп ойлоду. Бирок кемсине түштү. Эртең эле кайра жумушун кылып, тыйынын ала турган болгон соң эмне деп каяша айтат. Анын үстүнө энесинен улуу аял.

Аңгыча тамак ичилип бүттү. Эжекеси дагы буйра сүйлөдү:

– Дасторконду кайрадан жасап койчу. Тиги шкафта таттуулар бар. Баса, муздаткычтан эт алып казанга асып кой, быша берсин.

– Азырбы? – таң кала сурады Наркүл.

– Ооба, азыр. Бир аздан кийин массаж жасаган байкең келет.

– Аа, жарайт эжеке.

Наркүл этти казанга асып коюп, дасторконду кайрадан иреттеди. Кеч кирип баратты. Аңгыча эшик шыңгырады.

– Барып аччы? – деди эжекеси.

Короого чыгып дарбазаны ачып, массаж жасаган кишини үйгө ээрчитип кирди. Алдынан утурлап чыккан эжекесинин бир заматта үнү өзгөрүп, көзү сүзүлүп, тиги кишини кичи пейилденип тосуп алды. Наркүлгө да сылыктанып:

– Ырахмат Наку, эми сен бара гой, балдарың ыйлап калбасын, – деди. Эжекесинин мындай сылык сүйлөгөнүн ал биринчи жолу укту. Бошогонуна кубанып, тигилерге кош айтып жолуна түштү.

Массажчы көптөн бери эле бул үйгө келип жүрөт. Кээде Наркүл кетип жатканда эшиктин алдынан беттешип калышат.

Рабия Нуртаевна аны «Үйлөргө барып массаж жасайм» деген кулактандыруудан таап алган. Алаканында жагымдуу оту бар, колдору карылуу жигит адегенде анын дөңгөчтөй болуп катып калган желкесин ушалап олтуруп жан киргизген. Анан акырындап анын ийилбеген жоон белин, кан жүгүрбөй уюган жамбашын, буттарын мыжып олтуруп, катып калган денени ийкемге келтире баштады. Мындай массаж Рабия Нуртаевнаны көшүлтүп, тим эле жанын жыргатты. Ар бир жолку кызматынын бир тыйынын кемитпей, кээде ашыгы менен төлөп турду. Тамагын алдына тартып, бөтөлкөсүн буза коюп, жигиттин көңүлүн алып жүрдү. Мындайда кайсы эркектин делебеси козголбосун. Анын үстүнө өзү ичкиликти мөлтүрөтө куюп келе гой деп жатса... Жашы кыйла улуу болсо да жарым жылаңач аял көзүн сүзүп турса азгырылбай коёбу?! Акыры алар бир күнү аял-эркектин кумар ишине өтүп кетишти. Ошондон бери массажчы апта сайын ашыгып келет. Жан-дилинен кызмат көрсөтүп, эжесин да, өзүн да ыраазы кылат. Аялдын жаш өмүрүндө толбой калган кемтиги эми толуп, эңсегени эми келип жаткандай көңүлү чалкып ыраазы.

www.bizdin.kg

Массажчы менен болгон мамиледен бери Рабия Нуртаевнанын оор тарткан денеси жеңилдеп, башы да салмактанбай, көңүлү сергек болуп, Наркүлгө өз жакынындай мамиле жасап калды. Өмүрү колу ишке тийбеген жаны анча-мынча жумушту өзү да жасап жиберчү болду.

– Наркүл, ишиңди коё туруп бери келчи? – деди бир күнү дивандында жаткан жеринен. Дагы эмнени айтат деп зааркан келин колун ааарчып, жанына басып келди.

– Отур, сүйлөшө турган сөз бар, – деди эжекеси олуттуу. Наркүл үн катпай сөздү күтүп калды.

– Жашаган батириңерге канча төлөйсүңөр?

– Алты миң.

– Анда мындай, шаардын ортосунда менин эки бөлмөлүү үйүм бар. Мурда бирөөлөр жашачу. Азыр бош турат. Ошого жашайсыңарбы?

www.bizdin.kg



Проза

Касиет БЕКНАЗАРОВА

ТОКОН КАЛЧЫЛДАК

(Аңгеме)

Кадимки эле кыргыз айылдарынын биринде Токон аттуу пенде жашайт. Айылдаштары негедир аны өзүнүн Токон деген атына «калчылдак» деген сөздү кошуп алышкан. Ал кээ бирөөлөр айткандай «психопат» деле эмес. Көпчүлүк арасында орундуу сүйлөп, өзүн жакшы алып жүрөт. Эгерим ичкилик ичип көргөн эмес. Бирөөгө кыянаттык жасоо, ичи тардык кылуу деген нерселер оозунан айлансын.

Анын дагы бир өзгөчөлүгү – колуна тийген гезит-журналдарды окуганы окуган. Мейли, ден соолук үчүн кеңеш болобу, илимий макалабы, же болбосо өсүмдүктөрдүн куртун арылтуу жөнүндө тажрыйбаларбы, же бүйүр кызыткан саясатпы ылгабайт.

Айрыкча кызыктуу макала окуп калса ошол окуя жөнүндө улам сөз козгоп, үй-бүлөсүнүн мазесин алмайы бар. Акыркы жылдарда дават окуган молдокелердин таасириби, сербейтип сакал өстүрүп, орду келсе-келбесе пайгамбардын хадистеринен масел айтып калат. Айрыкча: «Момун мусулман ачуусу келгенде оң колдун ачуусун сол кол менен басыш керек. Сабыр кылбаган пенде кудайдын алдында күнөөкөр» – деп көп айтат.

Бирок «Молдонун айтканын кыл, кылганын кылба» дегендей өзү ачуусун кармана албай өкүнүп калган учурлары арбын.

Дегинкиси ал өзү эч кимге тийиштик кылбайт, нервинин жукалыгын сезип, тынч жашоону каалайт. Өчөшкөндөй аны чыр-чатак өзү издеп таап алат. Бүгүн да ушундай эле болду. Ал күндөгүдөй эле таң заардан туруп жуунуп-чайынып, мал-жанын жайгарып жаңы эле чайга отурган. Аңгыча сары күчүк жоо тийгендей чарылдап

www.bizdin.kg

үрүп калды. Сыртка чыкса үч-төрт үй нары жашаган кошунасынын шүдүңгүт күрөң кунажыны жол жээкке мудаалап жыйып койгон чөбүн тосмодон артылып жеп жатыптыр. Ачуусу келген Токон айрысын булгалап (колуна айрысы тийиптир) шүдүңгүттү үйүнө чейин айдап барып, кошунасынын короосуна кийирип, дарбазасын ныктап бекем жаап кайра кайтты. Анан көңүлү жайланып, курсагы чала тоют болуп калган учурда сары күчүк дагы чырылдап үрдү. Көчөгө чыкса дале баягы көрүнүш. Кийинки жолу жини шакардай кайнаган Токон чоң союл ала чуркап шилтегенде, таяк тосмого тийип быркырап сынын кетти. Күрөң кунажын үйүн карай мүлкүлдөп желди. Аңгыча уй ээсинин балдары үйдөн чыга калып уюн суудан өткөрө талаага айдап салышты. Токондун: «Эми келсе таарынбагыла», – деп эскерткенине көңүл деле бурушкан жок.

Мезгил кыш ортолоп калган кез. Сайдан аркы ээн аңызда уйдун тишине илинер от калган эмес. Кар аралаш топо, анда-санда шыралжындын куурайынан башка оозуна илинбеген күрөң кунажындын таңдайына татып калган Токондун даамдуу эспарцети өзүнө чакырып, азгырып туруп алды. Кечмеликтен бери өтүп адатынча тосмодон артыла жыты буркураган чөптү бышылдап-күшүлдөп аймап жатты.

Токон шүдүңгүттү көргөн учурда чөбү бир топ аңырайып калган эле. Ал эми өзүн кармай албай калчылдап кетти. Оозунан ак ит кирип, кара ит чыгып буркан-шаркан түшүп жатты.

– Ах, тозокулар! Адамды тоотпогон бетсиздерге энесин таанытайын: – Сыпайы! – Үйдөн чыгып калган кемпирине кыйкырды: – Кана балдар?! Модун! Дыды! Кармагыла уйду, жак отту! Баягы шишти тапкыла. Мен буларды көрүндө өкүртөм! – Токон чын эле жинине туттугуп калчылдап калды. – Тоотпойт имиш! Пиночет жолдо калат... энесин Үч-Коргондон көргөзөм.

Дал ушул учурда көчөдөн колуна калай чөйчөк кармаган Сурмакан өтүп бараткан. Ал таң атпай чай катык үчүн кошуналарга сүт сурап барып, ар бир үйдө бир чай кайнам отуруп, аркы көчөнүн жаңылыгын берки көчөгө, берки жактыкын аркы жакка таратып, үйүнө түшкү чайга араң жетип келчү эле. Сааттай болуп Токондун ызы-чуу түшүп жиндеши ал өтүп бараткан учурга дал келип отурбайбы. Сурмакандын көктөн издегени жерден табылып, кулак түрө калды. Токондун «Шишти тап, көрүндө өкүртөм» дегенин угуп, абайлай калды.

Күйөсүнүн буркан-шаркан түшкөнүнө Сыпайы байбиче көп деле кебелген жок. Болгону үйдөгү кара уюнун арканын таап берди. Токон калчылдаган бойдон кунажынды небережерине карматып, мүйүзүнөн короосундагы алма бакка байлап салды.

www.bizdin.kg

Муну көргөн Сурмакан күрөң кунажындын ээсине чуркады. Анын көк жыгач дарбазасын такылдатып:

– Ким бар, уюңарды Токон калчылдак сойгону жатат, жаныңар болсо ажыратып алгыла! – деп кыйкырды. Эртеден бери тоотпой отурган уйдун ээси Сурмакандын кыйкырыгынан улам тестиер эки баласын ээрчитип, Токондун үйүн карай бет алды.

Токон ушул учурда мешти көзөгөн темир шишти дуулдап күйүп жаткан отко салып кармап турду. Оттун табына кызарган шишти алып, бакты көздөй жөнөдү. Алма бакта байланып турган кунажын шиш мурдуна жакындаганда башын чулгуп мөөрөп жиберди. Ачуусуна муунган Токон калчылдак аны таноого чала сайып калды. Уй туйлаган бойдон жибин үзүп чарбакты аралай качты.

– Эй, айбан, ал эмне кылганың? Бир боо чөп үчүн малды ушундай кыйнайсыңбы? – уйдун ээси короого кирип келатып бакырды.

– Ики, тоотпойт имиш, чуркайт экенсиң го? Бирөөнүн эсебине жашаган кандай болот экен? Жайы менен дардайып жатабыз, ар кимден тиленип арак ичебиз, уюбузду «кыдырып жан бак» деп элдин чөбүнө айдап коёбуз.

Токондун ачуусу катуу келгенде калчылдагы күчөп, өзүн башкара албай делөөрүп кетчү эле. Ошонусу кармап калды. Анын сырын билген уй ээси балдары менен лүкүлдөп качып бараткан уйду кууган бойдон жоголушту.

Анын жээликкени жаңы эле бастап калганда короосунун жанында тигилген бүлдүркөндүн далдасынан Токондор жакты кызыга акмалап турган кошунасынын аялы көзүнө чалдыга калбаспы.

Аны көргөн Токондун жаалы келип, кыжыры кайнап чыкты.

– Аңдыгыла арамзалар! Ушактагыла, силердин көктөн издегенинцер жерден табылбадыбы. Эх, Көзкамандын тукумдары, жылан өлтүргөнгө таш алып бербейсиңер! Кыргыз качан оңолчу эле, ушундайыңардан «Манасыңарды» Кытайга тарттырып отурасыңар, – ал кайсыл бир гезиттен окуганын айтып дөөрүп баштаганда маңдайкы кошуна анын чарбагын жээктей үйүнө баратыптыр.

Ал кошунасы менен да небересинин айынан кыргый кабак болуп, келишпей жүргөн убагы эле. Токон «Мамлекеттин, элдин мүлкүн уурдоо зор күнөө» деген коммунисттик идеологияга сугарылган таза инсан болчу. Кошунасы убал-соопту билбеген алдым-жуттум жигит. Ал электр энергиясын уурдап жакканын Токон жактырчу эмес.

Аны көргөндө ансайын делөөрүгөнү күчөп кетти.

– Не деген зор империя талкаланды. Жегичтер! Тоногучтар! Тоногула дагы, свет эмне болуптур, карагайын кошо киргизип алгыла! Туш-туштан уурдап жатса, кичинекей өлкөбүздүн байлыгы кантип

www.bizdin.kg

түтөт? Жериңердин калганын саткыла! Эртеңки мекендин, балдардын келечегин ойлойбу ушулар!

Маңдайкы кошуна адегенде Токондун кимге, эмнеге кыйкырып жатканын түшүнгөн жок. Анан « жегич, свет урдайт» деген сөздөрү өзүнө багытталып жатканын боолголоп, жини келе түштү. Ал Токондон жаш, албеттүү дардайган, «пулуң болсо кулуңмун» дегендерден эле. Ак ниет, таза жашоого үндөгөн тыйтайган Токону эки бүктөп, эсебин таап койгусу келди. Бирок аны менен чуулдашып, соттошуп баркымды кетирбейин дедиби, колун шилтеп басып кетти.

Аңгыча: «Окуя кантип бүтөт» – деп кызыгып турган Сурмаканга кезек жеткенде ал артын карабай безип баратты.

Токон калчылдап анын артынан уу тилин агытып калды:

– Чурка, чурка! Сенин «Шуулдак газетаңа» материал табылды. Калай чөйчөгүңдү ала кет, айылдын башынан түшсөң, аягынан чыгасың! Ушактап Токону чаап алгыла!

Ал тамагы айрылганча бакырды, ой-тоону сүйлөп бир топко барып басылды.

Жели чыгып унчукпай көпкө отурду анан:

– Эх! Мен эч ким менен урушууну каалаган эмес элем, өздөрү... – деп өзүнчө актанып кейип алды. – Эми эртең баарын кыдырып кечирим сурабасам болбойт.

www.bizdin.kg



Орус классикасынан

А.С.ПУШКИН

КАПИТАН КЫЗЫ

(Уландысы. Башы өткөн санда)

V глава

СҮЙҮҮ

Э, сулуу кыз, сулуу жан!
Күйөөгө барба жашыңдан.
Атаң менен энеңдин,
Тууганыңдын тилин ал;
Акылдуу бол, эстүү бол,
Энчи алып, анан септүү бар.

Эл ыры

Тийгениң жакшы болсо унутарсың,
Кем болсо мени далай эске аларсың.

Эл ырынан

Көзүмү ачкан менен, бир кыйлага дейре эс-учуму жыя алганым жок жана эмне болуп жатканымды да түшүнбөдүм. Алдан тайып, чочуп үйдөгү кроватта жатыпмын. Колуна шам кармап, Савельич жанымда турган экен. Көкүрөгүм менен акырегим таңылган чүпүрөктү кимдир бирөө акырын чече баштады. Акырындап көңүлүм сергип, эсиме келдим. Эрөөлгө чыкканым эсиме түшүп, жарадар болгонуму түшүндүм. Ошол арада каалга кычырап калды. «Кандай? Түзүкпү? – деп күбүрөгөн добуш угулганда, жүрөгүм өрөпкүй түштү. Дагы эле бир калыпта, – деп Савельич үшкүрүп, – тилден калып, эссиз жат-

www.bizdin.kg

канына мына беш сутка болду». – Мен бурулайын деп бурула алганым жок. «Мен кайдамын? Бу ким?» – дешке тилим зорго келди. Марья Ивановна кроватымын жанына келди да, мага эңкейип: «Эмне дейсиз? Алыңыз кандай?» – деп сурады. «Кудая шүгүр, – дедим үнүмү зорго чыгарып. – Бул сизсизби, Марья Ивановна? Айтыңызчы...» – деп сөзүмдү бүтүрө албай, унчукпай калдым. Савельич кудайлап жиберди. Кубанганы иреңинен көрүнө түштү. «Эсине келди! Тилге кирди! – деди Савельич. – Жараткан, ай, мунуңа шүгүр! Тегеренейин, Петр Андреич! Жаман коркутпадыңбы! Оңой дейсиңби? Беш суткадан бери!..» Марья Ивановна анын сөзүн бөлүп кетти. «Көп сүйлөштүрбөгүн, Савельич. Али жакшы боло элек», – деп, Марья Ивановна эшикти акырын жаап, чыгып кетти. Көңүлүм эргип, алып учту. Ошентип, мен комендanttын үйүндө жаттым. Марья Ивановна кирип-чыгып турду. Савельичтен бир нерсе сурамакчы болдум эле, абышка башын чайкап, кулагын колу менен баса койду. Ыза болгонуман көзүмдү жумдум да, бир аздан кийин уктап кеттим.

Ойгонуп, Савельичти чакырсам, жанымда ал эмес, Марья Ивановна туруптур, мукамдуу үнү менен саламатташты. Ошол минутада коргошундай эриткен сезимди айтып берүүгө сөз таба албайм. Колунан шап кармадым да, эт жүрөктү элжиреткен көз жашымы агызып, өзүн көздөй ыктай бердим. Маша колун тартып алган жок... аңгыча болбой, анын оймоктой оозу бетиме тийди да, татынакай ысык эрди менен өпкөнү бүткөн боюму куйкалап кетти. «Секетиң болоюн Марья Ивановна, – дедим ага, мага чыккын, мени таалайлуу кылууга макул болгун». Ал эсине келе түштү. «Кудай үчүн, сабыр кылыңыз, – деди колун тартып алып. – Илдетиңиз али коркунучтуу: жаракатыңыз кайра кабылдап кетиши мүмкүн. Деги мен десеңиз – сактана көрүңүз». – Ушул сөздү айтары менен Марья Ивановна чыгып кетти, мен кубанганыман бүткөн боюм балкып, кала бердим. Таалай мени кайра тирилтти. «Ал меники болот! Ал мени сүйөт!» – деген ой өмүрүмө дем берди.

Ошол убактан тартып, уламдан-улам оңоло бердим. Мени полктун чач тараччысы дарылады, себеби сепилде андан башка догдур жок эле; кудай жалгап, чач тарач да билгичсинген жок. Жаштык менен табигат тезирээк сакайышыма жардам кылды. Мени комендanttын бүткүл бүлөсү бакты. Марья Ивановна жаныман кеткен жок. Албетте, ыгы келген учурду текке кетирбей үзүлүп калган сөздү кайра баштадым, Марья Ивановна мурункудан кунт коюбураак укту. Ал назданбай эле көңүлү бар экенин мойнуна алып, таалайлуу болушума атам, энем кубанса кубанат, каршы чыкпайт деди. «Бирок өзүң жакшыраак ойлонуп көргүн, – деп койду, – сенин ата-энең каршы болбос бекен?»

www.bizdin.kg

Мен ойлонуп калдым. Апамдын мээримдүүлүгүнө шегим жок эле, бирок атамдын кулк-мүнөзүн, пикирин билгендигимен, менин сүйгөн-сүйбөгөнүм атам үчүн баары бир болорун, менин сүйгөнүмү ал жаш жигиттин көп сандырактаганынын бири деп эсептерин сезе койдум. Муну Марья Ивановнага жашырбай айттым. Батаңызды бериңиз – деп бал тилге салып, атама кат жазмакчы да болдум. Жазган катымы Марья Ивановнага көрсөттүм: ал катыңыз таасир кыла тургандай жакшы жазылыптыр деп да, каттын ийгиликтүү болоруна ынанып, ашык болгон ишенчээк жаштын мээримдүү жүрөк сезимине берилип да калды.

Швабрин менен айыгар замат эле жараштым. Иван Кузмич эрөөлгө чыкканым үчүн бир аз жекирип, мага мындай деди: «Эх, Петр Андреич! Сени камап коюшум керек эле, бирок ансыз да азабыңы тарттың. Алексей Иванович нан магазинде ушу күнгө камакта отурат, шпагасын Василиса Егоровна бекитип койгон. Мейли, акылына келип, тобо келтирсин». – Жүрөгүмө араздык сезим сактабаганым үчүн абдан кубандым. Швабринге уят боло баштадым, ак көңүл комендант зайыбынын руксаты менен аны бошотуп жиберди. Швабрин мага келди, экөөбүздүн ортобузда болгон ишке абдан өкүндү, болгон окуя үчүн өзү күнөөлүү экенин мойнуна алып, өткөн иш үчүн кек санашпайлы деди. Туулуп-өсүп кекчил болбогон жаным чатакташканыбызды да, мени жарадар кылганын да кечирдим. Намыскөй жигит ашык болом деп каккы жегени үчүн жалаа жаап, ушак чыгарганын түшүнүп, ак көңүлүм кармады да, араздашкан бечаранын күнөөсүн кечирип жибердим.

Көп узабай сакайдым да, башка квартирага көчтүм. Күн мурунтан кайгырбоого тырышып, үмүт кылбаганым менен жиберген катыма качан жооп келер экен деп ынтызар болдум. Василиса Егоровна менен Иван Кузмичке ачылып айтканым жок, бирок жашырбай айтсам да, алар таң калбайт эле. Мен да, Марья Ивановна да – экөөбүз тең бири-бирибизге ашык болгонубузду алардан жашырганыбыз жок, себеби алардын макул болоруна күн мурунтан көзүбүз жеткен эле.

Бир күнү кат кармап, Савельич кирип келди. Калчылдап барып, колунан катты жулуп алдым. Адресин атам өз колу менен жазган экен. Анткенине мен бушайман болдум, себеби катты мага дайыма апам жазчу эле да, атам каттын аягына бир нече сап сөз кошуп коё турган. Көпкө чейин пакетти ачпай, каттын сыртындагы: «Балам Петр Андреевич Гринёвго, Оренбуг губерниясы, Белогорск сепили» деген салабаттуу жазууну бир нече ирет окуп чыктым. Кат жазганда атамын көңүлү кандай болгонун колунан билүүгө тырыштым, акырында катты ачтым да, тилегим тептегиз жылас болгонун адеп окуу менен эле билдим. Каттын мазмуну мындай эле:

www.bizdin.kg

«Балам, Петр! Марья Ивановна Мироновна деген кызга үйлөнөйүн дейм, ошого макул болуп, батаңарды бергиле деп жазган катыңды биз ушул айдын он бешинде алдык, батамды да бербейм, атүгүл, сага эптеп жетип, ушул кылган тентектигиң үчүн офицерлик чиниңе карабастан, адебиңди колуңа берейин деп жатам; себеби шпаганы сага өзүңө окшогон ээнбаш жигиттер менен дуэлге чыксын деп эмес, Ата Мекенди коргосун деп берген. Сени жиниң кагылгандай, Белогорск сепилинен окчунураак, башка бир жерге жибергин – деп Андрей Корловичке токтоосуз кат жазам. Эрөөлгө чыгып жарадар болгонуңу уккандан кийин күйүтүнө чыдабай апаң ооруп, төшөктө жатат. Сенден эмне чыгар экен? Сени оңолуп кеткей эле деп, казнасы кең кудайга жалбарам.

Атаң А.Г.»

Катты окуганымда мага ар түрдүү сезим пайда болду. Атамдын кызганбай айткан мээримсиз сөздөрү мени жаман сындырды. Марья Ивановна жөнүндө атамдын жексурлап айтканы адилетсиздик жана татырдык эмес эле. Белогорск сепилинен башка жакка көчүрөт экен го деген ой жаман чочутту, бирок баарынан кыйын кейиткени – апамдын ооруп калганы болду. Менин эрөөлгө чыкканым ата-энеме Савельич аркылуу угулуу керек деп, ага абдан капа болдум. Кичинекей бөлмөдө аркы-терки басып жүрүп, Савельичтин алдына токтодум да, олурая карап: «Сенин кесепетиңен жарадар болуп, бир ай өлүм оозунда жатканым аздык кылган экен го, эми энемди жутайын деген экенсиң да», – дедим. Савельич чагылган тийген немедей эсенгирей түштү. «Кокуй, мырзам, бул эмне дегениң?» – деп ал эчкирип жибере жаздады. – Сенин жарадар болушуңа мен себеп болгон экенмин да! Алексей Иванычтын шпагасына көкүрөгүмү тосо коюп, сени сактап калайын деп жүгүргөнүмө бир кудай өзү күбө! Каргыш тийген карылык каргаша болду. Апаңа мен кандай жамандык кылдым?» «Эмне кылдым дейсиңби? – дедим мен. – Менин үстүмөн сени ким сөз ташыгын деди? Же сени мага тыңчы кылып беришти беле?» «Менби? Мен сөз ташыпмынбы? – деди Савельич көзүнүн жашын жылтыратып. – Кудая тообо! Сенин үстүңөн сөз ташыган-ташыбаганымы азыр билесиң, мына бул атаң жазган катты окуп көргүн». Ошол эле жерден чөнтөгүнөн катты сууруп чыгып, төмөндөгүнү окуп берди.

«Уялсаң боло, картаң чочко, катуу тапшырганыма карабастан, Петр Андреевич балам жөнүндө эчтеке жазбайсың, анын тентектиги жөнүндө жат кишилерден кат алдым. Өз кызматыңды ушинтип аткарып, төрөңдүн тилин ушинтип алат экенсиң да? Сени картаң чочко, калп айтып, жаш баланы колдогонуң үчүн, доңуз кайтартам. Ушул катты аларың менен баламдын ден соолугу кандай, айыкты-

www.bizdin.kg

бы, жокпу, кай жеринен жарадар болду, баарын айтып токтоосуз кат жазгын».

Савельичтин айыптуу эместиги ачык болду, жок жерден шек уруп, аны бекер эле жекирген экенмин. Андан кечирим сурадым, бирок абышканын көңүлү кубанган жок. «Ушуну көрмөк экенмин, – деди ал кайталап, – төрөлөрүмөн көрөр жакшылыгым ушул экен! Картаң чочко да болдум, доңуз да кайтардым, сен да менин кесепетимен жарадар болупсуң? Жок, Петр Андреич чыракайым менин кесепетим тийген жок, балаанын баарын баштаган жанагы ант урган мусье болду: кара мүртөз капырдан ошонусу аман калып кала тургансып, жанагы темир шиш менен сайгылашканды, жер тепкилегенди сага ошол үйрөткөн! Мусьени жалдап, бекерге акча ысырап кылып эмне кереги бар эле!»

Менин жүргөн-турганымды атама жазам деп ким убара болду? Генералбы? Мен тууралуу генерал анчалык дале кам жебесе керек эле; эрөөлгө чыкканым жөнүндө Иван Кузмич сүйүнчүлөп эмне кылсын. Ким жеткиргенин таба албай, башым катты. Кадигим Швабринге келип токтоду. Менин үстүмөн чагым салуу ага пайдалуу эле, натыйжада, мени сепилден башка жакка жиберишип, комендanttын үйбүлөсүнөн кол үзүшүм мүмкүн эле. Баарын айтканы Марья Ивановнага бардым. Ал мени крыльцодон тосуп алды. «Сизге эмне болду? – деди Марья Ивановна мени көрө коюп. – Иреңиңиз жаман кубарыптыр го!» «Кол жууйт деген ушул!» – дедим да, атамын катын суна бердим. Ал да кубарып кетти. Окуп чыгып, калчылдаган колу менен катты кайра өзүмө берди да, каңырыгы түтөп: «Таалай чиркин мага буюрган эмес экен... Ата-энеңиз мени бүлө кылып алгысы келбейт тура. Кудайдын жазганы да! Бизге эмне буюрганын жараткан өзү билет. Амал канча, Петр Андреич, жок дегенде, сиз таалайлуу болуңуз...» «Андай болбойт! – деп, колунан кармай калып, чаңырып жибердим, – сен мени сүйөсүң, мен башымды сайдым. Жүр ата, энеңин аягына жыгылалы; сенин ата-энең таш боор көйрөндөрдөн эмес, жупуну кишилер. Алар макул болуп, батасын берет, биз ники кыйдырабыз... Анан бара-бара менин атамы да көндүрөбүз, көзүм жетип турат, апам да бизди жактайт, атам кечирер...» «Жок, Петр Андреич, – деди Маша, – ата-энең ыраазы болуп, батасын бербесе, мен сага чыкпайм. Ата-энеңин батасын албасаң, көшөгөң көгөрбөйт. Кудайдын салганын көрүш керек. Буюрган бирөө жолугуп, сүйүп калсаң – Кудай ажатыңарды ачсын, Петр Андреич; мен экөөң үчүн...» – деп ыйлап жиберди да, жаныман чыгып кетти; бөлмөгө артынан удаа кирейин дедим да, бирок өзүмү токтото албай турганымы сезип, үйгө кайта келди.

Терең ойго батып, ойлонуп турдум, аңгыча болбой Савельич кирип келип оюмду бузуп жиберди. «Мына мырзам, – деди мага жазылган

www.bizdin.kg

бир барак кагазды сунуп: – Өз төрөмүн үстүнөн сөз ташып жүргөн бекемин же жокпу, атаң экөөңүн ортоңо чагым салмак болгон бекемин же жокпу – окуп көргүн». Колунан кагазды алдым; ал Савельичтин алган катына жазган жообу экен. Сөзмө-сөз мындай деп жазылыптыр:

«Урматтуу, изаттуу атабыз Андрей Петрович!

Төрөңдүн буйругун аткарбаганың уят эмеспи деп, мендей кулуңузга каарданып жазган катыңызды алдым. Мен картаң чочко эмесмин, сиздин ишенимдүү малайыңызмын, төрөмдүн сөзүн эки кылбайм, сизге ар дайым жан дилим менен кызмат кылып жүрүп, буурул чачтуу чал болдум. Петр Андреичтин жарадар болгону жөнүндө жазбаганымдын себеби – Авдотья Васильевна байбиче ансыз да коркконунан ооруп калган окшойт, а кишинин тезирээк сакайышын кудайдан тилеймин. Петр Андреич оң акырегинен төмөнүрөөк көкүрөк сөөгүнөн жарадар болгон, жаракатынын тереңдиги бир жарым вершок эле; суунун жээгинен тике эле коменданттыкына алып келип, ошол үйдө жатты, ушул жердик Степан Паромонов деген чач тарач дарылады, эми Петр Андреич, кудая шүгүр, сопсоо, жакшылыктан башка жаза турган эч нерсе жок. Командирлери ага абдан ыраазы; Василиса Егоровна болсо өз баласындай көрөт. Кырсык жөнүндө болсо, өткөн ишке өкүнбө дейт эмеспи, төрт аяктуу тулпар деле мүдүрүлөт тура. Мени чочко кайтартам деп жазыпсыз, эмне кылсаңыз да эрк өзүңүздө. Эң акырында кулдук уруп, Сиздин чын кулуңуз:

Архип Савельич».

Ак көңүл абышканын жазганын окуп жатып, бир нече ирет күлүмсүрөп алдым. Атама кат жазууга чамам келбеди, апамын көңүлүн жубатуу үчүн Савельичтин каты жетишерликтей болуп көрүндү.

Ошол күндөн тартып, абалым өзгөрүп кетти. Марья Ивановна мени менен сүйлөшпөй турган болду десем да болот, мага көрүнбөөгө тырышты. Коменданттын үйү мага суук көрүнө баштады. Үйүмөн чыкпай, жалгыз отурууга бара-бара көнүп да кеттим. Василиса Егоровна а дегенде бу кылганымы айтып көрүп жүрдү эле, бирок көктүгүмө көзү жеткенден кийин тынчымы алган жок. Иван Кузмич менен кызмат убагында гана көрүшчү болдум. Швабрин менен андасанда гана жолугушуп жүрдүм, өзүн өзү ичинен жектеп жүргөнүн байкагандан кийин, ого бетер аз жолугушуп кыртышым сүйбөөчү болду; анын ушул кылыгы мени мурункудан бетер шектендирди. Турмуш тажатып жиберди. Жалгызчылык менен бекерчиликтин

www.bizdin.kg

айынан кайгычыл, санаачыл болуп кеттим. Элге кошулбай, жалгыз жүргөндүгүмөн, сүйүү ого бетер кусадар кылып, күндөн күнгө оор боло баштады. Китеп, адабият окуудан көңүлүм калды. Чөгүп кеттим. Жинди болбогой элем же бузукучулукка кирип кетпегей элем деп корктум. Менин өмүрүмө чоң таасир тийгизип, күтпөгөн жерден чыккан окуя кайгылуу санаадан куткарып, кайраттандырып жиберди.

VI глава

ПУГАЧЁВЧУЛАР

Силер, жаштар кулак салып тыңшаңар,
Биз жобурап, сүйлөп берсек карылар.

Ыр

Өз көзүм менен көргөн таң каларлык окуяны баяндап жазуудан мурун, 1773-жылы Оренбург губерниясы кандай абалда болгондугу жөнүндө бир нече сөз айта кетишим керек.

Ушул жери кенен, байлыгы көп губернияда Россия падышаларынын өкүмүнө жакында гана багынган жарым жартылай жапайы, толуп жаткан элдер жашай турган. Алардын үстөккө-босток нааразы болушуп, законго, граждандык турмушка көнбөгөндүгү, шайкелеңдиги үчүн кың дегизбей баш ийдирип турууга өкмөт тарабынан тынымсыз көзөмөлдүк кылууга туура келди. Ыңгайлуу жерлерге сепилдер салынып, аларга илгертен бери эле Яик боюн ээлеп келген казак-орустар орношкон экен. Бирок ушул аймактын тынчтыгын, коопсуздугун коргоого тийиш болгон яиктик казактардын өздөрү да бир кыйладан бери өкмөт үчүн кооптуу, тынчы кеткен букара болуп келген. 1772-жылы казактардын негизги калаасынан нааразылык чыгат. Кошуунду ойдогудай моюн сундурайын деген ниет менен генерал-майор Траубенбергдин колдонгон катуу чаралары ошол нааразылыктын чыгышына себеп болот. Натыйжада Траубенбергди кыйнап өлтүрүшүп, башкаруу ишин өз билгендеринде өзгөртүшөт да, акырында бунт курал колдонуу, катуу жазалоо менен басылат.

Бул окуя мен Белогорск сепилине келер алдында болот. Баары небак тынчыйт, же тынчып калгандай болуп көрүнөт; тымызын кекенип, кайра тополоң чыгаруу үчүн ыңгайлуу убакты күтүп жүргөн арамза козголоңчулардын анткордук менен тобо келтиргенине начальниктер бат эле ишенип калышат.

Өзүмүн аңгемеме өтөйүн.

www.bizdin.kg

Бир күнү кечинде (бул 1773-жылы октябрь айынын башында болгон) мен күзгү шамалдын ызылдаганына кулак салып, айды айлана калкыган булутка терезеден карап коюп, үйдө жалгыз отурсам, комендант чакыртып жибериптир. Мен ошол замат эле жөнөп калдым. Комендантыкында Швабрин, Иван Игнатыч, казактардын уряднигы отуруптур. Бөлмөдө Василиса Егровна да, Марья Ивановна да жок экен. Мени менен амандашканда комендanttын ирең түйшүктүү кишиникиндей көрүндү. Ал эшикти жаап, каалганын жанында турган урядниктен башкабыздын баарын отургузду да чөнтөгүнөн кагаз алып чыгып, бизге мындай деди: «Господин офицерлер, маанилүү кабар келди! Генералдын эмне деп жазганын угуп тургула». – Анан көз айнегин кийип, төмөндөгүдөй катты окуду:

«Белогорск сепилинин господин коменданты капитан Мироновго Жашыруун.

Ушул кат аркылуу кабар кылып коёюн: камактан качып кеткен Емельян Пугачёв деген бузуку, дондук казак маркум император Петр үчүнчү мен болом деп кечиримсиз осолдук кылып өңкөй шумпай, кесептерден чогултуп алып, Яик кыштактарынан нааразылык чыгарыптыр да, бардык жерде элди чаап алып өлтүрүп, бир нече сепилди ээлеп, бүлдүрүп кетиптир. Ушул катты аларыңыз менен, калп жеринен падышамын деп жүргөн шумпайга сокку берүүгө, эгер карамагыңыздагы сепилге кол сала турган болсо, аны жок кылууга токтоосуз, тийиштүү чара көрүңүз».

«Тийиштүү чара көрүңүз! – деди комендант көз айнегин алып, кагазды бүктөп. – Оңой жоо көрүнбөйт. Кесепеттин күчү көп болсо керек, а бизде бардыгы болуп жүз отуз киши бар; казактарды эсепке кошпойм, себеби көңүлүңө албагын, Максимич, казактарга ишенүү кыйын. (Урядник мурутунан күлүп койду). Башка дабаа жок, господин офицерлер! Белен тургандай болгула, кароол коюп, түндө дозор чыгаргыла; эгер кол салып калса, дарбазаны жаап, солдаттарды алып чыккыла. Сен, Максимич казактарыңа катуу көз салгын. Замбиректи карап чыгып, жакшылап тазалап койгун. Сепилдегилердин бирөө-жарымы алдан билип койбосун, бул сөздү эч кимге оозуңардан чыгарбагыла».

Ушундай буйрук берип, Иван Кузмич бизди таратып жиберди. Укканыбызды талкуулап Швабрин экөөбүз бирге чыктык. «Кандай деп ойлойсуз, мунун акыры эмне болор экен?» – деп сурадым андан. «Бир кудай өзү билет, – деди ал, – көрө жатарбыз. Азырынча анчалык дале эчтеке көрүнбөйт. Эгер...» – деп сөзүн бүтүрбөй ойлонуп, француз ариясын көңүл кош ышкыра баштады.

Элге билдирбейли деп канчалык аракет кылсак да, Пугачёв чыгыптыр деген сөз сепилге жайылып кетти. Иван Кузмич зайыбын

www.bizdin.kg

абдан кадырлаганы менен өз кызматына тиешелүү жашырын нерсени ага өлүп баратса да айтпас эле. Генералдан кат алгандан кийин Иван Кузмич, Оренбургдан поп Герасим эч кимге айтылбай турган, абдан жашырын, сонун кабар алган эмиш деп Василиса Егоровна ошол замат эле поптун зайыбына бармакчы болот да, Иван Кузмичтин кеңеши боюнча, жалгыз зеригип калбасын деп Машаны ээрчите кетет.

Иван Кузмич жалгыз өзү калып, дароо бизди чакыртат да, сөзүбүздү тыңшап койбосун деп Палашканы кампага камап таштайт.

Василиса Егоровна поптун зайыбынан эчтеке биле албай, үйүнө кайта келет да, өзү жокто Иван Кузмич кеңешме өткөрүп, Палашканы камап койгонун угат. Алданып калганын түшүнүп, ал эрин тергей баштайт. Бирок жообун белендеп алган Иван Кузмич сөзгө сугалак зайыбына мындай деди: «Билесиңби, байбиче, биздин сепилдеги катындар печтерин саман менен жакмак болушуптур; өрт-мөрт чыгып, дагы бир балээ болушу мүмкүн го, ошондуктан катындарга саман жактырбагыла, жагышса чырпык-сырпык, бутак-сутак жагышсын деп катуу буйрук бердим». «А Палашканы эмне үчүн камадың? – дейт зайыбы. – Биз келгенче, кампада камалып тургандай, шордуу кыздын эмне жазыгы бар эле? Иван Кузмич мындай сурооого белленденген эмес экен; ошондуктан мукактанып, байланышсыз бир нече сөз айтымыш болот. Василиса Егоровна түнү бою уктай албайт, бирок күйөөсүнүн оюнда кандай сыр бар экенин такыр табалбай коёт.

Эртесинде, түшкү чокунуудан келатып, ал балдар тыккан чүпүрөк, майда таштардан, чамынды акыр-чикирден замбиректи тазалап жаткан Иван Игнатьичти көрүп калат. «Бул эмнеси, согушка белленделип жатышабы? – дейт ичинен Василиса Егоровна, – кыргыздар кол салмакчы болобу? Ушундай болор-болбосту Иван Кузмич менден жашырмак беле?» Тынчын алып, жүрөгүн өйкөгөн жашырын сырды билмекчи болуп, Иван Игнатьичти чакырат.

А дегенде сылап-сыйпап жоошутуп, жоопкерди кыраакылыктан тайдыруу үчүн, тергөөнү тиешеси жок маселеден баштаган судья сыяктуу, Василиса Егоровна тиричилик жөнүндө ага бир нече суроо берет. Анан бир аз унчукпай туруп үшкүрүнөт да, башын чайкап: «Кудая тобо! Ушундай да жаңылык болот экен, э! Акыры эмне болор экен?» – дейт.

«Э, байбиче! – дейт Иван Игнатьич. – Кудайдын кудурети зор эмеспи, бизде солдаттар жетишет, дары да көп, замбиректи болсо тазалап койдум. Пугачёвдун жазасын колуна берүүгө жарарбыз. Кудай кылайын дебесе, кыл да кыркылбайт эмеспи?»

«А Пугачёв деген кайдагы неме?» – комендanttын зайыбы тымызын сурап койду.

www.bizdin.kg

Иван Игнатьич байкоостон оозунан чыгып кеткенин сезе коюп, тим боло калат. Бирок кечигип калат. Василиса Егоровна эч кимге оозуман чыгарбайын деп жатып, баарын айттырып алат.

Василиса Егоровна убадасында туруп, поптун зайыбынан башка эч кимге эчтеме айтпайт, бирок ага да жайытта жүргөн уюңду кесептер кармап кетпегей эле деп окусунан айтып коёт.

Көп узабай эле Пугачёв тууралуу сүйлөбөгөн киши калбайт. Ар кимдин сөзү ар башка. Жакшылап чалгындап, баарын билип келгин деп, урядникти комендант коңшулаш кыштактар менен сепилдерге жиберди. Урядник эки күндөн кийин кайта келип, сепилден алтымыш чакырымдай жерден жайнаган от көрдүм, белгисиз жоо келатат деп башкырттардан уктум деди. Бирок олуттуу эчтеке айтып бере алган жок, себеби нарыраак баруудан корккон экен.

Сепилдеги казактардын түкшүмөлдөп дүрбөгөнү байкала баштады; бардык көчөлөргө топтолуп, күбүр-шыбыр болуп, драгун же гарнизондук солдат көрүнсө таркап кетишет. Аларга тыңчылар жиберилди. Юлай деген чокунган калмак комендантка маанилүү кабар жеткирди. Юлайдын сөзүнө караганда, урядниктин айткандары калп экен: козголоңчуларда болдум, алардын башчысы менен көрүшүп колунан өптүм, өзү менен көпкө чейин сүйлөштүм деп, мытаам казак келери менен эле жолдошторуна айтыптыр. Комендант ошо замат эле урядникти каматтырып, Юлайды анын ордуна дайындады. Бул жаңылыкка казактар нааразы болду. Тартынбай эле ачык күңкүлдөшө башташты; комендanttын буйругун орундатып жүргөн Иван Игантьич алардын: «Шашпа, гарнизондун бөрүсү!» дегендерин өз кулагы менен угуптур. Комендант камактагы казакты ошо күнү эле суракка алмакчы болгон эле, бирок казак камактан качып кетти, анын качышына тилектештери жардам бергендей сыяктанды.

Бул жаңы кырдаал комендантты мурдагыдан бетер чочутту. Адамдын төбө чачы тик тургандай баракчалары бар бир башкырт кармалды. Ушул окуяга карата комендант өз офицерин дагы чогултмакчы болуп, Василиса Егоровнаны жакшы шылтоо менен дагы кетиргиси келет. Бирок Иван Кузмич калп айтканды билбеген, бир сырдуу болгондуктан, мурун бир кезде колдонгон амалынан башка амал табалган жок.

«Билесиңби, – деди зайыбына тамагын жасап. – Герасим поп шаардан кабар алыптыр дешет...» «Калпты эмне кыласың Иван Кузмич – деди зайыбы капитандын сөзүн бөлүп, – сен кеңешме чакырып, Емельян Пугачёв жөнүндө менсиз акылдашмакчы болосуң го, алдай албайсың». – Иван Кузмичтин көзү алая түштү. «Алда байбиче ай, – дейт комендант, – баарын билет экенсиң го, эмесе барбай эле кой; сенин көзүңчө эле сүйлөшөлү». «Айтпадым беле, байым, – деди зайыбы, – алдаганды эмне кыласың, чакырт офицерлериңи».

www.bizdin.kg

Биз дагы чогулдук. Иван Кузмич зайыбынын көзүнчө бизге Пугчёвдун үндөөсүн окуп берди, аны чала сабат казак жазган экен. Ал каракчы өзүнүн үндөөсүндө силердин сепилиңерге токтоосуз кол салам дептир да, казактар менен солдаттарды өзүнүн шайкасына чакырып, каяша кылсаңар башыңарды алам деп командирлерге опуза кылыптыр. Үндөө одоно көрүнгөнү менен күчтүү жазылган экен, ошондуктан карапайым кишилерге кооптуу таасир кылууга тийиш эле.

«Журт куруткан мытаамды кара!» – деди комендanttын зайыбы. – Уялбай буйрук бергенин айтсаң! Тосуп чыгып, бутуна туу жыгыш керек экен да! Иттин баласы! Кырк жыл кызматта болуп, кудая шүгүр, далайды көргөнүбүздү билбейби? Каракчынын тилин алган командирлер да бар экен, э?»

«Болбоо керек эле», – деди Иван Кузмич. – Шумпай бир топ сепилди алып койгон окшойт».

«Чын эле күчтүү көрүнөт го», – деди Швабрин.

«Анын аныk күчүн азыр билебиз, – деди комендант. – Василиса Егоровна, кампанын ачкычын берчи. Иван Игнатьич, жанагы башкыртты ээрчитип кел, Юлайга камчыңы ала келгин де».

«Токтой тур, Иван Кузмич, – деди Василиса Егоровна ордунан туруп жатып, – Машаны башка жакка алып кетейин; анын бакырганын угуп, жүрөгү түшүп жүрбөсүн. Чынын айтсам, сурakты мен да анчалык жакшы көрбөйм».

Кыйноо иши илгери соттоо тажрыйбасына абдан сиңип, өнөкөт болуп калгандыктан, кыйноого тыюу салган жакшы указ да көпкө чейин колдонулбай келди. Кылмышкерлердин айыбын толук ачуу үчүн, анын өзүн күнөөлүүмүн дегизип мойнуна алдырыш керек деп ойлошкон, – бул пикирдин негизсиз экени мындай турсун, жүйөлүү туура ойго карама-каршы келет, себеби соттуу кишинин танганы анын күнөөлүү эместигин далилдей албагандан кийин, соттуу кишинин мойнуна алышы анын күнөөлүү экендигин андан бетер далилдей албайт. Маданиятсыз адатты жоюу жөнүндө эски кишилердин айтып жүргөнүн ушу күндө да угам. Биздин заманда кыйноо керек экендигине судья да, соттуу киши да, эч ким шек келтирбейт. Ошентип, комендanttын сабагын деп берген буйругу эч кимибизди таң калтырган да, чочуткан да жок. Иван Игнатьич комендanttын зайыбынын кампасында камакта отурган башкыртты алып келгени кетти да, бир нече минутадан кийин туткунду алдыңкы бөлмөгө ээрчитип кирди. Комендант бизге көрсөткүн деди.

Башкырт босогодон зорго аттады (мойнунда моюнтургу бар эле), шоңшойгон тебетейин алып, каалганын жанына токтоп калды. Мени жалт карап алып чочуп кетти, ал кишини эч качан унутпайм. Жашы жетимиштен ашып калгандай көрүндү. Мурду да, эки кулагы да

www.bizdin.kg

жок экен. Чачын кырдырып коюптур, ээгиндеги эрбейген бир топ кылы небак агарып калыптыр; бою жапалдаш, арык, бүкүрөйүп калган киши экен, бирок кичинекей көзү ойноктоп, жөн эле от чагылып турду. 1741-жылы жазаланган козголоңчулардан экенин ушул тамгасынан тааный коюп: «Э-э! – деди комендант. – Биздин капканга түшүп чыккан карт бөрүдөн экенсиң го. Кулак, мурдуңан ажырапсың. Бунтка нечен ирет катышкан окшойсуң. Бери жакыныраак кел, сени ким жиберди, айтчы?»

Картаң башкырт унчукпай, такыр эчтеке түшүнбөгөн кишиче комендантты тиктеп тура берди. «Эмне унчукпайсың? – деди дагы Иван Кузмич: – Же орусча билбейсиңби? Юлай, өз тилиңерде сурап көрчү, биздин сепилге аны ким жибериптир?»

Иван Кузмичтин суроосун Юлай татарча айтып берди. Бирок башкырт баягысындай эле телмире карап, унчукпай турду.

«Якшы, – деди комендант, – булбулдай гана сайрайсың. Балдар! Мына бу түрү суук ала чапанын чечкиле да, жонуна балак ургула. Юлай, жакшылап саба!»

Эки инвалид башкыртты чечиндире баштады. Шордуунун куну учуп кетти. Балдардын капканына түшкөн чычканча ал эки жагын элеңдеп карай берди. Инвалиддердин бирөө чалды эки колунан кармап, жонуна көтөрдү. Юлай камчысын алды да кериле тартып калды: башкырт жалынгансып акырын онтоду да, башын ийкеп, оозун ачты; көрсө, таарый кесилген тилинин дүмүрү гана бар экен.

Ушундай окуя менин заманымда болуп, азыр император Александр жоош падыша болгонун өз көзүм менен көргөнүмү эстесем, агартуу ишинин тез алга кеткенине, адамды сүйүү эрежелеринин жайыла баштаганына таң калбай коё албайм. Жаш жигит! Эгер ушул менин жазгандарымы окуп калсаң эң мыкты жана эң бекем өзгөрүштөр, эч кандай зордук-зомбулуксуз эле кулк-мүнөздү жакшыртуудан келип чыга тургандыгын эсиңе түшүр.

Баарыбыз таң калдык. «Калыбы, мындан эчтеке чыкпайт окшойт, – деди комендант. – Юлай, башкыртты кампага камап кой. А биз, төрөлөрүм, бир аз акылдашып алалы».

Биз ал-абалыбыз жөнүндө талкуулай баштадык, бирок аңгыча болбой Василиса Егоровна аябай чочуган кишиче энтиге-энтиге дем алып, бөлмөгө кирип келди.

«Сага эмне болду?» – деди таң калган комендант.

«Балааны кайдан деп болбойт! – деди Василиса Егоровна. – Нижнеозерная сепилин бүгүн эртең менен алышыптыр. Герасим поптун кызматкери азыр эле ошол жерден келди. Сепилди кантип алгандарын өз көзү менен көрүптүр. Комендanttын бардык офицерлерин асып өлтүрүшүптүр. Солдаттардын баарын туткунга алышыптыр. Кесепеттер бул жерге эми эле жетип келет».

www.bizdin.kg

Эч ким күтпөгөн жаңылык мени айран-таң калтырды. Нижнеозерная сепилинин коменданты жупуну жоош жигит эле; ал экөөбүз тааныш элек; ошондон эки ай мурун жаш келинчегин эрчитип, Оренбургдан келатканда ал Иван Кузмичтикине конуп кеткен болучу. Нижнеозерная менен биздин сепилдин ортосу жыйырма беш чакырымдай жер. Ана келет, мына келет деп, Пугачёвдун кол салышын күтүп калдык. Марья Ивановнанын тагдыры кандай болору көзүмө элестегенде, жүрөгүм үзүлүп кете жаздады.

– Кулак салыңызчы, Иван Кузмич! – дедим комендантка, – кашык каныбыз калганча сепилди коргоо ыйык милдетибиз болот. Бу жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес, бирок аялдардын аманчылыгы жөнүндө ойлош керек. Эгер жол али алына элек болсо, аялдарды Оренбургга же кесептер жете албай турган ишеничтүү ыраакы бир сепилге жөнөтө туруу керек.

Иван Кузмич зайыбына кайрылды:

– Э, байбиче, козголоңчуларды биз бир жаңсыл кылганча, ырас эле силерди окчунураак бир жерге жибере турсак кантет?

– Болбогон кеп! – деди зайыбы. – А ок жетпеген сепил кайда экен? Белогорскинин эмнеси мажес? Кудая шүгүр, мында турганыбызга жыйырма эки жыл болоюн деп калды. Башкырттын да, кыргызын да көргөнбүз: Пугачёвдон да кудай сактагысы бардыр.

«Мейлиң, байбиче, – деди комендант, – биздин сепилдин бектигине анчалык эле ишене турган болсоң, кала бер. Бирок Машаны кантебиз? Туруштук берсек же такоол келип калса жакшы болду; бирок кесептер сепилди алып койсо кантебиз?»

«Андай болсо», – Василиса Егоровна аптыга түштү да, жүрөгү опкоолжуп, унчукпай калды.

Сүйлөгөн сөзү зайыбына таасир кылганын байкай коюп (балким, өмүрүндө биринчи иреттир), комендант:

«Машанын бул жерде калышы болбойт. Оренбургдагы киндик энесине жиберели: а жерде аскер да, замбирек да көп, чеп коргону да бышкан кирпичтен салынган. Тилими алсаң, сен да кошо жөнөгүн: сепилди басып калышса, шоруң бекер катпайбы, кемпирим, ойлоп көрчү».

«Макул, – деди зайыбы, – «Машаны жөнөтсөң жөнөтөлү. Мен тууралуу ооз ачпай эле койгун: барбайм. Картайганда сенден бөлүнүп жалгыз башыма чоочун жерден көр издеп эмне кылам. Бирге турдук, бирге өлөлү».

«Аның да туура, – деди комендант. – Маалкатууга болбойт. Машаны жолго беленде... Эртең таң азандан жөнөтөбүз, артык баш кишибиз болбосо да, конвой кошуп берели. Баса, Маша кайда?»

«Акулина Памфиловнаныкында, – деп жооп кайтарды зайыбы. – Нижнеозерная алынганын угуп, жатып калды; ооруп калбагай

www.bizdin.kg

эле деп корком. Кудуретиңен айланайын кудай, ушул күндү да көрсөтмөк экенсиң!»

Василиса Егоровна кызынын камын көргөнү чыгып кетти. Комендант сөздү токтоткон жок, бирок мен сөзгө да кийлигишпедим, кулагыма сөз да кирген жок. Марья Ивановна көзүн кызартып, купкуу болуп, кечки тамакка келди. Биз унчукпай тамак ичтик да, демейдеги каадабызга караганда, тамактан эртерээк турдук; комендanttын үй-бүлөсү менен коштошуп, биз үй-үйүбүзгө кеттик. Бирок мен шпагамы унутумуш болуп, атайы таштап кеттим да, ошого шылтоолоп кайра келдим: Марья Ивановнанын жалгыз болорун билген элем. Рас эле, ал босогодон тосуп алып, шпагамы берди. «Кайыр, Петр Андреич! – деди көзүнүн жашын кылгыртып. – Мени Оренбургга жиберип жатышат. Сак-саламат бактылуу болуңуз, кудай буюрса, балким, көрүшүп каларбыз; эгер көрүшпөй калсак...» – сөзүн бүтүрбөй, эчкирип ыйлап жиберди. Мен кучактадым да: «Кош, периштем, – дедим, кош, секет, жаным! Башыма кандай күн түшпөсүн, ишенип кой, ойлогон оюм сенде болот, өлсөм – акыры келмемди сага багыштайм!» Көкүрөгүмө жөлөнө калып, Маша өксүп-өксүп ыйлай баштады. Мен чопулдата өптүм да, бөлмөдөн шарт чыгып кеттим.

VII глава

ЧАБУУЛ

Курган менин башым, ай,
Кызматты сүйгөн башым, ай,
Отуз үч жыл катары
Кызматта болгон башым, ай.
Бирок кайран бу башым
Көргөн жок жыргал кубанчын,
Же макталып, чен алып;
Жылуу сөз угуп жүрбөдүң.
Же бир ойноп күлбөдүң,
Сыйрытмак жиби жибектен,
Мамы жыгач – даргага
Арзыдың зорго башым, ай.

Эл ыры

Ошол күнү кийимчен жатып уктадым. Таң куланөөк болгондо дарбаза алдына барып туруп сепилден чыга берерде Марья Ивановна менен акыркы ирет коштошуп калайын деген ниетим бар эле. Менде опсуз зор өзгөрүш болду: жакында эле муңайып жүргөнүмө караганда, көңүлүмүн толкунданып эргиши анчалык катуу эзген жок. Таттуу үмүт, ашыга күтүү, асыл намыскөйлүк сезими менде

www.bizdin.kg

ажырашуу күйүтү менен кошулуп кетти. Түндүн кандай өткөнүн билбей калдым. Үйдөн жаңы эле чыгайын деп жатсам, каалгам шарт ачыла түштү да, капрал кирип келди. Ал Юлайды байлап алып, биздин казактар сепилден түндө чыгып кетишиптир, сепилдин тегерегинде чоочун кишилер жүрөт деген кабарды айтты. Марья Ивановна кете албай калды го деген ой төбө чачымы тик тургузду; ашыга-ушуга капралга бир нече тапшырма бердим да, ошо замат эле комендантка жөнөдүм.

Таң атып калган эле. Бутум жерге тийбей, көчө менен кетип баратсам, атыман чакырган добуш угулду. Токтой калдым. «Сиз каякка? – деди Иван Игнатьич артыман куып жетип: – Иван Кузмич жалда жүрөт, мени сизге жиберди. Пугач келди». Марья Ивановна кеттиби?» – деп сурадым. «Үлгүрбөй калды, – деди Иван Игнатьич: – Оренбургга барчу жолду тороп калышыптыр, сепил курчоодо. Абал начар, Петр Андреич!»

Биз мамы кашаа менен тосулган, жалданган дөңсөө жерге бардык. Сепилдеги калктын баары котолоп ошо жерде экен. Гарнизон мылтыкчан туруптур. Замбиректи болсо ал жерге мурунку күнү алпарган элек. Комендант үркөрдөй болгон стройдун алдында ары-бери басып жүрүптүр. Коркунучтун жакындап калышы эски жоокерди кайраттандырып, чыйралтып жиберди. Сепилге чукул талаадан жыйырма чакты атчан киши көрүндү. Алар казактарга окшоду, бирок араларында башкырттар да жүрдү; сүлөөсүн тебетейлеринен, асынган саадактарынан башкырттарды тааныу оңой эле. Комендант аскерлерин кыдырата басып: «Кана, балдарым, бүгүн падыша апабыз үчүн абийир алып, жоокерчиликте чоңойгон, жүрөктүү кишилер экенибизди төгөрөктүн төрт бурчуна маалим кылалы!» – деди. Жандили менен кармашууга белен экендигин солдаттар угуза айтты. Швабрин душмандан көзүн албай, менин жанымда турду. Талаада жүргөн кишилер сепилдеги кыймылды байкап калды да, бир жерге чогулуп, сүйлөшө баштады. Комендант замбиректи ошолорду көздөй мээлегин деп Иван Игнатьичке буйрук берди да, милтесине өзү от койду. Замбиректин огу шуулдай түшүп, эч кимге зыян келтирбей, алардын төбөсүнөн алыс тийди. Атчандар жайыла берип, чапкылап кетишти да, талаа ээн калды.

Аңгыча болбой жалга Василиса Егоровна жана андан карыш калгысы келбеген Маша келип жетти. – «Кош, эмне болду? – деди комендanttын зайыбы. – «Уруш кандай жүрүп жатат? Душман дегениңер кайда?» «Душман алыс эмес, – деп жооп берди Иван Кузмич. «Куда кааласа, бир жаңсыл кылабыз. – И, Маша, коркуп атасыңбы? «Жок, атаке, – деди Марья Ивановна. – Үйдө жалгыз отуруудан коркуп атам». Анан мага жалт карап, зорго күлүмсүрөмүш

www.bizdin.kg

болду. Мурунку күнү шпагамы өз колунан алганым эсиме түштү да, ардагымы коргомокчу болгонсуп, шпаганын сабын кыса кармаганымы өзүм да билбей калдым. Жүрөгүм өрттөнүп турду. Өзүмдү анын баатырындай сездим. Кыздын ишеничин актоого татый турганымы далилдесем экен дегенде эки көзүм төрт болуп, салгылашар маалды күтүп жеткире албадым.

Ошол арада сепилден жарым чакырымдай жердеги дөңдөн топтошкон атчандар көрүндү да, колунда найза, жонунда саадагы бар кишилер бир пастын ичинде талаага батпай кетти. Кызыл кафтан кийип, колуна кылыч кармаган, бир боз атчан киши алардын арасында келатты, ал – Пугачёв. Токтой калды эле, аны айландырып калышты; ал буйрук бергендей болду да, төрт киши бөлүнүп чыгып, сепилдин түбүнө чапкылап келди. Биз тааный койдук; алар баягы бизден качып кеткен чыккынчылар экен. Алардын бирөө бир барак кагазды төбөсүнөн жогору кармап турду; экинчиси найзасына сайылган Юлайдын башын кашаадан ашыра бизге ыргытып жиберди. Шордуу калмактын башы комендanttын тике алдына келип түштү. Чыккынчылар: «Атышпагыла, падышанын алдына түшкүлө. Падыша бул жерде!» – деп кыйкырды.

«Силерге элеби! – деп Иван Кузмич чаңырып жиберди. – Балдар, аткыла!»

Солдаттар жапырт атып калды. Кагаз кармап турган казак теңселе түшүп аттан кулады, калгандары кайра чапкылап кетти. Марья Ивановнага жалт карасам, ал Юлайдын кызылала болгон башын көрүп, тарс эткен табыштан кулагы тунуп, эси ооп калган экен. Комендант капралды чакырып, өлгөн казактын колундагы кагазды алып келгин – деп буйрук берди. Капрал сыртка чыгып, өлгөн казактын атын жетелеп келди. Комендантка кагазды берди. Иван Кузмич катты ичинен окуп, тытып салды. Ошол арада козголоңчулар кол салганы беленденип калгандай болду. Аңгыча, жаныбыздан октор чырылдап өтүп, жерге, кашаага тие баштады. «Василиса Егоровна! – деди комендант. – Бу жерде катындын кылар иши жок; Машаны алып кет; көрбөйсүңбү кыздын жүрөгү түшүп калды».

Василиса Егоровна тарсылдаган табыштан жоошуй түшүп, эл котолоп жаткан талаага карады да, эрине: «Иван Кузмич, ажалды кайдан деп болбойт; Машага батаңы бер. Маша, атаңын жанына барып, батасын ал».

Маша купкуу болуп калчылдап, Иван Кузмичтин жанына келди да, чөк түшө калып, маңдайы жерге тийгенче жүгүндү. Картаң комендант кызын үч ирет чокундурду; анан өйдө тургузуп, маңдайынан өптү да, үнү өзгөрө түшүп кызына: «Кош, Маша, бактылуу бол. Кудайга сыйынгын: Кудай куру калтырбас. Жакшы кишиге туш

www.bizdin.kg

келсең, бириңердин кадырыңарга бириңер жетип, бактылуу болгула. Василиса Егоровна экөөбүздөй тургула. Кош, кызым, Маша. Василиса Егоровна, тезирек алып кет». (Маша атасынын мойнуна асылып, өксүй-өксүй ыйлап жиберди.) «Экөөбүз да өбүшүп коштошолу, – деди комендanttын зайыбы көзүнүн жашын төгүп. – Кош, кайран Иван Кузмичим. Өткөн, кеткен болсо кечиргин! – «Кош, кош, байбичем! – деди комендант кемпирин кучактап. – Болду эми! Үйгө баргыла: үлгүрөсүң, Машага сарафан кийгизип кой». Комендanttын зайыбы кызын ээрчитип, жолго түштү. Мен Марья Ивановнанын артынан карап турдум, ал кылчая карап, мага башын ийкеп койду. Аңгыча Иван Кузмич бизге кайрылды, анын бүткүл көңүлү душманда эле. Козголоңчулар да жетекчисинин жанына чогулду да, аттарынан түшө баштады. «Эми бекем тургула, – деди комендант, – чабуул башталат...» Ошол замат эле адамдын үрөйүн учурган ызы-чуу, кыйкырык чыкты; козголоңчулар сепилди көздөй жөө чуркашты. Замбирегибиз чачма ок менен дүрмөттөлгөн эле. Комендант аларды чукул келтирди да, күтпөгөн жерден атып калды... Ал кылычын булгалап, жоокерлерин жүргүлө деп үндөп жаткандай сыяктанды... Бир пас басыла түшкөн ызы-чуу, кыйкырык кайра башталды. «Кана, балдар, – деди комендант, – дарбазаны ачкыла да, добулбасты ургула. Балдар! Алга, өлдүк же калдык!»

Комендант, Иван Игнатьич, мен – үчөөбүз сепилдин сыртына чыгып кеткен экенбиз, бирок чочуп калган гарнизон ордунан жылган жок. «Айланайындар, силер эмне кылып турасыңар? – деп чаңырып жиберди Иван Кузмич. – Өлсөң, өлгөндөй өлүш керек, кызмат да!»

Ошо замат козголоңчулар бизди көздөй чуркап, сепилге кирип келди. Добулбас кагылбай калды; гарнизон куралын таштады; мени көмөлөтө коюп кетишти эле, кайра тура калып, козголоңчулар менен кошо сепилге кирдим. Башынан жарадар болгон комендант кесептердин арасында туруптур, алар ачкычты бергин деп жатышкан экен. Жардам кылайын деп аны көздөй бастым эле, килейген бир топ казактар мени шапа-шуп кармады да, бири белбоосу менен колумду байлап жатып: «Падышанын гана тилин албайсыңар, э, азыр сазайыңарды беребиз!» – деди. Бизди көчө менен алып жөнөштү; сепилдин калкы үйлөрүнөн нан, туз алып чыгып жатты. Коңгуроо кагылды. Аңгыча болбой туткундарды падыша аянтка алпарып, ант бердирип жатат деп, додо арасынан кыйкырып калышты. Эл аянтты көздөй жамырады, бизди да ошо жакты көздөй айдашты.

Пугачёв комендanttын үйүнүн крыльцосунда креслодо отуруптур. Кийгени око бастырып, казакча тигилген, кооз кафтан экен.

www.bizdin.kg

Алтын чачысы бар, шокшогой кундуз тебетейди балбылдаган көзүнө баса кийип отуруптур. Өңү көзүмө жылуу учурады. Казактардын старчындары айландырып алган экен. Герасим поп купкуу болуп калчылдап, колуна крест кармап, крыльцодо туруптур, анын унчукпай турушу кишилерди бекер курман кылбасаң экен деп жалынып-жалбаргандай туюлду. Аянтка бат эле дар орното коюшту. Биз жакындап калганда, башкырттар элди кубалап, бизди Пугачёвдун алдына алып келди. Коңгуроонун кагылганы токтоп, тымтырс боло түштү. «Комендант кайсынысы?» – деп сурады жалган падыша. Баягы биздин урядник алга чыга калып, Иван Кузмичти көрсөтө берди. Пугачёв ага акырая карады да: «Сен мага, өзүңүн падышаңа, каршылык кылганың кандай?» – деди. Жарадар болуп эси ооп калган комендант чымырканып жатып ийменбей: «Сен мага падыша эмессиң, сен калп жеринен падышамын деп жүргөн каракчысың, уктуңбу!» – деди. Пугачёв кабагын чытып, ак жоолугун шилтеп койду. Картаң капитанды бир топ казак сүйрөгөн бойдон дардын түбүнө алып барды. Мурунку күнү сурakta болгон тилсиз башкырт дардын үстүндөгү жыгачына минип, сыйыртмак жипти белендеп туруптур, бир минутадан кийин шордуу Иван Кузмич дарга асылды. Анан Пугачёвго Иван Игнатьичти алып келишти. «Ант бергин», – деди Пугачёв ага, – Петр Федорович падышага антыңы бергин!» «Сен бизге падыша эмессиң, – деди Иван Игнатьич өзүнүн капитанынын сөзүн кайталап. – Сен калп жеринен падышамын деп жүргөн каракчысың!» Пугачёв ак жоолугун дагы шилтеп койду. Ак көңүл поручик өзүнүн картаң начальнигине жанаша асылып калды.

Кезек мага келди. Пейили кең жолдошторумун жообун кайталап айтмакчы болуп, Пугачёвго ийменбей тике карадым. Козголоңчу старшиналардын арасынан чачын тегерете кырдырып, казакча кафтан кийген Швабринди көрүп, аң-таң калдым. Пугачёвдун жанына келди да, бир неме деп кулагына шыбырады. Пугачёв мага бир карап алып: «Аскыла!» – деди. Мойнума сыйыртмак салышты. Күнөөм болсо кечиргин, жакын кишилерими аман сактай көргүн деп, кудайга жалбарып, ичимен сыйына баштадым. Мени дардын түбүнө сүйрөп келишти. Балким, мени чын эле кайраттандыргысы келдиби, желдеттер мага: «Коркпо, коркпо», – деп, бир нече ирет айтып жибериштi. Аңгыча болбой: «Токтогула, шүмшүктөр, токтогула!..» – деген кыйкырык угулду. Желдеттер токтоп калды. Карасам, Савельич Пугачёвдун бутуна жыгылып: «Айланайын аксакал!» – деп жатыптыр бечара чал. – Төрөнүн баласын өлтүргөндө эмне тапмак элең? Коё бергин, аман калтырганың үчүн көп дүнүйө беришет; эгер элди коркутуп, өрнөк кылам десең, картайган мени дарга астырсаң

www.bizdin.kg

да болот!» Пугачёв ишарат кылды да, ошо замат эле сыйыртмакты чечип, мени тим коюшту. «Абакең кечирим берди» – дешти мага. Ошол минутада дарга асылбай калганыма кубанганым да, асылбай калдым деп өкүнгөнүм да жок. Эчтеке сезбей калган экемин. Мени жалган падышанын жанына дагы алып келишти да, чөк түшүрүп тургузушту. Пугачёв тарамыштуу колун мага суна берди. «Өп колун, колунан өп!» – дешти жанымда тургандар. Бирок мен анын колунан өпкөндөн көрө, асылып өлгөндү артык көрөт элем. Арт жагыман шыбырап түрткүлөп, Савельич: «Кагылайын Петр Андреич! Кыйыктанба! Эмнең кетмек эле? Өбө бер шүмшүктүн... (тьфу!) алдагынын колун»– деди. Мен былк этпей тура бердим. Пугачёв колун тартып алды да мыскылдагансып: «Сүйүнгөнүнөн төрөңүн эси ооп калган турбайбы. Өйдө тургузгула!» – деди. Мени тургузушуп, бош коюшту. Адамдын төбө чачын тик тургузган окуяны карадым.

Калк ант бере баштады. Биринин артынан бири келип, крестти өөп, жалган падышага кулдук уруп кетип жатты. Гарнизондун солдаттары да ошо жерде турду. Ротанын кийим тиккич машинечиси мокок кайчы менен алардын чачын кыркууда болду. Алар чачын күбүп, Пугачёвдун колун өптү; Пугачёв күнөөңөрдү кечирдим деп жарыялап, аларды өзүнүн шайкасына алды. Бул шаан-шөкөт үч саат чамасында созулду. Акырында, Пугачёв креслодон туруп, старшиналарын ээрчитип, крыльцодон түштү. Ээр токуму абдан келишкен боз атты алдына тарта беришти. Аны эки казак колтугунан алып аттандырды. Ал Герасим попко түшкү тамакты сеникинен ичем деди. Дал ошол учурда аялдын чаңырган үнү угулду. Үч-төрт каракчы Василиса Егоровнаны жулмалап, жыпжылаңач бойдон крыльцого алып чыгышты. Бирөө анын күрмөсүн кийип ала койгон экен. Башкалары мамыкты, сандыктарын, идиштерин, кийим-кечелерин көтөрүп чыкты. «Туугандар! – деп чаңырды бечара кемпир: – Эртерээк эле жанымы алгыла. Тегеренейиндер, Иван Кузмичке алпаргыла». Аңгыча болбой дарга жалт карап, асылуу турган эрин көрө койду. «Кесептер! – деп чаңырды эс-учун жыя албай. Бул эмне кылганыңар? Айланайын Иван Кузмичим, жигердүү солдат элең го! Пруссактардын найзасы өтпөгөн, түрктөрдүн огу тийбеген башың теңтайлашкан жоодо өлбөй, журт куруткан шүмшүктүн колунан өлдүңбү!» «Мастендин жаагын бас!» – деди Пугачёв. Жаш казак кылыч менен башка тартып жиберди, кемпир оңкосунан сайылып, мүрт үзүлдү. Пугачёв бастырып кетти, эл анын артынан жөнөдү.

www.bizdin.kg

VIII глава

ЧАКЫРТПАЙ КЕЛГЕН КОНОК

Чакыртпай келген конок,
татардан жаман.
Лакап

Аянт аңгырап ээн калды. Мен өз көзүм менен көргөн укмуштуу окуядан кийин эс-учуму жыя албай, турган жеримде тура бердим.

Марья Ивановнанын тагдыры кандай болгонун биле албай, зээним жаман кейиди. Ал кайда? Эмне болду экен? Бекинип калууга үлгүрдү бекен? Бекинген жери ишеничтүү бекен?.. Кооптуу ойго дагдарып, комендanttын үйүнө кирдим... Эч ким жок экен: стулдар, столдор, сандыктар сынып, идиштин баары талкаланып, чачылып жатыптыр. Мен кичинекей баскыч менен жүгүрүп, бөлмөгө кирип бардым, Марья Ивановнанын бөлмөсүнө мурун такыр кирген эмес элем. Анын каракчылар чачып кеткен төшөнчүсү көзүмө урунду; шкафты сындырып, ичиндегисин талап алышыптыр; жалгыз калган киваттын алдында лампадка жылтырап күйүп туруптур. Эки терезенин ортосуна илинген күзгү да аман...Ушул кичинекей үжүрөнүн момун ээси – кыз кайда болду экен? Каракчылардын колуна түшүп кетти го деген коркунучтуу ой кылт этип эсиме түшө калды. Жаным жаман ачыды... Өксүй-өксүй ыйладым да, сүйгөнүмдүн атын угуза айттым. Ошол учурда кыбыраган табыш угулду да, шкафтын артынан купкуу болуп калчылдап, Палашка чыга келди.

«Ах, Петр Андреич!» – деди ал алаканын шак уруп. «Кандай заман, кандай жорук болуп кетти!..»

– Марья Ивановна кандай? – дедим сабыр кыла албай. – Марья Ивановна кайда?

«Бийкеч тирүү» – деди Палаша. – «Акулина Памфиловнаныкына бекитип койдук».

– Поптун аялыныкындабы? – дедим чочуп кетип. – Кокуй! Пугачёв анда эмеспи!..

Бөлмөдөн чуркап, көчөгө чыктым да, эчтеке көрбөй, эчтеме сезбей, жүгүрүп отуруп поптун үйүнө жеттим. Кыйкырык, күлкү угулду. Пугачёв жолдоштору менен таң-тамаша кылып жаткан экен. Менин артыман Палаша да жүгүрүп келди. Акулина Памфиловнаны билгизбей чакырып чыккын деп, Палашаны жибердим. Бир минутадан кийин колуна штоф кармап, поптун зайыбы келди.

– Кудай үчүн! Марья Ивановна кайда? – дедим жүрөгүм алып учуп.

«Тегеренейин, тосмонун артында менин кроватымда жатат», – деди поптун зайыбы. «И, Петр Андреич, каргаша болуп кала жаздап,

www.bizdin.kg

кудай өзү бир сактады: кесеп тамак ичкени жаңы эле отурганда, шордуу кыз көзүн ачып, онтой баштаса болобу!.. Жөн эле кутум учуп кетти. Ал уга коюп: «Кемпирби, онтоп жаткан ким?» – деп сурады. Мен кулдук уруп: «Падышам, ал ооруп жаткан менин жээн кызым, эки жума болуп калды» – дедим. «Жээн кызың жашпы?» «Жаш, падышам». «Кана, кемпир жээниңи көрсөтчү». – Жүрөгүм оозума тыгыла түштү, бирок айла калган жок. «Айып көрбө, падыша; кыз ордунан туруп, келе албайт». «Эчтеке эмес, кемпир, өзүм эле барып көрөйүн». Шүмшүк өзү барса болобу; кандай деп ойлойсуң карчыга көздөнгөн кесеп парданы ачып карады, бирок кудай бир сактады да!.. Чынын айтсам, байкуш кызды кыйнап өлтүрөт го деп, беленденип калдым эле. Кудай жалгап, кыз аны тааныган жок. Кудуретиңен айланайын кудайым, ушу күндү көрсөтмөк экен! Дабаа жок турбайбы! Кайран Иван Кузмич! Ким ойлоптур! Василиса Егоровначы? Иван Игнатьичти айтпайсыңбы? А шордуунун эмне жазыгы бар эле? Сизди ким куткарды? Жанагы Швабринди, Алексей Иванычты карабайсыңбы? Чачын тегерете кырдырып алып, эми алар менен бирге шапар тээп жатат! Чыйрагын кантесиң! Жээн кызым ооруп жатат дегенимди уга коюп, мага тиктей карады эле, жөн эле канжар менен бышып алгандай болду, бирок айткан жок, ошонусуна да ракмат». Аңгыча, мас болгон коноктордун чаңырганы, Герасим поптун үнү угулду. Меймандар арак сурап, үй ээси зайыбын чакырып жаткан экен. Поптун аялы аракет кыла баштады. «Үйүңүзгө жөнөңүз, Петр Андреич», – деди ал. «Азыр чоло тийбейт; кесептер ичкендин үстүндө. Каргаша болуп, дагы мастардын колуна түшүп калып жүрбөңүз. Кош, Петр Андреич. Көрө жатарбыз, кудай колдогусу бардыр».

Поптун аялы кирип кетти. Көңүлүм бир аз тынчып, квартирама жөнөдүм. Аянттын жанынан өтүп баратып, мен дардын жанына топтошуп, дарга асылгандардын өтүгүн чечип алып жаткан бир топ башкырттарды көрдүм; кийлигишкенимен пайда чыкпай турганын сезип, кыжырым катуу келсе да сабыр кылдым. Офицерлердин үйлөрүн талап, каракчылар сепилде аркы-терки чуркап жүрүшүптүр. Арак ичип мас болгон козголоңчулардын үнү бардык жерден угулду. Үйүмө келдим. Савельич босогодон тосуп чыгып: «Кудайдын мунусуна шүгүр!» – деди мени көрө коюп. – «Жүзү каралар дагы кармап кетиштиби деп ойлодум эле. Тегеренейин, Петр Андреич! билесиңби? Шерменделер бизди тоноп кетти: кийим-кече, буюм, идиш аттуудан эчтеке калтырган жок. Амал барбы! Сенин аман калганыңа шүгүр! Мырзам, жанагы атаманды тааныдыңбы?»

– Жок, а ким эле?

www.bizdin.kg

«Койчу? Баягы сарайга токточуда сенин ичигиңи алдап алган пиянчик ушул эмеспи, унутуп калдыңбы? Коён ичик күнү бүгүнкүдөй жаңы болучу, ушу шайтан кием деп айрып салбады беле!»

Аң-таң калдым. Бизге жол көрсөткөн киши менен Пугачёв рас эле коёндон окшош экен. Дал ошол киши ушул Пугачёв экенине көзүм жеткенден кийин, эмне себептен аман калганымы ачык түшүндүм. Эбепке себеп болгонуна таң калдым: селсаякка берген кичине ичик мени ажалдан алып калды, сарай кыдырып сандалган пиянкеч сепилдерди алып, мамлекетти титиретти!

«Курсагың ачкандыр!» – деди каадасын жазбаган Савельич. «Үйдө эчтеме жок, барып бирдеме даярдайын».

Жылгыз калып, ойго баттым. Эмне кылышым керек? Кесептин кол астындагы сепилде калуу же анын шайкасын ээрчүү офицерге ылайык келбей турган иш. Ушул эң оор шартта Ата Мекенге пайдам тие турган жерге барып кызмат кылыш мойнумдагы карыз эле... Бирок сүйүү чиркин Марья Ивановнанын жанында калып коргогун, маанек болгун деп, мени жаман азгырды. Шарт жакында сөзсүз өзгөрөрүнө алдан көзүм жетип турса да, Машанын авалы коркунучтуу экенин ойлоп, чочулабай конгонум жок.

«Падышам сени чакырып жатат» – деп жүгүрүп келген бир казак ойлогон оюмду бузуп кетти. Бармакчы болуп: «Падышаң кайда?» – деп сурадым.

«Комендanttын үйүндө», – деди казак. «Түшкү тамактан кийин улугум мончого барды эле, азыр эс алып жатат. Мырзам, тегин киши көрүнбөйт: түштөн кийин куурулган эки торопой жейбиз деди, азыр бууланып турат, Тарас Курочкин сугалактык кыла коюп, Фомка Бикбаевге шыпыргысын берип, өзү муздак суу менен зорго эс алды. Сөз жок, шаан-шөкөт менен жүрөт экен... Мончого барганда төшүндөгү падышалык белгисин көрсөтүптүр: бир жак көкүрөгүндө чоңдугу беш тыйындай, эки баштуу бүркүттүн сүрөтү, экинчи жагында өзүнүн сүрөтү бар экен дешет».

Казактын пикирин натуура деп талашкым да келген жок. Пугачёв менен кандайча көрүшөрүмү көзүмө элестетип, акыры эмне болуп бүтөрүн алдан билүүгө тырышып, комендanttын үйүнө казак менен бирге жөнөдүм.

Көңүлүм бир жерде болбой, кооптонгонуму окуучу оңой билиши мүмкүн.

Комендanttын үйүнө келгенимде, иңир кирип калган эле. Кишилер асылган дар карарып жаман көрүндү. Комендanttын шордуу зайыбынын сөөгү крыльцонун алдында жерде жаткан экен; крыльцодо эки казак кароолдо туруптур. Мени ээрчитип келген казак айтайын

www.bizdin.kg

деп кирип кетти да, ошо замат эле кайта чыгып, мурунку күнү Марья Ивановна экөөбүз эзилишип коштошкон бөлмөгө мени алып кирди.

Мындай укмушту көргөн эмесмин. Дасторкон жайылып, штоф менен стакан коюлган столдун айланасында Пугачёв жана гүлдүү көйнөк, бапак кийген он чакты казак старшиналары отуруптур, ирең кызарып, көздөрү жашылданып, виного кызып калышкан экен. Алардын арасында жаңы кирген чыккынчылар – Швабрин да, биздин урядник да жок экен. «А, төрөм!» – деп Пугачёв мени көрө коюп: – Кош келипсиз, изат кылабыз, төргө чыгыңыз». Маектешип отургандар сыйлыгыша берди. Мен унчукпай столдун четине барып отурдум. Жанымда отурган сымбаттуу, сулуу, жаш казак бир стакан арак куюп берди, бирок ооз тийгеним жок. Үлпөт кылып отургандарды таңыркап карай баштадым. Пугачёв столго чыканактап, кара сакалын баржайган колуна сүйөп, төрдө отуруптур. Сымбаттуу, ыманы ысык ирең инде киши коркондой эчтеке деле жок экен. Ал бирде граф деп, бирде Тимофеич деп, кээде байке деп, элүүгө келип калган бир кишиге улам кайрыла берди. Алар бирине бири жолдош катарында мамиле кылып, өздөрүнүн башчысын анчалык дале ашыра сыйлашышпайт экен. Эртеңки чабуул жөнүндө, козголоңдун ийгилиги, келечектеги аракеттери жөнүндө сүйлөшүп жатышты. Ар кимиси мактанып, өзүнүн пикирин айтып, Пугачёв менен айтыша берди. Ушул таңыркарлык согуш кеңешинде Оренбургга кол салабыз деп чечим чыгарышты: бул олдоксон жорук каргашалуу ийгилик менен аяктап кала жаздаган эле го! Жортуулду эртең баштамакчы болушту. «Кана, туугандар, – деди Пугачёв, – уктар алдында менин жакшы көргөн ырымды ырдап коёлу. Чумаков! Башта!» – Менин жанымдагы жигит бурлактардын муңдуу овонун ичке үнү менен созолонтуп баштады да, калгандары жабыла үн алышып кетти:

Шуулдабастан жашыл токой токточу,
Азаматтын ойлор оюн тоспочу,
Кайран башым падышанын алдына
Эртең барып, сурак берет ойлочу.
Падыша өзү суроо коёр алдыма:
Айт, карагым, дыйкан уулу жашырба,
Кимди тоноп, кимди чаап алдыңар,
Кимдер менен, көппү жолдош жанында?
Мен сүйлөрмүн: ук падышам, айтайын
Бардык чынды, акыйкатты тартайын.
Жолдошум төрт: анын бири кара түн,
Экинчиси – болот миздүү канжарым,
Үчүнчүсү – ишенимдүү алдымда ат,

www.bizdin.kg

Төртүнчүсү – жебе тартар бек саадак
Таамай тиер жанымдагы жарагым.
Падыша айтар: дыйкан уулу карагым,
Ууру кылдың жоопко да жарадың.
Кең талаага эки түркүк орнотуп,
Аштап жыгач, сыйыртмакты саламын.

Дар тууралуу карапайым эл ырдап жүргөн ырды дарга асыла турган адамдардын ырдаганы мага кандай таасир кылганын айтуу өтө кыйын. Алардын сүрдүү иреңи, уккулуктуу үнү, ансыз да ачык-айкын айтылган сөздөрдү муңкана, бөтөнчө толкуп ырдаганы сесимди алды.

Меймандар дагы бир стакандан ичишти да, столдон туруп, Пугачёв менен коштошту. Мен да аларды туурап коштошоюн дедим эле, Пугачёв: «Отура тур, сени менен сүйлөшө турган сөзүм бар», – деди. Экөөбүз ээн калган соң бир нече минут унчукпай турдук. Пугачёв анда-санда сол көзүн жүлжүйтүп коюп, мени тиктей берди, анын митаамдыгы, мыскылдаганы көз карашынан байкалып турду. Акырында күлүп жиберди, күлгөндө да катуу күлдү, анын күлгөнүн көрүп, эмне үчүн экенин өзүм да билбей, мен да күлө баштадым.

«И, эмне, мырзам?» – деди ал. «Чыныңы айтчы, менин азаматтарым мойнуңа сыйыртмак салганда жаман корктуң, э? Дүнүйө бир тыйын боло түштү окшойт... Жанагы малайың болбосо, дарда салаңдап турат элең! Картаң как башты көрөр замат эле тааныдым. Сени сарайга ээрчитип барган кишини улуу падышанын өзү экен деп ойлодуң беле, мырзам? (Улуу падыша дегенде колтоюп, кереметтүү кишисиндей болуп калды.) Мага абдан айыптуусуң, – деди сөзүн улантып, – бирок мага кылган жакшылыгың үчүн, касташкан кишилеримен качып жүргөнүмдө пайдаңы тийгизгениң үчүн күнөөңү кечтим. Дагыңкысын дагы көрөрсүң! Мамлекетти өз колума алганда, мына ошондо жыргатам сени! Мага жан-дилиң менен кызмат кыласыңбы, жокпу?»

Журт куруткан митаамдын суроосу, ийменбей орой сүйлөгөнү кызык туюлду да, күлүп жибердим.

«Эмне күлөсүң?» – деди мага кабагын чытып. – «Же менин улуу падыша экениме ишенбей турасыңбы? Чыныңы айт».

Мен оңтойсуздана түштүм. Кайдагы бир селсаякты падышасың дешке оозум барбады, анткеним барып турган суу жүрөктүк болот эле. Журт куруткан митаамсың деп көзүнө айтсам – ажалдан мурун өлөт элем; дарга асылганы туруп, элдин көзүнчө кыжырланып айтканым – эми пайдасыз көйрөңдүк экен. Эки ойлуу боло түштүм. Пугачёв үлүрөйүп, мени качан жооп берер экен деп күтүп турду. Акырында (ошондогу кылыгым эсиме түшкөндө, азыр да кубанам), чабалдык

www.bizdin.kg

жагым болгону менен, борчумду жакшы сезген экемин. Пугачёвго мындай дедим: – Жашырбай, чынымы айтайын. Өзүң ойлоп көрчү, сен падыша экенсиң деп кантип айтам? Аркы-беркини түшүнгөн кишисиң, антсем калп айтканымы азыр эле билип койбойсуңбу.

«Андай болсо, сенин оюңча, мен киммин?»

– Ким экениңи кайдан билейин, бирок бул кылыгыңын арты жакшы болбойт.

Пугачёв мага жалт карап алды. «Андай болсо, – деди ал, – менин Петр Федорович падыша экениме ишенбейт турбайсыңбы? Болуптур. Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна дегенди билбейсиңби? Илгери Гришка Отрепьев падыша болбой койду беле? Мен тууралуу эмне ойлосоң, ошону ойло, бирок артыман калба. Ал эле, бул эле деп эмне кыласың? Молдо боло албаган сопу болот. Чын ниетиң менен кызмат кылсаң, сени фельдмаршал да, князь да кылам. Кош, кандай дейсиң?»

– Жок, – деп кесе айттым. – Мен тектүү дворянданмын; императрицага ант бергем: сага кызмат кыла албайм. Жакшылык кылайын деген чын ниетиң болсо, мени Оренбургга коё бергин.

Пугачёв ойлонуп калды: «Эгер коё берсем, деги мага каршы кызмат кылбайсыңбы?»

– Каршы кызмат кылбайм деп кантип айтам? – дедим. Өзүң билесиң, менде эрк жок: сага каршы күрөшкүн дешсе – күрөшөм да, амал канча. Сен да начальниксиң; кол астындагылардан кыңк этпей моюн сунууну сен да талап кыласың. Кызматым керек болсо, кызмат кылбайм деп кантип айтам, аным кандай жорук болмок. Колуңда турам: коё берсең ракмат; асып өлтүрсөң – кудайдан жетсин; сага чынымы айтып отурам.

Буйтабай, чын сүйлөгөнүмө Пугачёв раазы болду окшойт. «Болуптур», – деди ал, мени далыга кагып. «Сойсоң, сойгондой сой, койсоң, койгондой кой деген экен. Кайда барсаң да, эмне кылсаң да өзүң бил – колу, жолуң бош. Эртең келип, коштошуп кет; азыр барып уктагын, мен да уйкуга карамыгып турам».

Пугачёвду таштап, көчөгө чыктым. Түн мемиреп, аяз болуп турептур. Аянт менен дарга айдын жарыгы тийип, асман чайыттай ачык экен. Сепилде караңгы түшүп, тымтырс болуп турду. Аракканадан гана жылтылдаган от көрүнүп, кеч калган араккечтердин кыйкырыгы угулду. Поптун үйүнө карадым. Терезелеринин капкагы, дарбазасы жабык экен. Анда жымжырт сыяктанып көрүндү.

Квартирама келсем, мени жоктоп Савельич кайгырып отурган экен. Колу, жолум бош экенин угуп, абдан кубанды. «Кудайдын мунусуна миң мертем шүгүр!» – деди чокунуп. «Таң саардан сепилди таштап, билген жолубузга түшөлү. Бирдеме белендеп койдум

www.bizdin.kg

эле, мырзам, шамшум этип алгын да, таң атканча камырабай уктай бергин».

Анын тилин алып, тамшана тамак жедим да, зээним кейип, деним талыкшыган жаным, төшөнчүсүз жерге жатып, уктап кеттим.

IX глава

АЙРЫЛЫШУУ

Жалындай жанып тааныштым
Көңүлүм сүйгөн жар менен.
Айрылуу мага мүшкүл иш,
Жаралуу болду жаш денем.
Херасков

Эртесинде добулбастын табышынан эрте ойгондум. Эл чогулчу жерге жөнөдүм. Ал жерде кече курман болгондор али асылуу турган дардын жанына, Пугачёвдун кишилери топурап тизилип жаткан экен. Казактар атчан, солдаттар куралчан жөө туруптур. Желектер эле желпилдейт. Бир нече замбирек сүйрөгүч дөңгөлөгүнө отургузулуп, жөнөтүлүүгө белен болуп калган экен, алардын арасынан мен өзүбүздүн замбирегибизди тааный койдум. Жалган падышаны күтүп, жан бүткөндүн баары ошо жерде экен. Комендanttын үйүнүн эшик алдында, кыргыз жылкысынын тукумунан чыккан, келишимдүү боз атты бир казак тизгининен кармап туруптур. Мен комендanttын зайыбынын өлүгүн көрүүгө тырыштым. Аны бир аз четке алпарып, бойро менен жаап коюшуптур. Акырында, Пугачёв чыкты. Эл шапкесин алды. Пугачёв крыльцого токтой калып, эл менен саламдашты. Старшиналарынын бирөө ага жез акча салынган баштык берди да, ал чеңгелдеп алып, туш-тушка чача баштады. Эл ызы-чуу түшүп, жөөлөшүп акчаны терип жатты: колу, буту чыккан, сынгандар болду. Пугачёвду эң жакын үзөңгү жолдоштору курчап турду. Алардын арасында Швабрин да бар эле. Ал экөөбүздүн көзүбүз урушуп калды: менин жектегенимди көзүмөн көрө коюп, бурулуп кетти, кекенгенин билдиргиси келбей, күлүмсүрөмүш болду. Пугачёв элдин арасынан мени көрө койду да, башын ийкеп, ишарат кылып чакырды. «Кулак салчы, – деди мага ал, – Оренбургга азыр жөнөгүн да, губернатор менен генералдарга менин атыман айткын: мени бир жумадан кийин күтүп алышсын, жагынып тил алгыла дегин, болбосо райым болбойт. Жолуң болсун, мырзам!» Анан элге кайрылды да, Швабринди көрсөтүп: «Калайык, жаңы командириңер мына бу болот. Кыңк этпей тилин алгыла, силер үчүн, сепил үчүн мага бул

www.bizdin.kg

жооп берет» – деди. Швабрин сепилге начальник болду деген сөздү укканымда төбө чачым тик турду.

Марья Ивановна анын зомбулугунда калат экен го! Атаганат, шордуу кыздын көргөн күнү эмне болот! Пугачёв крыльцодон түшүп, ага атын тарта беришти. Аттандырмакчы болгон казактардан мурун, ал атка ыргып минди.

Ошол учурда карасам, котологон элдин арасынан Савельичим чыга калып, Пугачёвго бир барак кагаз сунуп жатат. Анын бу кылыгынан эмне чыгарын биле албадым. Керилип-чоюлуп Пугачёв: «Мунуң эмне?» – деп сурады.

«Окусаң, билесиң», – деди Савельич. Пугачёв кагазды алды да, маалкатып карап турду. «Деле балаадай жазасың го?» – деди ал акырында. «Биздин асыл көзүбүз ажырата албайт экен. Менин обер-секретарым кайда?»

Капралдын мундирин кийген жаш жигит, Пугачёвго жүгүрүп барды. Жалган падыша кагазды берип жатып, ага: «Жарыя окугун!» – деди. Пугачёвго менин абам эмне жөнүндө жазды экен деп куса болдум. Обер-секретарь бөлүп-бөлүп, катуу окуй баштады.

«Миткаль менен жибектен тигилген эки ала чапан – алты сом».

«Бул эмне дегениң?» – деди Пугачёв кабагын бүркөп.

«Дагы окуткун», – деди Савельич камырабай.

Обер-секретарь улап окуду:

«Көк ноотудан тигилген мундир – жети сом.

«Ак ноотудан тигилген шым – беш сом.

«Голланд полотноюнан тигилген, манжети бар он эки көйнөк – он сом.

«Чай идиштери салынган кичине үкөк – эки жарым сом...»

«Бу кайдагы калжыраган сөз?» – деп Пугачёв сөздү бөлүп кетти. «Үкөк, манжети бар шым менен менин эмне жумушум бар?»

Савельич тамагын жасап, түшүндүрө баштады. «Бул, байкеси, мырзамдын жанагы кесептер талап алган мүлкүнүн тизмеси...»

«Кандай кесептер?» – деди Пугачёв кекетип.

«Айып менде, жаңылып кеттим», – деди Савельич. – «Кесептер деле эмес, сенин жигиттериң аңтарып, тоноп кетти. Ачууланба, жаңылбас жаак, мүдүрүлбөс туяк болбойт.

«Акырына чейин окуткун».

«Түгөтө оку» – деди Пугачёв. Обер-секретарь окуй баштады.

«Бир чыт жууркан, бир сатин төшөк – төрт сом.

«Кызыл нооту капталган бир түлкү ичик – кырк сом.

«Сарайга конгондо өзүңө берилген дагы бир коён ичик – он беш сом».

«Бу дагы эмне деген кеп!» – деп, көзүн алаңдатып, Пугачёв чаңырып жиберди.

www.bizdin.kg

Чынымы айтайын, бечара чалым үчүн жаман корктум. Ал дагы бирдеме демекчи болду эле, Пугачёв сүйлөтпөй, секретарынын колунан кагазды жулуп алып, Савельичтин бетине ыргытып: – Алжыган чал! Силерди тоноп алыштыбы: абдан кыйын болгон, э? Как баш чал, мырзаң экөөң менин тилими албагандар менен кошо асылып турбаганыңар үчүн кудайга тобо кылып, мага, менин жигиттериме чокунсаңар... Коён ичик! Коён ичик дейт тура! Териңди тирүүлөй сыйыртып, ичик кылдырып берейинби, я?» – деп чаңырды.

«Бийлик өзүңдө, – деп жооп кайтарды Савельич, – мен кул кишимин, төрөмдүн мүлкү үчүн жооп беришим керек».

Пугачёвдун ак көңүлү кармап турса керек. Ал эчтеке дебестен, бура тартып, бастырып кетти. Швабрин, старшиналар анын артынан аттанды. Кесептер сепилден жөнөдү. Эл Пугачёвду узатып чыкты. Савельич экөөбүз аянтта жалгыз калдык. Абышкам абдан өкүнгөн кишиче тизмесин колунан түшүрбөй, карап турду.

Пугачёв менен мамилем жакшы боло түшкөнүн көрүп, Савельич пайдаланып калайын деген экен, бирок тилеги ордунан чыкпай калды. Мен аны жүйөсүз иш кылганы үчүн урушайын дедим эле, чыдай албай күлүп жибердим. «Күлө бер, мырзам, – деди Савельич, – күлө бер, эми качан кайра мүлктүү болор экенбиз, ошондо күлөрсүң».

Марья Ивановна менен көрүшөйүн деп поптун үйүнө жүгүрүп бардым. Поптун зайыбы тосуп чыгып, суук кабар айтты. Түндө Марья Ивановна эти ысып, эч кимди тааныбай, жөөлүп чыгыптыр. Поптун аялы мени анын бөлмөсүнө алып кирди. Мен акырын басып, керебетинин жанына бардым. Өңүнүн өзгөргөнүн көрүп, таң калдым. Кыз мени тааныган жок. Герасим поптун сөзү да, көңүлүмү жубатып жаткан анын ниети ак зайыбынын сөзү да кулагыма кирбей, көпкө дейре кыздын жанында тура бериптирмин. Кезенген козголоңчулардын арасында карашар киши жок калган шордуу жетимдин ал-авалы, өзүмдүн колуман эчтеке келбегени мени жаман чочутту. Баарынан да мени Швабрин бөтөнчө жүрөкзаада кылды. Жалган падышадан мансап алып, сепилди бийлеп калган неме өчөшкөнүнөн, шордуу кызды эмне кылам десе да колунан келет эле. Эмне кылам? Кызга кандай жардам берем? Кесептин колунан кызды кантип куткарып алам? Бир гана арга калды: Белогорск сепилин тезирээк бошоткула деш үчүн, эң болбогондо аны бошотууга жардам берүү үчүн, Оренбургга токтоосуз жөнөмөк болдум.

Үйлөнөм деп небак ыйгарып койгон кызды Акулина Памфиловнага жалына-жалбара тапшырып, үй ээлери менен коштоштум. Көзүмүн жашын көл кылып шордуу кыздын колунан өптүм. «Кош, – деди поптун зайыбы, мени узатып чыгып, – кош, Петр Андреич.

www.bizdin.kg

Заман оңолуп кетсе, дагы көрүшөрбүз. Бизди эсиңизден чыгарбаңыз, үзбөй кат жазып туруңуз. Бечара Марья Ивановнанын, сизден бөлөк эми карашары да, маанек кылар кишиси да жок».

Аянтка барып, бир аз токтолдум да, дарга карап жүгүнүп, сепилден чыгып, Оренбургга карай бет алдым, Савельич артыман калбай, ээрчип отурду.

Терең ойго батып, басып келатсам, арт жагыман аттын дүбүртү угулду. Кылчайып карадым; башкырт жылкысынан экен, бир ат жетелеген казак сепилден чапкылап чыгып, мага алыстан колун жаңсады. Токтодум да, келаткан кишини тааный койдум: баягы биздин урядник экен. Ал желдире келип, атынан түштү да, жетелеген атынын чылбырын мага берип жатып: «Мырза, абам сизге мобул атты, кийип жүргөн тонун тартуу кылып берди (тон канжыгада бөктөрүлүү экен). – Дагы, – деп мукактанып калды, дагы сизге... жарым сом берди эле... жолдо келатып жоготуп койдум; ак көңүлдүк кылып, кечирип коюңуз». Савельич ага олурая карады да: «Жолдо келатып жоготуп койдуңбу? Алдагы койнундагы шыңгыраган эмне? О, бети жок шерменде! «Койнумда эмне шыңгырамак эле? – деди урядник бети чымырабай, – мейлиң, карыя, сүйлөй бер. Шыңгыраган тыйын эмес, ооздук». – Болуптур, – дедим сөздөрүн бөлүп. – Тартуу кылган кишиге ракмат айт; жоготкон тыйыныңды кайра бараткан-да таап алып, арак ичкин. – «Чоң ракмат, мырза, – деди атынын башын бура тартып, – өлгөнчө унутпайм мунуңузду». Сөзүн бүтүрөр замат, бир колу менен койнун басып, текирең-таскакка салды да, бир минутадан кийин көрүнбөй калды.

Тонду кийип, атка минип, Савельичти учкаштырып алдым. «Көрдүңбү, мырзам, – деди абышка, – журт куруткан митаамга арыз бергеним текке кеткен жок: каракчы, уялган окшойт, башкырттын каржайган чобуру менен тери тон шүмшүктөр талап алган буюмдарыбыздын өзүң ага берген ичиктин теңине да татыбайт; бирок зыяны тийбейт, түлөгөн иттен түк калат деген ушу».

(Уландысы бар)

Которгон Сүйүнтбек БЕКТУРСУНОВ

www.bizdin.kg

Улуу жазуучунун 85 жылдыгына

Себахаттин БАЛЖЫ,
(Түркия)
Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ

ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЖАНА ТҮРК ДҮЙНӨСҮ

Чыңгыз Айтматов өзүнүн замандаштарынын чыгармаларын окуп, аларды да жогору баалап, дүйнөгө таанытууга көп далалат жасаган. 1975-жылы Чыңгыз Айтматов Түркияга келип, жергиликтүү маданият ишмерлери жана жазуучулар Азис Несин (Мехмет Нусрат Несин, 1915–1995), Бекир Ылдыз (1933–1998) жана башкалар менен жолугушуп, Советтер Союзуна кайтканда «Советская литература» деген тогуз тилде чыгуучу журналга «Тутумдашуу түйүнү» («Точка присоединения») аталыштагы интервьюсунда, жогоруда аты аталган түрк жазуучуларынын чыгармачылыгына жакшы пикирде экендигин айткан. Түрк жумуриятынан саясый пикир келишпестиктен улам Советтер Союзуна чыгып кеткен, улуу акын Назым Хикметке (1901–1963) да өз мекендештеринин көз караштары өзгөрүлүп, анын чыгармалары байма-бай басыла баштаганына кубанганын билдирип, азыр «түрк адабияты ылдам бийиктөөдө жана гүлдөө учурун кечирип жатат» деген пикирин айткан.

Ал эми казак элинин белгилүү жазуучусу М.Ауэзовдун 1978-жылы чыккан 2 томдук чыгармасы «Бүткүл дүйнөлүк адабият китепканасы» деген көп томдук жыйнакка киргендигине сүйүнүп, «Түрк тилдүү адабияттын өкүлү катары улуу казак жазуучусу М.Ауэзов дүйнөлүк деңгээлдеги татыктуу баскычка көтөрүлгөнүн» баса белгилеген. Башкырт акыны Мустай Карим (1919–2005), Кабардин-Балкар акыны Кайсын Кулиев (1917–1985), казак жазуучулары Абдыжалил Нурпеисов (1924-ж. т.) менен Абиш Кекилбаев (1939-ж. т.) жана казак

www.bizdin.kg

акындары Олжас Сулейманов (1936-ж. т.) менен Мухтар Шаханов (1942-ж.т.), өзбек жазуучулары Адыл Якубов (1926–2009) менен Пиримкул Кадыров (1928–2010), каракалпак акыны Ибрагим Юсупов (1928–2008) менен каракалпак жазуучусу Тулепберген Каипбергенов (1929–2010), Алтай Эл жазуучусу Боронтой Бедюров (1947-ж.т.), түркмөн жазуучусу Аннакулу Нурмамедов (1959-ж.т.) жана башкалар жөнүндө жогорку бааларын бергени белгилүү.

Ушуга байланыштуу эсте каларлык нерсе, түркмөн профессору Ахмад ходжи Хоразмий өзүнүн жердеши Аннакули Нурмамедов жөнүндө Ч.Айтматовдун айткан тилегин макаласында келтирип жатып Чыңгызды (Түркий) Айтматов деген аталышта биринчи жолу жаңы нысбаны (каймана ысымды) колдонуптур. Мындай нысба берүү – Күн Чыгыш маданиятында байыртадан бери колдонулган традициялык жана символикалуу көрүнүш. Адатта адамдын тегин аныктоочу жагдай, биздин пикирде, Чыңгыз Айтматовго карата берилген «Түркий» нысбасы мыйзамченемдүүлүктө тупадан-туура берилген аныктама десек болот. Анткени дүйнөлүк даңазага жеткен кыргыз уулу Чыңгыз Айтматов түрк дүйнөсүнө таандык экени анык жана талашсыз. Бул жагдайды улуу жазуучу эч качан төгүндөгөн эмес.

Чыңгыз Айтматов өзүн Күн Чыгыш маданиятынын өкүлү экендигине дайыма сыймыктанчу жана анын маңыздуу жагдайларын даңазалап таратууга аракеттенчү. Маселен, Бириккен Улуттар Уюмунун Билим, илим жана маданият боюнча мекемесинин (UNESCO-ЮНЕСКО) дүйнөнүн 28 тилинде чыгарылуучу илимий таанытуучу «ЮНЕСКО курьери» деген журналынын 1972-жылы октябрь айындагы санына «Теңтуштардын теңтушу» деген көлөмдүү макала жарыялаган. Анда ал түрк калктарынын (казактар, кыргыздар, өзбектер, уйгурлар, түркмөндөр ж. б.) орто кылымдын башталышында саясый жана маданий турмуштарын уюштуруудагы жогорку деңгээлге жетишишип, өздөрүнүн байыркы түрк жазуусуна эгедер болгондугун сыймыктана айтып келип, андан соң өз эгемендүүлүктөрү үчүн күрөштөрдө, кыйын абалдарда жүрүп, XX кылымда гана алар кайрадан Советтер Союзунун курамында жаңы ийгиликтерге жетишишип, прогресс жолунда бара жатышат деген оптимисттик маанайдагы ойлорун дүйнөгө кабарлаган.

Ал эми 1993-жылы америкалык «World Literature Today» журналында басылган «Интеллектуалдык кризис, тоталитаризмдин күнү бүттү» деген макаласында Ч. Айтматов, алты миң жылдык тажрыйбасы бар Күн Чыгыш философиясынын өкүлү катарында, XX кылымдын аягында дүйнөдө болуп жаткан окуяларга баа берип жатып мындай дейт: «Күн Чыгыш ойлом искусствосу чындыкты

www.bizdin.kg

бийик реалдуулукка, бийик гармонияга жакындатып сүрөттөйт, бул гармония өзүнөн өзүн курчап турган дүйнөдөн өзүн издөөгө адамды шыктандыруучу курал катары түшүнөт. Кайра жаралуу доорунда Батыштын ойлому Кудайды аалам тактысынан түшүрүп, анын ордуна адамды отургузган эле. Бүгүнкү күндө, ал өзү татыксыз болгон ошол тактыдан шыпырылып түшүп, ыңгайсыз абалга калды. Күн Чыгыш ойлому болсо, адамды бул дүйнөдө гармониялуу жашоо үчүн өз ордун табууга, анын закондоруна өзүн баш ийдирүүгө тийиш болгон космостук, ааламдык жан катары көрөт».

Ч.Айтматов өзүнүн Мухтар Шаханов менен бирге 1997-жылы адабий публицистикалык диалог форматында жазган «Аскада калган аңчынын ыйы» деген чыгармасында дүйнө элдеринин тарыхын, алардын ичинде түрк калктарынын басып өткөн жолун жана да: «Ар бирибиз...өз улутун кечээгиси менен бүгүнкүсү, ата-тегин белгилүү деңгээлде билип аздектөөбүз шарт» – деп баса белгилейт. Ушул чыгармада ал «...келечекте ар бир элдин кара кылды как жаргандай калыс, билимдүү тарыхчыларын кеңири тартып, байыркы доордон баштап бүгүнкү күнгө чейинки» дүйнө элдеринин тарыхынын жазылышы зарыл сыяктуу» деген омоктуу оюн айткан эле. Албетте, мунун аркасында жазуучунун кыргыз элинин жана жалпы түрк калктарынын тарыхын дүйнө элдерине ачыктап таанытуу максаты жаткандыгы талашсыз. Ч.Айтматов өзгөчө кыргыз элинин эпосу «Манас» баш болгон бай оозеки чыгармачылыгын терең билип, аздектеп чыгармачылыгында ийкемдүү колдонуу менен алар жөнүндө жана кыргыз эли менен биргеликте түрк дүйнөсүн кең ааламга кабардар кылды.

Улуу жазуучу алгачкы чыгармаларынан баштап эле түрк калктарынын тарыхындагы маанилүү жана кызыктуу проблемаларын чагылдыра баштаган. Алсак, 1960-жылы жазылган «Бото көз булак» повестинде Казакстандын Анархай талаасында орнотулган байыркы түрк эстелиги «Таш баба» жөнүндө маалымат берген. «Ак кеме» (1970-ж.) повестинде «Бугу эне» уламышы аркылуу кыргыз элинин жаралышы жөнүндөгү, ошол мезгилдеги тарых илиминдеги үстөмдүк кылган көз караш чагылдырылган. 1972-жылы жазылган «Кайрылып куштар келгиче» деген аңгемесинде кыргыздардагы манасчылык тууралуу манасчы Элеман жөнүндө жана анын тагдыры аркылуу кыргыз элинин XVI – XVIII кылымдарда болгон ойроттор (калмактар) менен өздөрүнүн эгемендүүлүгү үчүн күрөшү баяндалат. Ушул эле эгемендүүлүк проблемасы, 1980-жылы жазылган «Кылым карытар бир күн» романында, «Дөнөнбай менен Найман эне» жана «Эне бейит» уламыштары аркылуу казак элинин орто кылымдагы калмактар менен болгон алакалары элестүү ачыкталган. Анда кыр-

www.bizdin.kg

гыз элинин оозеки чыгармачылыгынын туу чокусу болгон « Манас» эпосунун түпкүрүндө сакталып келген «маңкурт» түшүнүгү – тарыхый эстутуму жок адамга байланыштуу берилген аталыш элестүү конкреттештирилип, дүйнө коомчулугуна тартууланган болучу.

Деги эле Ч. Айтматовдун ар бир көркөм чыгармасы дүйнөдөгү ар кайсы калктарынын тарыхын өз мезгилдерине жараша акыйкаттуу жана элестүү чагылдырылгандыгы менен өзгөчөлөнгөндүгү биздин оюбузча талашсыз.

Түрк элдеринин «бешиги» болгон Ысык-Көлдү Айтматов өз жанынан артык көрүп, ага арнап «Ысык-Көлдү сагынуу» деген ыр жазып, музыкасын белгилүү кыргыз композитору Муратбек Бегалиев жараткан. Бул ыр азыр Кыргызстанда эң бир аздектелген руханий чыгармалардан болуп калганы талашсыз. Ал эми Ысык-Көлдү экологиялык илдеттерден сактоого кам көрүү жөнүндө өткөн кылымдын 90-жылдарынан өмүрүнүн аягына чейин байма-бай сүйлөп коңгуроо кагып келгени белгилүү.

Азыр илимде өзүнчө айтматовтаануу деген багыт жаралды. Ушуга байланыштуу илимий изилдөөлөр тынбай жүрүп, докторлук диссертациялар, илимий китептер жарык көрүүдө. Алардын бири, орус окумуштуусу Г. Гачевдин 1982-жылы жарыяланган «Айтматов жана дүйнөлүк адабият» жана 1991-жылы жазылган «Ч.Айтматов дүйнөлүк адабияттын жарыгында» деген аталыштагы эмгектердин өзү эле көптөн кабар берет. 1993-жылы А. Акматалиев тарабынан «Айтматовдук энциклопедия» деген көлөмдүү илимий эмгек басмадан чыгарылган.

Мындан тышкары, Айтматовтаануу багытында бүгүнкү күндө ийгиликтүү иштеген кыргызстандык бир топ окумуштуулар бар. Атап айтсак, адабиятчы, сынчы К.Асаналиев «Шекер жана космос» аттуу китебинде Ч.Айтматовдун Шекер айылынан башталган чыгармачылыгы Ааламды кантип багындырганын, көркөм образдын поэтикасын терең изилдесе, Лайли Үкүбаева Ч.Айтматовдун чыгармаларынын улуттук негизин изилдеп, «Чыңгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз» деген эмгегин жазган. Бул эмгек 2010-жылы Кыргыз Республикасынын илим жана техника жаатындагы Касым Тыныстанов атындагы мамлекеттик сыйлыгына татыктуу болгон. Ушул эле автор «Ч.Айтматов жана кыргыз адабияты» деген чыгармалар жыйнагын басмадан чыгарган. Абдыкерим Муратов Ч.Айтматовдун чыгармачылыгындагы салттуу тарбия маселелердин көркөм чагылдырышын изилдеп, «Чыңгыз Айтматов – этнопедагог» аталышындагы монографиясын жарыялады. Философия илимдеринин доктору Үмүт Асанова Айтматовдун «Кыямат» романындагы экология боюнча философиялык маселелери жөнүндө (профессор

www.bizdin.kg

Табылды Абдылдаев менен бирдикте, 1987), маданият кризисинин философиясы боюнча бир нече эмгектерин жарыялаган (1999, 2001). Бир макаласы түрк тилине которулуп, белгилүү түрк журналына чыгарылган (2000). 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жыйынында Чыңгыз Айтматовго Иса Ахунбаев атындагы сыйлыгын тапшыруу аземинде Үмүт Асанова «Айтматовдун чыгармаларындагы Совет маданиятынын кыйраш философиясы жөнүндө» докладын тартуулаганда, Айтматов аны бийик баалап, авторго чоң ыраазычылыгын билдирген. Ү. Асанова «Айтматов дүйнөсү: трагедиядан катарсиске», «Айтматов философ катары» деген эмгектердин автору.

Ал эми улуу жазуучунун мекенинде аны менен кездешип жүрүп жазылган түрк окумуштуусу Ахмет Сарыгулдун доктордук диссертациясы «Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларынын Түркияда кабылданышы» деген проблемага арналып, кыргыз коомчулугунда жылуу кабыл алынып, ошол эле жылы китеп болуп жарыяланган.

Түркияда Ч.Айтматовдун чыгармаларын изилдеп, аны илим дүйнөсүнө таанытышкан жоон топ окумуштуулар бар. Алардын көч башында профессор, доктор Рамазан Коркмаз, профессор, доктор Орхан Сөйлемез, профессор, доктор Ахмед Колжу жана башкалардын эмгектери ар тараптан кубаттоого арзырлык десек жаңылбайбыз.

Чыңгыз Айтматов 1959-жылдан – 1991-жылдарга чейин «Литературный Кыргызстан» журналынын башкы редактору, Совет бийлигинин эң күчтүү жана таасирдүү басылмасы «Правда» газетасынын атайын кабарчысы, Кыргызстандын Жазуучулар бирикмесинин башчысы, Кыргызстандын Кинематографисттер союзунун башкармалыгынын төрагасы, кийин дагы бир абройлуу «Иностранная литература» журналынын башкы редактору (башкы кеңсеси Москва шаарында) кызматтарда иштеген мезгилдерде дүйнөнүн өлкөлөрүн кыдырып, ар кыл коомдук ишмерлер жана чыгармачыл адамдар менен баарлашууга мүмкүнчүлүк алган.

СССРдин Жогорку Кеңешине (1966–1991-жж.) депутат болуп саясатка жигердүү катыша баштаган. Ошол жылдары СССРдин жетекчилигине жаңы келген жана бул Совет мамлекетинде «Кайра куруу» реформасынын демилгечиси Михаил Горбачев менен кызматташкан, ал СССРдин Президенти болуп шайланганда анын кеңешчиси кызматында да болгон. Жеке эле ал эмес, ошол учурдагы түрк тилдүү Советтик мамлекеттердин лидерлери: Нурсултан Назарбаев (Казакстан), Ислам Каримов (Өзбекстан), Гейдар Алиев (Азербайжан), Сапармурат Ниязов (Түркмөнстан) жана башка союздук республикалардын башчылары менен жакындан таанышып, курдаш достордой мамиледе болгон.

www.bizdin.kg

Ал эми Түркиянын президенти Сулейман Демириэл да өз мезгилинде Ч.Айтматовду жогору баалап, абдан урмат менен мамиле жасаган, 1994-жылы аны Түркияда кабыл алып, өзүнүн алтын медалын тапшырган.

1990-жылдын 9-октябрынан тарта 2008-жылдын 10-мартына чейин Чыңгыз Айтматов мамлекеттер аралык кызматта СССРдин, Россиянын жана Кыргызстандын бир нече өлкөлөрдөгү (Люксембург, Бельгия, Нидерланд, Франция) толук ыйгарымдуу элчиси жана эл аралык уюмдарда (Европа биримдиги, НАТО жана ЮНЕСКО) туруктуу өкүлү катары үзүрлүү эмгектенген. Ушул мезгилде жазуучу ааламдагы өлкөлөргө түздөн-түз таасир берип, аларга Кыргызстан жана түрк дүйнөсүн таанытуу мүмкүнчүлүгү кеңейди.

1996-жылдын 10-ноябрында Париждеги ЮНЕСКОнун баш кеңсесинде Чыңгыз Айтматовдун «Кассандранын тамгасы» романынын француз тилинде басылышынын презентациясы өткөн. Бул китеп жөнүндө Франциянын президенти Жак Ширак Айтматовго: «Романда окурмандарга азыркы мезгилдеги адам жанынын акыбалын түшүнүш үчүн философиялык сабак тартууланыптыр» деп, өз пикирин кат аркылуу билдиргени авторго жагымдуу көрүнүш болгон экен.

1998-жылы 9-ноябрда Түркиянын борбор шаары Анкарада ТҮБИТАК Феза Гурсой (TüBİTAK Feza Gьrsey Salonu'nda) имаратында Ч.Айтматовдун туулган күнүнүн 70 жылдыгы салтанаттуу белгиленген. Түркиянын президенти Сулейман Демириэл улуу жазуучуну куттуктап жатып, «Азыркы учурда түрк дүйнөсү жаңыдан өздөрүн таанып башталган кезде, Ч. Айтматовдун түрк дүйнөсүнө бере турган эмгеги дагы да чоң болооруна терең ишенем жана мындан ары да үзүрлүү эмгектенишин каалаймын» деген тилектерин билдирген. Ошол учурга чейин Түркияда Ч. Айтматовдун 12 томдон турган «Бардык чыгармалары» («Bütün eserleri») басмадан чыккан эле.

1999-жылы март айында ЮНЕСКОнун баш кеңсесинде Чыңгыз Айтматовдун 70 жылдыгына арналган «Интеллектуалдын азыркы учурдагы коомдогу орду, тынччылык жана Борбордук Азиядагы жаңы доор» деген эл аралык симпозиум уюштурулган. Анын ишине дүйнөнүн бир далай өлкөлөрүнөн жазуучулар, адабиятчылар, окумуштуулар жана коомдук ишмерлер катышышты. ЮНЕСКОнун директорунун орун басары К. Троль: «Ч. Айтматовдун көп кырлуу чыгармачылыгында адамдын жандүйнөсүнүн түпкүрүндөгү сезимдерин аздектеп талдоо кудурети менен акылман философ катары адамзаттын келечегинин прогрессинен кабардар кылып, анын тынччылык жана гумандуулук идеалдарын даңазалайт», – деп баса белгиледи. Ал эми ЮНЕСКОнун баш директору Ф. Майор Ч.Айтматовдун

www.bizdin.kg

адабияттын өнүгүшүнө, дүйнөдөгү элдердин тынччылыкка үндөп, зомбулукту жоюуга жана бири-бирин урматтоо менен ызаттоого чакырууга кошкон салымы үчүн аны ЮНЕСКОнун өзгөчө медалы менен сыйлаган.

2004-жылы апрель айында улуу классик Чыңгыз Айтматовдун 75 жылдык мааракесине арналган Анкарада «Евразия горизонту» аталыштагы чоң илимий-маданий азем болгон. Анда сөз сүйлөгөн Түркиянын жазуучуларынын өкүлдөрү: «Биз үчүн туңгуюк болгон Орто Азияны Ч.Айтматов чыгармалары менен бизге таанытты. Бул чыгармалар – Түрк дүйнөсүн жарык кылып турган чыгармалар. Мындан ары да калемиңизден айрылбай, улуу чыгармаларды жарата бериңиз!» – деп жазуучуга терең бааларын беришип, тилектерин билдиришкен.

Жазуучу 2004-жылы берген маегинде мындай дейт: «Кудайдын куттуу күнү иш тартибим ар кандай жолугушууларга жык толгон. Ар бир жолугушуу мен үчүн жаңы дүйнөнү ачкандай сезилет. Кай тариздеги жолугушуулар болбосун, эң оболу «Чыңгыз Айтматов кыргыз жазуучусу» деген кеп айтылат. Бу сөздү өзүм эшитип, оюмда өз туулган Мекенимди кыялдын күлүк аты менен бир чаап өткөндөй болом. Мындай учурларда, ар кыл маанидеги кептер айтылат, Кыргызстан жөнүндө айтууга туура келет, алар кызыгышат, мен айтам. Ушундай жандуу баарлашуунун аркасы менен европалыктар өзү үчүн, тээ алыстагы Кыргызстан тууралуу түшүнүктүн терезесин ачышат. Бирөө угат, экинчиси айтат, ошондон кеп кербендей узарып кетет.... Айтайын дегеним, мен Европада тек гана элчи эмес, руханий байланыштын да элчиси катары кызмат өтөйм. Себеби биз бу эки дүйнөнүн булагын бири-бирибиз үчүн ачышыбыз керек. Ансыз руханий көпүрө түзө албайбыз».

Айтматовдун «Ысык-Көл форуму» – адамзаттын жаңы планетардык аң-сезиминин өзөгү

1986-жылдын 14–17-октябрь күндөрү Кыргызстандын бермети Ысык-Көл жээгинде дүйнө жүзүндө адабият, маданият жана искусстводо атагы чыккан 18 адамды, кыргызча айтканда, «Шеринеге» (кезектешип мейманда болуу менен өз ара баарлашууга) чакырып, XXI кылымдын босогосунда адамзаттын дүйнөлүк мерчеминдеги проблемалары боюнча пикир алмашуу менен келерки кылымды «Планетанын кылымы», «Чыгармачылыктын кылымы» деп жарыялаш үчүн уюштурганы белгилүү.

www.bizdin.kg

Ошол учурда жаңыча баарлашып ой жүгүртүүнүн негизинде бейкут келечегине жол салууга даанышман адамдын чыгармачыл күч-кубатынын болочок проблемаларын чечүүнүн куралы катары, жалпы адамзаттык баалуулуктар таптык жана башка этникалык, улуттук кызыкчылыктардан өйдө турат деген жалпы планеталык жаңыча ой жүгүртүүнүн зарылчылыгын жаратты. Албетте, дүйнөлүк интеллектуалдардын мындай жемиштүү жана кайталангыс ой-жүгүртүүлөрү эки карама-каршы – СССР башчылык кылган социалисттик жана АКШ баштаган капиталисттик системалардын «муздак согуш» деп аталган күрөшү бүтүп бараткан мезгилинде анын тездешине кандайдыр бир түрткү болгонуна шек жок.

2004-жылдын 12–19-июнь аралыгында Кыргызстандын Ысык-Көлүндө ЮНЕСКОнун колдоосу менен «Евразия Саммити» өткөрүлгөн. Бул Ч. Айтматовдун пикиринде кандайдыр бир мерчемде «Ысык-Көл форумунун» уландысы болгон. Мындагы баарлашууга биринчи кезекте көрүнүктүү саясатчылар: Каичиро Мацууро – ЮНЕСКОнун баш катчысы, Сергей Орджоникидзе – БУУнун Европа бөлүмүнүн генералдык директору, Сейид Мохаммед Хатами – Ирандын президенти, Владимир Путин – Россиянын президенти, Аскар Акаев – Кыргызстандын президенти, Эмомали Рахмон – Тажикстандын президенти, Хусейин Челик – Түркиянын тышкы иштер министри, Чжан Яньян – Кытай Эл Республикасынын Кыргызстандагы элчиси, Ч. Айтматов Кыргызстандын ЮНЕСКОдогу өкүлү жана башкалар катышышып, дүйнөдөгү көйгөйлүү маселелердин ичинде Евразия өлкөлөрүндөгү калктардын кедейчилигин жана жумушсуздугун кантип жойсо болоору жөнүндө ой бөлүшүштү.

Демек, 1986–2008-жылдары Чыңгыз Айтматов уюштурган жана жетектеген дүйнөнүн белгилүү чыгармачыл адамдары менен таасирдүү саясатчылары биригишкен Эл аралык «Ысык-Көл форумунун» алдында, алардын баарлашуусунун негизинде калыптанган жаңы адамзаттын эс-тутуму планетардык аң-сезиминин өзөгү, тынччылыктын жана эркиндиктин мыйзамдары менен глобалдуу цивилизацияны түзүү экендиги таанылып, ааламга тарады десек жаңылбайбыз.

Россиялык окумуштуу-философ, профессор Эвелина Боровицкаянын көз карашында: «Ч. Айтматов өзү калгандардан көп билген адамды туюнткан. Ал биздин дүйнөдөн бөлөк да ааламды билгендей сыяктанган. Ошондуктан, Чыңгыз күчтүү байтерек сыяктанып, салабаттуу жана салмактуу экендигин сездирип турган».

Түркиялык адабият-таануучу, профессор Рамазан Коркмаздын ою боюнча, «Чыңгыз Айтматовдун ийгиликтеринин эң маанилүү жагдайы бул анын салттык жана улуттук баалуулуктарды ааламдык

www.bizdin.kg

келечек өңүтүндө түшүндүрүү жөндөмдүүлүгүндө. ... Ал адамзаттын аң-сезиминде шам сыяктуу көрүнүшү, анын өзүнүн инсандык насилинин акылкөйлүгүндө».

ЮНЕСКОнун (1999–2005-жж.) баш катчысы Каичиро Мацууронун аныктамасында «XX кылымдын адабиятынын классиги, Чыңгыз Айтматов көп жылдар бою ЮНЕСКО менен тыгыз алакада кызматташкан. Ал талыкпай зомбулукка каршы чыгып, адамзаттын уникалдуу көп кырдуу маданияттарын сакташ үчүн цивилизациялардын баарлашуусуна чакырган».

Кытай Эл Республикасынын маданият министри Цай Унун пикири боюнча «Ч. Айтматов – кыргыздын эле жазуучусу эмес, адамзаттын улуу жазуучусу. Анын чыгармаларын кытай окурмандары өтө сүйүп окушат. Ал биздин элдерди гумандуулукка чакырып, ошол аркылуу адамдарды жакындатып бириктирип турат».

«Евразия» Жазуучулар фондусунун төрагасы Якуб Делиөмөрөглынын аныктамасында, «Ч.Айтматов – кыргыз маданияты Орто Азиянын табиятына сүйүү менен махабатты орноштурган, кээде кыргыз мифологиясын кайрадан жандандырып дүйнө жүзүнө таанытткан, адам баласынын маңкуртташуусуна жана маңкуртташтырылуусуна каршы чыккан, кээде космос мейкиндигинен бир кемеге отуруп алып дүйнө жүзүнө: «Эл журт, токтогула, бул жол – туюк жол» – деп үндөгөн чагылган сыяктуу манасчы эле».

Ч.Айтматов түрк тилдүү элдердин биримдиги жана тарыхый бир тагдырлаштыгыбыз тууралуу көз карашын тараткандан тышкары, ал иш жүзүндө да 1990-жылдын июнунда болгон «Ош окуялары» деп аталган кыргыздар менен өзбектердин ортосунда чыккан жаңжалдарды жоюуга катышкан. Ошондогу окуяларды эскерип, бир жылдан кийин ал мындай деп жазган: «Ошко баратканда, биздин жалпы эң маанилүү тилегибиз бул кыргыз-өзбек чыр-чатагын ар бирибиздин улутубузга жараша өз-өзүнчө кабыл албай, аны жалпы кырсык катары, бир тарапты колдобой, ар тарапка бирдей күйүп-бышып, алардын ойлорун биздин жалпы тарыхый бир тагдырлаштыгыбыздын булактарына, биримдиктүү маданий-этникалык мурасы жана казынасы болгон канчалаган азаптардан өткөн жалпы түрк тилдүү элдеринин тарыхына буруп, региондогу, өлкөдөгү, дүйнөдөгү улуттук жоопкерчилигибизди түшүндүрүү болчу. Туркестан Ливандагы үй-бүлөлүк карама-каршылашкан согуш очогуна айланбаш керек. ... Тарыхтагы түрк элдеринин биригүүлөрүнүн оң тажрыйбасын билбегендиктен жана аны жашыргандыктан, өткөн дооорлордогу кайгылуу оор карама-каршылыктар адамдардын өз ара алыстоосуна алып келген. Улутчулдуктук, кээде айыпсыз деп эсептелген маданий мурастар жагдайынан жыбылжып чыга баштаган – кызганычтык-

www.bizdin.kg

тан өзүнө ыйгарып жана тарыхый инсандардын атын же алардын ишмердүүлүгүн өзүнө жазып алуу менен башкалардын жалпы түрк руханий панорамасына тиешеси бардыгын төгүндөшкөн».

Ч.Айтматов СССР мамлекети тарагандан кийин да, анын курамындагы түрк тилдүү калктар эгемендик мамлекеттерге жетишкенден тартып, өзгөчө өмүрүнүн акыркы жылдарындагы иш аракеттеринде жана сүйлөгөн сөздөрүндө Түрк дүйнөсүнүн биримдигинин бекемделишин жана аларда бир туугандык аң-сезиминин ыкчам калыптанышын каалаган тилегин көп жолу билдирип келген. Алсак, ал 1992-жылы 2-майда Анкара шаарында өткөн салтанаттуу жыйында толкунданып, мындай омоктуу ойлорун ортого чыгарган: «Жүздөгөн жылдар бою биригип өмүр сүрүп келген, кээде жер жүзүндө кубаттуу империяларды курган түрк элдери, тегерегиндеги Индия, Греция, Россия, Арабстан сыяктуу башка элдер менен мамиле куруп, маданияттары менен өз ара таасирленип бүгүнкүгө чейин жашап келишти. Кээде коңшулардын бийлигин таанып, кээде аларга каршы күрөшүп, түрк элдери өз ара мамилелерин тарыхый учурга ылайык ойлогондой жүргүзө алышпады. Убакыт өткөн сайын бири-биринен алысташып, түрк элдеринин жүрөгүн сыздаткан абалга жеткен эле. Кээде кабарлашуу-катташуу таптакыр токтоп, кимдин ким экенин билбеген учурлар да болду. Бирок азыр XX кылымдын аягында, тоталитардык режимдин кулашы менен жоголгону табылган сыяктуу түрк элдери үчүн жаңы доор ачылды. Бириккенге, кабарлашып-катташууга, жакындашууга мүмкүнчүлүк туулду. Эмне болсо да биз үчүн тарыхый бир мүмкүнчүлүк колго тийди. Бул мүмкүнчүлүктү жакшы пайдаланып, биз массалык жакындашууга барышыбыз керек. Маданий процесстерди башынан аягына чейин кайра карап чыгып, түрк тилдерин жакындаштыруубуз керек. Тилге көңүл буруубуз зарыл. Түрк тилдери арасындагы салыштырмалуу сөздүктөрдү даярдап, жалпы коомчулуктун жакындашуусуна шарт түзүшүбүз керек. Ушул багыттан алып караганда, алар үчүн эң түшүмдүү тандоо, менимче, түрк тилдеринин бири-бирине жакындашуусу. Бири-биринин тажрыйбаларынан пайдаланып, өз аң-сезимдерине ишенүүлөрү менен бул түбү, теги бир тилдер бири-биринин потенциалын иргеп алып пайдалануусу зарыл. Бул иш-чаранын негизинде, ар бир түрк журту, өзүнүн улуттук маданиятынын кызыкчылыгы үчүн алынын жетишинче аракет кылышы, албетте, өтө пайдалуу болоор эле».

1996-жылы Борбордук Азия элдеринин маданиятынын Ассамблеясы (БАЭМА – орусча АКНАЦАЗ) түзүлгөн, анын максаты дүйнөдө ааламдашуу доорундагы кубулуштарды туура аңдап билиш үчүн элдердин, жеке инсандардын жана маданияттардын бири-бири

www.bizdin.kg

менен байланыштарын жалпы шарттуулукта, руханий баалуулуктардын негизинде чагылдырууну камсыз кылуу аракети болгон. Анын президенти болуп Чыңгыз Айтматов шайланган, борбору (штаб-квартирасы) Ташкент шаарында жайгашкан эле. Бул уюм «Борбордук Азия маданияты» деген газетаны казак, кыргыз, өзбек, тажик жана орус тилдеринде чыгара баштаган.

Түрк калктарынын «Борбордук Азия мамлекеттеринин биримдигин» түзүү идеясын «Евробиримдиктин» тажрыйбасындай сыяктуу болсо аны кызуу колдоорун 1999-жылы 30-декабрда Бүткүл дүйнөлүк радиоберүү болгон Би-Би-Синин журналистине берген маегинде билдирген.

Ал эми 2004-жылы 4-ноябрда журналист Дурсун Ылмазга берген маегинде улуу жазуучу мындай дейт: «Түрк дүйнөсүндө Евросоюздай союзду түзүү бардыгыбызга пайдалуу болмок. Биз да ушундай биримдикти түзүп, Орто Азиянын парламентин, экономикасын түзсөк, ... ар бир иш пландалышы керек, парламент сыяктуу башкаруу органдары түзүлүш керек. Бизде азырынча бул багыттагы биримдик аңсезимибиз жетишкен абалда орной элек... Эх, бүтүн түрк дүйнөсүнүн биримдигин кура алсак кана...» – деп кыялданган болчу.

Ушундай эле багыттагы ойлорун 2008-жылы 25-апрелде КГМУ тарабынан уюштурулган жаш түркологдорунун II Эл аралык симпозиумундагы жаштарга кайрылган сөзүндө да айткан: «Түрк дүйнөсү жанданып, кайрадан баш көтөрүп, цивилизацияга өзүнүн салымын кошуп жатат. Түрк дүйнөсү деген түшүнүк биз үчүн бир жаңы күч берген, бизди алга жылдырган, дагы бир абдан чоң ресурс болсун».

Мустафа Кемал Ататүрктүн 29-октябрь 1933-жылы айткан осуяттарына ылайык, Кыргызстандын биринчи президенти А. Акаев менен Түркия Республикасынын тогузунчу президенти С. Демириэлдин кол коюулары боюнча, 1995-жылдын 30-сентябрында түзүлгөн орток келишиминин негизинде, Бишкек шаарында ачылган жана эки элдин ортосундагы байланыштарда «Алтын көпүрөсү» деп аталган Эл аралык Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин (мындан ары кыскартылганы – КТМУ) окуу, илим жана тарбия иш-чараларына да Ч. Айтматов жигердүү катышып, анын калыптанышына өз салымын кошуп келген.

2001-жылы 14–17-майда КТМУ тарабынан Түркия Республикасынын негиздөөчүсү Ататүрктүн туулгандыгынын 120 жылдыгына арналып уюштурулган «Ататүрк жана парламентаризм» деген эл аралык симпозиумга Ч. Айтматов катышып, өзүнүн куттуктоо сөзүндө жалпы катышуучуларына ийгилик каалаган.

2002-жылы 14–15-ноябрда КТМУда өткөрүлгөн «Түрк цивилизациясы жана мамлекеттик салты» аталыштагы Эл аралык симпо-

www.bizdin.kg

зиумда ал «Акыйкаттын субъективдүү сөзү» деген кайрылуусунда, Кыргызстанда жаңы курулган ири заманбап университеттин жетекчилерине, окутуучуларына жана студенттерине келечектеги XXI кылымдагы сапарлары ийгиликтүү болушун каалаган.

2003-жылы 21-майда Ч. Айтматов КТМУнун гуманитардык факультетинин жаш түркологдордун «Мөңгү-суу» (Bengisu) маданият, искусство жана адабият маселелерин чагылдырган журналынын жарыяланышына байланыштуу салтанатка катышып, университеттин окутуучулары жана студенттери менен жолугушуп, жамааттын кезектеги ийгиликтерине кубанычта ортоктоштугун билдирген.

2003-жылдын 22-октябрында ал Кыргызстандын алгачкы Президенти Аскар Акаев жана Түркиянын премьер-министри Режеп Тайып Эрдоган менен биргеликте аталган университеттин жаңы студенттик шаарчасында алгачкы курулган окуу имаратынын ачылыш салтанатына жана КТМУда Түркия Республикасынын 80 жылдыгын белгилөө жыйынына катышып, өзүнүн сөзүндө бул окуу жайы «келечекте кыргыз-түрк элдеринин достугуна чоң салым кошоруна» ишенерин билдирген.

2004-жылы КТМУнун окумуштуулар тарабынан даярдалган улуу жазуучунун туулганынын 75 жылдыгына арналган үч бөлүмдөн турган китеп басмадан чыгарылган. Анда жазуучунун чыгармаларын изилдеген Кыргызстан, Казакстан, Түркия жана Франция өлкөлөрүнүн окумуштууларынын макала-пикирлери жана жазуучунун алгачкы чыгармалары, мурда түрк тилинде басылбагандары жаңы которулуп берилген.

2004-жылы 20- апрелдеги КТМУнун окумуштуулар Кеңешинин чечими менен Ч. Айтматов аталган университеттин ардактуу доктору болуп шайланган. Ошол эле жылы ал 17–18-майда КТМУда өткөрүлгөн «Улуу Жибек жолунун тарыхы жана байланыштары» деген I Эл аралык симпозиумуна катышып, илимий секцияга башчылык кылган.

2004-жылы 4–6-ноябрь күндөрү, бул окуу жайы тарабынан уюштурулган дүйнөнүн 26 өлкөсүнөн (Австралия, АКШ, Афганистан, Венгрия, Германия, Греция, Дания, Индия, Израиль, Иран, Италия, Египет, Казакстан, Кыргызстан, Кытай, Норвегия, Польша, Россия, Таджикстан, Түркмөнстан, Түркия, Түштүк Корея, Өзбекстан, Улуу Британия, Франция, Япония) келген 113 окумуштуу изилдөөчүлөр катышкан «Түрк цивилизациясынын дүйнөлүк цивилизациясындагы орду» аталыштагы II Эл аралык конгрессинин ачылыш отурумундагы «XX кылым: Түрк цивилизациясынын пассионардык симфониясы» деген сөзүндө, Ч.Айтматов түрк цивилизациясынын ааламдагы орду жана келечеги жөнүндө өзүнүн омоктуу ой-пикирлери менен бөлүшкөн.

www.bizdin.kg

2005–2006-жылдары КТМУда жаңы жөрөлгө болгон «Жайкы мектеп» уюштурулган эле, ага дүйнө жүзүндөгү Япония, Италия, Камерун, Турция жана АКШдан Кыргызстандын тарыхы, маданияты, табигатына кызыккан 40 жакын билим адамдары келип катышкан. Буларга кыргызстандык белгилүү инсандар дарс окуган улуу жазуучубуз эки жылы тең Кыргыз адабиятынын өнүгүш маселелери жөнүндө кызыктуу дарс окуп берип, анын деңгээли менен маанисин жогору чектерге жеткизген.

2005-жылдын май айынан өмүрүнүн аягына чейин Ч. Айтматов КТМУнун ректорунун кеңешчиси болуп келген.

2007-жылы 14-ноябрда Ч. Айтматов Түркиянын Адабият корунун «Түрк дүйнөсүндөгү эң улуу жазуучусу» наамын алгандыгына байланыштуу КТМУда куттуктоо аземи Кыргыз Республикасынын көрүнүктүү жазуучулары, маданият кызматкерлери жана илимий интеллигенциясынын катышуусу өткөрүлгөн. Жыйынга Ч. Айтматов өзү катышып, бул сыйлыкты ыйгарган Түркиянын Адабият коруна терең ыраазычылыгын билдирген. Ошондой эле Түркиянын Анкара жана Элазыг шаарларында калк эс алуучу жашыл парктардын аталыштарына улуу жазуучунун ысымы коюлгандыгы жөнүндө толкунануу менен жыйындын катышуучуларына айтып берген.

Улуу жазуучунун 80 жылдык юбилейине арналган Кыргызстандагы алгачкы иш-чара КТМУда «Ч. Айтматов жумалыгы» деген аталышта 2008-жылы 22–26-апрель күндөрү өткөрүлгөн. Анын ичиндеги программадагы улуу жазуучуга арналган илимий макала, дилбаяндар жана ыр жазуу, көркөм окуу боюнча конкурстардын жеңүүчүлөрүнө кол тамгасы менен «Тоолор кулаганда» романын сыйлык катары тапшырган. Андан соң Ч. Айтматовдун чыгармаларына негизделип тартылган «Ак кеме» (Кыргызстан, 1976) жана «Кызыл жолук жалжалым» (Sevlı Boylum Al Yazmalım – Түркия, 1978) көркөм фильмдери көрсөтүлгөн. Ошол эле жумалыктагы дагы бир иш-чара – «Чыңгыз Айтматов жана дүйнөлүк адабият» аталыштагы тегерек столдогу пикир алмашууга Кыргызстан менен Түркиянын 20га жакын белгилүү адабиятчы жана ойчулдары катышышты. Жумалыктын аягында сүйлөп, студенттер менен баарлашып, жаңы чыккан китебине кол тамга коюп тараткан.

Ошол эле 2008-жылы 16–17-октябрда КТМУ менен Түркиядагы «Ататүрк» маданият борбору (башчысы – проф., док. Осмон Хората) тарабынан уюштурулган Эл аралык симпозиум «Улуу ойчул Чыңгыз Айтматов» деп аталып, анын ишине Кыргызстан, Казакстан, Азербайжан, Люксембург жана Түркиядан келген 30га жакын илимпоздор катышышкан. Симпозиумда Түрк Республикасынын

www.bizdin.kg


телевидениеси Ч. Айтматовго арналып тарткан «Өмүрдүн уланышы» («Hayat Akarken») деген чакан фильм көрсөтүлдү.

2008-жылы 12-декабрда Кыргызстандын президенти тарабынан КТМУнун Бишкектеги «Жал» кичи аймактагы студенттик шаарчасына улуу жазуучунун аты ыйгарылган. Университеттин жамааты мындай чечимге сыймыктанышат.

2012-жылдын 25–26-майында Кыргыз Республикасынын Президенти А. Атамбаевдин колдоосунда, КТМУ менен Ардахан университети тарабынан уюштурулган «Чыңгыз Айтматов жана түрк цивилизациясынын ренессансы» Эл аралык илимий конгрессте дүйнөнүн 14 өлкөсүнөн 130дан ашык окумуштуулар катышышты.

Жыйынтыктап айтканда, XX кылымдын экинчи чейрегинен XXI кылымдын башталышы мезгилинде өмүр сүргөн гениалдуу, эң таанымал жана дүйнө жүзүндөгү китеп окурмандардын сүйүктүү жазуучусуна айланганЧыңгыз Айтматов, өз заманынын адабиятын жаңы бийик денгээлге жеткизип, аны өзгөчө ааламдык философиялык көркөм ой-толгоолору менен байытты. Улуу жазуучу жана ойчул катары ал өзүнүн феноменалдуу чыгармачылыгы менен көп кырдуу коомдук ишмердүүлүгү аркылуу планетардык кубулушка жетишип, бүтүндөй дүйнөгө таанылды. Муну менен биргеликте Чыңгыз Айтматов түрк дүйнөсүн ааламга таанытуу жараянына бараандуу салым кошту. Анын эмгектеринин тарыхый мааниси адамзат үчүн руханий азык катары кылымдар бою муундардан муундарга өтүп, түбөлүктүү жашай бере турганында.

www.bizdin.kg



Герман ГЕССЕ (1877–1962)

Немис жазуучусу, философ, ойчул. Нобель жана Европанын бир катар сыйлыктарынын лауреаты. Дин ишмерининн үй-бүлөсүнөн. 1912-жылдан Швейцарияда жашап, ошол жерде каза болгон. 1923-жылы ашынган улутчулдукка каршылык катары герман жарандыгынан аткез берген. Чыгармачылыгын ыр жазуу менен баштап, «Романтика ырлары» (1899) аттуу жыйнак чыгарган. «Дөңгөлөк алдында» (1906), «Гертруда» (1910), «Чыгыш өлкөлөрүнө дербишчилик» (1932), «Бисер оюну» (1943) ж.б. ондогон повесть, романдардын автору. Өмүрүнүн акыркы жылдары рухий-философиялык эсселерди жазуу менен алек болгон. Журналга сунуш кылынган эссе «Досторго кат» түрмөгүнөн алынды.

Мастер-классик

ЖАПОНИЯЛЫК ЖАШ КАЛЕМДЕШКЕ

Кадырлуу калемдеш! Алчалар ажайып гүл ача баштаганда менин колума тийген Сиздин узун сабак катыңыз алыскы учуктун түйүнүндөй көп жылдан бери үн катпай келген өлкөңүздөн мага айтылган ысык саламдай туюлду. Байкашымча жана сиздин жазганыңызга караганда, сиз таптакыр эле башаламандыкка батып бараткан дүйнө кабатырлыгын мага кабарлап, кандайдыр бир чакырык таштап жаткандайсыз. Андан да, менден жана акыл-эс дүйнөсүнөн азырынча алыстай элек, асыл нарк менен дөөлөттөр баскычтарынын баркын кастарлайт делген, «адам суктанарлык аралдагы» менин өлкөмдөн өбөк издеп, ишенич арткандай түрүңүз бар. Аныңыздын айрым жагдайлары, албетте, туура. Жаныңыз жалындап күйүп, ошол эле учурда корккон кооп менен күмөн күдүктүү ишеним өтмө катар чырмалган катыңыз жазарга кагаз, саларга конверт оңой менен табылбаган калдайган калаа урандысынан* жиберилгенин элестетип турам. Аны алча жыты аңкыган талаадан күнү кечке күкүк үнү угулган менин «отуз эки омурткасы» бүтүн үйүм менен алпейим айылыма ашкан ак көңүл почточу аял апкелди.

* Сөз кыязы 1945-жылы Америка атом бомбасынан кыйраган Япония шаарлары жөнүндө болуп жатат. – Котормочу.

www.bizdin.kg

Сиздин катыңыз – өсүп келаткан муундун өтүп бараткан муунга жазган каты болгондуктан, ал менин жандүйнөмө бүкөнөбара бүлүк түшүргөн жок, тескерисинче, тополоң-тостуу ички толгонууларды кандайдыр теске, ыраатка салып койгонсуду. Албетте, ал жалпы батыш дүйнө жамааты кастарлаган, рух турмушунда тунук ишеним, туура салт катары жамандыр-жакшыдыр сакталып калган ыраат эместиги ырас. Арийне тос-тополоң, будуң-чаң түшкөн дүйнө менен кошо бузулбаган аралчада жашоосун жалгыз улантып аткан салт. Антип рух тарбиясына такыба берилип, жалгыз жашаган эски адамдар бул өлкөдө кыйла эле бар. Кайриет, аларга эч ким каш кайтарбайт, күлкүгө айлантпайт. Эң негизгиси – куугун-сүргүн кылбайт, тескерисинче, нарк-насилдин кунары куурап бараткан ушул мезгилде аларды кудум тукум курут болор айбанаттардай айрыкча аздектеп сактоого аракет жасашат. Атүгүл айрым учурда ал нукура Европанын баалуулугу, андай баалуулук өздөрүн аскар тоо санаган Америкада да, Россияда да жок деп сыймыктанышат, төш кагышат. Арийне, бизге окшогон эски жазуучулар, картаң ойчулдар же катардагы карапайым такыба адамдар батыш дүйнөсүнүн башы, көзү, жүрөгү болуудан калды, биз – түгөнүп бараткан тукумдун калдыгыбыз, анда да катаал айтсак, андай болбоско аргабыз жок, биздин урук уланбайт.

Кой, сөз төркүнүн сиздин катка буралы. Сиз негедир мага кайдыгер каламбы деп кабатыр болосуз. Сиз менен чогуу окуган студенттер мени Түштүк Германияда жашаган жашык лирик катары карашат деп жаныңыз күйөт. Эмне үчүн мен ойлогондой эле чындыктын чыныгы баатыры же чыркыраган курмандыгы дешпейт дейсиз. Арийне, алардыкында да, сиздикинде да акыйкат үлүшү болушу да, болбой калышы да ыктымал. Анысын да, мунусун да акыйкаттын аныгы катары кабыл алуу туура эмес. Андан да ашыра айтсак: Сиздин жолдошторуңуздун мен тууралуу ой-пикирин оңдоп-түзөө кажетсиз, не дегенде, ал ой-пикирлер туурабы, туура эмеспи, эч кимге эч кандай зыян келтирбейт. Тескерисинче, кадырлуу калемдеш, мен тууралуу түшүнүгүңүздү дагы тескеп, мага берген бааңызды кайра дагы карап чыгуу кадыресе зарылдыр, канткен менен жүрөк өйүгөн өкүнүч жаралса, ушул ыңгайдан жаралышы ыктымал. Не дегенде, пейил камы, ниет туташтыгы бир сыяктанган китеп колуна тийсе, көккө жеткире көкөлөтүп ойлоп алган жаш окурман жалгыз сиз эмессиз. Антүүгө ар бир окурмандын акысы бар, ар бир окурман акылынын жетиши, жүрөгүнүн каалоосуна жараша кандайдыр бир китепти жакшы көрөт же жаман көрөт, андан эч кимдин кылы кыйшайбайт. Арийне сиз ажытына жетпей эле албырттап-жалбырттап алгыдай анчалык жаш окурман эмессиз да. Жазганыңызга караган-

www.bizdin.kg

да, кырчындай кезиңизден дүйнөнүн чыныгы чырайын таанууга аракет кылган, адамдарга жарык тартуулап, акыйкатын айтууга ар-намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын арнагысы келген адабиятчы, менин жаш калемдешимсиз. Менимче, алды-артты айра тааный элек окурман менен жаш адабиятчы, китеп жазып, китеп чыгарган адамга коюлар талаптын айырмасы асман менен жердей: адабиятчы өзүнө жага түшкөн тигил же бул автордун китебин сын көздөн өткөрбөй көкөлөтө мактап, өнтөлөп өзгөчө баалай берүүгө акысы жок. Менин китептериме мээримиңиз түшүп калганын, албетте, айыптабайм, арийне ага кандайдыр бир калыс сын, ченем-чек жетишпегендей, демек, алар сизди адабиятчы катары алга сүрөй албайт. Сиз менин китептеримден өзүңүз эңсеген максатты, туу кылган туура жолду гана көрүп атырсыз, андыктан мени туурагыңыз келип атыр; сиз мени акыйкат үчүн жанын аябаган ашкан баатыр, адамдарга жарык тартуулай турган жараткандын өкүлү, атургай жарыктын өзү санап алдыңыз. Ушунун өзү эле укмуштуудай куру кыял, балалык баёо түшүнүк тургай, алакеттен берекет чыгарбас адашуу, куйка куруштурган жаңылыштык экендигин жакында түшүнөсүз. Китептин каймагын калпый билбеген карапайым окурман жазуучуну кандай каарман кылгысы келсе өз эрки, анын бизге ысыгы да, суугу да жок; бул эми кумдан да үй куруп көрбөгөн адам архитектура тууралуу талкуу уюштургандай убайсыз сөз. Албетте, өз авторлорун өлө жакшы көрүп, пир тутуп алган жаш жазуучу, мүмкүн, атайылап максат кылбай, мүмкүн, жөн эле атын чыгаргысы келип адабият менен китеп тууралуу туура эмес пикир таратканы анчалык айып деле эместир, арийне анын оңой эмес опурталы бар, ал башкага эмес, абалы өзүнө зыян келтирет. Андыктан сиздин мага ысык ымала менен жазган катыңызга алты ооз алкыш жөнөтүүнүн ордуна ушул саптар аркылуу жооп берип жатам. Сиз келечектүү адабиятчы катары өзүңүзгө жана келечектеги окурмандарыңызга олуттуу жоопкер экениңизди сезишиңиз лаазым.

Сиздин көңүлүңүздү эргитип, өзүңүздү келечекте ошондой көргөнүңүз келген авторуңуз – адамдарга жарык жайылтар каармаңыңыз ошентип менин ороюма туура келбейт. Ал мага ашкан көркөм, жеткен көңдөй, куру даңазага кулдук урган адам уркунан чыккандай сезилет, эң негизгиси, анын тамыры батышка терең байланган, ал эч качан сиздин чыгыштын кыртышында көктөбөйт.

Сизге кандайдыр бир канат байлап, дем бергени үчүн өзүңүздү өзгөчө милдеткер сезген жазуучуңуз жарык ташуучу да, жарык да эмес, ал ашып кетсе окурмандардан жарык тоспогон терезе, анын эмгегинин эбегейсиз эрдикке, жалаң жакшылыктын насаатына, опол орноктуу программага эч кандай тиешеси жок, тек ал терезе катары

www.bizdin.kg

жарыкты жаппайт жана анын жаркыраган агымына тоскоол болбойт. Агер ал ариети аябагандай бийик адам жана адамзат камкорчусу болууну каалап калса, ошондой болууну көгөрүп көздөп алса, андай аракет ак жолунан адаштырып, терезеден түшөр жарыкты бүтөп салышы толук ыктымал. Канткен менен чыгармачылыктын тили кесир күтүп келберсүүнүн же алажипти аттабаган такыбалыктын тилине эмес, жарыкты сүйүүнүн, турмушка айдан ачык тийүүнүн, чыркырап чындык издөөнүн тилине байланууга тийиш.

Албетте, мен аларды эжелеп эсиңизге салгым келбейт, анткени сиз жапайы же орноктуу окуу-илимден жабыр тарткан жан эмессиз, дзэн-буддизмдин жолун жолдогон, демек, жарыкты тоспоо, чындыкка моюн сунуу өндүү өтө сейрек жөндөмдү кемелине келтирген рух амирине акылыңыз жетип, күмөн-күдүк күтпөгөн адамсыз. Ал керемет кемелди сиз айрымдарын азыр тамшануу менен атап өткөн биздин батыштын бардык китептери аркылуу да байытып, кеңейтип атасыз. Мен дзэнге улуу урмат менен, сиздин европалашкан түркүн түстүү идеалдарыңыздан да ири урмат менен мамиле жасайм. Дзэн акылдын байманасын ашырып, жүрөктүн мартабасын ташыткан тың калыштуу мектептердин бири. Аны сиз менден жакшы билесиз, бул жерде, биздин Батышта аны менен салыштыра турган салт аябагандай аз, ошол азыбыз андан бешбетер азайып барат. Ошентип мына экөөбүз, жаш жапон – сиз, картаң европалык – мен, илме кайып иш көргөн сыяктуу бири-бирибизге ар башка жаралган табият-ташыбызга тымызын таң калуу, тамшануу менен карап атырбыз. Ар кимибиз ар бирибиздин бизге таасын тааныш эмес кенендигин, бизге таасын тааныш эмес тереңдигин боолголоп атырбыз. Менимче, улут уңгусуна жат таасирлер менен жалган идеализмден сизди сиздин дзэн сактайт, азыркы рух кырдаалына кыжырым кайнап, түпкү таанычымдан тайып, индиялыктардын же башкалардын йога багыттарына батып кетсем, мени менин мээримдүү антикчилдигим менен христиандыгым сактайт. Анткени азыркы мезгил ашкере азгырмалуу, жазгырмалуу экендигин танууга мүмкүн эмес. Анткен менен менин европалык тарбиям канчалык кадырлаганыма карабай, мага түшүнүксүз же жарым-жартылай түшүнүктүү азиялыктардын насыт окуусуна оп тартылууга жол бербейт, тек терең ишенген түшүнүктүн тегерегинде гана жаша дейт. Ал ишеним менин рухий мекенимдин таалими менен тажрыйбасына терең тамырлаган.

Дзэн багытындагы буддизм сизге өмүр бою жол көрсөткүч, чабыт баштагыч таянар таянчык болуп кала берет. Ал сиз баштан кечирип жаткан тополоң заман, кысталаң доордон аман чыгышыңызга жардам берет. Албетте, качандыр бир ал сиздин адабий ишмердикке катуу каршылык көрсөтүшү ыктымал. Дин окуусунан жакшы тар-

www.bizdin.kg

бия алгандарга адабият аябагандай опурталдуу кесип. Адабиятчы жарыктын актыгына илеп тартпай ишениши керек, аны такааты бекем тажрыйбасы аркылуу таанып, ага алдын жетишинче ар дайым ачык, кең-кесири болушу шарт, бирок ал өзүн жарык берүүчүнүн же жарыктын өзүмүн деп ойлоого тийиш эмес. Антсе эле терезе жабылат, антсе биздин амирге эч качан баш ийбес жарык башка жактан жол таап кетет.

Бир нече күндөн кийинки кошумча

Басмага басылып жиберилген материалдарым жана бул каттын түп нускасы улуксат жок деген шылтоо менен почтодон кайра келди. Дүйнө акыл айраң калгандай өзгөрдү: сиз – жеңилген өлкөнүн жана жеңгендер башкарып жаткан өлкөнүн жараны мага он беш барак кат жөнөтүүгө укугуңуз бар да, мен – кичинекей бейтарап өлкөнүн жараны ага жооп берүүгө укугум жок. Мүмкүн, мен жолдогон саламды качандыр бир гезиттен окуп каларсыз.

Которгон Алым ТОКТОМУШЕВ

www.bizdin.kg



Азамат КАСЫБЕКОВ

Родился 21 ноября 1977 года в городе Фрунзе (ныне Бишкек) Кыргызстан.

В 2001 году закончил учебу в Кыргызском Национальном государственном университете, факультет журналистики. Работал обозревателем в молодежной газете «Студ-меридиан». В настоящее время специальный корреспондент газеты «Вечерний Бишкек».

Проза

ПРИШЕЛЕЦ

(Рассказ)

Город был серый и тяжелый. Квадратные здания замерли, словно однообразные армейские казармы. Взгляд, не останавливаясь, скользил по уродливым бетонным постройкам, иногда притормаживая на уродливых щитах с безвкусной рекламой вездесущей «Кока-Колы». Казалось, город не создавали, любовно кладя кирпич за кирпичиком, а просто вылили из бетона, даже не удосужившись выровнять стены.

Он вдруг вспомнил ослепляющие огни Таймс – сквер, хотя не любил кричащей циничности. Боже, но как же скудны эти улицы по сравнению с насыщенными красками Нью-Йорка! Словно попадаешь в другой мир. Он попытался вспомнить название столицы этой невразумительной страны – Кишкек что ли? А какая разница!

Почему в провинции так убого и безрадостно? Словно все тут накрывает, какая– та серая пелена. Все вокруг сумрачно: дома, одежда, лица, разум…. Здесь даже дышать тяжелей. И как люди целую жизнь проводят среди грязи и невежества? Он заметно вздрогнул. Вот почему он ненавидел командировки на периферию разрушенных Империй.

В памяти всплыл разговор с редактором. «Пончик» говорил усталым голосом, кото-

www.bizdin.kg

рый, бывает только у начальников обремененных большой семьей. «Ну, кого я пошлю? Молокососов, не могущих отличить Горбачева от Громыко?» Браян Ричи молчал и внимательно осматривал свой маникюр. «Там, в конце концов, может произойти революция! Тебе как бывшему советологу будет на что посмотреть! – немного помолчав – кстати, как твоя книжка, продвигается?» « Уже продали целых десять тысячи экземпляров! », « Моя книжка, милый мой, в свое время тоже била все рекорды... всего пять тысяч... ».

Вокруг была одна невыносимая серость. И даже люди, спешащие по своим делам, казались скучными и бездушными.

– Рука Сталина. Наследие коммунизма – вяло думал он, время, от времени искусственно улыбаясь золотозубому водителю. Таксист вот уже битый час с жаром рассказывал о своей ненависти к Западу и Горбачеву, при этом доброжелательно поглядывая на представителя того самого «загнивающего» цивилизованного мира.

«Будь, такая возможность, он первым бы встал в очередь в нашем посольстве на въездную визу» – размышлял Браян, рассматривая CD диск, почему-то болтающийся на зеркале заднего вида.

В таких дерьмовых странах эмоции почти ничего не означали. Он помнил, как в Конго, лоснящийся чернокожий бандит, сладко улыбаясь, застрелил мирного жителя. Просто так, без причины. А может и была причина, но только он ее не уловил.

Мы шли по пыльной, кроваво– красной тропинке. По сторонам от дороги по пояс рос маис или что-то в этом роде, очень похожее на сорную траву. Ополченцы генерала Зинги «зачищали» окрестности нищего африканского поселка. Они искали представителей враждебного племени.

Генерал Зинга был умный парень. Он учился в Англии и неплохо говорил на трех языках. Ему было около тридцати. Невероятно худой, с длинными ногам и руками. Двигался с грацией жирафа... Новенькая американская полевая форма сидела на нем как дорогой английский костюм. В руках – неизменная трость с серебреным набалдашником в виде головы льва.

Генерал обожал театральные эффекты. Нам он дал интервью на небольшой возвышенности, с которой хорошо просматривалась и наверняка простреливалась объятая дымом деревня. За его костлявой спиной торчали два телохранителя с автоматами наперевес. После интервью и наших заверений, что оно пойдет в самое лучшее время, вождь повстанцев смягчился и согласился, чтобы мы присоединились к одному из его отрядов...

Поначалу все шло хорошо. Оператор без разбору снимал этих вооруженных до зубов бандитов. Они с удовольствием позировали. Один из них – атлет в грязной майке, в поношенных штанах и стоп-

www.bizdin.kg

танных ботинках отчаянно выпендривался – строил из себя Рембо, вскидывал автомат на плечо, улыбался, обнажая крупные, желтые от никотина зубы.

Этот парень первым и обнаружил в кустах спрятавшегося человека. Сорокалетний дядька, по– видимости простой крестьянин поднялся на ноги и начал что-то с жаром говорить, все время тревожно оглядываясь. Его трясла мелкая дрожь. Рембо привычно нажал на гашетку, и мужик нелепо вскинул руками и упал навзничь. Оператор снимал убийство профессионально, без истерик. Потом сцену дали в прайм-тайм.

После один из редакторов сказал, что ребята достали интересную «картинку». Козёл!

Добрый таксист, доставив на место, уехал. Как потом выяснилось, что шофер содрал с него втридорога.

Браян тихо ненавидел стандартные гостиничные номера. Не любил их нежилой запах. Такой душок он встречал только в доме престарелых. Регистрируясь он думал, какое же отвращение чувствуешь лежа в кровати, на которой до тебя спали десятки, сотни чужих людей.

По дороге к лифту он столкнулся с ребятами из CNN. Звуковик тащил любовно упеленанную микрофон– удочку, знаете с такой смешной насадкой, похожий на клок меха, отодранный со спины у спящего медведя. Продюсер группы его узнал. Несколько раз встречались на пресс-конференциях. Они с преувеличенной сердечностью поздоровались. Журналист имя, которого Браян забыл и мучительно вспоминал, нес какую-то чепуху. Расстались с явным облегчением. С той и этой стороны.

Ресепшн, зеркала, коридоры, лифт, двери. Лучшие мысли к нему приходили во время принятия ванны. Под струей тепловатой воды он вдруг вспомнил свою нью-йоркскую квартиру. Любимый телевизор с 60– дюймовым, суперплоским, плазменным экраном. Специальную полку для сувениров, неизменно пополнявшиеся после каждой командировки. Ему, особенно, нравилась африканская маска из Найроби, конечно, фальшивая.

В этой маленькой центрально-азиатской стране случилось то, что случается во всем третьем мире – передел власти. Старый тиран потерял нюх и потом, оказывается, потерял и власть. Когда-то он был ученым, человеком с либеральными взглядами – он выгодно отличался своих коллег, других деспотов. Но потом постарел или вернее сказать потерял интерес к политике. А семья воспользовалась его слабостью. Жена и дети положили начало традиции семейного правления. Народ, которому это не понравилось начал медленно звереть. Появились мелкие вожди, которые изъявили желание по-

www.bizdin.kg

вести за собой людей, но желающие только одного – скинуть тирана и примерить корону.

В общем, все закончилась то ли революцией, то ли переворотом. Эту акцию позднее никак не удалось квалифицировать. Оппозиционеры привели в столицу толпы молодых людей из сельской глубинки. Все приготовились к длительному измору властей.

В тот памятный день все начиналось как обычно. Митинг начался на главной площади, возле Белого дома строго по плану. Лидеры оппозиции, покричав в мегафоны, уехали обедать. Браян испепеленный южным солнцем, уже подумывал отправиться в отель, но к полудню все неожиданно полыхнуло, словно бензином плеснули. Представители криминального мира, нанятые правящим режимом, атаковали митингующих, в ответ разгоряченные водкой оппозиционные молодчики избили бандитов и всего за два часа взяли приступом местный Белый дом. Полицейские бежали с позором. Солдатиков из национальной гвардии штурмовики пожалели. Слава богу, почти обошлось без жертв – только главу охраны и нескольких приближенных к его превосходительству страшно избили. Их безжизненные тела, облаченные в костюмы от Армани, выкинули на улицу. Окровавленные туловища, ставящие похожими на куклы, подобрали врачи и увезли куда-то на каретах скорой помощи. В президентской канцелярии изнасиловали нескольких секретарш.

Браян был в первых рядах революционеров ворвавшихся в святая святых – личные покои главы государства. Он видел, как в президентском кабинете один из боевиков пожирал джем из президентского холодильника. Кто-то из толпы уже сидел на троне, удобно примостив задницу. Некоторые в надежде поживиться, ковырялись в замке сейфа. Из окон канцелярии вылетали компьютеры и сверхсекретные документы.

Президента в Белом доме не было, он отдыхал в пригородной резиденции. Услышав о таких страстях, бежал со своей семьей. Говорили, что повелителя всех чиновников довезли до военного аэродрома завернутым в пыльный ковер. Впрочем, это могло быть неправдой.

Ночью в столице состоялись массовые грабежи. Революционеры и разнообразный сброд вместе с местным криминалом атаковали торговые центры и офисы, якобы принадлежащие Семье. Ранее в местных газетах даже напечатали списки магазинов и фирм, которые имели отношение к сыну диктатора . А вообще-то обчищали все подряд, до чего могли дотянуться. Тащили все – одна пожилая леди, изнемогая, перла на своей спине огромный диван. Вакханалия завершилась пожарами. Полиция попряталась.

www.bizdin.kg

Утром столица с изумлением приходила в себя. Везде валялись картонные коробки от телевизоров, утюгов и холодильников. Земля была усеяна ношеной обувью – грабители тут же скидывали с себя старье и надевали туфли от «Гуччи». По улицам шастали молодые люди с бандитскими мордами. Браян, наученный бесценным «боевым» опытом, старался не демонстрировать портмоне с деньгами, а фотокамеру доставал только для рабочих съемок.

Вечерами он закрывался в своем номере и судорожно печатал статьи. Отправив очередной материал, он долго сидел в холле уцелевшего отеля среди этого умопомешательства, бездумно рассматривая через огромные стеклянные окна на по-весеннему зеленую траву и мрачные деревья, стыдливо прикрывавшиеся наготу.

Играла успокаивающая музыка, наподобие той, которая звучит на борту самолета, когда лайнер идет на посадку. Было много света, тепла и удобства среди этой вежливой отельной красоты.

Тишину и покой нарушала только группа взволнованных американских бизнесменов с выпученными глазами, которые столпились около входа с чемоданами на руках. Теперь они не выглядели как достопочтенные джентльмены приехавшие делать деньги, больше всего они походили на стайку испуганных крыс с толстыми хвостами. Наконец подъехал мини – вэн, началась эвакуация сопровождающееся киданием баулов в багажник и судорожным заниманием мест.

Эта сценка на время позабавила, а потом мысли продолжили слепой путь в океане безразличия. В сущности, этот отель с его дизайнерскими люстрами, просто кусочек его родины. Внутри – демократия, комфортно и подают лимонный пирог. А за бортом анархия, хаос и голод. Эти роскошные отели – своеобразная питательная среда для жителей развитых стран. Мы как микробы не можем без удобной среды. А может быть мы просто вирусы, проникающие в чужое тело какой-нибудь бедной, но гордой страны?

Мы, выстроили удобное и успешное государство и как всякая большая нация стали искать свою великую миссию. Все империи, начиная с Ассирийской, пришли к тому, что были вынуждены завоевать весь мир. Но мы думали, что сможем переломить историю, сможем переболеть имперской болезнью всемирного владычества и без крови осчастливим мир нашей драгоценной, выпестованной, демократией, той вещью, которая дает процветание и мир. Но многие народы так и не приняли этого дорогого подарка.

А может варварам и не надо благоденствия? Пусть дикари погрязнут в своем невежестве и убожестве! А нам нужно отбросить мессианские комплексы и продолжать деловито заниматься имперской политикой и выжимать из планеты ресурсы, чтобы и дальше,

www.bizdin.kg

не просто хорошо жить, а жить лучше всех. Иногда можно немного посочувствовать и посылать гуманитарную помощь Африке. Для успокоения совести.

Приятный расслабон нарушила девочка в розовой кофточке, шотландской юбке и натянутыми до предела гольфами с сердечками. Что-то в облике нелепой школьницы ему сильно не пришлось по душе. Потом он понял что. Ее чересчур эмансипированное и серьезное личико, неприятно напомнило о бывшей жене. Девочке совершено не шли смешные бантики. Вернее она носила их с плохо скрываемым раздражением. Как будто бантики были чем-то вроде одноразовых удостоверений личности, которые выдают посетителям крупных корпораций. Эти дискредитирующие наклейки с именемфамилией хочется немедленно с себя содрать и выкинуть в ближайшую помойку.

Странная девочка представилась. Айя оказалась юным корреспондентом неизвестного школьного издания с малюсеньким тиражом. В ее английском чувствовался резковатый акцент, но, по крайней мере, можно было понять, о чем она спрашивает. Из сбивчивой речи девочки, он уразумел, что та хотела бы взять интервью у журналиста известной западной газеты. (Известной! Ха, ха и еще раз ха.)

«Как она сюда попала?» – с тоской подумал он, при этом машинально улыбаясь. Светские беседы с аборигенами ему никогда не доставляли удовольствия. Вопросы всегда были одинаковыми и сводились к одному: «Вам нравиться в нашей стране? «. Здесь, ему мало что нравилось. Про отвратительный местный сервис, понятное дело, нельзя было говорить. О здешних кошмарных туалетах, слабую экономику и странных обычаях тоже не рекомендовалось упоминать.

Когда все темы для приятной беседы исчерпывались, оставался беспроигрышный вариант. Говорить о радушии и щедрости местных жителей. А если прибавить фразу о прекрасной местной природе – все оставались довольны. Расписать здешние красоты обычно приходилось в общих фразах. Ну, там, кхм, кхм как же это позвольте? А да! У вас прекрасные горы, очаровательные леса, глубокие океаны и прелестные поля для гольфа! В общем, подобное беззастенчивое вранье почти всегда помогало. Даже если ты всю командировку просидел в гостинице.

Где-то в середине равнодушной тирады, замаскированный под вальяжную вежливость, он краешком глаза заметил чрезвычайно внимательные огненные глаза девочки, в которых светилось острое любопытство. Так смотрят ученые, профессионально изучающие новый биологический вид из бассейна Амазонки! Заметив слежку, за долю секунды, взгляд девочки стал безгрешным: так могут делать только отличные актеры, имеющие мгновенно переключаться с одно-

www.bizdin.kg

го состояние на другое. Это произошло так быстро и неуловимо, что Браян не поверил собственным глазам. «Вернусь домой, покажусь психологу» – мысленно усмехнулся он.

Девочка словно насыщенный вампир ушла. А он снова посмотрел в окно. За стеклом царила ночь. С чернильной темнотой пытались бороться уличные фонари: но они освещали бледным желтоватым светом лишь часть гостиничной территории. Под окнами, туда и обратно, прошелся молодой швейцар в белоснежных перчатках. Его фигура выражала отчаяние.

Браяну не хотелось идти к себе в номер – в удушливые объятия одиночества. Он пересчитал деньги. Его вдруг посетила сумасшедшая мысль: посетить какой-нибудь местный бар и выпить экзотичный алкогольный напиток.

В забегаловке стояли дешевые столы и столики и бегали неопрятные официантки, он развернулся и вышел. Следующее заведение оказался ночным клубом, и здесь показывали шоу со стриптизом.

Ему принесли непонятный на вкус коктейль. У одной из стриптизерш кожа покрылась пупырышками, словно ей было холодно. Девушка, без особого изящества повертев задом и получив свою порцию денежных подачек, убежала. Из-за кулис вышла женщина, одетая в платье с блестками. Она запела, старательно вытягивая густо напомаженные губы. Браян в отчаянии опрокинулся на спинку стула, и решил идти обратно в отель.

Но тут произошла метаморфоза. Певица медленно стала превращаться в двигающеюся скульптуру Пикассо! Браян удивленно оглядел весь зал – посетители застыли как восковые манекены. Он взял в руки свой бокал подозрительно понюхал его и твердой походкой пошел к выходу. Город неузнаваемо изменился – он стал родным и близким. От него шла теплая аура.

...Он знал местный язык. Он радовался этому, словно стал понимать язык птиц и зверей. Он понимал мельчайшие нюансы разговора. Он мог шутить на этом языке, и его понимали! Ему нравились традиции и песни. Стихотворения были прекрасны и выражали столько эмоций!

Он встретился с той девочкой в розовой кофточке. Девочка оказалось вовсе не девочкой, а политологом из местного университета, полненькой девушкой с либеральными принципами и строгим взглядом из – под очков. Она писала диссертацию о параллельных мирах. Они долго и с интересом, до хрипоты спорили о трудах Сэмьюэла Хантингтона.

Однажды он принял окончательное решение. Браян надел белое кимоно, долго сидел у мартовского ручья, собирая голыши. Кра-

www.bizdin.kg

сивые камни он положил на золотой поднос и отправился угощать прохожих. Он низко кланялся, но никто не брал дары. Навстречу шла пара: мужчина был в сине-желтых одеяниях – знак первого уровня. Самурай остановился, улыбнулся знакомой золотозубой улыбкой, взял угощение и попробовал на вкус. «Послушник, я тебя благословляю!» Его приняли…

✣ ✣ ✣

Столичная клиническая психиатрическая больница впала в беспамятный сон. Самых буйных привязали к кроватям. Тюремные двери из металлических прутьев, стоящие на лестничных площадках тщательно заперли. Здесь царствовали только мрак и безумие. Слабый электрический свет вырывался только из полуоткрытой двери, на которой красовалась корявая надпись «Ординаторская». За ней переговаривались два мужских голоса. Один тихий и уверенный, а другой резкий и немного нагловатый.

– Диагноз? – переспрашивал тихий голос.

– Полная потеря памяти. Написал?

– Кто его привел?

– Милиция привела. Какой-то чабан обнаружил его на дороге. Лопотал по-английски.

Потом через переводчика расспросили, удивились. Он себя не помнил!

– Как это?

– Ну, будто бы его память стерли. При нем нашли визитку отеля. По этой бумажке и узнали кто такой – оказывается журналист. Иностранец.

– Как зовут?

– Браян.

– Браян, Браян. Интересная история. Свихнувшийся чужеземец.

– Ага, не выдержал наших реалий.

– Посольство известили?

– Завтра консул должен приехать

– Детей жалко.

– Не говори.

www.bizdin.kg



Маек

МАНАСЧЫ ТҮРК – «КЫРГЫЗ ИБРАХИМ»...

Ибрахим ТҮРКХАН – жогорку билимин Кыргызстанда алган түркиялык адамдардын бири. Ал жалаң гана билим алууну максат кылбастан, кыргыз тилин, дилин, каада салтын да өздөштүрүп алган. Кыргызстанда жети жыл жашап, иштеп, мекенине кайткандан кийин да, Кыргызстан менен байланышын үзбөй, өзгөчө, кыргыз адабиятын жайылтуу жаатында жигердүү иштеп келет. Анын которгон кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары бир топ жылдардан бери Түркиянын басма сөз каражаттарында байма-бай жарык көрүп, түрк окурмандарына жетүүдө. И.Түркхан которуп, түзгөн «Кыргыз жазуучуларынын антологиясы», «Кыргыз акындарынын антологиясы» жакында Анкарадан чыкканы турат. Кыргыз адабиятын Түркияга кенен таанытууну боордоштук парызы катары көргөн Ибрахим мырзага чыгармачылык ийгилик каалап, аны менен дагы бир калемгер боордошубуз Өмер Күчүкмехметоглунун журналыбыз үчүн атайын уюштурган маегин сунуштайбыз.

– Ибрахим мырза, өзүңүздү окурмандарга кыскача тааныштыра кетсеңиз? Түркиянын кайсыл жеринен болосуз, кайсыл окуу жайларын бүткөнсүз дегендей...

– Жакшы болот, мен 1972-жылы Кахраманмараш деген байыркы шаардын (вилаят) Афшин районуна караштуу Бүйүктатлы деген шаарчасында туулгам. Вилаяттын борбору К.Марашта кесиптик-техникалык окуу жайын, Кайсери шаарында техникумду бүтүргөм. 1992-жылы Кыргызстанда алгач Кыргыз-Түрк лицейлери (КТЛ) ачылганда Кыргызстанга баргам. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин география мугалими бөлүмүн 1998-жылы аяктагам. Кыргызстанда билим алып жаткан жылдарда дубандык жана мамлекеттик гезиттерде журналист болуп иштөө менен бирге мектептерде

www.bizdin.kg

география жана түрк тилдеринен сабак берип жүрдүм. 1999-жылы Түркияга кайткандан кийин Адапазары, Ыстанбул, Назилли шаарларында менчик мектептерде иштеп келдим. Азыркы учурда болсо Маниса шаарына караштуу Сома шаарында менчик мектепте мугалимдик кесибимди улантуудамын. Үй-бүлөлүүмүн. Билал Нурбек жана Халил Эржигит аттуу балдардын атасымын. Кыргызча, орусча жана Орто Азия түрк элдеринин дилин билем. Авразия Жазуучулар бирлиги менен Кыргызстандагы Эл аралык коомдук Поэзия академиясынын мүчөсүмүн.

– Жогорку окуу жайын Кыргызстанда окудум деп айттыңыз. Ошол жылдарга бир аз кайрылсак... Кыргызстан жөнүндө кандай ой-пикирлериңиз бар? Албетте, көп нерселер айтууга болот деңизчи. Сиз Кыргызстан дегенде эмнени түшүнөсүз...

– Мен туулган айыл – тоолуу, өсүмдүк жагынан бай эмес аймакта жайгашкан. Туурасын айтканда, Түркияда мен самаган жайга окшогон толтура аймактар бар. Бирок мен издеген жай андан да башкачараак эле. Кайсери шаарында окуп жатканда белгилүү жазуучуларыбыздын бири болгон Явуз Бүлөнт Бакилердин «Түркистан, Түркистан» китебин окугандан кийин, Орто Азияга кызыга баштаган элем. Анан Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын башынан аягына чейин окуп чыктым. Анын чыгармаларында аталган жерлер мени өзүнө тарткан жана өтө көп таасирленткен эле. 1992-жылы Кыргызстанда КТЛлар ачыла баштаганда тарбиячы болуу жана университетте окуу максаты менен бир нече жигит Кыргызстанга келгенбиз. Айта кетчү нерсе, СССР деген «Темир дарбазанын» айынан Кыргызстан деген өлкө бар экенин мурда билчү эмеспиз! Мына ушундай кырдаалда алгачкы жолу Орто Азияга Алматыдан бут шилтеп, аерден Бишкекке келген болчубуз. Ошол, күз мезгилинде алгачкы жолу кадамдаган Бишкектин түптүз жана жапжашыл көчөлөрү мени таң калтырган болчу.

Бишкекке салыштырганда университеттен окуймун деп келген Ысык-Көл мен үчүн алда канча таң каларлык жай экенин, Караколду мурда жашап көрбөгөндөй жактырарымды ким билсин! Караколго биринчи жолу самолёт менен баргандыктан, Ысык-Көл мен үчүн Кыргыз эли конокторуна уучтап берген тунук суу сымал сезилген эле. Алгачкы жолу кездешкенден тартып Кыргыз жери, өзгөчө Ысык-Көл мен бала кезде самаган жер болбосун деп тымызын көзөмөлдөп жүрчү элем. 1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдык тою өткөрүлгөн Каркыра жайлоосун көргөндө эле, мен качандан бери ойлоп, самаган жердин чынында Кыргызстан экенин баамдагам. Мен ошол күнү Каркырада эмес, бала кезимен тартып издеген жайларда басып жүргөндөй жыргалга чөмүлгөм. Жайлоонун ар бир бур-

www.bizdin.kg

чу, мурда жашап, көптөн бери көрбөй калган жер сымал мени өзүнө тарткан. Жүрөгүмдүн түпкүрүн ээлеп алган куса-касиретимдин таркап бара жатканын сезгенмин...

Караколдогу Кыргыз-Түрк лицейинде, кийин ЫМУда билим алып жүргөндө биз өткөргөн кечелер, уланган достугубуз биз үчүн айтып берүүгө кыйын не бир сонун күндөрдүн жышааны болгон. Мына бүт ушуларга байланыштуу, Кыргызстан – көгүлтүр көлдөрү, карлуу аска-тоолору, байыркы муз-мөңгүлөрдөн агып келген мөлтүр дайралары, сансыз өрөөндөрү, даамдуу тамактары, көңүл кылын титиреткен ырлары, ар кыл оюн-зооктору, колундагы нанды тең бөлүшө билген адамдары менен, биздин экинчи журтубуз болуп калган. Ошол жылдарда мага түркчө сүйлөшүүнү унуттурган, жаштыгымды арнаган Кыргызстан, алгач күндөн баштап эле кеткис мамлекетиме айланып, өлгөндөн кийин сөөгүмдү койдура алмбы деп, Каракол шаарынын кире беришиндеги көрүстөндө өзүмө жай издей баштагам! Түркияга кайтууга аргасыз болуп калгандыктан, 1999-жылы келгенимден тартып, бир күнү кайра Кыргызстанга барып каламбы деген үмүт менен жашап келүүдөмүн. Кыргызстанды жана кыргыздарды өтө жактыргандыктан уулдарымдын улуусуна Нурбек, кичүүсүнө Эржигит деп кыргыз аттарын бергем. Кереэздеримден бири – эгерде жашап жүргөндө бара албасам, көзүм өткөндөн кийин Ысык-Көлдүн шамалына бетин жууган Каракол көрүстөнүндө түбөлүктүү жай табуу!..

– Адабият жаатында албан иш жүргүзүп жатканыңызды жакшы билебиз. Адабиятка качан жана кандайча кызыга баштадыңыз?

– Жатак мектепте окуп жүргөн жылдарымда, сабактан кийин же дем алыш күндөрүндө мектептин китепканасына барып, колума кандай китеп тийсе окуй берчү элем. Мындайча айтканда, Алиппеден баштап, Түрк жана чет мамлекеттин аңгеме-жомокторун, романдарын окуп, энциклопедиялардын баракгарын аңтарып жүрчүмүн. Жайкы эс алууларда болсо, айылдык иштерден кийин чоло тапкан учурларымда атам бизге алган ар кыл китептерди окууга аракет кылчу элем. Мына ошолордон улам орто мектепти бүткүчө эле көптөгөн китептерди окуп алгамын. Менимче, ошол окуулардан улам аң-сезимиме адабияттын үрөнү себилсе керек. Орто мектепте жүргөндө аңгеме жазып көрүү ниетинде колго калем алгам. Бирок алардын кээ бири купулума толбогондуктан ыргытып салдым, а калганы болсо жоголду.

1988-жылы 10-сыныпта окуп жүргөндө К.Мараш шаарында, шаардык чакан гезитте алгачкы жолу ырларым жарык көрө баштады. Ал гезит айына бир жолу чыккан чакан гезит болгон менен Түркиянын көптөгөн шаарларына таркатылчу. Кайсери шаарында

www.bizdin.kg

окуган 1990–92-жылдары мамлекеттик «Сызынты» журналында бир-эки ырым жарык көргөндөн кийин Кыргызстанга кетип калгам.

Кыргызстанда билим алууга келген күндөрдө болсо, Кыргыз алфавитин өздөштүрүп, ар бири жанга жагымдуу ырларды угуп, элдер менен көп аралашып тез арада жакшы деп айтаарлык деңгээлде кыргызча сүйлөй баштагам. Кыргызча ырларды, ангеме, макала, романдарды түшүнбөсөм дагы окуй берчүмүн. Мына ошондо кыргыз адабиятына кызыгуум жаралса керек. Ал күндөрдө досторум мени «буттуу сөздүк» же «Кыргыз Ибрагим» деп аташчу! Кыргыз тилиндеги алгачкы макалам 1994-жылы «Ысык-Көл кабарлары» гезитинде жарык көргөн.

Ошол жылдарда Хусейин Карасаев, Чыңгыз Айтматов, Амантур Акматалиев, Мурза Гапаров, Сүйөркул Тургунбаев, Омор Сооронов, Омор Султанов, Айдарбек Сарманбет, Абдыкерим Мурат, Абды Алай, Абдыжапар Эгембердиев, Маркабай Ааматов, Турусбек Мадылбай сымал адабият адамдары жана Кааба Атабеков, Шаабай Азизов, Талантаалы Бакчиев сымал атактуу манасчылар менен таанышып, нандашып-туздашканбыз. Хусейин Карасаев атанын «түрк баласы» болуп батасын алдым. Ошентип белгилүү адамдардын батасын, кай бирлердин колдоо-алкышын алуу менин адабиятка болгон шыктануумду күчөткөн.

Түркияга кайткандан кийин айрым себептерге байланыштуу адабий иштерим бир аз токтолуп калган болчу. Бирок колго калем кармабай жүргөн күндөр жүрөктү өксүткөндүктөн жана өзүмдү кыргыз элине карыздармын деп эсептегендигимен котормо ишине кайра кириштим. Бул жаатгагы көптөгөн эмгектерим ушул күнгө чейин Кыргызстанда «Ысык-Көл кабарлары», «Заман-Кыргызстан» жана «Жаңы Ала-Тоо» сыяктуу гезит-журналдарда, ал эми кыргыз адабиятынан котормолорум Түркиядагы «Ажеми», «Алкыш», «Айдогду», «Аз Эдебият», «Бержесте», «Да» (Диалог Аврасия), «Дилхане», «Догу Эдебияты», «Эдебдаг», «Гонжа», «Хеже», «Икинди Ягмуру», «Карделен», «Кардеш Калемлер», «Кушлук Вакти», «Пойраз», «Серин Селви», «Сызынты», «Темрин», «Түрк Эдебияты», «Ягмур», «Юмушак Г» жана «Земхери» сыяктуу журналдарда жарыяланып келди. Албетте, ал иштер токтолбойт. 2007-жылы «Танры Дагларынын Янкысы» («Теңир-Тоо жаңырыктары») деген ат менен Кыргызстан жөнүндө жазган китебим жарык көрдү. Башкырт элинин улуттук акыны Межит Гафуринин ырларын түркчөгө которуп ТҮРКСОЙдун колдоосу менен 2011-жылы чыгарганбыз. «Нар Танеси Шиирлер» («Анар данектүү ырлар») жыйнагында балдарга арналган бир нече ырларым чыккан. Түркиядагы журналдарга жарыялаган кыргыз аңгемелерин жана ырларын камтыган эки антология,

www.bizdin.kg

Махмуд Кашгари эл аралык сыйлыгынын ээси, жазуучу Айдарбек Сарманбет байкенин 60-жылдыгына арналган китеби чыгып жатат.

– *Сиз кыргыз адабиятынан түрк тилине которгон эмгектериңиз аркылуу да түрк дүйнөсүнө жакшы белгилүүсүз. Бул багытта иштеген саналуу котормочулардын бири катары эки элдин ортосундагы рухий көпүрө болуп келе жатасыз. Эл аралык котормонун мааниси жөнүндө эмне айтар элеңиз?*

– Ырахмат, жакшы сөздөрүңүзгө! Эгерде котормолорум сиз айткандай элдердин, окурмандардын алкышына ээ болсо өзүмдү бактылуу сезер элем... Котормочулукка караганда чыгарма жазуу оңой экени айдай ачык. Өзүңүз адабияттын кайсыл бир багытында эмгек жаратып, ички дүйнөңүздү кандайдыр бир деңгээлде чагылдырсаңыз эле болду. Бирок кайсыл бир чыгарманы которуу учурунда алгач автордун жазгандарын так, өз деңгээлинде которуп берүүдөн тышкары, автордун эмнени айтайын дегенин табуу, ага шайкеш которуу эң негизги маселе, котормочуну ошол кыйнайт. Ошондуктан котормочулук – эки адамдын эмгегин талап кылган иш катары жоопкерчилиги чоң иш. Өзүнүн тилинде мыкты деп эсептелген бир чыгарманы бөлөк тилге которгондо экинчи тил жеткилең болбосо, чыгарманын өзөгүн толук бербей калуу – чыгарманы өлтүрүү менен барабар деп ойлойм...

Биз которгон чыгармалардын көпчүлүгү басмаларды кызыктырбайт. Бул жагынан бирөөлөрдү тааныбасаңыз эмгегиңиздин талаада калары бышык. Мейли, бир басма бөлөк түрк тилдеринен чыгарманы басууга макул болду дейли. Бирок анын каалаганы – Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындай мыкты чыгарма! Кайсыл бир адабий чыгарманын мыкты же мыкты эмес экендигин окурмандардын кабыл алуусуна байланыштуу экени эске алынбайт... Которуу ишин кандайдыр бир кезек менен кылуу керекпи же жокпу, бул жагын билбей туруп которгондо да кыйын экен. Мисалы, Түркиянын Маданият баканчылыгы бир нече жылдан бери Түркиянын эң алдыңкы акын жана жазуучуларынын чыгармаларын чет тилдерге котортуп келүүдө. Кыргыз адабияты боюнча да ушундай болсо. Кыргызстан менен Түркия тараптан бир комиссия түзүлүп, авторлорду тандаса, а дегенде алардын чыгармалары которулса убакыт текке кетпейт эле. Мен бир нече кыргыз акын-жазуучулардын ыр-аңгемелерин которгон менен ушундай себептерге байланыштуу чыгарта албай келүүдөмүн. Андай болсо, аны жөн кой, кереги жок деген бирөө болсо жакшы болот эле. Бирок аз да болсо кыргыз адабиятын Түркиялык окурмандарга тааныталы деп эле тырмышып келе жатабыз.

– *Чынында эле сиз басып өткөн жолдун кыйынчылыктары көп экен. Бирок менимче түшүмү да ошончолук мол тура! Ибрахим мырза, сизге жекече бир суроо бергим келет: ушунча түйшүктүү*

www.bizdin.kg

иштериңиз үчүн кандайдыр бир көлөмдө акча аласызбы? Сиздин оюңуз боюнча чыгармачылык – акча табуунун жолу катары эсептелеби, же болбосо көркөм чыгармачылык менен адабиятка кызмат өтөөнүн акыбети неде деп ойлойсуз?

– Чынын айтсам өтө оор суроо бердиңиз! Мен тээ алгачкы күндөрдөн тартып, бул ишимден акчалай же материалдык бир нерсе табайын деген ойдо болгон жокмун. Туурабы же жокпу билбейм, мен али да болсо адабият менен акчаны бирге ойлой албайм! Популярдуу бир акын же жазуучу болоюн, ушунун аркасы менен көп акча табайын деген түшүнүк, менимче, адабиятты акча табуу үчүн пайдалануу менен барабар. Адам өз кесибинен сырткары колуна калем алып, чыгарма жарата алат. Бул жагынан жазуучулук же акындык – кесип катары каралбайт. Бирок котормочулук бирөөлөргө кесип боло алат. Мына ошондуктан, менин негизги кесибим мугалимдик болгондуктон, акындык, жазуучулук аркылуу акча табуунун кереги жок деп ойлойм. Ал эми котормочулук жаатында иштегенимдин биринчи себеби – жогоруда айтып өткөндөй, «карызымды» төлөй алмбы деген ой болчу. Мына ошондуктан ушул кезге чейинки бүтүргөн иштерим үчүн бирөөдөн эч качан акча сураган жокмун. Бирок которуу же адабий чыгарма жараткан учурда котормочулукка сарптаган убакыт үчүн аз да болсо акча төлөнсө кийинки иштерине колдоо болор беле деп ойлойм. Дагы бир айта кетчү нерсе – адабий журналдардын дээрлик бардыгы кыйын шартта чыгып жаткандыктан, чыгарма үчүн калем акы төлөп берүүсү өтө кыйын. Андай кырдаалда өзүңүз жазган чыгарманы, же которгон чыгармаларды кайсыл бир журналда чыгаруу кыйынга туруп калат. А калем акы төлөтпөй чыгаруу оңой!

Ошентсе да Аалы Токомбаев, Алыкул Осмонов, Абдылда Белеков, Абдыжапар Эгембердиев, Абдыманап Жапаркулов, Аида Эгембердиева, Атантай Акбаров, Барктабас Абакиров, Биримкул Алыбаев, Жайлообек Бекниязов, Жоомарт Бөкөнбаев, Чыңгыз Айтматов, Эсенгул Ибраев, Эсентур Кылычев, Гүлсайра Момунова, Камбараалы Бобулов, Карбалас Бакиров, Маркабай Ааматов, Нурбүбү Бөдөшова, Омор Султанов, Орозбай Көчкөнов, Өмүрбек Тиллебаев, Рахат Жуманазарова, Сүйөркул Тургунбаев, Сүйүнбай Эралиев, Шайлообек Дүйшеев, Токтогул Сатылганов, Турсунбай Адашпаев, Түмөнбай Байзаков, Үрниса Маматова жана Замирбек Иманалиев сымал акындар, Шабданбай Абдыраманов, Айым Айтбаева, Касымаалы Бектенов, Шүкүрбек Бейшеналиев, Мурза Гапаров, Кеңеш Жусупов, Төлөгөн Касымбеков, Жунай Мавлянов, Муса Мураталиев, Айдарбек Сарманбетов, Көчкөн Сактанов, Турусбек Мадылбай,

www.bizdin.kg

Ысмайыл Кадыров, Өмүрбек Караев, Мирзохалим Каримов, Касымбек Эшмамбетов, Мажит Каримов, Айым Талгатбек кызы, Жаки Таштемиров, Чолпонбек Абыкеев жана Олжобай Шакир сыяктуу кыргыз жазуучулардын көптөгөн чыгармаларын түркиялык окурмандарга жеткизүүгө үлгүрдүм. Бир нече адабиятчынын өмүр баянын, чыгармаларын таанытуу иретинде алар менен маек уюштуруп, мисалы, Хусейин Карасаев, Айша Карасаева, Төлөгөн Касымбеков, Абдыжапар Эгембердиев, Олжобай Шакир, Мырзохалим Каримов, Айдарбек Сарманбет, Абдыкерим Мурат ж.б., же Салижан Жигитов, Абдыкадыр Сыдыков, Мар Байжиев, Качкынбай Артыкбаев, Майрамгүл Дыйканбаева, Касым Тыныстанов журналдарга чыгардым. Качкынбай Артыкбаев жазган жана Майрамгүл Дыйканбаева түрк тилине которгон «Кыргыз адабиятынын тарыхы» китебин редакциялап бердим. Менимче, колдон келишинче аткарган ушул эмгектердин жыйынтыгы жаман эместир. Буюрса, бул багытта дагы да иштей бермекчимин. Демек, котормочунун эмгеги бааланса анын шыктана тургандыгы айдан ачык.

– *Ибрахим мырза, кесибиңиз география мугалимдиги болгон менен адабиятка кызуу аралашып келгениңиз чындыгында жакшы нерсе. Адабият жаатындагы эмгектериңиздин натыйжасында академиялык карьера жасоону ойлогон жоксузбу?*

– Университетти аяктагандан кийин Ысык-Көлдө калып география боюнча академиялык иш аткарып, аспирантураны бүтүп, андан ары уланта алат элем. Бирок мен андай кылбай, адабият менен журналистиканын артынан чуркап, Бишкекке келерим менен, ойлогон планды ишке ашыра алган жокмун. Ал эми Бишкекте иштеп жүргөнүмдө болсо академиялык карьера жасоо үчүн ой жүгүрткөн кезде Түркияга кетүүгө туура келип калды да, ошол бойдон мен бир гана мугалимдикке көңүл бурууга аргасыз болдум. Бирок бир күнү сөзсүз түрдө не болсо да адабият жаатында бир нерсе аткарайын деген оюм бар...

– *Сиздин «Манас» айтканыңызды бир жолу телевидениеден көргөм. Мен билишим боюнча Түркияда бир да адам сизге чейин же сизден кийин «Манас» айткан эмес. Бул жөнүндө айтып бербейсизби?*

– Университетте окуп жүргөнүмдө факультеттер аралык көркөмчыгармачылык боюнча мелдештер уюштурулар эле. Мен кыргызча жакшы билгендиктен биринчи жолу 1993–94-окуу жылында биздин факультеттин студенттерине кошулуп хордо ырдап, пьеасада ойногом. Ошондо Түркияда жакшы деп кабыл алынган «Гүзел Түркистан» деген ырды, группалашым Рустам Атаев менен биригип ырдаганбыз.

www.bizdin.kg

Ал ырдын биздин факультетке салымы жакшы болду. Биринчиликти алдык! Андан кийин жыл сайын ошол кароо-сынактарга катышып, өнөрүмдү көрсөтө баштадым. Бир жолу факультетибиздин ошондой кароо-сынакка катышуучу тобунда «Манас» айта турган студент керек болуп калды. Тилекке каршы, бир да студент чыкпай койду. Мен өзүм ошол кырдаалда ага чейин кыргызча-түркчө ырдап, мойнумдагы студенттик милдетимди аткардым деп эсептейм. Бирок анткен менен «Манас» айтчу бирөөнүн табылбаганы мени да кейитип турган. Не кыла алам деп ойлонуп жүргөн кезде «Манас» жөнүндө түш көрдүм! Эртеси күнү агай-эжейлер дагы бир жолу: «Бирөөңөр не болсо да «Манас» айтып бересиңер!» – деп катуу талап койгон учурда, кол көтөрүп «Манас» жөнүндө түш көргөнүмдү, «Манас» айтууну каалаганымды айттым. Биздин факультеттин балдары, агайлар таң калды. Иши кылып «Манастан» бир аз жаттап даярдандым. Манасчы досум Талантаалы Бакчиевден тажрыйба алдым. Бирок «Манас» айтарымды эч кимге айтпайлы деп убадалашканбыз! Биздин кезек келгенде, алгачкы номер катары сахнанын ортосунда улуттук кыргыз кийимдери менен олтургам. Элдер мени көргөндө а деп таң калып, күлүмсүрөп коюшту. «Манас» айта баштаганда унчукпай угуп коюшту. Аяктагандан кийин залдын кол чапканын айтпаңыз! Калыстардын баары тең беш деген баа берип, биздин факультет ошол жылы да алдыңкы орунду ээлеп алды.

Ошентип, университетибиздин атынан Бишкекте өткөрүлгөн «Ала-Тоо жазы» фестивалына чейин катыштым. Университетте жана Бишкекте ыр-кеселерге катышып, гала-концерттерде ырдап, «Манас» айтып, арноо ырларын жазып, бир нече жолу ректордук жана билим берүү министрлиги тарабынан Ардак баракчалары, грамоталар менен сыйландым.

Караколдо окуп жүргөндө, биздин кыргыз элинин тилин-дилин билип алганыбыздын жыйынтыгы катары 1998-жылы ЫМУнун ар кайсы улуттагы студенттери катышкан алгачкы жана акыркы жолу «Күчүбүз биздин достукта» деген ураан менен «Кыргыз-Түрк достук кечесин» уюштурганбыз. Ошондогу бизди колдогон ректорубуз ыраматылык Жолдош Жусаевди, проректор Кадырбек Калдыбаевди жана бардык эле агай-эжейлерибизди, катышкан досторубузду кантип унутабыз?! Түрк тили жана география сабагын берген Караколдогу Токтогул Сатылганов лицейинде түркчө ырларды, пьесаларды кыргызчага которуп, окуучуларым менен сахнага койгонбуз. Ал жылдарда мүдүрүбүз Аскар Жансариев жана мүдүрдүн башкы жардамчысы Жибек Өзүбековалар көрсөткөн колдоолорду али да унутпайм.

www.bizdin.kg

Түркияга келгенден кийин 2007-жылы «Саманйолу» ТВсы даярдаган Кыргызстан жөнүндөгү документалдык программага мен да катышкам. Ошондо жана сиз айткандай «Манас» айтып берүүмдү сураган. Айтып бергем. Ошентип, түш көрүүм аркылуу башталган «Манас» айтууну улантып келе жатам. Бүгүнкүгө чейин иштеген окуу жайларынын кечелеринде, райондук Нооруз майрамдарында «Манас» айтып, кыргызча ырдап, кыргыз элинин ар түрдүү оюн-зоокторун Түркияда таанытуу үчүн аракет кылып келүүдөмүн.

– *Маектин аягында айтайын деген сөздөрүңүздү, каалоо-тилектериңизди айта кетсеңиз...*

– Кыргыз адабияты – оозеки салтка таянган адабият. Жазма адабиятка, негизинен, Советтер Союзу убагында гана өткөн. Ошентсе да, кыска мөөнөттө дүйнөлүк деңгээлдеги чыгармаларды жарата билген. Анын эң биринчи өкүлү – жакынкы жылдарга чейин ыраматылык Чыңгыз Айтматов агай эле. Бирок жок дегенде анын чыгармаларындай күчтүү, окурманды кызыктыра турган, кыргыз калкынын руханий байлыктарын тааныта билген чыгармалардын, акын жана жазуучулардын бар экенин билүүбүз керек. Мына ошондуктан мен, Чыңгыз агайдын жолун улаган дагы бир нече адабий чыгармаларды түркиялык окурмандарга жеткизе аламбы деген мүдөө менен котормочулук ишин жүргүзүп келүүдөмүн. Кыргыз адабиятчыларын түркиялык окурмандарга таанытып, аткарып келген ишимди уланта береримди айткым келет. Сиз аркылуу Кыргызстан калкына ысык саламым менен кошо бардык жакшылыктарды кааламакчымын.

– *Сизге чоң ыракмат. Мындан ары да чыгармачылык ийгилик каалайм. Сиздин эмгектериңиз аркылуу Кыргызстан менен Түркиянын ортосундогу бир туугандык мамилелердин арта берүүсүн тилейм...*

www.bizdin.kg

Тарых

Айткул МАХАЕВА
(Казакстан)

КАЗАКСТАНДЫК КЫРГЫЗДАР

XVIII кылымдын 60–70-жылдарында Казакстандын түштүк чек арасына тийиштүү маселелерди чечүүгө Абылай хан (1771–1780-ж.ж. хандык кылган) белсене киришкен. Анткени ушул мезгилдерде кыргыздар менен казактардын ортосунда чек ара маселеси өтө курч мүнөзгө айланган эле. Бирок бул маселелер узак убакыттан бери казакстандык изилдөөчүлөрдүн назарынан сырт калып келди. Анын башкы себептеринин бири, бул маселелер тек гана фольклордук даректерде айтылып келгендиктен, алар марксизм-ленинизм теориясына жатпагандыгына байланыштуу көз жумду мамиле жасоого аргасыз кылынган. Булар өзгөчө Кеңеш дооруна байланыштуу болгон.

Жуңгар хандыгы жоюлары менен бир кездеги бул жактагы өңүрдү биргелешип калмак баскынчыларынан коргошкон казак-кыргыз урууларынын ортолорунда ынтымак кетип, эми жайытка ылайыктуу жерлерге мурунураак ээ болуп калуу үчүн өз ара талаш-тартыш башталып, карым-катнаштары кескин начарлап кеткен. Натыйжада, казак-кыргыз бири-бирине тынымсыз чабуул жасап, ич ара барымта алуулар менен кошо аманатка киши алган окуяларга чейин жеткен. Абылай кыргыздардан бир нече ирет аманат алганы тарыхта белгилүү. Биздин чакан изилдөөбүз ушул маселеге арналмакчы.

Архивдик маалыматтарда калган даректер боюнча Абылайдын алгачкы жолу кыргыздардан аманатка киши алганы 1765-жылы болгон экен.

Ага 1764-ж. кыргыздар Улуу жүз жана Орто жүз казактарына үч жолу чабуул жасап, көп кишини туткун алышы себеп болгону

www.bizdin.kg

көрсөтүлөт. Кыргыз тарыхчылары: С. Аттокуров, Д.Б. Сапаралиев жана «История кыргызов и Кыргызстана» деген китептин авторлору (1) ушул чабуулдардын биринде Абылай султан, башка 17 султан менен кыргыздардын колуна түшүп, 3 айдай туткунда болуп, кийин Жайыл баатырдын буйругу менен бошотулган деп көрсөтүшкөн. Бирок бул маалыматтарга шилтеме жасалбагандыктан, алар кай даректерден алынганы белгисиз. Ал маалыматтардын бир китептен экинчи китептерге өзгөрүүсүз көчүрүлүп жүргөнүнө караганда баары бир жерден же С. Аттокуровдун «Кыргыз санжырасынан» алынса керек деп болжолдоого болот. С. Аттокуровго чейин Абылай султандын кыргыздардын колуна түшкөнү тууралуу анын небереси Ч. Валиханов гана жазган эле (4, 8). Бирок ал Абылайдын кыргыздарга качан туткунга түшүп, аны ким бошотконун көрсөтпөй кеткен. Башка жагынан карасак, Ч. Валиханов Абылай хандын 12 аялынын бири (жетинчиси) олжого келген кыргыз кызы Топуш каным экенин жана ал аялынан эки кыздуу болуп, алардын бирин Тооке хандын уулу Турсун султанга узатканын айтат. Балким, бул жагдай бекеринен болбогон чыгар? Абылай чын эле колго түшүп, көчмөндөрдүн эски салты менен кыз алып, тууган болуп бошонгон чыгар деген да ойду дагы четке кагууга болбойт.

Архивде сакталып турган башка даректер боюнча 1765-жылдын күзүндө Абылайдын кыргыздардан аманатка киши алганы тууралуу маалымат бар. Ошол мезгилдердеги казак-кыргыз карымкатнашынын чиеленишип кетишине казак талаасы аркылуу өтүп турган букарлыктардын кербенин кыргыздар тоноп алуусу да себеп болгон. Ошондуктан, Абылай Кытай императоруна өзүнүн Оторчу башындагы 30 кишини элчилике жиберип, кыргыздарга тийиштүү маселени жөндөөгө милдеттендирет. Император үчүн атайы 30 ак боз атты белекке жиберип, эгер кыргыздар кытайлык жаран болбосо, кийинки жылы күздө согуш жарыяларын жеткизүүнү тапшырган.

1765-жылдын башында Абилпейис султан Талас өзөнүнүн боюнан конуш алышкан кыргыздардын кытай уруусунун бийи Каработонун айылына чабуул жасаган. Ошол эле жылдын күз айында Абылай султан дагы Каробото бий менен ынтымакта жашоо жөнүндө макулдашып, анын бир уулун баш кылып, 9 түтүн кишисин аманатка алып кеткен. Бирок баары бир муну менен эле эки элдин арасы тынчып калган эмес. Каработонун кишилери ошол эле жылдын күзүндө казактардын айылын чаап, 500 кишини туткунга алып кетишкен. Кийинки 1766–1767-ж.ж. Абылай султан Ташкенге бир нече жолу чабуул жасайт. 1771-жылы Фергана тараптан Эрдене бийдин башындагы өзбек-кыргыз аралашкан согуш учурунда аркасы менен капталына ок тийип жараланып, артка чегинет. Кытай тарап да Эрденеге

www.bizdin.kg

каршы согушта жардам үчүн сураган замбиректерди бербейт. Деген менен Абылай султан 1768-жылга карай кокондун бийи Эрдене менен тынчтык келишимин кабыл алууга жетишип, казак соодагерлери кайрадан Ташкенге чейин ээн-эркин соода жасай башташкан.

1769–1770-жылдарга карай изилдөөчү Н. Бекмаханованын маалыматтарына караганда Абылай Эдил (Волга) – Жайык тараптарда жүргөн. Ага ошол жылкы Сары-Аркадагы кыштын катуу болушу себеп болгон. Бул маалымат Ч.Валихановдун эмгегиндеги 1770-жылы Абылайдын кыргыздарга жасаган чабуулун жана анын ушул жылы кыргыз туткундарын Көкчө-Тоого алып келгени жөнүндөгү кабарларын жокко чыгарат. 1771-жылдын январында калмактар Жуңгар жерине жетүү үчүн Эдилден өтүп, казак талаасы аркылуу «Чаңдуу жүрүшүн» баштаган, аларга каршы Абылай султан аттанган. Ошол эле 1771-жылы казактар Түркстанда Абылайды ак кийизге салып хан көтөрүшкөн. Ушундай архивдик даректер Ч.Валиханов көрсөткөн Абылайдын 1770-жылы кыргызга жасаган чабуулу жөнүндөгү маалыматтарды жокко чыгарат.

Ал эми Абылай хандын кыргыздардан аманат алып, аларды Сары-Аркага көчүргөнү тууралуу кыскача болсо дагы ар түрдүү эмгектерде айтылат. Мисалы, анын кыргыздардан аманат алып, азыркы Казакстандын түндүк жактарына көчүрүп келгени жана алар бул күндө «жаңы кыргыз» деген урууну курап калышканын орус изилдөөчүлөрүнөн алгачкы болуп А.И. Левшин билдирген. Өкүнүчтүүсү, ал окуялардын кайсыл жылы болгонун көрсөткөн эмес.

Н.А. Аристов болсо А.И. Левшинди гана кайталап тим болот.

Ошону менен Абылайдын кыргыздарга жасаган чоң чабуулу 1779-жылы жаз айларында башталган. Абылай хан ушул жылы эрте жазда өзүнүн жашыл туусу алдында 4000 кол жыйнап, уулу Рүстөм башчылыгы алдында Аркадан Каратоого аттандырып жиберет. Өзү болсо көчтүн артынан жөнөгөн. Жанында 5 уулу менен 2 аялы болгон. Шады төрө да Абылайдын Каратоону бет алган көчү Сарысуу, Жетикоңур, Чүй өзөнүнөн өтүп, Каратоонун этегине жеткенде, Үч жүздүн жакшылары хандын алдынан тосуп, амандашууга чыгып: «Кошундун көптүгү менен хандын чечкиндүүлүгүн көрүшүп, катуу кубанышканын» жана ханга арналып үй тигилген саздын аты мурун «Козыкен» экенин, ал жердин абасы салкын, чөбү тулаңдуу болгондуктан, хандын ордосу ошол жерге тигилип, кийин эл аны «Шаңлак» деп атап калышканын айтат.

1779-жылы Абылай хан Талас өзөнү жакка келип, кытайлыктардан жардамга аскер суроо үчүн уулу Сыздыкты ал жакка аттандырып жиберип, өзү Улуу жүздү башкарган Болот хан менен акылдашып, экөөлөп Чыңгыз султан менен иниси Абилпейис султанды кыргыздар-

www.bizdin.kg

ды чаап келүүгө аттандырат. Кебетеси, аларды кыргыздардын күчү менен жер өңүтүн алдын-ала билип келүүнү кошо тапшырса керек. Эки султан баштаган колдун жеңишсиз келиши кыргыздар жактын дагы жакшы уюмдашканын далилдейт. Алар кур кол кайтып келген соң, ошол эле жылы кыргыздарга каршы колду Абылай хандын өзү баштаган. Ошентип, Абылай хандын кыргыздарга чоң жүрүш жасап, алардан көп кишини аманатка алышы 1779-жылдарга туш келет.

Кыргыздар менен согушкан ушул 1779-жылы Абылай кыргыз бийлеринин балдарын аманатка алып, Көкчө-Тоого көчүрткөн. Омск областтык архивинен Абылай хан жөнүндө узак убакыттардан бери маалымат жыйнаган Б. Насенов дагы 1779-жылы Абылай кыргыздардан көп адам алып келгенин көрсөтөт.

Абылай хандын кыргыздарга колдонгон саясаты жөнүндө казактарга караганда кыргыздардын оозеки фольклорунда көбүрөк айтылып жүрөт. Ошондой даректердин бири Т. Алымбековдун «Кыргыздардын келип чыгышы» деген кыргызча кол жазмасында айтылып, кыргыз тарыхын изилдөөчүлөр тарабынан ал илимий көз караштар менен такталып, кеңири колдонулуп башталды. Тилекке каршы, казак изилдөөчүлөрү тарабынан жарыкка чыгып жаткан эмгектерде ал кол жазма али күнгө чейин өз ордун таба элек. Ал кол жазма боюнча, адегенде Абылай хан казактардын кыргыздарга каршы кол сурашын жактырбай: «Кечээ эле жоо бетин бирге кайтарып жүрдүк эле, үркөрдөй болгон бир боз үйлүүнүн тукуму элек» – деп, андан көрө жан-жагынан башка кубаттуу элге каршы чыгып калышса, бир бирине пайдасы тие турганы ачык айтылат.

Ошондой эле Абылайдын: «Мен кыргыз деп аттанбаймын, Садыр деп аттанамын» дегени, акыры көпчүлүктүн арызы менен кол баштап, кыргыздарга аттанууга мажбур болгону Т. Алымбековдун кол жазмасында ынанымдуу көрсөтүлүп, ушул учурларда эки элдин ортосунда бир нече элчиликтер болгону дагы айтылат. Абылай хандын кыргыз бийи Садырдан аманатка киши алуу жөнүндөгү келишиминин максаты көкчө-тоолук Д. Шакан уулунун айтканына караганда, «кыргыз башчылары болгон адамдардын балдарын алып, кан аралаштырсак, жоо болбосок» деген ой болгон.

Абылай хандын кыргыздарга жасаган жортуулу 1775–76-ж.ж. болгон деген кыргыз тарыхчысы Б. Солтоноев: «Таласты ордо кылып, анда суракчы кишилерин коюп, өзү Сары-Аркага кеткенде, бирге кыргыздан бир миң түтүн, бир кабарда 600 түтүн көчүрүп кеткен... Абылай бүткүл кыргыздын үстүнөн ак үйлүү кылып, солто Жамансарттын уулу Түлөбердини баш кылып алып кеткен, анда барганда туулган бала – Канай». Ал эми казак тарыхчысы Машкүр Жусуп жазып алган аңгемеде: «Кош басынан бир үй кыргыздан баатырлар

www.bizdin.kg

шыбага алыптыр, ар дубандагы аргын ичиндеги кыргыздар ошолор дешет. Ошол кыргызды көбү уйсун ичинде калыптыр» – дейт.

Казактарга тийиштүү фольклордук даректерде Абылайдын аманатка кыргыздардын атактуу манаптары менен баатырларынын балдарынан таңдап 40 кыз, 40 жигит алганы, ошентип эки жак эми жоолашпоого антташканы айтылат. К. Абуев: «Андан соң Абылай кырк кишини алып келип, өз ээлигиндеги Бурабайдын күңгөй тушундагы жайыттуу жерге жайгаштырат. Ушундан кийин казак менен кыргыз элдеринин арасында туруктуу тынччылык орногон экен. Ошол кырк адамдан арбыган урпактар жаңы конушка суудай сиңип кетсе да чыккан тегин унутушпаган, өздөрүн кыргызбыз деп санаган. Ошентип, казак тааласынын дал ортосунда, жел учугу Көкчө-Тоо өңүрүндө казактын кыргыз деген уруусу пайда болуптур» – деп жазат.

Абылай хандын кыргыз урууларын Аркага көчүрүп келишин жана алардын Орто жүз казактарынын ичине орношуп, кийин казактардын арасына сиңип кеткени тууралуу маалыматтарды казак улутунун курамындагы кыргыз урууларынын тайпалык куралышын жазып кеткен туңгуч илимпоздордун бири, белгилүү коомдук ишмер А.Бөкөйханов да өз изилдөөлөрүндө көрсөтөт. Ал 1896–1901-ж.ж. казак көчмөндөрүнүн турмушун, мал чарбачылыгын, уруулук курамы тууралуу статистикалык маалымат жыйнаштырган Ф. А. Шербина башкарган экспедицияда статист иретинде жумуш аткарып жүрүп, Орто жүз курамына кирген кыргыздар менен жакындан таанышат. Ошол экспедициянын Семей областына караштуу Каркаралы уездиндеги жасаган изилдөөлөрүнө тикелей катышкан А. Бөкөйханов: «Каркаралы уездинде казактардан соң, эң көп сандуу топту кара кыргыз деген ат менен белгилүү кыргыздар курайт. Алардан кийин султандар менен алардын төлөнгүттөрү турат» (16. 89) – деп белгилейт. Каркаралы жери А. Бөкөйхановдун туулган жери экендигин эскертсек, анда изилдөөчү Орто жүз курамындагы кыргыздардын чыгуу тегин чоң тыкандык менен карашы, анын өз эл-жерин тереңирээк билүүгө туулган кызыкчылыгы деп бааласак болот. Ушу Орто жүздүн аргын урууларынын курамына кирген кыргыздардын урууллук түзүлүшүн А. Бөкөйханов төмөнкүдөй таратып берет:

Туугандары менен Абылай хандын карамагына өтүп, казак талаасынан конуш алат. Мамадайыр уругунун бай казагы Өмүрзак деген Жаназар менен достошуп, бири малын аябай, экинчиси аны коргоп, жанын аябайт. Мамадайыр уруусу менен калмактар кошулуп, «Курама» деген калкты түзүшөт. Аларга кийинчерээк Кушчу уругунун кыргыздары келип кошулат. Алар биригип, Чаар-Тоо болуштугунун төлөнгүттөрүн курады. Аларды: «Өмүрзактын дөөлөтүнө, жаназардын кубатына жыйналган эл экен» – деп түшүндүрөт. Ошен-

www.bizdin.kg

тип, аргындардын кубандык уруусунун санжырасын А. Бөкөйханов төмөндөгүдөй таратат:

Семей областынын Каркаралы уездиндеги Кубандык уруусунун (аргындардын бир тармагы) санжырасын таркаткан А. Бөкөйханов Мамадайыр уруусунун чыгуу тегин негиздүү изилдеп чыкты.

Кыргыз санжыра жыйноочусу М.Байгаринов дагы: «Кушчу Алмакүчүктүн уулу Шайбек Абылай хандын убагында урушта казака колго түшүп кеткен экен. Кийин казактан Кененсары кыргызга чабуул койгон кезде кайра жолдо келе жатып, келери менен улуу аялы эркек төрөгөн. Жолдо жүрүп төрөлгөндүктөн баласынын атын Аманжол койгон экен» – деп анын пикирин кубаттайт. Солтодогу Тата уруусунун балдары Торгой областы, казактардын ичинде. Таталар аталып, 8 урук эл болуп таралган» – дейт.

Архивдик маалыматтарда 1847-жылы сайдалы жана кыргыз уруулары биригип, 502 түтүнгө жетип, өзгөчө болуштук кураганы жана аларга султан А. Тайменовдун болуш башкаруучу болгону айтылат.

Кытайлык жылнаамачы Суй Сун жазган «Шынжан ши люе» (Шынжан тууралуу кыскача кабар) деген китепте Абылай хандын мураскери Валинин аргын уруусунун 44 тармагын, алардын ичинде «жаңы кыргыз-аргын» «бай кыргыз-аргынды» дагы башкара тургандыгын, алардын Көкчө-Тоо айланасында көчүп-конуп жүрүшкөнүн, Көкчөдөн Илеге чейин 3 ай жүрүү керек экендиги баяндалат.

Көкчө-Тоо жериндеги кыргыздар тууралуу, алардын орношкон конушун, чарбасы менен бул жактарга качан келишкени жөнүндөгү бир кыйла башка статистикалык даректерди Акмоло облусу, Көкчө-Тоо уездинде жүргүзүлгөн Ф. Шербинанын экспедициясынын изилдөө материалдарынан алууга болот. Ал материалдарда Көкчө-Тоо уездиндеги кыргыздардын Абылай хан менен бирге келгендиги айтылат. XIX кылымдын акырында Көкчө-Тоо уездиндеги кыргыздар Котуркөл болушу менен Зеренди болуштуктарындагы казак айылдары менен аралаш отурган жана өздөрүнү ошол кыргыздардын 5–6–7-муундагы урпактары экендигин айтышса, кээ бири өз айылдарын андан 120, 140, 160 жыл мурун түптөшкөнүн айтышкан. Эгер андан 120 жыл мурун Көкчөдө кыргыз айылдары пайда болгон болсо, анда кыргыздардын ал жерлерге келиши чама менен алганда 1779–1780-ж.ж. деп эсептөөгө мүмкүндүк берет жана Абылай хандын кыргыздарга жасаган соңку чабуулу ушул жылдары болгон деген корутунду чыгат. Кыргыздардын ушинтип Көкчөдөгү жерлерден конуш алышы аркылуу тарыхтагы «Жайыл кыргын» деген ат менен белгилүү болуп калган казак-кыргыз арасындагы кандуу чабышты да 1779-жылы болгондугун жоромолдоого мүмкүндүк алабыз. А. Бөкөйхановдун үзөңгүлөш жолдошторунун бири, казактын жалындуу акыны С. Торуайгыров

www.bizdin.kg

дагы Курбан ажыдан жазып алган аңгемесинде Жайыл баатыр Абылай хандын колуна түшкөндө 88 жашта болгон деген маалыматты берет.

Казак айыл ичиндеги бай кыргыздардын айылы чыны менен эле бай болгонбу деген суроону эске албай койгонубуз да туура эмес. Анда Көкчө-Тоо уездинин Зеренди болушуна караган № 4 айылдагы бай кыргыздардын (мында келишкен кыргыздардын бешинчи мууну) саны – 28, алардын ичинен жумушка жарамдуусу – 9, кийиз үйлөрү – 8, жыгач үйлөрү – 8, жылкысы – 20, кара малы – 43, койлору – 11, кой-эчкиси – 23 деп көрсөтүлгөн. Ошондуктан, башка кыргыздарга салыштырмалуу бай аталган кыргыздарда мал башы аз экени байкалат. Мындай маалыматтар «бай кыргыз» деп аталуу Көкчөгө келген кыргыздардын бай болгондуктары үчүн коюлбагандыгын түшүндүрөт.

Абылай хандын Көкчөгө алып келген кыргыздары жүз жылдай убакыт өткөн соң 350 түтүн курагандыгын И. Словцов да эскерет (23. 186). Аркага келген кыргыздардын айтылуу урпагы, айтышка уста акын Шөже (кыргызча Жөжө) Каржабай уулу (1808–1895-ж.ж.). Шөженин атасы Каржабай Абылайдын аманатка алып келген жигиттеринин бири экен. Каржабай адегенде Абай акындын атасы Кунанбайдын айылында болуп, кийин Жайык деген байдын айылына туш болгон. Каржабай ошол айылдан Шамен деген кыргыздын кызына үйлөнүп, андан Жөжө акын туулган. Жөжө убагында казактардын башкы акыны Абайга таалим берип, Орунбай сыяктуу акындар менен чогуу жүргөн. Кийин Калдыбай кожо деген акын менен айтышка түшүп, жеңип алган. Ошол Калдыбай менен айтышканда:

Арманым, Ала-Тоону көрө албадым,
Элимди бир көрүүгө тагдыр берсин, – деп, ырдаган экен.

Абылай хандын аманатка алып келген кыргыздары бүгүнкү күндө казактарга бир тууган болуп, алардын арасына сиңип кетти жана алар жеке диаспораны курабай калды. Кыргыз боорлорунун бир акыны да «Астанадагы кыргыз айылы» деген ырында:

– Астана калаасынын,
Чет жака жерлеринде.
Кыргыздын айылы бар,
Казактын элдеринде.
Ата-тек келген дешет,
Абылай мезгилинде, – дейт.

Корутундалап айтканда, казак жеринин төрү болуп эсептелген Сары-Аркада, казактын Орто жүз курамында кыргыздардын пайда болушу, кыргыз-казактардын кийинки тукумдары тынчтыкта турушу үчүн Абылай хандын эл аралык дипломатиялык саясатынын жемиши болгон деген тыянакка токтомокпуз.

www.bizdin.kg



Мурас

Качкынбай ОСМОНАЛИЕВ

АКМАГЫ КИМ?..

(Сатиралык аңгеме)

Почтобай! Окуучу, почтабай атаса эле республикабыздын эң алыскы айлындагы арык кер бышты минип, чоң сумкасын ээрдин кашына илип, же жем төкчү шалчасына түрмөк газеталарды, толгон каттарды ороп-ороп бөктөрүнүп, быштысын желдирип, уй сарай кыдырып жүрчү Сатыбалды аке экен деп ойлобогула. Анын үстүнө биз тарапта Сатыбалды акени «төраганын почтальону» деп да коюшат. Маселен, эсеби, кат-кабар, гезит-мезит, койчу, облустанбы, райондон болобу телефон чалуу төрага акеге мурда жетет. Ал акебиз өзү издеп, кыз-келиндерден иргеп ишке алган эткээл, багалчактуу, көзү коюлуп, ууртунан күлкү кетпеген, секретарын кагажыганынан чала жабылчу каалгасы аркылуу: «Бери киргин?..» – дейт.

Келин шарт туруп, жемге көнгөн өрдөкчө чайпала басып, төраганын маңдайында даяр: топчусун кармалайт. Бырышкан этегинин алды-артын сылайт. Эскилиги жеткенинен уңкул-чуңкул болгон диванга көз кыйыгын таштап, буйрук күтөт. Төрага, «Почтальонду бат тапкын!» – дейт, «дагы бирдеме айтабы» деген кыяста келин, саам токтолот. Төрагасы мойнун шылк эттирип, столунун бетине үңүлөт. Айнек аркылуу конокто болуп, шайы кеткен өңүн күңүрт көрүп, үндөбөй калганда келин ээрдин кымтый бурулуп, сыртка чыгат. Жолуккан эле адамдан почтальонду табуусун өктөм үн менен буйрат. Айылыбыздагы жашообуздун бардык тетиги төраганын эки бөлмөлүү кеңсаларында жаткандыктан келиндин буйругу эки болбойт. Эр эле болсоң «аний» деп, моюн бурап көргүн! Справка алганы, печать бастырганы эртең эле күнүң түшөт. Ошентип, төраганын

www.bizdin.kg

көрөр көз орун басары эсептелинген келинден буйрук укkан адам Сатыбалды арык почтальонду издеп жөнөйт. Эми, айланайын окуучу, бабырап кеткен биздин аңгемебиз деги силерге зоок болуучу «почта-байыбыз» эки буттуу, тоголок баштуу, кыргызча сүйлөгөн адам эмес, куйрук-жалы төгүлгөн, окуранган, кишенеген, кадимки эле жылкы тукумунан жаралган Асаке аттуу чабандын кула кашка бээси.

Асаке, Үсеке экөө тең колхоздун чабаны. Бу кудай аткырлардын туулган жылдары бир. Окуган мектептери да бир. Аскерге да бирге чакырылган. Уйкулары качып, булчуңдары жанчылып, аяктан да бирге келишкен. Райондогу аскер комиссариатына бирге барышып, учетко турушуп, кайрадан өз айылынын киши болуп келишкенден кийин үстүлөрүндөгү аскер кийимдерин ташташтыда ата-энелери сатып койгон кадимки кийимдерди кийишти. Кирди-чыкты эси бар немелер болгондуктан, көчө таптап жүрүүдөн, жеңелеринин уйкусун алуудан пайда чыкпасын, жыл өткөн сайын куурап калышарын ойлошту. Мектепти жакшы бүтүргөн немелер жогорку окуу жайларына учсакпы? – деп көрүштү. Окууга өтүүнүн ал-акыбалын билгендерден сурамжылашса, оо, кокуйгүн оой! Азаптын азабы, тозоктун тозогу экен! Университетиби, медпи, айыл чарбасыбы, политехникасыбы, өткөндөн көрөкчө кыяматтын кыл көпүрөсүнөн өтүү, бар эмеспи ой, борбордогу Совет көчөсүнөн чуркап кеткендей эле кеп экен! Беш жылдан кийин колтойгон дипломду кармаш үчүн дал борбор шаарда олчойгон кызматта иштеген ага-тууганың болуш керек экен. Ошо сен кирер окуу жайында алчы-таасын жеп бүткөн, Алдар көсөөдөн да амалы ашкан, көп жылдан бери сабак берип, тыйпын болуп бүткөн мугалимден жердешиң, же таяке-тайыңан, аяш акелериңден, мыкты тааныган мугалим болуш керек экен. Анан аларды да көрөр замат кучакташып өбүшө кетпей бери болгондо эки жыл мурда «жемдеш» керек экен. Ачыгын сыйпалатпай так айтканда, «эки чанач, бир козу – эр жигиттин жолдошу» дегендей кылып, кышкысын согумун даярдап... экзамен башталардан үч ай мурда пачкеси бузулбаган акча карматып... Койчу, укkандын калпагы башынан учат да, кара чачын ак чалат, чиркин!

Мына ушуларды билген Үсеке менен Асаке кысчу жерлерин жылчыксыз кысып, курларын чатырата тартышты да, түп аталарынан бери төөнү «об» деп, жылкыны «чу» деп, уйду «өш» деп, койду «кош» деп, эчкини «чек» деп келген немелер таяк кармап малдын артынан түшүшкөн. Жогорку окуу жайларына өздөрү сыяктанып өтө албаган кара далы классташтарына үйлөнүп, мелдешкендей үчтөн баланы жамыратып жиберишкен. Экөөнүн жайлоосу да танапташ. Кашар салынган кыштоосу да чукул.

www.bizdin.kg

Жылгаларынан төмөн созулган Кашка-Суу, чөккөн төөдөй катмарланган кыр жондор бетеге-тулаң жамынып, жапжашыл. Улам бийиктеп чокулары булут сайган тоо түбүндө кыйык көз, кара сур Үсекенин үйү. Ал кийинки кездерде сакал-мурутун кырбай коё берген. Көпкө көрүшпөй жүргөн Асаке жолугуп калып, бышкырып жиберет: «Шыбырдан качкан Токтогулдай, эмне болуп калгансың?!» – дейт. «Эмне болуп калыпмын?» – дейт элебеген курбусу. «Ушул, апсайган немелериңе ишенип, төргө олтурган жүргөнсүң го? Мокочодой болбой жоготчу!» Үсеке эми түшүнүп, сакалын сылап алат. Кийин учураса сакалы жок, муруту калыптыр. Асаке дагы шылдыңдап күлөт: «Эй, эминенин жүнүндөй кылып, муну эмнеге алып калдың? Өлбөсөң кырктан кийин деле жетишесиң жогот, сербейтпей», – дейт. «Сайгылатпай нары тартчы» – деп жаман катыным да бетин ала каччу эле. Деле түбүнө жетейин!» – деп Үсеке мурутун да кырып таштаган.

Асаке менен Үсекенин үйүнүн аралыгы кеми беш чакырым. Коюн эрте жайып, түш маал үйүнө чукулдатып, аялына көз сал деп тапшырган Үсеке эртеден мал артынан бастырган тору чобурун жайдактап, тушайт. Куру чаначын колтуктап, эңиште шуулдаган бойдон Асакеникине жетет. Асаке чакан желе бээ байлайт эмеспи. Анан калса, жакадагы колхоздун корук жерине менчик малдарын батыра албаган тууган-урук, куда-сөөк, алыш-бериш адамдар: «Сүтү силердики. Башы биздики. Убалдан корксоңор айран-сайранынан, кымыз-мымысынан куру койбогула!» – деп малдарын ушул экөөнө тапшырышкан. Менчик койлор менен уйларды Үсеке алып, багуусу азап деп, жылкылар милдети Асакеге тийген. Мейманга чакырылгансып жай олтуруп, малдашты алма-терме которуп, кекиртегине келгенче кымыз шимирген Үсеке, тээ бешимде барып, кетүүгө кам урат. Ал эмнеден сарсанаа болсун, үй тарабына ашыккыдай. Малына сары аялы көз салат. Сыртта «Почтобай» аталган кула кашка бээ турат. Чаначына кымыз толтура! Почтобайга тердик салдырып, басмайыл тартат. Чап минип, кымызды өңөрүп, жөнөп кетет. Кулуну желеде калган неме Үсеке үйүнө жетип түшүп, тизгинди суулукка түйүп коё бергенде кайра желени көздөй желип жөнөйт. Үйүрү көрүнгөндө «Мен келатам» дегени го, шаңгырап кишенешти салат. Чыптасын чирене чойгон, кулагы шамдай, тармал жал, кыска куйрук сур кашка кулуну жылаажын үнүн баспай энесин тосот жер чапчып. Туягы кыртышты тытып, кара топурак чыгарат.

– Почтобай келди! Тур, бээлериңди саа, – деп Асаке аялын шаштырат. Кээде балдарын ээрчитип, козу карын май, кол баштык сүзмө алып, эрмектешмекке Үсекенин аялы келет. Үйдө Асакенин кара

www.bizdin.kg

тору аялы казан асканга ашыгат. Тиричиликтен жандары сеп албаган малчылардын аялдарынын карылыгы абалы кол манжаларынан башталат белем. Муундары дөмпөйүп, салаалары ажырап, ийри-муйру узарган. Кол алышсаң алакандары катуу. Кара жумушка аралашпаган жумшак колдууга жыгачтын таарындысындай тиет. Экөөнүн балдары кубалашып, жулмалашып чер жазат. Өздөрү кыз кездеринен козгоп, көргөн-билгендерин айтышып, кеч киргизмей. Анан, баягы Почтобайга учкашып-чиркешип жөнөп кетишет. Асакеникине кайра берип иер буюм-тайым жонуна чырмалган Почтобай желип-жортуп кайра жетип келет. Колхоздо Сатыбалды үй кыдырып, гезит берип, кат жеткирсе тоодогу эки малчынын тирлигине ушинтип, жаныбар кула кашка бээ жарайт нары-бери кайыктай каттап.

Үсеке адатынча кымыздан батканынча ичти. Коктуга түшүп... курун келатып тартып, топчулуктарын да келатып илип, тиги, азыр минип кетер Кула кашканы карап, чын пейилден алкап, чанда кекирип, кобурай берди:

– Айланайын, жаныбар! Сатыбалдыдан кем калбаган, почтабай да! Ээ, Асеке дейм, таптаза Камбар атадан жаралганбы ыя?

– Жаралып дейт тура? Камбар атанын өзүн накта бул туусачы.

– Мүмкүн, мүмкүн. Тили жок адам. Мээси экөөбүздүкүнөн кем иштебейт. Үйгө жеткенде ана-мынаны тартып иет эмеспизби. Адам ээй, ошонуңарды танбайсыңарбы дегенсип, босогону карап туруп алат, ээй!

– Үч азыйында ушул. Кийин, карыганда мени башкарабы деп жүрөм, ха-ха.

– Айгырдан токтодубу?

– Бололек го, чагымда. Айгыр дегенибиз актиптер минип, көкшили болгон неме экен, белин бурандатып зорго басат. Аның дагы тоюнуп, этине май чачканда аңкылдай турган неме окшойт.

– Кызыр калбаса болду.

– Эмине, айгырга кошулсамбы дедиң беле?! – деп күлдү Асаке.

– Былжырабачы, динсиз. Кулуну болбосо кийинки жылы тил албай калсын, бошонгон жерде тетири басып.

– Бойдок келиндерчилеп дейсиңби.

– Баарын бала имерилтип, бала матайт тура.

– Бабырабай чаначыңды өңөрүп жөнө. Сүзмө таңып жибер жонуна.

www.bizdin.kg

* * *

Биринчи көз ачып көргөн, ооз ачып өпкөн баланы мектепке жөнөткөн ата-энеде жылт жанган учкундай бир кубаныч менен кошо түйшүк башталат. Асаке да ошондой болду. Улуу уулун мектеп-интернатка өткөрүш керек. Аны үчүн бала-чакалуу экенин, өзү мал менен тоо башында жүрөрүн тактаган айылдык советтин справкасы керек. Ушул иштер боюнча көк быштысын олбуй-солбуй камчылан-ган Асаке жакага келди. Чабанды көргөндө малын тапшыргандар аянбай калсын. Жолуккан эле тууганы эсенчилик суроодон мурда шишени көчүккө бир койду. Боп этип капкагы ыргыды. Гурсобой аталчу алты кыр стаканга чулкулдата жаймалай куюп сунду:

– Бу «шумкарды» сагынып да калгандырсың. Ал, шыпкап жи-бер, – деди. Асакең айтканды эки кылбады. Шыпкай шимиргенден кийин кудуктан башын көтөргөн төөчө буу-буулап силкинип, көзүн ымдап ачты. Беркиси өзүнө тарта куюп, кезегин көтөрдү. Калганын көңтөрүп, Асакеңе кайра сунду. Таза абада жүргөн, кажынып кый-мылдаган чабан экинчи сунганды да жайлады. Сыйлаган тууганы-на чоң ыракматын айтып, көк быштыга шап минди. Түз эле ишин бүтүрүүчү мекемеге келип кирди. Далайлар келип ат байлап, айла-насы такырайып кык баскан мамыга быштысын байлап, бут шилтей бергенде дене бою чымырап, бет оту албырды. Чекир көзү мышык-тыкындай жалтылдап, көңүлү көтөрүлө шерденди. Жасалган бо-юнча сырдалбай бозоруп бүткөн каалганы шарт ачты. Өзү мурдатан тааныш, бирдеме жазгансып аткан эткээл келинге салам айттыбы-жокпу, өтө чаап, төркү эшиктин туткасына кол сунду.

– Каякка, кимге? – деди кага сүйлөгөн төраганын сүйкүмдүү секретары. Асаке токтоло:

– Төрагага келдим, – деди.

– А киши жок.

– Атайы малды таштап салпылдап...

– Кандай салпылдаганыңда менин жумушум эмне?..

Асаке намыстанды. Келинге көзүн кадап, тиктеди. Балээ басып, атын унутуп атпайбы. Бул неме, кадимки бозокор Кебектин кызы эмеспи. Энеси да куду ушу кызына окшоп, узун-туурасы бирдей, басса-турса ачыган камырдай былк-сылк эткен эткээл болчу. Шак чылап, ботко кайнатып, бозо сүзүп атаар эле. Айылдагылар тан ат-пай үйүнө убап-чубап кирип чыгып атышчу. Баягы, «Наспайчынын үйүндө, түкүрүк менен какырык. Бозочунун үйүндө, өкүрүк менен бакырык» дегендей, терезесинин түбүнөн өтсөң бака-шака түшкөн үндөр угулчу. Береги кызы ар кимге аяк сунуп, аяк чайкап атаар эле. Асакеден үч класс төмөн окучу. Кийинчерээк шок балдар чий

www.bizdin.kg

аралатып, аңга сүйрөй качып жүргөнүн байкаган. Кап, атын эстей албай атканын карачы. Өзүнөн суроого туура келди.

– Сен, Кебек акенин кызы эмессиңби... Атың ким эле?

– Атымдын кереги эмне, сага?!

– Атың мага укмуштуудай керек! Бар эмеспи, жүздүк сомдой кереги тийип атат. – Келин чабандын кайнаган көзүнө, албырган чийкил жүзүнө, чымыр денесине тинте карап атып күлүп жиберди.

– Жүз сомдуктай болуп, арак сатып ичүүгө жарай турган болсом, атым – Сонун!

– Апбали! Эми, сонун түгүл «мыкты» болсоң дагы уккун: мага төраганын өзү керек. Алакандай справке үчүн, ак карлуу тоодон эңиштеп, справке деген «жем» издеп жүрөм. Түшүндүңбү, өзүмдүн гана карындашым. «Өзүмдүн» деген арноо сөз Сонундун денесине электр тогу болуп тийдиби, же деминен кымыз-арак аралаш жыт урган толмоч Асаке көңүлүнө нуюй түштүбү, айтор, көзүн жоодурата оң сүйлөөгө өттү.

– Койгон колу эле болбосо, справкенин жарасы жеңил, – ушул сөздү уккан Асакенин өңү жарк этти. Кулачын жая, камчысы билегинде чубалып:

– Оозуңа, май! – деп столдун бурчуна имериле жетип, качаңкы асылкечиндей кучактады да, маңдайынан, саганагынан жыттап, өпкүлөп жиберсе болобу. Жабышкан немени түрткөн жок. Арак алдастаткан Асаке бүчүлөнбөгөн ачык төшүнө ансайын кысты. Дубалга такап оюндун тамашасынын чегинен чыгып баратты. Сонун да балкып кеттиби, айтор, шыбыры угулду:

– Каалганы, каалганы илиңиз? Тыякта диван бар...

«Мал-жаныңыздан бери короо китебинде жазылуу. Мектеп интернатына справканы өзүм тапшырып коёмун. Андан кымындай да кам санабаңызды» уккан Асаке демиккени басылып, Сонунга жанагыдай омура какты кылалбай, жазганды.

– Үйүң кайда? – деди.

– Атамдыкында элемин...

– Турмушка чыктың беле?

– Башыма балээни үйүп, эмне кылам? Азыр жигит аттуунун көбү бузулган. Ичишет. Кулагынан жеме түшпөгөн, башынан токмок кетпеген келиндердин далайын көрдүм. Сен деле мастыгыңдан ушул ишке бардың. Хе-хе.

Асаке ички чөнтөгүнөн намиянын алды:

– Жакага иш чыкса каттайбыз. Болбосо... Өзүң каалаган белек сатып аларсың – деп далдайган жашыл акчадан сунса болобу. Сонун да илгирбей алып кымырды.

– Келгенде жолугуп турам, Сокен!

www.bizdin.kg

– Төрагадан этиет бол. Ал өз аялынан да жаман кызганат.

– Ээ, катыгүн! Андайың да барбы?..

Неси болсо да Асаке көңүлдүү. Жакадагылардан сый көрүп а күнү конду. Эртеси балдарына таттуу-маттуу алды. Үсекенин өзү кеткен жол тараптан эки көзү өтүп атканын далы ачкандай билди. «Жинди суудан» кабаттап, сумканы зымпыйта бөктөрдү. Көк быштыны олбуй-солбуй камчыланып, үйүнө жөнөдү.

Каратору аялы эринин карааны төмөндөн көрүнгөндө эле анын иш бүтүргөнүн, көңүлдүү экенин билди. Кайра үйүнө кирбей, үч баласы да жанына келип жарданышты. Аңгыча Үсекеси да үй-бүлөсү менен жамырап жетип келишти. Айтор, Асакени обкомдун секретарын тоскондой эле болушту жай-кышы тоо башында жүрчү немелер.

Балдар печений чеңгелдешип... Өздөрү турган жерлерине олтура шишени ачышып... эки жолудан шыңгытып ийишкенден кийин көзүн жуумп, колунун сырты менен оозун сүрткөн аялы Асакеге деп калды:

– Барган ишиң бүттүбү? Ботом, аны сурагыча буга кирип кетпедикпи.

– Ой, кемпир ой! – деди кулагын кере, бутун мандаштан сууруп серпкен Асаке ойрон. – Иш кандайча болуп бүтпөйт?.. Тегирмендин ташын чимирилтип жибербейминби ыя?!

– Ырас кылган турбайсыңбы, – деген аялы, – казан асып, чыйпый жасай коёюн, – деп үйүнө кетти. Дагы серпкенден кийин, Үсеке деп калды:

– Төрагабыз печатын үйлөрдөн мурда бирдеме үмтөтмөйү бар эле, андан канттиң?

Жакадан ичип чыгып, бул жерден кайталаганга Асаке кайра кысып, уларча абага ышкырды:

– Керек болсо анын печатын справкага эмес, үйдөгү кемпиримдин май куйругуна балч-балч эттирип басып коём, дос! Ха-ха.

– Ээ, баатыр, куйрукка печат сонун жабышат деп укчумун, – деп каткырат Үсекеси, – самын каат кезде кетире албай кемпириң экөөң кыйналып жүрбө, ышкылай берип!

Эки чабан «күндүк өмүрүңдүн жарымына жорго мин» болушуп, күжүлдөштү. Өзгөчө Асакенин жүзүнөн күлкү кетпейт. Маңдайы жаркырап, көз кычыгы кыбыңдайт, аа!

«Ашың адал болсо көчөдө ич» болуп, ниети таза аялынын күйөөсү менен иши канча. Баягы түйшүк. Баягы бүтпөгөн тиричилик менен алышуу. Күн өтүп денесиндеги уу тарап, заңылдаган башын соолутуп алууга кымындай да жылчык таба албасына көзү жеткен Асаке, балдарына карап, жети жылдан бери ысык-суугун бирге тартып келаткан аялын байкап, ичинен сынды. Арамдык, ак жолдон бура ба-

www.bizdin.kg

суу, ушинтип башталарын сезди. Өзүнүн мактанган сөздөрүн эстей, Үсекенин үйү тарапка кылчайып, кежигесин кашыйт. «Мыжыма ит эле! Бир күнү: «Төраганын печатын сурап келбейсиңби, аялдардын май-куйругуна басып-басып алалы, кайсы аймакта жашаганыбызды билип жүргөнгө сонун да!» – дейт эмеспи. Асаке оюн жыйып алгычакты коктудан мотордун күүлдөгү угулду. Ана-мына дегиче «Газ-60» дүүлдөп жетип да келди. Көрсө, Үсекенин райондо иштөөчү бажасы борбордо окуган кызы менен тестиер уулун эс алууга жиберипти. Түшө калган шофёр данистесин айткандан кийин:

– Үсекеникине кантип жетер экемин, моторум эски эле, жолдо калбаймбы? – деди.

– Аныкына моторуң түгүл, канатың болсо да жетиш азап. Балдарды түшүргүн. Менде «Почтобай» деген акылман бээ бар. Ошону токуймун. Бирин мингиземин, бирин учкаштырамын. Сумка-мумкаларын кендир жип менен арчындап, арта саламын. Жеткирип койгон соң Почтобайың түшкүр өзү эле кайыктай зыпылдап кайра тартат.

– Кудай жалгагыр, ырас кылбадыңызбы!

– Тур, өзүң үйгө кирип, суусун сок. Начальниктериңдикинде эле болбосо, жакада куюп туруптурбу кымызды.

Асаке айтканын жасады. Атыр жыттанган шаарлык кызга инисин учкаштырып атып:

– Почтобайдын ээси «канжыга кур болбосун» деди деп, жездеңе айт? – деди. Кыз баш ийкеди да, кула бээ үстүндө күлмүңдөп жөнөлө берди. Сумкадан ичимдиктин шишелерин көрүп калган Асаке: «Кудая тобо! Күтпөгөн күнү табылып калганын кара ой! Бүгүн да шыңгытат экемин ээ! – деп, күңкүлдөйт, Үсеке тарап сонун көрүнүп, – боз жорго минип ызгытып, кырк жылкы кубалайт экемин ээ, чаңдатып!» – деп кыт-кыт күлөт өзүнчө жыргап, башы эмитен жазылып. Убакыт өткөрүш үчүн бир нерсе жасагысы келет.

...Олдо карабаскырдыкы ай! Санаасы тынган Асаке үйүнө олтура калды эле, Почтобайдын заңгырап кишенегени угулбаспы. Аңгыча эттенип калган кара айгырдын окуранганы чыкпаспы. Ордунан учуп турган Асаке сыртка чыкса, жалдуу кара айгыр кула бээни тосуп алган экен. «Кайда бардың? Кайда жүрөсүң?» дегениби, мойнун чүлүктөй ийип, жалын үрпөктөтүп ачууланганы го жер чапчып, имерип атат. Бери жөнөтпөй чамгерек айлантып атат.

– Аай! Чу! Ай, тарт! – деп бакырган, жер сыйпалап укурукту алган Асаке чуркап жөнөдү. Күүлөп алган кайбарың Асакенин айкырыгын угар түрү жок. Имериле туура баштана калган Почтобайга секирди. Мойну ийилип, жалы үрпөңдөп, баштоочу ишин баштады. Үзөңгүлөр ээрдин кашына кийгизилип, чылбыр менен чырмал-

www.bizdin.kg

ганын, канжыгага баштык байланганын, карайгырдын буту баштыктын дал үстүнөн басканын Асаке көрүп энтеңдеп жүгүрүп баратат. Жеткенче көксөөсү сууган айгыр бээнин үстүнөн шыпырылды,

– Акмак! – деп, айгырды капталга укурук менен салды. Бээни сууктап канжыганы караса баштык ичинде шишенин сыныктары кычырайт. Жыты каңылжарды жарган арак сарыгып, сызылып тамат. Сөзсүз ичемин деген ойдогу Асакеге дүнүйө алакандан тар болуп, томсорот.

www.bizdin.kg

Изденүү жана табылга

Эсен КЫЛЫЧ уулу,
Октябрь КАПАЛБАЕВ,
Төлөбек АБДЫРАХМАНОВ

ТАРЫХ ТАРЫХЫ: VII–VIII КЫЛЫМ

Кыргыздардын Батыш Тянь-Шанга алгач келгени тууралуу маселелер тарыхчыларды, айрыкча, кыргыз таануучуларды такай кызыктырып келген. Бирок азыркы мезгилге чейин окумуштуулар IX–X кылымга чейинки кыргыздардын Батыш Тянь-Шанда жашагандыгын тастыктаган ишенимдүү далилдерди жана булактарды сунушташа элек. Жада калса бул маселенин тегерегинде илимий божомолдор дагы кездешпейт. Ошол эле учурда VIII–IX кылымда жана XI–XII кылымга чейин Кыргызстандын аймагында жашаган кыргыздардын кайсыл бир тобун тастыктаган тарыхый (жазма) булактар бар экендигин белгилеп кетүү керек. Кеп, Тан дооруна таандык (VII–X кк.) Батыш чектери түшүрүлгөн уникалдуу кытай картасы тууралуу жүрүп жатат.

Байыркы кытайлар өз мамлекетинин батыш жагында жайгашкан жерлерди Батыш чектери деп аташкан, Тан доорунда (VII–X кк.) Батыш чектеринде жашаган түрдүү элдердин жана мамлекеттердин жайгашкан жерлери белгиленген Тан мезгилине таандык карта бар. Ал картада кыргыздардын кайсыл бир тобу белгиленген. Жайгашкан жери Алтайдын түштүк-батышында, Или дарыясынын түндүгүндө, Чумугун Батыш түрктөрүнүн жанында болгон. Бул кыргыздардын тобу ташлыктардын батышында, карлуктар белгиленген жердин чыгышында жайгашкан. Тянь-Шань тоосунун батыш кыркаларынын түндүк жагында, кыргыздардын түштүк жагында

www.bizdin.kg

карлуктар көрсөтүлгөн. Бейжин (Бейтин) түргөштөрдүн түштүк-чыгышында орун алган.

Ташлыктардын түндүк-чыгышында (чыгышка жакыныраак) мэулолор (булагдар) болушкан. Чигил уруусу булагдардын жана ташлыктардын ортосунда турат. Чигилдер менен ташлыктардын ортосунда карлуктар белгиленген. Батыш түрктөрүнүн Ашина тобунун түндүк-батышында Алтай тоолору жайгашкан. Түргөштөр чуми уруусунун түштүк-батышында (түштүккө жакын) көрсөтүлгөн. Булагдардын түштүк-чыгышында (түштүккө жакын) ашина хэлу уруусу орун алган. Чуе уруусу ашина хэлу уруусу менен бирге түштүк-батышта турушкан. Түргөштөрдүн түштүк-чыгышында (түштүккө жакын) чубань уруусу жайгашкан. Чубань уруусунун түштүк-чыгышында (чыгышка жакын) жана ашина хэлу уруусунун түштүк-батышында (түштүккө жакын) Иву (Иу) уезди (Карашаар) көрсөтүлгөн. Илинин түштүк-батышында (түштүккө жакын) Выньсу аймагы (Вэнь-су чжоу) белгиленген. Алардын ортосундагы аралык болжолдуу түрдө Илиден кыргыздарга чейинки аралыктан эки эсе узак. Түргөштөр Илинин түштүгүндө жайгаштырылган. Алардын ортосундагы аралык болжолдуу Илиден кыргыздарга чейинки аралыкка барабар. Сулэ (Шулэ) өлкөсү Выньсу аймагынын түштүк-батышында жайгашкан. Алардын ортосундагы аралык болжолдуу Выньсу менен түргөштөрдүн ортосундагы аралыкка барабар. Кюйцы (Цюйцы) мамлекети түргөштөрдүн түштүгүндө, Выньсунун түштүк-чыгышында орун алган. Түргөштөрдөн Кюйцылерге (Цюйцы) чейинки аралык болжолдуу Сулэден (Шулэ) Выньсуга чейинки аралыкка барабар.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, картадагы камтылган жогорудагыдай маалыматтар б.з. VII кылымына таандык. Картада белгиленген кыргыздардын кайсыл бир тобу карлуктардын чигил, булаг, ташлык урууларынын курамынын арасында жашап тургандыгы көрсөтүлгөн. Ал эми карлуктар б.з. VII кылымында Жети-Сууда жашагандыгы белгилүү. Бул элдик бирикменин курамына үч чоң уруу: чигилдер, булагдар жана ташлыктар киришкен. Бул уруулардын бардыгы б.з. VII кылымдын ортолорунда Тянь-Шандын түндүк аймактарын, Жунгарияны ээлеп турушкан. Ошол эле учурда Тан мезгилине таандык Батыш чектери тууралуу кытайлык картада карлуктардын элдик бирикмесинде да кыргыздардын кайсыл бир тобу болгондугу көрсөтүлөт.

Мусулман авторлору түзгөн кээ бир тарыхый (жазуу) булактарында б.з. VIII–IX кылымында азыркы Кыргызстандын аймагында кыргыздар тууралуу кызыктуу маалыматтар кезигет. Андан да кызыгы, алардын кошуналары катары карлуктар чигилдерди көрсөтүшөт. Бизге белгилүү болгондой, карлуктар б.з. 746-жылы азыркы Кыр-

www.bizdin.kg

гызстандын аймагына көчүп келишкен. VIII–X кылымдарда карлуктар Чүй өрөөнүнүн негизги бөлүгүн, Кыргыз Ала-Тоосунун түштүк жана түндүк жактарын, Ысык-Көлдүн түштүк жээктерин жана Борбордук Тянь-Шанды, ошондой эле Ички Тянь-Шандын кээ бир аймактарын ээлеп турган. Кулан (азыркы Луговой станциясы) менен Меркенин ортосунда карлуктардын үч уруусу, Туз-Көлдүн (Ысык-Көлдүн) жанында жети уруусу жашаган. Карлуктардын дагы бир бөлүгү Талас дарыясын бойлой жана Исфиджаб шаарынын (Чымкентке жакын) ортосунда, Фарабда (Отрар), Фергананын тоо этектерине турук алышкан.

Кыргыздар карлуктар менен бирге б.з VIII кылымында Тянь-Шанды карай чогуу жылып баргандыгы шексиз. Себеби ошол мезгилдеги мусулмандардын эмгектеринде б.з. VIII же IX кылымында кыргыздарды карлуктар менен чогуу Талас аймактарынан кезиктиребиз.

Ал-Истахринин «Китаб масалик аль-мамалик» эмгегинин «Хорасан тууралуу» бөлүгүндө Хорасандын чектерине чейин созулган тоо жөнүндө: ал тоолор «Бамиан чек арасына, Банджхирге киргенге чейин, Ваххан өлкөсүнө чейинки жана Мавераннахрдан бутактап бөлүнгөн жери, түрктөрдүн (өлкөсүнүн) ички чектеринен (өтүп барып), хырхыздардын жанындагы Илак жана Шаш чектерине чейин созулат. Бул тоолордун башынан аягына чейин күмүштүн жана алтындын кендери бар. Алардын эң бай кендери хырхыздардын өлкөсүнө жакын турат. Азырынча алар (кендер) Фергана менен Шаш тарабынан Мавераннахарга жетпейт» деген маалымат бар.

Көрүнүп тургандай, эскерилип жаткан кыргыздардын тобу «түрктөрдүн (өлкөсүнүн) ички чектеринде», «Илак жана Шаш чектеринде» жашашкандыгы белгиленип турат. Бул эмгектин фарси котормосу боюнча «Гур тоолору Хорасандын чектеринде жайгашкан. Ал Бамиан, Панджхир жана Мавераннахр чектерине чейин созулуп, Ички Түркстанга, Чачка (Шаш) жана хырхыздарга чейин киргендиги» айтылган.

Чач же Шаш – Ташкент аймагы (Ташкенттин көк жайыгы). Ал эми Илак аймагы Талас өрөөнүндө орун алган. Демек, кыргыздар Таластан алыс эмес жерлерде, анын тегерегинде жашашкан.

Аль-Истахринин аталган «Китаб масалик аль-мамалик» эмгегининде (фарси котормосу боюнча): «Тараз – бул түрктөр менен мусулмандардын ортосундагы чек. Анын тегереги дубал менен курчалып, Тараз аталат» – деп берилген. Бул жерде айтылып жаткандай, Чачтын чыгыш чек арасы Таразга чейин жетип, ал эми анын тегерегинде кыргыздар карлуктардын арасындагы бир уруу катары жашаган.

www.bizdin.kg

Аль-Истахринин ошол эле эмгегинин Мавераннахр тууралуу бөлүгүндө: «Усрушана, Фергана, Илак, Шельжи жана Лавандагы кен иштетүүчү жайлар хырхыздардын өлкөсүнө чейин созулат жана бул кендердин бардыгы негизги тоо кыркасында жана ага уланган тоолордо орун алган» – деп айтылат.

Бирок фарси котормосунда төмөндөгүдөй берилген: «Бул негизги тоо кыркасынын карама-каршы тарабында чөл (орун алган). (Ал) Фергана, Илак чектериндеги Усрушан аймагында, хырхыздар жашашкан жерлерге чейин жайылып жатат. Булардын бардыгы бул тоонун (негизги) кыркасынын жанында жайгашкан».

Эгерде андай болсо, кыргыздардын бир тобу Тараз же Талас аймактарында жашагандыгын далилдеп жатат. Ушундан улам Аль-Истахри эмгегинин түп нускасы фарси тилинде жазылгандыгы тууралуу божомол туура болсо керек деп ойлоого негиз бар.

Автору белгисиз «Худуд аль-аалам» аттуу эмгектин «Тоолор жана кендер тууралуу баяндама» бөлүгүндө төмөндөгүдөй деп айтылат: «Дагы бир тоо тогуз-гуздардын чек арасынын башынан баштап, Ысык-Көлдүн жанынан тухсийлердин аймагынын аягына жана халлухтардын чек арасынын башталышына чейин созулуп, анан кайрылат. Тоонун кыркасы хырхыздардын бир уруусунун аймактарына кирип кетет. Бул тоону Тулас – деп аташат. Тоодо киш чычкандар, ошондой эле көк тыйын чычкандар жана жыты аңкыган эликтер бар. Ал эми хырхыздардын аймагын көздөй кеткен тоо кыркасында жыты аңкыган эликтер, хуту мүйүздүү эликтер (мүйүзү дары), көк тыйын жана киш чычкандар бар».

Бул жерде кыргыздардын жашаган жери катары Талас даана жана так көрсөтүлгөн. Калыбы, сөз жогоруда айтылган «таластык кыргыздар» жөнүндө жүрүп жатат. Ал чыгыштан батышты карай сүрөттөлүшү маалыматтын тартибин гана көрсөтпөстөн, эмгектин «Китаб Худуд аль-аалам-мин аль-Машрак ила-ль Магриб» («Дүйнөнүн чыгыштан батышка карай чектери тууралуу китеби») – деп төгүн жерден аталбаганын да айгинелейт.

«Худуд аль-аалаам» эмгегиндеги «Тухсилердин аймагы жана анын шаарлары тууралуу баяндамасында» мындай деп берилген: «Анын (т.а. тухсилер) аймагы чыгыш жагы – чигилдердин (жайгашкан) чеги, түштүгүндө – халлухтар жана токойлуу тоолор, анын батыш жагында – хырхыздардын тобу, ал эми түндүгүндө – чигилдер турушкан. Бул аймак чигилдердин аймагынан да байырак келет...»

Тухсилер Чүй өрөөнүндө жашашкан. Ысык-Көлдүн чыгышында чигилдер жашашса, түштүк Батыш Тянь-Шань тоолорунда, «токойлуу тоолордо» карлуктар жашашкан. Тухсилердин батышында «таластык кыргыздар» гана жашашы мүмкүн.

www.bizdin.kg

Бул маалыматтар боюнча «таластык кыргыздар» карлуктар сыяктуу эле Алтайдан келишкен. Ошол эле учурда байыркы Алтай – Тулас, Тулес (мүмкүн Талас) деп аталгандыгы белгилүү. Ошондуктан «таластык кыргыздар» жайгашкан Талас өрөөнү алар (же карлуктар) тарабынан Талас (Тулас, Тулес) деп аталышы мүмкүн (балким, Алтайдагы Таласын – туулган жерин эстеп жүрүү үчүн атап алышкандыр). Тараз шаарынын аталышы дагы мына ушундай шартта келип чыккан болуш керек.

«Худуд аль-аалам» эмгегинин «Йагманын аймактары жана анын шаарлары тууралуу баяндамасында» «Кашкар Чинистандын аймагына карайт. Бирок ал Йагманын, Тибеттин, хырхыздардын жана Чиндердин чегинде жайгашкан» делинип, бул жерде Кашкардын жанында кыргыздардын болгондугу тууралуу эскерилет.

«Худуд-аль-аалам» эмгегиндеги «Халлуктардын аймактары жана анын шаарлары тууралуу баяндамасында»: «Пенчуль – халлухтар отурукташкан чектерде (жайгашкан) жана байыркы мезгилдерде анын башкаруучулары тогуз-гуздардан болгон. Ал эми азыркы учурда хырхыздардын ээлигинде», – деп айтылат. Пенчул Кашгардын жанында жайгашкан чакан шаар. Ал азыркы мезгилде Выньсу деп аталат. Жогорудагы эскерилген Пенчул шаары академик В.В.Бартольддун ою боюнча азыркы Ак-Суунун ордунда жайгашкан.

Демек, X кылымдын биринчи жарымында Кашкар аймактарында кыргыздар жашаган. Булар Таластан келген кыргыздар болушу мүмкүн. Анткени X кылымдын биринчи жарымында Талас жана Чүй өрөөндөрүнө Самани эмиратынын аскери басып кирет. Алар Шаш жана Исфиджаб тарабынан басса керек. Тараз кулагандан кийин жергиликтүү түрк уруулары (карлуктар жана чигилдер) Чүй өрөөнүнө оошот. Алардын борбору Баласагун шаары болуп калат. Бирок ал жерден дагы көчүүгө туура келип, Кашкарга көчүшөт. Себеби саманилер Чүй өрөөнүн басып, Баласагунду ээлеп алышкан. Талас тарапта жашаган кыргыздар карлуктар жана чигилдер менен бирдикте Борбордук Тянь-Шанга жылып келишсе керек. Алар карлуктардын курамында болуп, Тянь-Шандын этегиндеги өтө чоң эмес Пенчул аттуу чакан шаарын ээлеп турган сыяктанат.

Саманид Наср II ибн Ахмеддин (913–942-жылдары) сарайында кызмат кылган араб акыны – Абу Дулаф Бухарадан Кытайдын борборуна кайчы жөнөтүлгөн элчиликке кошулуп, барып-келген саякаты тууралуу «Рисалени» (Жол дептери) түзгөн. Анын маалыматтары боюнча Абу Дулаф карлуктардын жана тогуз-гуздардын ортосунда жашаган кыргыздарга барган. Ал жерде: «Бул кыргыздар таруу, күрүч жана төөнүн этинен башка эттердин баарын жешет; алардын кудай сыйынган үйлөрү жана өз жазуусу бар; алар акылдуулу-

www.bizdin.kg

гу жана сактыгы менен айырмаланышат; шамдарын өзү өчмөйүн өчүрүшпөйт. Алардын сыйынуу учурунда айтыла турган атайын дубалары бар. Туулары жашыл. Түштүктү карап сыйынышат. Планеталардын ичинен Сатурн жана Венераны (Чолпон жылдыз) урматташат; Марсты жамандыкты алып келүүчү жылдыз катары карашат. Жырткыч жаныбарлар көп. Түнкүсүн жарык кылган таш бар, ошондуктан алар жарыксыз деле жүрө алышат; бул таштардан эч бир элде жок буюмдарды жасашат. Алардын падышасы элинин камын көрөт, ошондуктан ага баш ийишет; анын жанында кырк жаштан ашкан кишилер гана отура алышат» – деп баяндалат.

Абу Дулаф кошулуп барган элчилик Кытайга мүмкүн болушунча кыскарак жолду тандашып, Түштүк жолу менен Фергана жана Чыгыш Түркстан аркылуу, андан ары Ички Тянь-Шандын түштүк этектери аркылуу кербен жолу менен өткөн. Мына ошондуктан Абу Дулаф Борбордук Тянь-Шандагы, дал Кашкар аймагында карлуктардын жана чигилдердин арасында жашаган кыргыздарга жолуккан болушу керек.

Алар жөнүндө Махмуд Кашгаринин (Барскани) эмгектеринде да айтылат. Эмгегинин бир жеринде кыргыздарды чигилдер жана йагмалардын жанында турушкандыктарын эскерет. Ибн Хуакалдын картасында кыргыздардын жери менен карлуктардын жери менен тийишип турат.

Ягмалар Борбордук Тянь-Шанда жашашып, чигилдер сыяктуу эле Караханид каганатынын курамына киргени белгилүү. Алар эскерген кыргыздар Борбордук Тянь-Шанда чигилдер менен ягмалардын ортосунда жашаган.

Махмуд Кашгаринин эмгегинин бир жеринде ал кыргыздарды таза түрк тилинде сүйлөгөн уруулардын тобуна кошсо, экинчи жеринде кыргыздарды Караханид түрктөрүнө кошот. Караханид каганатын негиздегендер чигилдер экендиги окумуштуулар тарабынан аныкталган. Махмуд Кашгари түрк тили катары айтып жаткан тил, чигилдердин тили болушу мүмкүн. Демек, ал кыргыздар таза чигил диалектисинде сүйлөшкөн. Бул көп деле таң калууну жаратпайт. Себеп дегенде, алар көптөгөн мезгил бою чигилдер менен бирге карлуктардын арасында жашашкан. Абу Дулаф өзүнүн Тянь-Шань аркылуу барган саякатында дал ушул кыргыздарга туш болсо керек.

Мына ошентип, Тан доорына таандык кытай картасы далилдеп тургандай, б.з. VII кылымда кыргыздардын бир тобу карлуктардын элдик бирикмесинде булаг, чигил жана ташлык урууларынын арасында, азыркы Жунгария аймактарында жашаган. VIII кылымда алар менен бирге батыш жактарга ооп, андан кийин Батыш Тянь-

www.bizdin.kg

Шань тоосуна туташкан Талас өрөөнүнүн жашоочулары катары таанылган.

Дагы бир өтө кызыктуу кытай булагындагы маалымат. Чек арадагы аскерлердин жайгашуусу (742-жылы же андан мурун болушу да мүмкүн) тууралуу буйрутмага ылайык, он Цзэ-ду (чек ара аскер башкармалыгы) уюштурулган. Анын бири Бей-Тхин-цзэ-ду түргөштөрдүн жана кыргыздардын жортуулдарына каршы түзүлгөн. «Бэй-Тхин Духофу башкармалыгы Илиде турган», т.а. Бейжинде, азыркы Үрүмчүнүн тегерегинде жайгашкан (түркчөсү Бешбалык, Или өрөөнүндө орун алган). Мына ушундан улам суроо туулат. VII–VIII кылымдын башында Бейжинге жортуулдарды уюштуруп турган кайсыл кыргыздар? Енисейде, Саян тоо кыркаларынын аркы жагында жашаган кыргыздар муну кыла албайт эле. Демек, бул кыргыздар VII–VIII кылымдын биринчи жарымында карлуктар жана түргөштөр менен кошуна жашаган жети-суулук кыргыздар болушкан.

Биз жогорудагы кеп кылган кыргыздар тарыхтан өз ордун таап, тарыхчылар, кыргыз таануучулар тарабынан калыс таразаланып, көптөгөн талаш маселелерге чекит коёт деген ойдобуз.

www.bizdin.kg



Калемдеш тууралуу сөз

Асан ЖАКШЫЛЫКОВ

«ЖАШ ЛЕРМА» ЖАЛЫНЫ

Сүйөркул Тургунбаев акын курбулары Жолон Мамытов, Нурпаис Жаркынбаев, Токтосун Самудинов, Байтемир Асаналиев, Төлөгөн Мамеев сыяктуу тээ бала күнүнөн согуштун кээрин аябай тарткан муундан, улуу Жеңиштин томсоргон жетимдерден. Кантсе да, ошо социалдык «жетимдерди» Совет заманы кыйла кор кылбай жетилтти; тигинтип, көңүлүн бөпөлөп өстүрдү; диплом берди, ал турсун Академиясынан иштетип койду. «Академия» ал убакта акылы көкөлөгөн Ала-Тоонун туу чокусундай сезилчү. Ошо Академияда иштеп, ак көйнөк кийип кычырап, мойнуна жайдын ысыгында серүүндөп сөөлөттөнө бет аарчы жаап, түз болоттой зыңкыйган жана сыр алдырбай тымпыйган Сүйөркул өзү болгону ал учурда 25–26 жашта эле! Бирок жүргөнү токтоо, тунуп калган айнектей сабырдуу, кандайдыр чачы ошондо эле ак аралап калгандай суйдаң сезилчү.

Анын «кумири» Рамис бир орунда тура албай туйлап шаарга батпай жүрсө, Сүйөркул токтоолукту Алайдын топоздорунан үйрөнүп келгендей, сөздү угуп-угуп, дымып-дымып туруп жай жүрүш менен капталдата басып кетер эле. Канчалык унчукпаса да, капталдап жүрүп кеткенинде кандайдыр бир «Жаш Лерма» (М. Лермонтов) касиети жылоолоп, акындык шыгы алысты эңсеп калган учуру келген шекилдүү.

Бир жагынан мезгил ойда кылактап: «Ойнойт мезгил тийип-качып, / Кундузданып, кулпуруп,/Батар күндөй кайып кетип,/ Кайра жарк деп бир туруп»; экинчи жагынан турмуш катаалдыгы: «Кабагында кар бороилоп, /Мурутуна муз тоңуп, / Эрите албай жай аптабы/ Турат ага күч болуп»; ойго эзилген, сезими элирген акын болсо жалгыздыкты жан жолдош кылып: «Бийик жээкте турат

www.bizdin.kg

акын/ Ээн калган эл кетип, /Коргошундай уюп бекем/Коргошун ой терметип».

Бул абалга (мезгил-турмуш акын биримдигине жана карама-каршылыгына) аныкталант эртедир-кечтир кезигет, жандүйнөсү ойго тунуп эзилет, татаалдыкты өз башынан кечирет; тээ атам замандан келаткан чечилбес түйүндү чечип, эки дүйнөнү бирдей көргүсү келет.

Көкүрөгү сыр черткен Сүйөркулду көбүнчө үлкөн китепкана-Чернышевскийден көрүп калар элек (азыркы К. Баялинов атындагы китепкана). Ал олчойгон китептерди дайыма көзү жыртылчыга окуп, эл аягы суюлганда, ошо китептер арасында түнөп калганга да кайыл өңдөнүп, китепкана жабыларда ойго терең бата, ичтен дымып, кайкалай түшүп жалгыз чыгар эле, өз оозун бирөөгө чаптатып койгонсуп, дале унчукпай көзүн боз чалып, алган илимин ичине катып, жолдо баратып уктап кетчүдөй жалгыз кетип калган учурлары жадымда.

Мезгил, Турмуш менен жеке Жан оту жалгашчудай болуп турса, Чернышевскийге чогулган акын, акылмандардын мурастарынан көрөңгө чогултуп, алардан руханий күч жыйнап, кайтуулга камынып калган учуру экен көрсө.

Бирок ал кезде, анын Сүйөркул экенин кайдан билейин, ушинтип көп жылы сыртынан көзөмөлдөгөн мага – ал мен үчүн али бейтааныш таанышым эле. Эмнегедир сырдуу кызыкчумун,бирок эч качан сүйлөшкөн эмеспиз. Андай тымпыгыйлыктын уюткусу менен ким деген даап сүйлөшмөк? Бул түпсүз тымпыгыйлык эгерим оп тартып кетсе шорубуз кимге?

Бирок аны менен баржаңдап сүйлөшкөн кишилер да бар экен, ал турсун Сүйөркулду каратып коюп, тымпыгыйдан жазганбай да, тайманбай өз ырын шарт окуп берген көк жалды дал өз көзүм менен көрдүм.

Ошо кездеги жаш акындардын Беганастан кийинки «командири» дайыма чечекейи чеч жүргөн, адамдын ичи койнуна бат кирип кеткен, коңулга да батып, «тукумдаткан карызды Тургунбай өтөр дүйнөдөн» деп ылакап болгон, айтор, жан багып кеткенге ыктуу жана өзү өзгөчө шыктуу Тургунбай Эргешов ушу унчукпас Сүйөркул менен тең ата кебилеше алат экен; көрбөйсүңбү, атайы, кийинчерээк «официалдуу» ошо тайманбас Тургунбай –«Тургунбаевге» мени тааныштырды.

Бирок «местный Андрей Вознесенский» өңдөнүп, кийин деле Чернышевкадан жолугуп калганда, сөөлөттүү Сүйөркул көп сүйлөчү эмес, көргөндө ийилип салам айтсак, керсейип алик алчу, ойго тунуп турчу.

...Аялы менен кантип сүйлөшкөнүн, кантип үйлөнүп да алганын ким билсин, ошо кезинде эле унчукпай жоош жүрүп, далай-далай

www.bizdin.kg

айчүрөк-күнчүрөктөрдүн башын айланткан сыяктуу. Аны кийин ырларынан байкадым. «Унчукпастын» кылбаганы жок, жаш кезинен эле сезимге жаны эзилип, «махабат-кайыпты» шырп алдырбай сезип, анан атактуу «Чайбала» деген ырында:

Каңырык түтөгөн көөдөндөн,
сыздатып, сай-сөөктү өрдөгөн
капкара ыр чыгат буулугуп:
Чайбала, Чайбала, Чайбала
жан шоолам, жашындың кай жакка?
Жарк этип, дидарың көрсөтчү,
кабарың билдирчи, садага!

Адамды туш кылба балаага –
деп тилейт Күн таңда чыгарда.
Келгени бул өмүрканага
баттым мен биринчи санаага,
Чайбала, Чайбала, Чайбала!

Кыясы, Сүйөркул биринчи жолу Чайбаладан «санаага батса» да (баарыдан да унчукпас митаам «Чайбала» деп башкага сыр билгизбей купуя ашыгына өзү гана билген ысым берип, жашылданып жалбарганын карабайсыңбы, чоң китептерден бул символикалык «куулукту» да үйрөнсө керек; канчалык ашыктыкка жаны күйсө да, «Чайбала» деп атын жашырып, кылдат кыйытып, ага чай сундуруп, көзмө-көз кылып мандайында алып олтуруп, анан барып Омар Хаям болгону жатпайбы. Чайбаласы да «көзөл» неме көрүнөт, унчукпас Сүйөркулду тирүүлөй боздотуптур…)

Мейли, ууз махабатына анчалык дооматыбыз жок, бирок демейде созулуп сыр алдырбас Сүйөркул жыла жүрүп, кайдагы санаага батып, кайбарың кайра башка бийкеч Шайыркүлдүн альбомуна: «Бийик, бийик деп айтып/ жапысына жантайган/ жароокерди не дейбиз? – деп, деле башкага сыр алдыргысы жок, бирок сезим изкубарлары, баары бир шекти байкап, акындын сурооо (?) кылдат жашырып салган табышмагын: «Бийик, бийик туруп, жароокердин жапысына жантайган болсоң» анда ишке жараган экенсиң дагы деп, тымызын өзү эле сыр түйүндү чечмелеп алат да.

Сырын ырынан жашыра албаган апенди Сүйөркул, канчалык сабырлуу болбосун өзү табиятынан патетика, пафоско бай жан; кыясы, «Чайбала-Шайыргүлдөргө» өз кумары түгүл чоң Алайды да тартуулуп жибериши ажеп эмес. Анатай досу Памирде кыйынсынганы менен, Сүкөмдүн сүйүүдөн кыя өтө турган эч түрү болбоптур.

www.bizdin.kg

Ага далил, эми минтип, бүт абийирин өзү төгүп, көчөдөн эле көк көйнөк кыз көрүп калса ак уруп кетип жатпайбы:

«Бөйтөйгөн эриндери,
Ботодой каректери,
Көрбөйүн десем дагы
Көзүмдү өрттөп өтөт.

...Канетип күнүм өтөт
Көк көйнөк – көрсөм карап
көгөргөн көк махабат
таптырбай дайынымды
кайдадыр алып барат...

Тажрыйбасы «мол» Сүйөркул эми бара-бара «Турист кыздар» менен ачык эле:

«Агай» – деп курчап алып,
Ак дилден сырлар айтып
Бир кече жарпты жазып
кеттиңер таңда кайтып.

Адегенде, «сыр» айтышып, анан барып «жарп « жазышып, анан таңга маал узатып коюп жатпайбы, «туристтерди»! Жооштон жоон чыгат деген, же орустар айтмакчы, «сазга баткан шайтан» болуп, анысын өзү ырында жарыялап, поэзиядагы «сыры ачыктык» (искренность) деп мына ушуну айтат тариздүү, кайсы күнү кандай турсий кийгени да даана эле сүрөттөлгөндөй! Эми, Сүйөркулдун ушу «туристтер» менен эле турсий сүйүүсү «токтойт» деп ойлобоңуз, жок, жок, кызыгы эми-эми башталгандай. Аны билиш үчүн «Жарыгым, Электра» деп «Розасын» жашырып койгон ырын окуңуз, окусаңыз санааңыздан тим эле ак булут айланат!

Бул ырдагы лирикалык каарман «Электранын» жан махабаты Каир, Вена, Париж, Британия, Женева, Афиныда күйүп, Азия, Европада жер кезген «үйлөнүү үлпөтүндө» айлап-жылдап махабатта гана жашап өтө лаззаттуу. Электра бир туруп Сүйөркулга Нефертити, Томирис, Жакондо, ал турсун Монро болуп жанын жыргалга бөлөйт; Айчүрөк, Ак Мөөр, Айпери, Таттыбүбү, Кишимжан, Айтургандар бери жакта эле калгансыйт. Анан Сүйөркул кайбарың өз Электрасын Парижбек, Лондонбек, Римбек, Бейрутбектердин көзү соолбосо көрүшүн талап этет.

Мына, сага, сыр алдырбас, шек билгизбес Сүйөркул! Электрасын шек билгизмек түгүл, дүйнөгө ачык эле мындай керемет сулуу

www.bizdin.kg

биринчи жаралгандыгын даңазалап салбадыбы! Анан мынчалык тажрыйбадан кийин: «Кыял мас кызга»: «Эр» деген шундай «мектеп» – турмушту таанытат бек – деп «кербез сөз, кырс мүнөз, кыял мас» кызга болору болуп, боёсу кангандан кийин күйөөдөн чыгып келген учурунда «кыз» деп кылдат жакындап, ызада турган жаш келинге эбин келтирип, эбедейи эзилип кеңеш айткан болуп жатпайбы! Мейли, мунусун деле «жигитчилик» деп коёлу, мезгили жалгыз өтүп калган жаш келинге Сүйөркул сүмөдөйдөй болуп эбин таап жакындабаганда эмне кылат эле? Эх, Электра! Электра! Сонуну созулган Сүйөркул, Энн Ветемаадан таап алып дале «Кыздар» деп сыздайт да, анан академиялык илимине таянып:

«Алардан чыгат анан/ күйөөлөрүн шынаарлаган/ жаш зайыптар» – деп өтө олуттуу илимий корутундуга келип, андан соң аялзаты үйдөгү «идиш-аяк, мебелдерине» жүрө-жүрө окшоп кала тургандыгын баамыбызга салуу менен өзү болсо дале Марипатка, Перизатка кумары жанбастыгын «декларациялап», «Отуздагы келиндей» деп Сүйөркул эми өз курагы жетимиш ооп турган жашында, абайлап алтымышка барган айымга дале көзү түшүп:

«Майин сүйлөп, жибек мүнөз муңайым
Бирге иштейт биздер менен бул айым.
Жашы 6 ондун айылына келсе да
Улар үндүү ургаачыга жетпес баа...» –

деп, майин-майин чайнайт да, алтымыш ашкан сулууну акырын өз боюна тарткысы, көңүлүн тапкысы бар. Киши кумары ушу эмеспи, Сүкөм Байрондон ашып түшкөн женьтелмен сыяктуу. Мына, мына, махабат карыбайт, көңүл улгайбайт деп ушуну айтат эмеспи элде, «Жаш Лерма» дагы эле табында сыяктуу, бир туруп алтымыш асыйга көз артса , дайыма дале көңүлү «Сүйүшкөндөрдө», антпесе:

Айнектей тунук бетиңен,
Ак кебездей этиңен,
Арбалып сага күн сайын,
Азайып барам четимен.

Улгая баштаган куракта эми-эми бир аз эсине алып, бирок ага да болбой:

Ушул жаздын жамалы
Эмики жазда калабы?
Эки күндүк өмүрдү
эркелетип алалы» –

деп «моментти» эч качан кетиргиси жок. Байкасак «Жаш Лерманын» мезгил, турмуш менен ышкылуу оюну карыганча эмес,

www.bizdin.kg

өлгөнчө да калбачудай; ылайым адам жанынын сулуулугу эч качан жоюлбасын; дегинкиси, кууралы көп жашоого туз татым сүйүү берип койгон Жаратканга кыясы махабатчыл Сүйөркул дайыма ыраазы.

* * *

Сүйөркул акындын поэтикалык чабыты лирика жаатында гана болсо анда сөздү ушуну менен токтотсок болот эле, бирок сөз каяктан ушу менен токтосун, бул акындын азырынча бир гана сыры, анын таалыкпас талант чабыты кенен, тематикасы мол.

Ошентип, ошо кездеги Академиянын кыл мурут кызматкери, сүйүүнүн «Жаш Лерма» каарманы убагында өтө сүрлүү эле. Кийин бул жооштугу жоонойгон Сүйөркул менен бат эле шернебиз бир болуп, камыр-жумур болуп кеттик. Жолон акын өзү палоо баскан, Турар акын чалкалап жатып черин жазган, Орозбай чечен жер безеп сүйлөп жаткан, сыр алышып ыр окушкан, чыр башталып ой талашкан, арак ичип мас болгон, кыздарды жандап жаш болгон, кайран гана акындыктын жашыл түз жаш курагы!

Бул учурларда көп ирет бирге болдук, үйүр топтой бирге жүрдүк, бирге ыйладык, бирге күлдүк. Биздин катарыбыз аттиң эрте азайды, бирин сала бири – Манас, Жоробек, Аман, Турар, Жолон, Табылды, Тургунбай, Курбанаалы, Орозбай, Дайырбек, Беганас, Роза, Үмөт –баары жаш-жаш кете беришти... Акындардан Сүйөркул баштап негедир алардын керээзи, биздин таланттуу муундун салам каты сыяктуу тирүүчүлүктө дагы ыр жазып, сүйүүсү мол «Жаш Лерма» болуп азайсак да жашап жүрөбүз.

Кыргызстаныбыз үчүн биз тээ жаш учурубуздан бери санаа тартабыз. Т. Усубалиевдин доорунда эле Кыргыз ССРине аныкэркиндик керек деп «Төңкөрүш» жасагыбыз келчү. Аны биз үчүн Горбачев аткарып койду. Бирок таза ой-кыял менен Кыргызстан келечеги үчүн, момун улутубуз үчүн «Революция» жасайбыз деген, не деген жаштык анархист учурлар өттү. Аныбызды билип, КГБда иштеп калган Аман (Токтогулов) калемдешибиз алдын-ала кыялбаш акындарды ээликтирбей теске салып койчу. Ал кезде акча байлар эмес, көңүлү байлар көтөрүңкү максатты ак дилинен көксөчү, көздөчү. Ал учурдун «Күн көзү» ачык эле.

Учурунда кыялкеч жаш акындар цыгандардын көчүндөй элек; өз ара чогулушуп, Фрунзедеги жогорку окуу жайларды кыдырып, алп Турар баш болуп ыр окуп, Омор баштап оолугуп, ыракатына «Кагор» ичип канды туйлатып; Аман, Жоробек, Рамис, Сүйөркул, Алым,Табылды, Тургунбай, Бергенаалы,Чоюн, Беганас, Манас ж.б. жоон топ жаштардын катары дегеле узарып, уланып шапар тээп Рамистин ырындай шатыра-шатман шаңдуу жүрөр элек.

www.bizdin.kg

Азыр андагыдай шайыр жүргөндөрдөн, шаасы күч шайыр ырын улантканда рдан Рамистин өзү эле калды, аны да кээде жинин кагып турганга Шайыр жеңеге (Рамистин аялы) тапшырып салганбыз.

Сүйөркул баштап Сооронбай акындын салттуулугуна ооп, заман болсо базарлашып кетти. Кайран Гагарин көкөлөгөн, ырдагы Рамис доору боёгу өчө өткөн мезгилге айланып бара жаткансыйт. Анда Меңди, Сагын, Розалар, Шербет, Чынара, Арзыкан, Акыл, Калбүбү, Айгүл, Үриниса сыяктуу кыздардын да кылактап турган кымбат учурлары эле.

Рыспай ырдап, Калыйбек Тагаевдин калың чачы вальс термеген учур эле. Жолдубай Кайыповдун сулуу көзү телевизордон жалжылдап турчу.

* * *

Өзү жетим, мүнөзү өтө токтоо, салабаттуу Сүйөркул, ошо жыргалдуу совет заманы эмес, ушу азыркы базар заманда тестиер болсо, өтүмдүү бир иш кылып, азыркыдай «өлсөң өл, тирилсең тирил» деген учурда, турмуш жолун базардан баштап, озунуп, шымаланып бир нерсени алып-сатып оокатын кылып кете алар беле? Ай, ким билсин!

Ал АКЫН бойдон эле калмак, «Жаш Лерманы» жазган адам кантип башкага жүрөгүн берет эле?!

Балким балалыгы, соңунан жаштыгы азыркыдай мерес капитализмге туш келгенде, кайсы бир базарда соксоктоп тачка түртүп, колунда жок бечара өспүрүм жармачтын күнүн көрүп, тыйын санап, жаштайынан үй-жай багып, Максим Горькийдей «Турмуштун түбүн көрүп», балким, жеткен «реалист»болмок.

Балким, же заманы куруп турса, заманасы улуп турса жазбай да, ичи күйүп ичимдик менен алаксыйт беле, ит билсин, базар тегерегиндеги «чайбаласына» жолугат беле, өзү айткандай «түлкү турмуштун» түйшүгүн кыйла тартмак окшойт.

Бул «кейишти» мен атактуу акын Сүйөркул эмес, азыркы жаш калемгерлердин ичиндеги таланттуу жаш сүйөркулдар мындан ары кайдигер заманда кандай күн көрүп, кантип бой жазып таланттуу чыгарма жаратар экен, анын үстүнө китеп окулбай, акыл токулбай баратса, арты жүрүп «Фаэтон» тагдыры болбосо экен... деп санаалаанам.

Урду-сокту болуп жүрүп, балким, кордукка бышып, дээринде бар неме бат эле байып, чын эле ырдан оолактап биротоло бизнесмен болуп кетсе эмне болмок ушу, Сүйөркул?

Кээде күпүлдөп, саясаттын жагын айрып сүйлөп калмайы бар, эгер депутат болуп саясатка оосо, бак карап, кыдыр даарып Спикер

www.bizdin.kg

болсо, азыр, тээ алтымышынчы жылдардагыдай: «Акындарга бергиле парлементти!!» – деп жар сала айтар беле?

Сүйөркул бийликке аралашса, сөзсүз, дагы бир «Революция» болмок, бийликти бир жакшы жагына оодарып тынмак. Акындан антип «айрылгыбыз» келбейт,бийлик кимди гана бузбаган, кокус бузулуп кетсе, жалпы акындыкка доо кетмек, анда Сүкөм өзү Гомерди, Шанкараны баш кылып түбөлүктүү акындык абийирди уят кылып салмак, биз «Сүкө» деп сүйлөбөй да, сыйлабай калмакпыз.

Акбар Рыскулов өңдүү элчи болуп кетсе анда сөз башка, Чили посолу Пабло Нерудадай, орус посолу Грибоедовдой, жок дегенде СССР посолу Чыңгыз Айтматовдой ушу Сүйөркул посол токтоолугу менен топуктуу эле иш кылмак.

Бийлик азыр мансапкорлорго өткөнү сендейлерди ким эстеп жатыптыр. Алар эстеш үчүн ак үй, көк үйгө көп жолу кирип-чыгып турушу үчүн ыргытса буту менен түшкөн жер карама бийлик мышыгына айланышың керек эле оболу, же «бульдозер» аталып кыйкырыктын башында жүрмөксүң, Сүкө анте албайт, оюндун тазалыгына жетеленип оолугуп кетмейи бар, ою кир заманда ордого барып ырасында не кылмак?

Же Жакиев өңдүү башынан опутуң болгондо, анда, удулун таап эпчил президент кеңешчилеринен болуп, Сашка лысыйдан (Салижан Жигитов) бетер мансап тепкичине көтөрүлсөң болмок, бирок сен убагында «Кыргыз маданиятына» имерип сын жаздырып жүргөн, сынчылар кийин бийлик тепкичине көтөрүлгөнү менен адабиятка, илимге, же маданиятка, кана, эмне жардам кылышты? Аны өзүң билесиң, ырыңды эле жаза бер, таптаттуу махабатыңды тата бер Сүкө! «Лермаң» колдоп, түз басып, түз жатып жашап келесиң.

Антсе да, кыргыз үчүн сен небак эле казак мамлекети элчи кылган эрке акын Муктар Шахановдон деги эмнең кем эле, аның жулунган неме экен сенден канча жыл мурун «Кыргыз эл акыны» болуп кете бербедиби, ал досуң, же Сүйөркул сен мурун: «Эл акыны болушуң керек эле» – деп Аскар Ака-ич-ке бир ооз сөз айттыбы, жок дегенде Госсекретарь Осмонакун Ибраимов-ич-ке жаңсадыбы?

Жок, неси болсо да кыргыз эли үчүн, калкыбыз руханий жактан жетилиши үчүн Сүйөркул досум, сен акын бойдон калганың эле чоң олжо да! «Жагалмай канат жапан ырларыңды» чыгара бер, Сүкө!

Сенин ийгилигиң келечекте жатат. Биз сүйүнүп, улам жазганыңды окуй берели.Чиновниктерге китептин кереги жок болсо да, эл бар эмеспи, эл окуйт; жаштар жармач болбой эртерээк эсин жыйса, алар окуйт! Кантип эле келечек башын таштап коюп башка жакка биротоло кетип калсын?

www.bizdin.kg

* * *

Жаштардын арасынан башкача чиновниктер жетилер. Элдүү түлкү ачка өлбөйт экен, кошомат кылбай, түлкүлөнбөй эле экөөбүз деле эл арасында оокат кылып келатабыз, өкүнүчтүүсү жазгандарыбыз өз убагында чыкпай калып жатат, экөөбүздө кайдагы каражат, мен беш томдугумду чыгарам деп күүлөнүп, күрөөгө үйүмдү салып дымактанып, үй-жайдан биротоло айрылып кала жаздаганымды өзүң өтө жакшы билесиң, «искусство требует жертв» бул заманга таптакыр жарашпайт экен.

Өзүң да жыргаганыңан Токмокко барып-келип жашап жаткан жоксуң да, Бешкектеги үйүндөн айрылып, эгер жаш болсоң: «Спортсмен бол, Сүйөркул демекмин; эгер жуда машыгып, дүйнө чемпиону болуп калсаң, ошондо барып кайып-каскагынан үй алып калмаксың кайра Борбордон, эми француз классиги Марсель Пруст айтмакчы, «чыда, жаным» демекчи, чыда Сүйөркул!» Баласагын шаарынын калдыгына жакын барып жашап жаткан турбайсыңбы, сабырдуу жан эмесминби, сабыр кыл! Бир четинен «торгойлуу талаага» жакын барганың да жакшы болуптур. Асман-жер- акын – булар башынан жакын эмеспи.

Маданият минстрлигине үй сурап кириптир деп уктум, ушуну, кадырыңды сындырып бекер кылыптырсың. Чиновник чөйрөсү бейиште жашап жатса, кейиште турган таланттарга алар түшүнмөк беле, аларды деле, кадырың жан болсун, эми өз жайына тыштап кой, пайдакөздүгүн ичине каткан жекечил жер карама немелерден көп деле үмүтөтө бербе, алар сага каяктан Жолон болсун!

Экөөбүздүн Жолон жок азыр, ага зарлап мен да ыр жаздым, сен да боздоп ыр жазып келесиң, биздин эл – ары кетсек да, бери кетсек да өзүбүздүн эле жылаңач баатыр – жазуучулар, таланттуулар; аркы жана берки дүйнөдөгү жолондор, ошолордун кубаты жанбасын, ошолор жүрө Манас рухуна таянып, элди жолго салаар, ошолорго баш-көз болуп туралы, Сүкө!

* * *

Ичтеги бук бир аз козголуп кетти, эми кайрадан адабий сөзгө өтөлү, сен жөнүндө Токтосун айтпаса, Анатай айтпаса, мен айтпасам ким айтат? «Анатай, Асан, Акбар,/ Эрматов, Дүйшеев бар, / Өмүрбек, Кыялбек бар, /бар дагы мөрт акындар» – деп ырында бизге үмүт артып жатпайсыңбы! Анда анык сөздү, өлбөс сөздү уласак, Сүйөркулдун улуу акындыгы асман-жерди чапчыган «жайдаңдаган жакшы аттай» («Эки аска», «Планеттер арасында», «Эйдос дүйнө»,

www.bizdin.kg

«Фаэтон») сыяктуу дүйнөнү аңтар-теңтер кылган ойлорго бай, Гамлеттин Ааламдык суроосун тике койгон өтө олуттуу поэмаларындагы «жашоонун акыры эмне болот демекчи» – деп кайсы Акын даап сурамак жана ал суроого «ЖАН» байкуш жообун таба албай:

Мен дале тук эчтеме түшүнө албайм..,
Деги кантип түшүнүлөт шул ырлар?
Деги кантип түшүнүлөт шу күндөр?
Деги кайда жоголушат өмүрлөр ?
Деги кантип түгөнүшөт,
кантип бүтөт дүйнөлөр» –

деп жолунан, тарыхынан, ыйманынан, адамкерчилигинен адашкан дүйнө, жашоонун асылдыгын жалгыз өз кызыкчылыгына тебелеткен дүйнөкор дүйнө акыры өчкөн планета Фаэтондун кейпин кийип, Сүйөркул Тургунбаевдин поэмасындагы Фаэтон өзү айткандай:

Дүйнөлөр кантип бүтмөк эле,
Дүйнөлөр мына мага окшоп бүтүшөт.
Мына мен окшоп өчүшөт дүйнөлөр» –

деп каңырыгы түтөп, Сүйөркулдай акындын атактуу «Күндүн көзү» деген китеби ушунчалык коогалуу аяктайт беле? Жүрөгүң катуу сыздаптыр, жолуң болгур!

* * *

Кантсе да, Сүйөкөм, совет заманында эрте төрөлүп калып, мезгил, убакыт деген табышмактуу феноменди кайра-кайра таңгала ырдап, акыры өз совет заманынын кантип аякташын да көрүп, тигинтип каңырыгы түтөгөн ойлорго бекер камалбаса керек!

Акын жүрөгү дүйнөнүн бүткөн жерин кандайча кыйналып ырга айлантты экен?

«Күндүн көзү» мына ушинтип ызалуу аяктап жатса, анда эмне М.Горькийди дүйнөлүк атакка жеткирген «Турмуштун түбү» дал ушу Сүйөркул жеткен көз караш чегиби? (Сөз М. Горькийдин «Түпкүрдө» (1902) пьесасы жөнүндө айтылып жатат.)

Аңгыча жин ургандай,
убакыт закым болуп арабызда,
бир куюн чаң ызгытып өткөнсүдү,
жейрен духтай жел учурган
бир заман бизди каптап кеткенсиди.

Чын эле ошондой болду. Каптаган кара мезгил совет өлкөсүн жалмап тынды. Үрөй учту, үмүт талкаланды, күйүт күчөдү, чачыл-

www.bizdin.kg

ды, төгүлдү, таланды, ташы талкан болду. Олигарх деген немелер чыгышты. Ары жагын өзүң деле билесиң, азыркы ал-абалды ырыңда жазып жатпайсыңбы!

Оболу мезгилдин күн көзү тунарса да, ар кандай жышаанын алгач сезген-туйган кадимки пайгамбар көздүү пенде дал акындын өзү окшойт го – менин көз алдыма сен жакшы билген Александр Блок келди! Өзгөрүштөн үмүтөтүп жүрүп, социалдык революцияны, духовный революция деп кыялдана кеткен Александр Блоктун өзү алданбады беле. Демек, сенин кайгың «мыйзамченемдүү».

Андай мезгил жараңкасында калган Сүйөркул турмушту дагы теше тиктейт, дагы эле жер турмушуна баам салгысы келет, асман эмес, дале жерге боор толгоп турат бечара акын:

Жер үстүндө түлкү турмуш
чолок түлкү – куусаң дагы жеткирбес,
чаңы чыгып турса керек эскирбес,
же тургандыр куну учуп мустайып,
же тирлик толкуп, дуулап жаткандыр,
же кыбырап жетишпеген көр турмуш,
арабасын кылдыратып эптеп өтүп жаткандыр –
башка эмне болмок эле
алмустактан келаткан жер деген бул чөлкөмдө.

Жер чоң галактика мейкиндигинде чын эле кичинекей «чөлкөм», анын тагдыры тээ аалам жолдо оболу эле чийилген, анткени:

«Жок, Жер үстүндө ажал деген тажаал бар,
капысынан так алдыңан пайда боло калат ал» –

деп чындыкка тике карап, акын ой-санаасы ого бетер үшүндү алып, жеткен катаал реалист болуп чыга келет. Ажалды мындай коё кал, бул акын азабы, тагыраак айтсак, акыл азабы сазайыңды биротоло берчүдөй, турмуштун жакшы жагы жоюлуп баратса, ал ачуу чындыкты биротоло жыңалачтап салгандай:

«Сасык меш
дале ушинтип түтөй берет,
короодо улуй берет картаң дөбөт.
Эркиндик аттуу бир кыз ыйлай берет,
саргайып,
Таңдан кечке күндү көрбөй» –

деп бу акын сүрөттөгөн жашоо аргаңды алты кетирип, биротоло деминди түгөтөт белем, ой, түгөт Сүйөркул! Бирок Чындык да, Чындыкты унчукпай, дымып, бирок акыры Кудай Чындыгын моюнга

www.bizdin.kg

аласың! Албасаң кой, баары бир сокур көздөн жаш агызып алдырат. Акындын милдети ушу – алдын-ала эскертүү, туюу, алдын-ала жапакечтенүү. Акын сезимдин пайгамбары, сезген нерсесин коомчулук кенебей койсо, көпчүлүк кырсыктайт, аны билген «чоң» кайда! Алар дүйнөталаш, дагы бир кызуу кан талант досуң Мелис Абакиров айткандай алар «Канталамай» менен алек. Бул канталамай элдин эле шору болду го!

* * *

Бул катаалдыктан, чын эле, Фаэтон планетасындай акыры жок болуп кетип жаныбыз тынабы? Бул эмне деген абсурд! Сүйөркул бул планетарлык кыйраган кыйынчылыкты кантип унчукпай көтөрүп жүрдү экен? Мындай оор салмакты көтөргөн спортсмен небак эле сыйдын атасын көрмөк. Ал эми Сүйөркул болсо баягыдай эле, жазчусун жазып салып, унчукпай эле катарыбызда жүрөт. Мына, Сүйөркул мүнөз деген ушу.

Анын акындык миссиясы, түбү келип дүйнөнүн аягы трагедия экендигин эскертүүбү?

Минтип жыйынтык чыгарып койсок, балким, акындын поэтикалык палитрасын толук түшүнбөй калбайлы? Анын жаны эзилип, «Чайбала» сыяктуу шедевр ырды жараткан сүйүү лирикасы, табият жандуулугу, мезгил менен сырдаштыгы, кыргыздын тунук сезимдери, «ак калпакчан» мекенчилдиги – бардыгы ырында турбайбы, аны окуш гана, бойго сиңириш гана керек. Азыр акын бар, бирок окурман «жок» кезде кимди күнөөлөйбүз, кимге таарынабыз? Сүйөркул акын деги акындык миссияны кандайча көрөт:

Акындар жер жүгүндөй жүк көтөрөт
кайкалап оордугунан бели ийилет,
шонтсе да жашым дебей алга барат
дүкүлдөп көөдөнүндө асыл жүрөк.

Мунусу да чын. Бир кездеги жаш акын Сүйөркул азыр жетимиш ашты, нечен белди басты. Өзү айтмакчы «Ал дыйкан – сезимдерге үрөн себет, / ал багбан – тигип жүргөн жаңы көчөт,/ сөз менен улуу турмуш отун үйлөп, / жан жолдош жанда турган күлүмсүрөп». Бул жогорудагы турмуштун катаалдыгын кан какшата ырдаган Сүйөркул эмес, кадим Рамис досу түспөл кайра «жайдаңдайт».

Ал дагы бир ырында: Акын деген от болуу,/ актык менен каранын/ арасында сот болуу». Даанышмандар элге адилет сот болгон илгерки акыл-эс калыстыктыгын эске салат.

www.bizdin.kg

Бекмамат Осмоновго арнаган ырында: «Бул элиң, айтчы тууган/ не жүдөп, неден азган? – Бийликте бир талант жок,/ бар балээ мына ушундан»... – деп турмушту оң жакка жетелегиси келет да: «Талант – бул Теңир берген/ ак албарс, ак берметтей/атасы ат бербестен/ мертинткен Курманбектей» – деп өкүнө түшүп эл эрди жаратарын, Эрди колдой албаган Эл кор болуп каларын дааналайт.

Сүйөркул Тургунбаев «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» деген сыймык наамга жеңил жерден жеткен жок. Анын «Кечки тролл-лейбус» деген өтө жаңычыл, эч кимге окшобогон китеби (дегинкиси ар бир акын башкага окшобошу керек, ошол үчүн чыгармачылык, ошол үчүн поэтикалык эркиндик дайыма өзгөчө мааниге ээ).

Ал турсун чеберлиги ашынган акын да, өзүнүн дайымкы жазма ыкмасы өнөкөттүү көнүмүш «төрт кыр кирпич сап уйкаштык» экендигин ар качан сактана эске алуусу зарылдыр, ашкере чеберчиликтен арылуу да кай учурда маанилүү.

Ал эми Сүйөркулдай ар бир жаңы ырында ошол поэтикалык ойго мүнөздүү өз ритм, рифмасын издегендик , ассонанс, аллитерацияны кылдат пайдалангандык, жетик поэтикалык мектеп, көркөмдүк каражаттар мүнөздөгөндөй форма жагынан да талыбай изденгичтик, ал аракети азаптуу жана ардактуу түйшүк экендигин, акындын бул артыкчылыгын жалпы кыргыз поэзиясына салыштыра калыс баалай карасак. Ал турсун Сүйөркулга мүнөздүү кемчиликтери да анын башкача акын экендигин далилдеп турат. «Манас» айтып жаткандай айрым ырында узара токтоно албай кеткен чабыттуу эмоция чеберчилигине али күнгө жеңилбей келатканы, насаатчыл жорго тили да анын кайратмандык жигерин сездирет.

Сүйөркул акындын мисалында кыргыз поэзиясына мазмундук-формалык төп келиши жагынан, поэзияны канчалык жаңылоо, түрлөнтүү жагынан олчойгон салым кошкондугун эң жок дегенде али бала туруп, кадим чалдай кадик чеберге үйрөтө текебер сүйлөгөн жаш акындар эмитеден маани бере жүрүшү – өздөрү үчүн зарылчылык экендигин кулак какты кылмакпыз, мунун устаттык жана тарбиялык да мааниси бар. Өткөн чак учур-келечек бирге экенин дайыма баамдайлы.

Дал ушул китебине, Камбаралы Бобулов айтмакчы, халтуранын чеберлери, дал китеп жарык көрөрү менен акынды «тулпарын сууттурбай туруп» тепкиге алышкандары али кара тактай эсимде жүрөт, бул китепти ошо кезде бир аз таанылып калган Аман Токтогулов баштаган жаш акындар чырылдап коргой албай, далилдей албай турганыбыз, ал ыза азыр дагы эсимди мокотот.

Акындарга бергиле жайлоолорду,
акындарга бергиле түрмөлөрдү.
.....

www.bizdin.kg

Бүт ааламды бергиле акындарга!
Бир орунда бук кылып койбогула.
Үп күндөргө кысылып, өңү азып,
Митаам аял койнундай тар чөйрөдөн
деми сууп, түбөлүк көңүлү калып,
аша кечип кетпесин өмүрүнөн...

Бирок ошол кездеги Сүйөркул жаш акынга урулган сокку жалпы изденүүчүлүккө, жаңычылдыкка урулган эле. Биротоло жети жыл катары китебин чыгартпай «сүйлөбөс», далайга унчукпас кылышты; өтө заар катуу талкалашты, «акындарга бергиле түрмөлөрдү» дегени не деген жорук деп, советтик идеологияны домокл кылыч кылып «Кечки троллейбусту» биротоло жүргүзбөй салууга умтулган өкүм угузулду. Сабырдуу, салмактуу автор,чыдамкай байкуш, мындайга небак бышкан жеңиштин жетими Сүйөркул эмес, башка бирөө болгондо ырда айтылгандай«өмүрүнөн аша кечип кетмек».

Ал учурда сөз кадыры бийик, намыс оту курч эле.

Бул бир гана көрүнүш. Адабиятта көрүнбөгөн жана ачык да күрөштөр, жамандоолор, ич күйдүлүк, топтук кызыкчылык, айыгышуу кез-кези менен Балыкчынын шамалындай бургуйлап жүрүп турат. Сүйөркул ошолордун баарынан калбааттуу чыгып келди, тамыры жулунган жок, бирок аны турмуш, ажал да катуу муңайтты, ойноок одуракай баласы Жангарач сууга чөгүп эрте каза тапты, өзү картайганда байбичесинен айрылып азыр жалгызчылыкты сыздап көтөрүп жүргөн кези, кайран акын!

Кантсе да, азырынча, жергебиздеги жаңы капиталисттер өлкө тонолгон бүт байлыкка оронуп туруп «үшүп» жаткан кезде, биз акындар, ичтен демденип, отубузду жоготпой, барбаңдап байпагыбызды «майлап» тирүүлүктүн тегирменине дан салып, даң салып туралы.

Мен жогоруда поэзиясын гана азыноолак сөз кылдым, котормолору, сыны, журналистикада, кулк-мүнөзүндө агып чыккан окуялар, биздин достор, ыр майрамдар, оргуган ойталаштар, Орозбай жоруктар, куш уйкулар, анан калса арак дос жөнүндө ж.б. көп сүйөркулчулуктарды тез арада үлгүрүп жаза алган жокмун.

www.bizdin.kg



Эстутум

Бозум АЛЫШБАЕВ

КЕЛЕЧЕКТИ ОЙЛОГОН КЕМЕНГЕР ЭЛЕ...

Шум ажал сентябрдын бешинде журналыбыздын ардагер-калемгери, жандүйнөсү жалбырактай сезимтал, чымынга да жамандык каалабаган айкөл Бозум Алышбаевди алып кете бериптир...

82 жашка келген экен...

Бозум аксакал кесиби географ болуп, эли үчүн нечен жыл иштесе да бекер жатпай колуна калем кармап, келечегибиздин ээлери деп балдарды бооруна тартып, аларга улуттук нарк-насилдүү уламыштарды, жаңылмачтарды, табышмактуу окуяларды жазып, акыл дүйнөсүнө чакырган калемгер эле. «Элдик уламыштардан эскерме», «Эрмегим», «Биле жүр» сыяктуу бир канча китептерин чыгарып эле тим болбой, кыргыз элинин келечегине бушайман тартып, журналыбызга «Ата мурастарын ардактайлы», «Түпкү тегиң тереңден», «Эл тагдыры түйшөлтөт» сыяктуу аксакалдык кеп-накылдарын байма-бай жарыялап, жаш муундарга ата-салтын, элдик нарктарын сактоого чакырып, алардан алыстап бараткандарга кабатыр тарткан элдик кеменгер адам эле.

Журналыбызга айына байма-бай каттап, сыйда гана улам бир жаңы чыгармасын берип кетчү. Өзгө авторлордой жазгандарын таңуулап, же неге чыкпады деп таарынып, доолачу да эмес. Мүнөзү өтө сылык-сыпаа, канынан мырза, интеллигент адам болчу. Биз да ыңгайына жараша аларды жарыялап, окурмандарыбызга жеткирип келдик. Эми ал акылгөй аксакалыбыз

www.bizdin.kg

жок кабыргабыз кайышып, көңүлүбүз бөксөрүп турат. Журналыбыздын да бир өңүрү кемип калгандай...

Бозум аксакалыбыздын өзү сыркоолоп жүрсө дагы кыргыз балдарын ойлонтууну ойлоп, бизге тапшырып кеткен акыркы аманатын жаш окурмандарыбызга сунуштайбыз.

Табышмактар

1. Топ чымчык топ чырпыкка конду. Экиден консо бир чырпык бош калат, бирден консо бир чымчык батпай калат. Чырпык канча да, чымчык канча?

2. Топ чымчык топ чырпыкка конду. Экиден консо бир чымчык жалгыз калат, бирден консо бир чымчык батпай калат.

3. Саздагы жалгыз каздын жанына топ каз келип конуп, алардын бири «Ассалоому алейкум, жалгыз каз» – десе жалгыз каз топ казга: «Алейкум ассалам, жүз каз» – дептир. Анда топ каздын бири жалгыз казга: «Биз жүз эмеспиз, бизде дагы ушунча, анын жарымынча, жарымдын жарымынча, анан сен кошулсаң гана ошондо толук жүз болобуз» деген экен. Топ каздын саны канча?

4. Аскердик милдетин бүтүрүп айылына келаткан эки жигит ортодогу дайрадан өтө албай турушса наркы жээктен кичинекей кайык айдап эки өспүрүм бала келип калат. Аскерлер алардан дайранын наркы жээгине өткөрүп коюуларын өтүнсө балдар: «Кайыгыбыз кичине, экөөбүз араң батышып жатабыз. Чоң киши болсо бирөө эле араң батат» – дешет.

Анда жоокердин бири: «Мейли, мындай... кылсак силер айтканды бузбай эле баарыбыз дайрадан өтүп кетсек болот» – дейт.

Жоокердин ошол сунушун колдонуп жоокерлер суудан өтүп, балдар да жолун улантып кете беришиптир. Алар кантип дайрадан өтүп кетишти?

5. Жайлоодо мал багып жүргөн карыя бир күнү өздөрүнчө үйжайлуу, жакадагы эки уулуна: «Бир чанач кымызды тең бөлүп алгыла» – деп берип жиберет. Келиндер кымызды өлчөмөккө он литрлик идишке куюшса туура он литр экен. Бирок үйдө жети литрлик жана үч литрлик гана эки идиш бар экен. Алар кымызды атасы айткандай беш-беш литрден бөлүп алабыз деп айласын таппай турушса бир уулу келип калып, мындай... кылсаңар эле туура беш литрден бөлүп алса болот деген кеңеш берет. Кымызды кантип тең бөлүшүүгө болот?

6. Тоодо мал багып жүргөн жигит жакадагы короо-жайды карап калган абышка-кемпирге бир чоң чанач кымыз алып келип, аны

www.bizdin.kg

абышка-кемпир тогуз күн ичишкен экен. Экинчи жолу ошол эле чаначка ошончо кымыз алып келсе кемпири жайлоого кетип калгандыктан жалгыз абышка кымызды он эки күндө түгөтүптүр. Жигит үчүнчү жолу ошондой эле кымыз алып келсе абышка үйүндө жок болуп, жалгыз кемпир кымызды иче баштайт. Ал кымызды канча күндө түгөтөт?

Табышмактардын жандырмактары:

1. 3 чырпык, 4 чымчык.
2. 2 чырпык, 3 чымчык.
3. 36 каз болгон.
4. Жагдай 4 ирет каттоо менен чечилет: 1. Эки бала кайык менен наркы өйүзгө чыгып, бирөө анда калып, бири кайра келат. 2. Жоокердин бири кайыкка олтуруп, бир бала менен наркы өйүзгө чыгып, анда калган баланы салып, эки өспүрүмдү олтургузуп кайыкты кайра жиберет. 3. Эки бала жээкке келип, бири калып, экинчи жоокерди наркы жээкке жеткирет. 4. Жалгыз бала кайыкты айдап келип шеригин салып, жоокерлерге кошулушат да баары биригип жол улантышат.
5. Кымыздан 3 литрлик идишке толтура куюп, эки мертебе 7 литрлик идишке куят. Үчүнчү жолу кайталаганда 7 литрлик идиш толуп, 3 литрлик идиште 2 литр кымыз калып калат, аны чаначка кайра куюп туруп, үстүнө 3 литрлик идиш менен толтура куйса кымыз тең экиге бөлүнөт.
6. 36 күн ичет.

www.bizdin.kg

Балдарга базарлык

АТТИЛА ТУУРАЛУУ АҢЫЗ

(Сандан санга)

Өткөндө эмнеге токтодук эле? Ооба, батыш готторунун, а готтор деген герман уруулары экенин билесиңер, ошол готтордун колбашчы, жолбашчысы – биздин Манас сыяктуу баатыры Аларих Римдин өзүн өзөртө талкалап, түштүк Италияга бет алды, Сицилияны тебелеп өтүп, Африканы каратмак болду дегенбиз. Анткени ал аймак бүт Рим империясынын карамагында эле. Тилекке каршы, Аларихтин деңиз өтмөгүнө даярдаган аскер кемелерин кепер бороон алып, добул согуп кетти, алар менен кошо миңдеген жоокери сууга агып жоголду. Ал ортодо Аларих өзү табышмактуу ажал тапты, анын сөөгү кенч байлыгы, каруу-жарагы менен Бузент дайрасынын түбүнө коюлду дегенбиз. Кантип? Кайрадан эстеп көргүлө: Рим туткундарына агыны катуу дайрага тосмо курдуруп, дайраны башка жакка бурдурушту. Анын аңгырап ээн калган сайынын бир таманын терең каздырып, Аларихтин табытын бүт байлыгы менен көмдүрдү да, тосмону жардырып, дайраны өз нугуна агытып жиберишти. Ушунун баары эл уктаган маалда, бир түндүн ичинде болду. Эми элестетип көргүлө: ал азабынан тозогу арбын ишти бир түндүн ичинде аткаруу үчүн канча миңдеген туткундун күчү керек? Көмүлгөн жайдын жагдайы эртедир-кечтир билинип калбасын деп анда иштеген туткундардын башы таңга жетпей алынды. Бирин да аман калтырган жок.

Ал аң учурган кандуу окуянын канчасы жалган, канчасы чын экендиги аныктала элек. Аларихтин алтын табытынын изи али табыла элек дегеним. Табуу, албетте, өтө татаал. Андан бери канча тоо бузулуп сай болду, канча сай бузулуп тоо болду. Тек, кылымдардан кылымдарды карытып, аңыз болуп айтылып, уламыш болуп угулуп, жазылып келет. Аны силер да изилдейсиңер, силер да жазасыңар. Дегинкиси кашкөй баатырлар менен эл эгелеринин өлүктөрүн ти-

www.bizdin.kg

риктерден жашырып көмүү байыртадан башталып, кечээ жакынкы кылымдарда эле жоюла баштаган салт болсо керек. Мына, биздин Манас бабабыздын күмбөзү деле өзүнүкү эмес, чагатай эмири Абуканын кызы Кянизяк хатундун урматына тургузулган эстелик деп жүрүшпөйбү. Кийин орноктуу окуу-илим ошентип далилдесе да элдин даргөйүнө Манастыкы болуп сиңип калган да. Ал укумдан тукумга уланып келатыр. Болбосо манасчылар деле ар кандай айтат: Сагымбай атаңар Манастын күмбөзү Баяндынын талаасындагы Кум-Арык деген жерде десе, Саякбай атаңар Таласта дейт. Дагы башкалары башка жердин, тоонун, асканын атын атайт.

Аларихке окшоп айланасын алты айлантып чапкан баатырларды, кезегинде дүйнөнүн түркүгү сыяктанган дөөлөт ээлерин эмне үчүн жат көздөрдөн жашырып, элдин эсин адаштырып көмгөн? Анткени ал канчалык баатыр болсо, душмандары ошончолук көп болгон. Ошол кара түнөк күчтөр көрүн казып, сөөгүн кордоп кетпесин, көк жалдын арбагы түбөлүк тынч уктасын дешкен. Анын үстүнө алар аябагандай зор байлык, алтын, күмүшү менен кошо көмүлгөн. Адам баласынын айыкпас жаман адаты бар: алтын десе тоону томкоруп, ойду омкоруп издейт. Өлүк, тиригине карабайт. Ошолор казып кетпесин деп атат да. Канчалык жаап-жашырылганы менен казылып, таланып, тонолуп кеткендери канча? Эсиңердеби, Египетти кеп кылганда айтканбыз: бийиктиги бери дегенде жүз, нары дегенде жүз элүү метр, туурасынын айдөштүгү эки жүз-эки жүз элүү метр, ар бир ташы эки жарым тоннадан кем эмес пирамидаларды – фараондордун – байыркы египет падышаларынын сөөгү жаткан жайды бузуп, алтын, күмүш ж.б. асыл заттарын алда качан ташып кетишиптир канча кылым мурда эле. Сөөктөрү акыл жетпес, ой чендебес дегидей эбегейсиз адаштырылып көмүлсө да. Андай мүрзөлөр азыр да дүйнөдө канча? Көргөндөн көрө элегибиз, билгенден биле элегибиз көп деп, көпчүлүктүн бир калпымы ошол көөнө мезгилдерде көмүлгөн көрүнбөс кенчтерди издеп, азыр да тоону сай, сайды тоо кылып атыр.

Тарых аңызына караганда, Аттиланын сөөгү да Аларих сыяктуу дайра таманына көмүлгөн имиш. Баса, Аттиланы билесиңер да. Билбесеңер, окугула: ал тууралуу адабияттар аябай көп. Көргүлө: анын аң учурган эрендигин, берендигин сүрөттөгөн кызыктуу кинофильмдер арбын, драматургия чыгармалары, опералар бар. Ал тууралуу ар түркүн аңыздар айтылып, уламыштар уланат, «атчан», жөө жомоктор кадам сайын жолугат. Бекеринен аны адамзат тарыхынын эң табышмактуу инсандарынын ириси дешпейт. Ага жараша Аттиланы түпкү ата-бабабыз деген калктар арбын эле, акыркы жылдары андан да көбөйдү. Эсеби маселен, эгемендикке ээ болгону боордош казак окумуштуулары «Аттила биздин ата-бабабыз» дегенди мындай кой,

www.bizdin.kg

«ал Алматынын баланчанчы мектебинен окуган» деп далилдөөгө даярданып алышты. «Казак кечээки эл болсо, кыргыз байыркы эл, демек, Аттила аларга эмес, бизге көбүрөөк тиешелүү» маанисинде кыргыз окумуштуулары күңк-мыңк этип келди эле, кечээ жакындан бери эки элге тең орток эрен дегенге өттү сыяктанат. Андан башка түрктөр, татарлар, балкарлар, чуваштар ж.б. түрк тилдүү элдердин санжыра, жомокторунда Аттила алардын ата-бабасы катары аталат экен.

Аларда, албетте, акыйкат үлүшү арбын. Анткени Аттила 434–453-жылдардагы уруулардын гунн биримдигинин жолбашчысы болгону тарыхта такталган. Ал эми гунндар, хунндар деп да айтылат, түрк тилдүү көчмөн уруулардын түпкү теги делинет. Гунндардын күчкө толуп, күр болуп турган мезгили алмустактын 3-кылымы экен. Ошондо алар Байкалдан Тибетке, Чыгыш Түркстандан (азыркы Синьцян) Кытайдын Хуанхэ дарыясынын ортосуна чейинки жерлерди ээлеп турушуптур. Байыркы монголдордун ата-теги – южечилерди талкалап, кыргыздар менен усундарды багынтыптыр. Айрыкча Кытайга күн көрсөтпөптүр. Эки күндүн биринде кол сала берип, Кытай бийлигин узак жылдар бою салык төлөөгө аргасыз кылыптыр. Дүйнөдөгү жети кереметтин бири делген Улуу Кытай сепили ошол гунндардан коргонуу максатында курула баштаган экен. Айтору, гунндар тууралуу айта берсе сөз түгөнбөйт. Том-том илимий эмгектер жазылган, кабат-кабат жерлер казылып изилденген. Аны окуп атсаңар керек, дагы окуйсуңар. Акыры калың кытай көптөп кирип, кара күчкө салып, ичинен иритип, ичинен иритке-ни – аларга бириккен усундар, каңлылар өңдүү уруларды, гунндардын өздөрүнүн бири-бирине чагым салып, бөлүп-жарып жеңген дешет. Ошентип гунндар абалы чыгыш, батыш болуп бөлүнөт. Чыгышы кытайларга багынып, батышы өз алдынча баш көтөргөн мамлекет катары кытайларга кыйла мезгил кыр көрсөтүп турган экен, биздин энциклопедия кытай аларды болжол менен алмустактын 47-жылында Талас өрөөнүндө талкалаган дейт.

Ошентип гунндардын бир даары Кытай, Борбор Азия элдерине сиңип жок болсо, бир даары Чыгыш Европа тарапка ооп, Кара деңиз жээктеринде, Кавказ тоолорунун түндүгүндө, Днепр дарыясынын боюнда жашап, күчтүү мамлекет курат. Айланасындагы калктарга калайман салып, тарыхта «Элдердин улуу көчү» деп аталып калган кандуу кагылыштардын башталышына бааршарт түзөт. Батыш гунндарынын алибети ашып-ташыган мезгил – биздин замандын 5-кылымы, Аттила башкарган 434–453-жылдар экендигин ошол доордун тарыхчылары тастыктайт.

Аттиланын шамалдай согуп, куюндай жок болгон атчан аскерлери Европанын чыгыш, батыш империяларынын башына кылыч ойно-

www.bizdin.kg

туп, кызыл кыргын, кара сүргүнгө салат. Ошон үчүн Аттила Европа элдеринде «Кудайдын каары» деген ылакап атка конот. Аттиланын ар бир чабуулун карапайым калк: «Биздин күнөөлөрүбүзгө Кудайдын каары келип атат» – деп жорушчу экен. Анын атын укканда ыйлаган бала соорончу дешет. Европанын көкөйүнө көк таштай тийгенин ушундан билиңер: алардын адабиятында, аңгеме, жомокторунда Аттила жер астынан чыккан желмогуздай сүрөттөлөт. Буту кыска, бука баш, көзүнөн кан таамп турчу делинет. Ал эми тарыхчылар ал орто бойлуу, сейрек сакалдуу азия көз, ажары ачык адам эле дейт. Падышалардай болбой, жөнөкөй жашап, жөнөкөй кийинчү экен.

Эмнеси болсо да Аттила Европанын эсин эки кылганы анык. Дүйнөнүн жарымын ээлеген Рим империясын саан уйдай саап, салык алып турганы эле эмнеге татыйт. Рим Аларихтен арылганы менен Аттиланын колуна түшөт. Аттила 435-жылы бир тууганы менен Чыгыш Римге алгач кол салат. Андан рим бийлиги 300 килограмм алтын берип араң кутулат. 441-жылы Дунай дарыясынан өтүп жана бир чабуул жасайт. Рим Батыштан жардам сурайт, жардам келбегендиктен жана бир чоң кун төлөп, гунндардын жаалын басат. 443-жылы гунндар кайрадан согуш ачып, Чыгыш Римдин борбору Константинополду курчоого алат. Галлиполий жарым аралында кан суудай агып, Рим жана бир жеңилет. Гунндар 2600 килограмм алтынды ошол замат берип, жылына 900 килограмм алтын төлөп турасыңар деген шарт менен кайра артка кайтат.

Аттила 445-жылы бир тууганын өлтүрүп, өлкөнү жалгыз өзү бийлегенге өтөт. Мамлекеттин аймагын кеңитүү максатында 447-жылы Римге кайрадан кол салып, Утус дарыясынын жээгинде Аттиланын аскерлери зор жеңишке жетет. Чыгыш Рим императору Феодосий II тынчтык келишимин түзүү үчүн гунндарга түштүк Дунайдын жээгин берип, жыл сайын ири өлчөмдөгү салык – айрым маалыматтарда миң тонна алтын төлөп турмак болот.

Ошентип, Аттила башкарган чейрек кылымга жетпеген мезгилде гунндар мамлекетинин аймагы Кара деңизден Францияга чейин созулат. Мамлекеттин борбору азыркы Венгрия аймагындагы Паннонияда боло турган. Ошондон улам мадьярлар же азыркы венгрлер да өзүн гунндардын урпагы катары карайт, Аттиланы ата-баба тутат.

Аттиланын жарым миллион аскери 451-жылы Германия менен Галлияны басып, Батыш Европаны толук багынтмакка андан нары бет алат. Тарыхта жүз улуу согуштун бири делген Каталаун талаасындагы салгылаш ошентип 451-жылдын 23-июнунда башталат. Каталаун дегенибиз Франциянын түндүк-чыгышындагы талаа. Анда рим, батыш гот, бургунд, франк аскерлери биригип, гунндарга каршы согушат. Кан суудай агат, өлүк тоодой үйүлөт, бирок эч бири жеңишке жет-

www.bizdin.kg

пейт. Туура, акырында Аттила артка чегинет, бирок айрым адабиятта көрсөтүлүп жүргөндөй жеңилбейт. Жеңилбегени ушул: андан жыл айлантпай – 452-жылы Италияга казат жүрүп, кол сүрөт.

Италия дегенибиз Батыш Рим империясы дегендик эле. 407-жылы Рим Британиядан айрылган, 409-жылы Испанияны вондалдар, 415-жылы Галлияны готтор басып алган, 429-жылы рим бийлиги Африкадан кол жууган. Ошентип Батыш Рим империясынын карамагында жалгыз Италия калган. Аттиланын бул чабуулунан Чыгыш Рим сыяктуу эле Батыш Рим гунндарга миңдеген килограмм алтын, күмүш, зер тартуулап, андан нары ушундай эле салык төлөп турууга макул болуп араң кутулган.

Агер Аттила 453-жылы өлүп кетпегенде Рим менен калган Европанын тагдыры кандай түшмөк? Ал ашкан акылман, жеткен илимпоздорго да белгисиз бойдон калды. Аттиланын өлүмү тууралуу ар түркүн аңыз айтылып, уламыштар уланды. Алардын акыркы түйүнү Аттила герман урууларынан чыккан чыгаан сулуу Илдикого (Хилда деп да айтылат) үйлөнүп, ага той өткөргөн түнү каза болотко такалат. Бирөөлөрүнүн айтымында, ал түнү кан басымы жогорулап, мурдунан кан кетип өлгөн. Башка бирөөлөрдүн айтымында, Аттиланын кылычынан кырылган калкынын кунуна Илдико сулуу уу берип өлтүргөн.

Аңгемени Аларих сыяктуу эле Аттиланын сөөгү дайра түбүнө коюлган деп баштабадык беле. Ошенткен. Венгриянын азыркы борбору Будапештти бойлой аккан Тисса дарыясынын түбүнө коюлган дешет. Айырмасы ал дайраны кантип бурушканы тууралуу маалымат жок. Тек анын алтын табыты күмүш табытка салынып, күмүш табыт темир табытка салынганы, алар аябагандай көп байлык менен кошо көмүлгөнү айтылат. Аларихтики сыяктуу эле Аттиланын коргону да али табыла элек.

Дүйнөнү он эки кылым солкулдаткан Рим дөөлөтүнүн кыйрашына Аларих, Аттила деген эки дөөнүн кошкон «салымы» да арбын экендигин олуп-чолуп айттык. Ырас, Рим Аттила өлгөндөн кийин жыйырма үч жыл жашады. Кансырап, алсырап жашады. Акыры Одоакр баш болгон герман аскерлеринен ойрондолуп тынды. Ошону менен антик дүйнөсү, башкача айтканда, байыркы гректер менен римдиктердин доору аяктады.

Көрдүңөрбү дөөлөр эле эмес, дөөлөттөр, ооматтар өтөт да кетет, өлөт. Кеп алардын артында кандай из калтырганында.

Даярдаган
Алым ТОКТОМУШЕВ

www.bizdin.kg

Адабият жаңылыктары

Калык Акыевдин мааракеси белгиленет

Акындык өнөрү менен кезинде атпай журтчулукту таң калтырып «кара жаак Калык» атанган төкмө акыныбыз, дастанчы Калык Акыевдин быйыл 130 жылдыгы кеңири белгиленет.

Мааракенин алкагында 1–3-октябрь күндөрү Кыргызстандын жана Казакстандын акындары ортосунда айтыш өткөрүлүп, 25-октябрда И.Арабаев атындагы университетте Эл аралык илимий-практикалык конференция өтөт. Ал жыйынга КР Эл акыны К.Акыевдин ишмердигин иликтеген бардык адамдар чакырылат.

Түрк тилиндеги жыйнак

Журналыбыздын башредактор орун басары, жазуучусу Айдарбек Сарманбетовдун аңгемелер жыйнагы Анкара шаарында түрк тилинде жарык көрдү.

Китепке автордун Түркия журналдарында жарык көргөн аңгемелери жана кийинки мезгилде жазган жаңы чыгармалары камтылган.

Жыйнак Эл аралык Евразия Жазуучулар бирикмеси тарабынан уюштурулуп, жазуучунун быйылкы 60 жылдык мааракесине арналды.

А.Сарманбетов аталган Евразия бирикмесинин мүчөсү жана алардын Махмуд Кашгари атындагы адабий сыйлыгынын лауреаты.

Атактуу акындын айкели аныктолду

Ош шаарында атактуу акын Жолон Мамытовдун айкелинин эскизи боюнча конкурстун жеңүүчүсү аныкталды.

Ош шаарынын мэриясында айкелдин эскизи боюнча сынактын жеңүүчүсү деп табылган Токтобай Жумагуловго 30 миң сом байге тапшырылды.

www.bizdin.kg

Акындын айкели чыгармачыл адамдарга арналган аты уйкаш аллеяга орнотулат. Мындай акчалай сыйлыктарды экинчи жана үчүнчү орунга ээ болушкан талапкерлер да алышты.

Казат Акматов... Лондондо

Бишкекте КР Эл жазуучусу Казат Акматовдун Лондондо жарык көргөн «Эрика Клаустун он үч кадамы» китебинин англисче котормосунун бетачары болуп өттү.

Бетачарды Борбордук Азиядагы Америка университетинин башкы имаратында англиялык белгилүү Silk Road Media и Hertfordshire Press басма үйү уюштурду.

Роман алыскы тоодогу кыргыз айылында өткөн окуялардын негизинде жазылган. Ал советтик бийлик мезгилинде антикоммунисттик маанайда катары каралып, кыйла чыгармалары катуу сынга алынган Акматовдун өз көйгөйлөрүн да чагылдырат.

Китеп алгач 20-июнда Лондондогу Юнус Эмре атындагы Түрк маданий борборунда таанышtырылган болучу. Ал бетачардын алкагында Казат Акматовдун Би-би-Си студиясында болуп, өзүнүн китеби жөнүндө интервью бергени маалым.

«Манас» эпосу венгр тилинде

«Манас», Алыкул дегенде ичкен ашын жерге таштаган коомдук ишмер Памирбек Казыбаев кезектеги дагы бир жакшы иштин өтөөсүнө чыккан экен. Анын эмгеги аркасында улуу эпосубузду эми венгр эли да өз тилинде окууга мүмкүндүк алышты.

Бишкекте өткөргөн пресс-конференцияда «Алыкул үй-борбору» коомдук уюмунун директору, долбоордун демилгечиси Памирбек Казыбаев «Манас» эпосунун венгр (мажар) тилине которулуп, жарык көргөндүгүн билдирди.

Эпостун котормочусу этнограф-чыгыштаануучу Даут Кара Шомфаи.

Китеп 7000 нускада чыгарылып, анын 2000 нускасы венгриянын китеп дүкөндөрүнө, 5000и мектептерге бекер таркатылып берилген.

«Агындылар» жарык көрдү

Жакында эле Кыргыз Эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин «Агындылар» аттуу китеби жарык көрдү. Ал кара сөз менен жазылып, 1000 нускада чыгарылган.

www.bizdin.kg

Чындыкты чыңырта айткан акыныбыздын бул китеби окурмандар арасында кызуу кеп козгобой койбосу бышык. Демек, аны окуган да, окубаган да арманда дешет аны алгач окуп чыккандар.

Эки китеби удаа чыкты

Жазуучу Мырзабек Чокотегин узак жылдык эмгектеринин үзүрү болгон эки китебин удаа чыгарды. Анын «Кыргыз элинин уюткулуу сырлары» жана «Кыргыз боз үйү» китептери улуттук мурастарга арналган. Аларда «кыргыз боз үйүнүн жаралышы, пайдаланылышы жана алардагы тарыхый-маданий баалуулуктар» багытындагы иликтөөлөрү, байыркы көчмөн турмуш, анын жагдайлары чечмеленет.

Китептер 300 нускадан жарык көргөн жана аларды АКШнын Кристенсен фонду каржылаган.